Болочок математика мугалими-студенттердин геометриялык өзгөртүп түзүүлөрдү окутууга алгачкы даярдыгын текшерип көргөндө студенттердин билимдеринде да жогоруда белгиленген кемчиликтер орун алгандыгы далилденди. Ошондуктан студенттерди бул материалдарды окутууга даярдоодо натыйжалуу методиканы иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Демек, ушул жагдайларды эске алганда окутууга даярдоо теманы окуп-үйрөнүүнүн зарылдыгы, мааниси, программалык талаптары менен студенттердин таанышуусунан башталуусу максаттуу деп эсептейбиз.

1. Студенттерди геометриялык өзгөртүүлөрдү окутууга КР нын Билим жана илим министрлиги тарабынан бекитилген «Математика боюнча жалпы орто мектептер үчүн программада» белгилеген талаптар менен тааныштыруу.

«Жалпы орто мектептер үчүн программа – 2012-ж.» боюнча 9-класстын геометрия курсунда геометриялык өзгөртүүлөрдү окутууга 20 саат бөлүнгөн. Анда төмөнкү темалар окутулаары көрсөтүлгөн:

1. Фигураларды өзгөртүү жөнүндө түшүнүк;
2. Жылдыруу түшүнүгү;
3. Окко карата симметрия. Чекитке карата (борбордук) симметрия; 4. Буруу;
5. Жарыш көчүрүү;
6. Гомететия жана окшош өзгөртүп түзүүлөр;
7. Үч бурчтуктардын окшоштук белгилери;
8. Өзгөртүп түзүүлөрдүн элдик кол өнөрчүлүктө, уздук өнөрдө колдонулуштарынын мисалдары.

Андан сырткары бул материалдарды тереңирээк атайын курстарда, атайын физикалык-математикалык класстарда кыйла негиздүү окутуу сунуш кылынат.

II. Фигураларды өзгөртүп түзүү жөнүндө түшүнүк.

А. Окуучуларга геометриялык өзгөртүп түзүүлөрдү, конкреттүү мисалдардын, көрсөтмө куралдардын, макет-моделдердин жардамында түшүндүрүүгө болот. Мисалы, сабакта сүрөттөрдү, фото сүрөттөрдү, архитектуралык курулуш-тардын макеттерин, курулуштардын проектилерин, түрдүү өлчөмдөгү Кыргызстандын картасын, күзгү, диафильм, кинопленка, кодокопия ж.у.с. пайдаланып, аңгемелешүү жолу менен чагылтыруу, сүрөттөө, сүрөтүн алуу, ж.б. өзгөртүп түзүүлөр жөнүндө түшүнүктөрдү берүүгө болот.

Б. Фигураларды өзгөртүп түзүүнүн аныктамасын талдоо.

***Аныктама-1.*** Эгерде кандайдыр бир F фигурасынын каалагандай X чекитин кандайдыр бир эреже же закон боюнча жылдырып, башка бир $F^1$ фигурасынын $X^1$ чекитин алсак, анда мындай жылдырууну аткаруу F фигурасын $F^1$ фигурасына өзгөртүп түзүү деп аталат, ал $f(F) = F; f(X)=X$ *деп жазылат.*

Мында f - өзгөртүп түзүүнүн эрежеси, закону. Ал эреже түрдүүчө болушу мүмкүн (1-чийме).

***Аныктама-2.*** Эгерде өзгөртүп түзүүдө чекиттердин арасындагы аралык сакталса, анда мындай өзгөртүп түзүү *кыймыл (жылдыруу)* деп аталат.




*1-чийме*

**III. Өзгөртүп түзүүлөрдүн түрлөрү.**

**А. Түз сызыкка карата симметрия.**

а)Студенттер төмөндөгү тексти студенттер окуп чыгышат жана жуптарда талкуулоо аркылуу «Ачкыч сөздөрдү» табышат.

Айталы тегиздикте

1. б)








Тапшырма-2. АВ кесиндисин өзүнүн ортосу болгон чекиттин айланасында 45°ка саат стрелкасынын багыты боюнча бурганда пайда болгон  кесиндини түзгүлө.

Буруууну









а) Студенттер төмөндөгү тексти жуптарда талкуулоо аркылуу «Ачкыч сөздөрдү» белгилеп окуп түшүнүшөт.

Турмушта окшош өзгөртүп түзүү деп аталуучу өзгөртүп түзүүлөр көп кездешет. Мисалы, диафильмдерди, киноленталарды чоңойтуп экранда көрсөтүп, фотоувеличителдер сүрөттөрдү чоңойтуп же кичирейтип бериши, пантографтын жардамында карталарды, проектилерди кичирейтүү же чоңойтуу жумуштары аткарылат. Бул өзгөртүп түзүүлөрдүн негизинде ***гомотетия*** деп аталуучу өзгөртүп түзүү жатат.

***Аныктама-1.*** Тегиздиктин ар кандай А жана В чекиттери тиешелүү түрдө $A^1$ жана $B^1$ чекиттерине $AB=k{\cdot}AB$ болгондой кылып өзгөртүп түзүү - окшош өзгөртүп түзүү деп аталат. k-өзгөртүп түзүүнүн коэффициенти.

***Аныктама-2.*** Тегиздикте О чекити жана k

1) маселени талдоо;
2) түзүү же маселени чыгаруу;
3) чыгарылыштын тууралыгын далилдөө;
4) маселенин чечимин изилдөө.

Окуучуларды ушул этаптар боюнча маселелерди чыгарууга үйрөтүү чоң мааниге ээ. Маселени чыгаруунун этапта-рынын негизгиси — ал маселени анализдөө, берилгендер менен белгисиздин арасындагы байланыштарды аныктоо, маселени чыгаруунун планын түзүү. Бул анализдөө бөлүгү маселени чыгаруунун 40-50% тин түзөт. Негиздүү анализделген, чыгаруунун туура планы түзүлгөн болсо, анда аны чыгаруу (түзүү), далилдөө жана изилдөө жумуштары анчалык кыйынчылыкты туудурбайт. Ошол себептүү окуучуларды маселени анализдей билүүгө үйрөтүү, көнүктүрүү зарыл.

**Маселе-1.** Берилген темир жолдун бир жагында A жана B пункттары жайланышкан. Темир жолдун ал пункттарга чейин аралыктарынын суммасы эң кичине кыска болуш үчүн темир жолдун кайсы жерине станция куруга болот?

Чыгаруу: Маселени окко карата симметрия методунан пайдаланып чыгарабыз. Ал үчүн түзүнө карата A же B чекиттеринин бирине симметриялуу болгон чекитти табабыз (7-чийме).

Айталы B га симметриялуу чекити B' болсун, A B' кесиндисин жүргүзөбүз. Ал






• Берилген векторго салыштырмалуу берилген үч бурчтукту параллель жылдырууну аткаргыла ж.б..

**VI. Болочок математик - студенттерди геометриялык өзгөртүп түзүүлөрдү окутууда окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн калыптандыруунун дидактикалык компетенциясына сынамалар катары төмөнкүлөрдү белгилөө зарыл.**

1. Геомтериялык өзгөртүп түзүүнүн түрлөрүн жана аныктамаларды так билүүсү.
2. Өзгөртүп түзүүлөрдүн практикалык мааниси жөнүндө маалыматтуулугу.
3. Чиймелерди так жана туура чийүү билгичтиктери.
4. Контр мисалдарды түзө билүү билгичтиги.
5. Өзгөртүп түзүүлөрдөн пайдаланып мисал-маселелерди чыгара билүү көндүмү.
6. Көрсөтүлгөн теманы окутуу үчүн билимдерди актуалдаштырууга материалдарды тандоо жөндөмү.
7. Берилген чыгарылыштын катасын көрө билүү билгичтиги.
8. Ката кетриүүгө мүмкүн болгон учурларды талдоо, далилдүү түшүндүрүү жөндөмү.
9. Материалды үйрөтүүдө керектүү компьютердик технологиялардан пайдалана билүүсү.
10. Окуу материалын пландаштырууда окуп-үйрөнүү максаттарын коюу, максатка жетүү үчүн окутуунун интерактивдүү ж.б. методдорун, ыкмаларын тандоо жана тапшырмаларды даярдоо, интерактивдүү ишмердүүлүктү уюштуруунун формаларын аныктоо билгичтиги.

## Адабияттар


1. Алыбаев К.С., Аванова Ж.А. Математика (орто окуу жайлар үчүн окуу-колдонмо). Жалал-Абад, 2010. -123 б.
2. Назаров М.Н., Алтыбаева М. Орто мектепте математиканы окутуу. Ош, 1999. -280 б.

УДК: 378.14371.335:778.5

# ДИСТАНТТЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МУЛЬТИМЕДИАЛЫК ЛЕКЦИЯЛАРДЫН КОМПЛЕКСИН ПАЙДАЛАНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

***Авазова Э.Т.***
***ОшМУ, Ош шаары***

***Аннотация***

*Макалада педагогикалык багытта билим алган студенттер үчүн дистанттык окутууда мультимедиалык лекциялардын комплексин пайдалануунун артыкчылыгын жана натыйжалуулугун көрсөтүү менен бирдикте, толук билим алууга шарттуу мүмкүнчүлүк түзүлөөрү тастыкталган.*

***Abstract***

*This article is considered the question on features multimedia lectures for students of a pedagogical direction in continuing education.*

Адамзаттын өнүккөн маалыматтуу коммдо жашап жаткандыгын мамлекеттин коммуникациялык инфраструктурасы менен байланыштырса болот. Мындай коом учурдун талабына ылайык маанилүү маалыматтар менен эркин таанышууга жана колдонууга мүмкүнчүлүк бербестен адамдардын өз ара байланыштарын чындоого шарт түзүп, билим алууга да кулачын кенен жаят.

Ошондуктан, коомду маалыматташтыруу процесси жаңы маалыматтык коммуникациялык технологиялардын жардамы менен адамдардын өз ара карым-катнашы жана байланыштары аркылуу иш жүзүнө ашат [1].

Мамлекеттин туруктуулугу анын социалдык жана экономикалык жактан өсүп өнүгүүсү, калыптанышы түздөн-түз билим берүү системасынын түзүлүшүнөн жана квалификациясы жогору адистерден көз каранды болору талашсыз. Себеби студенттерди жана окуучуларды окутууда педагогдон көп жылдык тажрыйбаны, методикалык камсыздыкты жана жоопкерчиликти талап кылат. Келечектеги адистин билим-илимге толук камсыз болушу жана чыгармачылык инсан болуп калыптанышы ЖОЖдун гана эмес, ошондой эле бүткүл коомчулуктун башкы көйгөйү болуп саналат. Окутуунун бардык этаптарында интеллектуалдык патенциалын жогорулатуу, активдүүлүккө үйрөтүү, өз алдынча ишмердүүлүгүн, билгичтигин жана көндүмдөрүн арттыруу маселелерине көңүл буру өтө зарылчылыкта турат.

Бүткүл маалыматтык ресурстарды виртуалдык чөйрөгө өткөрүүдө негизги орунду мультимедиалык техналогия аныктайт. Окуу процессине натыйжалуу моделдерин киргизүү менен студенттин маалыматтык маданиятын калыптандырууга көмөк көрсөтүлөт. Окутууда мультимедиалык технологияны колдонуунунун өзгөчөлүктөрү боюнча А.В. Осиндин, Г.А. Сапрыкиндин, Ю.Г. Молоковдун, О.Г. Смоляниновдун, С.Г. Григорьевдин, В.В. Гриншкундун, Н.Г. Семенованын, В.М. Вакулюкдун, Г.Д. Аубакировдун эмгектеринде көңүл бурулган. Мультимедиа англ. сөзүнөн которгондо «multi-көп, media-чөйрө» деп которулат, бизче окутуунун маалыматтык технологиясы, аудиовизуалдык маалыматтын түрлөрүн (анимация, графика, аудио, видео, сүрөттөлүштөр ж.б.) чагылдырып, аларды иштете билүүнүн түркүн формасын үйрөтөт. Мультимедиа-экранда маалыматты үн жана кыймыл менен бириктирүүнү камсыз кылган атайын технология.

Бүгүнкү күнү билим берүү системасында (ЖОЖор, колледждер, мектептер) маалыматташтыруу процесси түрдүү баскычта десек жаңылышпайбыз. 1991- жылдан

тартып маалымат эки эсеге өстү [3] орточо эсеп менен алганда дүйнө жүзүндө маалыматтык технологияны колдонуу жылына 10-15% чейин өскөн болсо, ал эми дүйнөлүк тармакка кошулуу көлөмү жагынан 20-25% өсүп жаткандыгы байкалат [4].

Окутуунун жаңы формасын дистанттык билим берүүнүн өнүгүүсүн Д.Л. Кречмандын, С.В. Агапоновдун, З.О. Джалиашвилинин, М. Лукашенконун, М.В. Моисееванын, Е.С. Полаттын, М.Ю. Бухаркинанын, М.И. Нежуринанын, И. Семенниковдун эмгектеринен таанышсак болот.

Интернеттин мүмкүнчүлүгүн пайдалануу күндөн күнгө өсүп жаткандыгы талашсыз. Интернет тармагы боюнча маалыматтык технологияны терең өздөштүргөн адис төмөнүлөргө көңүл бурат.

Компьютердик жана маалыматтык компетенттүүлүкө ээ болуу менен компьютердик коммуникациалык компетенттүү болууга багыт алат. Бул компетенттүүлүктөрдүн пайда болушуна көмөк көрсөтүү багытында окуу процессинде мультимедиалык компьютердин (видео адаптер, CD, DVD-ROM, колонка, VGA-видеографикалык стандарт, HDD, RAM, системанын тиби, процессор) жаңы муунун эске алып, мультимедиалык (графикалык жана мантаждоо) программалары жүктөлгөн соң мультимедиалык продукт иштелет жана мультимедиалык лекцияларды окутуучу даярдай алат. Демек, биздин мультимедиалык компьютер жогорку шарттарда окуу материалын кыймыл - аракетте түстүү көрсөтүү менен гана чектелип калбастан, ошол көрүнүшкө түшүндүрмө берип сүйлөй да алат, бул болсо сүйлөөчү, көрсөтүүчү окуу куралдарын жазууга шарт түзөт.

Окутуу формаларынын башкы түрлөрүнүн бири лекция, окуу материалын аныкталган удаалаштыкта берүү менен маселе коюуну, аны чечүүнү, андан жыйынтыктарды чыгарууну үйрөтөт. Эң негизгиси лекцияда окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн логикасы ачык-айкын берилиши зарыл. [5]те белгилүү багыт берүүчү лекция, илимий түзүлүштөгү лекция, жалпылоочу лекция ж.б. бар. Бул лекциялар окуу жайларда (күндүзгү, сырткы окуу бөлүмдөрдө), орто окуу жайларда, мектептерде колдонулуп келет. Лекциялардын бул түрлөрүн мультимедиалык лекцияга айлантып, окуу куралын жасоодо окутуунун көрсөтмөлүү методдорун пайдалана алабыз. Мультимедиалык лекция-бул мультимедиалык компьютерде, мультимедиалык программанын негизинде эрежелерди эске алуу менен маалыматтын иштетилишин, аудио-видео формата сакталышы. Бул аныкталыштын негизинде төмөндөгүдөй мультимедиалык лекцияны иштеп чыгуунун эрежелери эске алынышы керек:

- Толук жана тастыкталган маалымат;
- Алынган маалыматтын темасы, максаты, мазмуну, жыйынтыгы иштелип чыгып, текст түрүндө даярдалат;
- Темага ылайык кыскача изилдөөлөр, кыскача анализдер, сүрөттөр, схемалар, формулалар ж.б. коюу менен структурасын окутуучу өзү түзөт;
- Монтаждоодо анимациялык коштоонун болуусу педагогдун чечимине көз каранды болот. Кийинки этапта графикалык, монтаждоочу программаларды пайдалануу менен мультимедиалык лекция иштелип чыгарылат. Мында төмөндөгүдөй шарттар каралат:
- графикалык маалыматты иштетүү;
- үн файлдарын иштетүү, видеоматериалдарын даярдоо, үн жаздырууда дикцияга көңүл буруу;
- дизайн жана графикасын жогорку деңгээлде иштетүү (текстти, фонун, сүрөттөлүштөрдү туура тандоо);
- үн материалы текст же болбосо сүрөттөлүштөргө дал келүүсү;
- убактысы берилген материалга жараша болот;

- күнүмдүк турмушта окуу жана угуу ылдамдыгы төп келгендей шарталышы керек;
- аудио-видео форматта сакталат;

Маалымат видео ролик, кыска метраждуу фильм түрүндө болуп, экрандык берилишинен (кодоскоптон, проектордон, киноаппараттан, телевизордон) колдоно алабыз.

Бул материалдар окуу процессинде сырттан окуган студенттер үчүн өтө пайдалуу десек жаңылбайбыз, себеби бүгүнкү күндө Ош мамлекеттик университети регионалдык университеттердин бири, алыскы райондордо иштөө менен бирдикте сырттан окуп жаткан студенттерибиз аз эмес. Бирок бүгүнкү күнү калктын социалдык жашоосун эске ала турган болсок орто эсеп менен 10 үй бүлөдөн бир гана үй бүлөөдө компьютер бар экендиги бизди түйшөлтөт. Ошол эле учурда баардык үйдө телевизор, DVD болгондуктан даярдалган мультимедиалык лекцияларды DVD дискине көчүрүп берүү, ал эми интернет түйүнүнө иштеп жана чыгууга мүмкүнчүлүгү бар студенттерге Web баракчаларына жайгаштыруу, e-mail аркылуу жиберүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Мультимедиалык лекциялардын комплексин пайдаланууда студент кошумча даярдык алат, маалыматтан артта калбай предметти өздөштүрүүгө терең киришет, предметти окуткан педагог дайым жанында болот, түшүнүү жана максатка ылайыктап кароо, кайталап угуу мүмкүнчүлүгү бар.

Даярдалган мультимедиалык лекциялардын комплекси студентке алдын-ала берилет. Ошондуктан сырттан билим алып жаткан студент окууга даярдык менен келиши, окуу учурунда алган билимин баалоодо толук өбөлгө түзөт.

Студент информатика сабагынан төмөнкүдөй мультимедиалык лекцияларды пайдалана алат. Мультимедиалык (аудио видео) лекциялар окуу методикалык комплекске байланган (гипербайланыш). Тексттик, графиктик видео жана аудио маалыматтарды камтып башка документтер менен гипербайланышта болгон документ гипермедиа деп аталат [6].




1-сүрөт. Окуу методикалык комплекстин сүрөттөлүшү

Окуу материалдарын удаалаш колдонуунун негизинде студенттин маалыматтык компетенттүүлүгү калыптанышына көмөк көрсөтүлөт, мында ал:

- маалымат көчүрүү, архивдөө, чогултуу, иштетүү жөндөмдүүлүктөргө ээ болот.
- аппараттык жабдыктарды ажырата билет.

- компьютердик программалардын түрлөрүн айырмалоо менен топторго бөлүү көндүмдөргө ээ болот.

Жогоруда айтылгандардан, сырттан окуу формасы үчүн окутуучулар түзүп чыккан мультимедиялык лекциялардын негизинде, мүмкүнчүлүгү бар студенттер телекоммуникация каражаттарын пайдаланып Интернет тармактарына кирүү менен окутуунун жаңы формасы дистанттык билим алууга өтүүгө шарт түзүлүп жогорку квалификациялуу адис болууга мүмүнчүлүк ала алышат.

Ушундан улам дистанттык окутуу-бул сырттан билим берүүнүн жаңы тепкичи, анда персоналдык компьютердин, аудио- видео техниканын жардамы менен камсыз кылынат. Коомдун өнүгүшүндө коммуникациялык факторлор негизги ролго ээ (телекоммуникация каражаттары адамдардын арасында байланышууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты) [6]: билим алуунун сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтөт; маалымат мейкиндигинин ар тараптан ачыктыгы.

Жыйынтыктап айтканда окутуунун жаңы формасы - дистанттык билим берүүгө өтүүдө окуу методикалык комплекстер (Силлабустар), анын ичинде мультимедиялык технология негизги ролду аткарары тастыкталды. НМУдагы «Дистанттык жана үзгүлтүксүз билим берүү» факультетиндеги башталгыч курстарынын студенттери үчүн информатика сабагында мультимедиалык лекциялардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бере алды.

**Адабияттар**

1. Байсалов Дж.У. Жогорку окуу жайларында аралыктан окутуунун технологиясы. Бишкек 2013.С.27-28
2. Клешова Н.В. Мультимедиа как дидактическое средство высшей школы. Дис. кан. пед. наук.-Калининград, 1999.-2010с.
3. Сытник А.А., Папшев С.В., Гельбух С.С. Информация региональной образовательной среды.//Сборник матер.междун.науч.конф.,-Саратов; изд-во СГТУ, 2002. С.10
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. Бишкек 2008, 233-234б.
5. Абдылдаев О.Т., Бабаева Н.М., Өмүрканов Т.А. Дистанттык (аралыктан) билим берүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары. Жур.изв.вузов. №5, 2010. С.268-270.
6. Бейшеналиева У. Мультимедиянын мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары// Наука и новые технологии. №3, Б., 2009. С. 206-214

УДК 37.013

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫРДААЛДЫН ТЕОРИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ ЖАНА КЛАССИФИКАЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

***Ажыкулов С. М. ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
**s_ajykulov@mail.ru**

***Аннотация***

*Педагогикалык кырдаал, педагогикалык кырдаалдын чыгышы, жаралуу өбөлгөлөрү кырдаал түрлөрү.*

***Annotation***

*The quation are: what is the Pedagogical situation in general, now is it appeared, what is the background of it's appearing, what kinds are the situations devided into*

Тарбия - адам коомун эң негизги функциясы. Бүткүл адамзаттын иштеп чыккан материалдык жана руханий байлыгын улуу муундар улам кийинкилерге тарбия аркылуу берет. Улам кийинки муундар өткөндөрдөн калган мураска ээ болушат. Алар ээ болгон материалдык жана руханий байлыктарын андан ары байытуу менен коомдогу прогрессти камсыз кылышат, бирок бүгүнкү күндө мектепте болсун, жогорку окуу жайларда болсун тарбия берүүгө эмес, билим берүүгө көбүрөөк көңүл буруп жатабыз. Мунун өзү тарбия маселесин кайрадан карап чыгууга аргасыз кылууда. Тарбиялоонун өзү карама-каршылыктарга өтө жык толгонун баарыбыз билебиз. Ошондуктан жаш муунду тарбиялоону педагогдорго, тарбиячыларга гана калтырбастан, ар бир инсан ар бир үй-бүлө, ал гана эмес бардык чоң адамдарга, коомго дагы тиешелүү экенин унутпашыбыз керек.

Ал эми педагогикалык тарбия турмуш тататаал, максаттуу, пландуу жүрүп жеке адамдын калыптануусуна, ой-жүгүртүүсүнө жол ачат. Ал үй-бүлөдө, мектепке чейинки даярдоочу мекемелерде, мектептерде иш жүзүнө ашат. Мына ушундай жагдайда мектеп практикасында **«педагогикалык кырдаал»** түшүнүгү пайда болот. Дегеле «Педагогикалык кырдаал» деген эмне? Ал эмнеден улам келип чыгат? Жаралуу өбөлгөлөрү кандай? Кырдаал кандай түрлөргө бөлүнөт?- деген суроолор келип чыгат. Мындай суроолор жооптор жетиштүү жана ар түрдүү.

**«Педагогикалык кырдаал» -** бул педагогикалык системанын жана педагогикалык процесстин реалдуу, өзөктүү бир бөлүгү. Педагогикалык кырдаалды чечүү аркылуу педагог педагогикалык процессти башкарат.

«Педагогикалык кырдаал» мектепте мугалим менен окуучунун, окуучу жана анын ата-энесинин ортосунда, окуутуу менен тарбиялоонун процессинде ар дайым пайда болуучу, өз убагында туура чечүүнү талап кылган орчундуу жагдай. Ал үчүн мугалимден жана тарбиячыдан кылдат педагогикалык билим, педагогикалык такт, турмуштук бай тажрыйба терең акыл, башкача айтканда **«мугалимдин инсандык сапаты», «кесиптик компетенттүүлүгү»** керек.

Педагогикалык кырдаалдар кээде күндөлүк практикада тез чечилүүчү мүнөзгө ээ болсо, айрымдары кыйынчылык менен чечилүүчү, көптөгөн кыйынчылыктардан улам ойлонуп жыйынтыкка келүүчү мүнөзгө ээ болгону менен ойго салат.

Чындыгында, педагогикалык кырдаал жөн жерден келип чыккан, же жөн эле чечилип кала турган жөн-жай жагдай эмес, анын мүнөздүү бир белгиси - анын негизинде кандайдыр бир талаш-тартыш (конфликт) жатат.

Ар кандай педагогикалык кырдаалдардын негизин андагы карама-каршылыктар, анын өнүгүүсү жана чечилүүсү менен мүнөздөлөт. Ошондуктан бардык эле жагдайлар негизинен көйгөйлүү болуп эсептелет.

Педагогикалык кырдаал сабак өтүү учурунда, экзаменде, экскурсияда, мектеп короосунда жана башка жайларда алдын ала уюштурулушу же кокустан пайда болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу дүйнөлүк педагогикада жана психологияда педагогикалык кырдаалдардын көптөгөн классификациялары белгиленет. Орусиянын окумуштуусу В.С.Безрукованын педагогикалык кырдаалдарды төмөндөгүдөй белгилердин негизинде классификациялаган.

1) Пайда болуу жана болуп өтүү ордуна жараша (сабакта, сабактан сырткары, көчөдө, үйдө, жатаканада, устаканада ж.б.).
2) Проективдүүлүк даражасына жараша (атайылап жаратылган, чыныгы, стихиялык, проективдештирилген).
3) Оригиналдуулук деңгээлине жараша (стандарттуу, стандарттуу эмес, оригиналдуу).
4) Башкаруу деңгээлине жараша (катуу тапшырылган, башкарууга мүмкүн эмес, башкарууга мүмкүн).
5) Катышуучулар боюнча (мугалим-окуучу, мугалим-окуучулар тайпасы, мугалим-окуучунун ата-энеси).
6) Камтылган карама-каршылыктар боюнча (чыр-чатактуу, чыр-чатаксыз, сынчыл).
7) Мазмуну боюнча(окуу, окутуу максатында түзүлгөн),көйгөйлүү, политехникалык, өндүрүш-техникалык.
8) Коммуникациялык мүнөз (сүйлөшүү кырдаалы).
9) Мүнөзү боюнча (дисциплиналык, дисциплина аралык, жалпы илимий).[1]

Ю.Н.Кулюткино жана Г.С.Сухобская кырдаалды моделдештирип педагогикалык кырдаалдардын стандарттуу (күтүлүүчү, белгилүү, тез-тез кайталануучу) жана стандарттуу эмес (татаал, сейрек, кездешүүчү, башкаларга окшобогон) түрүнө таянышкан.[4]

Педагогикалык мааниге ээ кырдаалдар деп, россиянын башка окумуштуулары Н.Бордовская жана Н.Реан төмөндөгүлөрдү эсептешет:

- Кызыктыруучу кырдаал;
- Тандоо кырдаалы;
- Ийгилик кырдаалы;
- Чыр-чатак кырдаалы;
- Көйгөйлүү окуу кырдаалы, окуу тапшырмаларын чечүү кырдаалы;
- Тобокел кырдаалы;
- Сындоо жана өзүн-өзү сындоо кырдаалы;
- Өз ара жардам жана жардам кырдаалы;
- Жазалоого коркуттуу кырдаалы;
- Өзүн өзү балоо кырдаалы;
- Мамиле кылуу кырдаалы;
- Баш ийүү кырдаалы;
- Ишендирүү кырдалы;
- Күнөлөө жана чыдамдуулук кырдаалы;
- Иште жана мамиледе тез которолуу кырдаалы;
- Мелдеш жана атаандаштык кырдаалы;
- Чогуу кайгыруу кырдаалы;
- Көңүл бурбоочулукту жаратуу кырдаалы;
- Чектөө кырдаалы;
- Оюн кырдаалы;
- Жоопкерчиликтүү чечим кырдаалы;

- Ишмердүүлүктүн жаңы ыкмасын өздөштүрүү кырдаалы;
- Ишеним жана ишенүүнү билдирүү кырдаалы;
- Талап кылуу кырдаалы;
- Тренинг кырдаалы;
- Дисциплинаны бузу жана кайра куру кырдаалы;[2]

Педагогика чөйрөсүндө Россиялык окумуштуу В.А.Сластенин Педагогикалык кырдаалдарды мындайча бөлөт:

Пайда болуу жана болуп өтүү ордуна жараша;

Өз аракарым-катнаштыгы субьекттер жана обьектер боюнча;

Педагогикалык процесстин маңызына жараша (дидактикалык тарбиялык ж.б.);

Кырдаалда чогулган тарбиялык перспективаларга жараша ж.б. [5]

И.Н.Емельянова болсо, педагогикалык кырдаалдарды классификациялоону төмөндөгүдөй түрдө мүнөздөйт:

1) Аныкталбаган (маалыматтын жетишсиздиги) аныкталган(толук маалымат бар)

2) Ачык (альтернативаныиздөө көз карашы боюнча) жабык

3) Аяктоочу, кырдаалды толук чечип, бир гана чечимди көрсөткөн; Аяктоочу эмес, кабыл алынуучу чечимдин жакшыруусуна мүмкүнчүлүк берет.

Мына ушулардан келип чыгып, биз билим берүү процесси кырдаалдардын өз ара байланышкан, үзүлбөс чын чырынан түзүлөөрүн билүүдөбүз. Кырдаалдардын ар бири кандайдыр бир убакыттын ичинде педагогикылык процесстин объективдүү абалы болуп эсептелет.[3]

Педагог-психологдор **«Педагогикалык кырдаал»** түшүнүгүнө ар түрдүү түшүндүрмөлөрдү сунуштап келишет. Бүгүнкү күндө мугалим эмнени дайым жандандыруусу керек? **Окуу тарбия процессинде пайда болуучу педагогикалык кырдаалдар** көрсөтүлгөн классификацияларда камтылган көптөгөн субъективдүү жана объективдүү факторлор менен байланышканын, педагогикалык кырдаалды чечүүдө анын туура себебин аныктоодон жана туура анализдөөдөн гана турбаарын, педагогикалык таасир берүүнүн же тарбия берүүнүн системасын туура тандоодон да көз каранды экенин билүүсү керек.

**«Педагогикалык кырдаалдар»** маселесин–кыргыз педагогика илиминде атайын «педагогикалык котегория» катары карап, аны чечүүнүн теориялык-методикалык негиздүү жолдорун атайын иликтөөнү колго алуу деп эсептейм

УДК 37.013

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫРДААЛДАРДЫН КЕЛИП ЧЫГУУ СЕБЕПТЕРИ

***Ажыкулов С. М. Жалал-Абад ш., ЖАМУ***
***s_ajykulov@mail.ru***

***Аннотация***

*Педагогикалык кырдаалдардын келип чыгуу себептери, педагогикалык кырдаалдардын чыр-чатактуу жана чыр-чатаксыз болуп бөлүнүшү, педагогикалык кырдаалдын пайда болуу факторлору.*

***Annotation***

*It may be indeffinet. In general as a reason we may say here the attitude of a teacher and students, their human peculiarities and all the general pecularieties of the school rules.*

Азыркы биздин жашап турган коомдо мамлекетибиздин ЖОЖдорунда педагогикалык багыт боюнча алган студентерди мугалимдик кесипке даярдашат, мында көбүрөөк теориялык жактан билим алышат да, педагогикалык чеберчилик боюнча жетишсиз куралданышып ЖОЖду аякташат. Бул жерде жаш мугалим мектепке барган күнү кез келүүчү көйгөйлөр эске келет. Мындан улам педагогикалык кырдаалды чечүүгө даяр эмес мугалим анын чыныгы педагогдук кесипке даяр эместигин көрсөтүп турат. Муну педагогикалык кырдаалдардын пайда болуусунун бир себеби катары карасак болот.

Педагогикалык кырдаалдардын келип чыгуу себептери түрдүүчө болушу мүмкүн. Жалпылап айтканда себептерге мугалимдин мамилеси жана жасаган ич ара кыймылын окуучунун жана окутуучунун,инсандык өзгөчөлүктөрүн мектептеги жалпы эрежелердин өзгөчөлүктөрүн киргизсек болот. Педагогикалык кырдаалдар мүнөзүнө жараша чыр-чатактуу жана чыр-чатаксыз болуп бөлүнөт. Чыр-чатактуу педагогикалык кырдаалынын келип чыгуусунун бир канча себептерин карап көрөлү.

- Мугалимдин сабакта окуучунун жүрүм-турумун алдын ала көрө билүү мүмкүнчүлүгүнүн аздыгы;
- Окуучулардын күтүлбөгөн жерден ар түрдү жоруктарды жасашы да алдын ала пландалган сабактын жүрүшүн бузат жана мугалимди каардантып, аны кандай жол менен болсо да «жолтоо» болгон нерсени жок кылууга аракеттентет;
- Болгон окуялардын себептерин билбей калгандыгы кандай учурда кимге кантип кайрылуу жосоо керектиги да себеп болот;
- Башка окуучулар ушул кырдаалдардын күбөөсү болуп калат, ошондуктан мугалим ар дайым өзүнүн социалдык статусун сактап калганга көбүнчө умтулат да ошону менен кырдаалды көбүнчө чыр-чатактуу болушуна жеткирет;
- Мугалим тараптан окуучунун жеке бир анын жогору эмес анын инсандыгы бааланат, мындай баалоо көп учурда ал окуучуга башка мугалимдердин жана теңтуштарынын мамилеси аныктайт (өзгөчө башталгыч класстарда);
- Мугалим көп учурда баланы аны үй-бүлөдөгү жашоо шартына инсандык өзгөчөлүгүнө, анын мотивине карабай анын жүрүм-турумуна карата субъективдүү көз караш менен баалайт;
- Мугалим келип чыккан кырдаалга анализ жүргүзүүдөн кыйналат, окуучуну каттуу жазалаганга шашат, бул менен окуучуга ашыкча каттуу колдук зыян келтирбейт деп ойлойт;
- Окутуучу менен кээ бир окуучулардын ортосундагы түзүлгөн мамиленин мүнөзү да чоң маниге ээ;

- Окуучулардын инсандык касиеттери жана стандарттуу эмес жүрүм-туруму да алар менен дайыма болуучу чыр-чатактардын себеби болушу мүмкүн;
- Мугалимдин жеке инсандык сапаттары да чыр-чатактардын келип чыгуу себеби болушу ыктымал (кыжырдануу, оройлук, өчөшүү, менсинүү, алсыздык ж.б).

**Педагогикалык кырдаалдын пайда болушуна ар түрдүү факторлор таасир этиши мүмкүн.**

- Мугалимдин кесиптик чеберчилигине, тажрыйбасына байланышкан факторлор;
- Окуучу менен ата-энесинин инсандык сапаттарына байланыштуу факторлор;
- Мектептин ички эрежелерине байланышкан факторлор;
- Коомдук-социалдык абалга байланышкан факторлор.

Албетте, булардын ар бири өзүнчө изилдөөнү жана сөз кылууну талап кылат.

Мындан башка дагы мугалимдин окуучулары менен ич-ара мамилесиндеги маанайы, педагогикалык жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу, педагогикалык жумушка болгон кызыгуусу, мугалимдин жеке жашоосундагы көйгөйлөрү, педагогикалык жамаатагы жалпы жагдай жана иштердин уюштурулушу.

Мектеп жетекчилеринин айтуусу боюнча, көпчүлүк педагогикалык чыр-чатактардын себептери болуп: мугалимдердин педагогикалык мамилесинин деңгээлинин төмөндүгү, каттуу тийе турган сөздөрдү сүйлөдөнубагында өзүн токтотуп кала албагандыгы да эсептелет. Үй-бүлөсүндөгү жакшы эмес жагдайга карата балдарды басмырлабоо, терс сапаттарын айта бербөө, тең туштарынын алдында маскарлабоо - бул жалпыгы белгилүү эле эрежелер, бирок, көп мугалимдер бул эрежелерди бузушат.

Көптөгөн окутуучулар, ар түрдүү жаштагы окуучулар менен сүйлөшүүдөн, мамиле түзүүдөн кыйналышат. Мугалим окуучуларга көп учурда команда берүү, жетекчилик кылуу: коркутуу, үстөмдүк жүргүзүү ошондой эле окуучунун жүрүм-турумуна канааттанбагандыгын көрсөткөн түрдө мамиле жасайт. Мындай мамиле мектепте окутуп табиялоо учурунда көп жылдарга созулат. Окуучулар жогорку класстарга барганда, мугалимдин ушундай мамилесин жооп катары түрдүү ыкмаларды ойлоп табышат.

Кырдаалдар окуучулар менен мугалим жалгыз калган учурда келип чыгат (жат адамдар же мектеп жетекчилеринин алдында кырдаал келип чыкпайт),ошондуктан жетекчилик кырдаалдын алдын алууда же чечүүдө мугалимге жардам көрсөтө албайт.

Элдик билим берүү чөйрөсүндө ишмердүүлүктүн төрт субъектисин бөлүп кароого болот. **Окуучу, мугалим, ата-эне, мектеп жетекчилиги.** (Түрдүү деңгээлдеги жетекчилер: директор, окуу иштери боюнча директордун орун басары, тарбия иштер боюнча директордун орун басары, социалдык педагог ж.б).

Карама каршылыктардын 10-түрүн бөлүп көрсөтүүгө болот

1. Окуучу- окуучу;
2. Окуучу-мугалим;
3. Окуучу-ата-эне;
4. Окуучу-жетекчи;
5. Мугалим-мугалим;
6. Мугалим-ата-эне;
7. Мугалим-жетекчи;
8. Ата-эне-ата-эне;
9. Ата-эне-жетекчи;
10. Жетекчи–жетекчи;

Окуучулардын арасындагы кырдаалдар тез-тез болуп турат. Окуучулардын арасындагы кырдаалдардын келип чыгуу негизги себептери: оройлук, катаалдык,ырайымсыздык,ачуулангандык. Бирок, буга окшогон чыр-чатактар кырдаалдар

көбүнчө башталгыч жана орто класстарда учурайт. Жогорку класстарда чыр-чатактар кырдаалдар аз учурайт, алар улуурак жана ар кандай тартынчактарды, капачылыктарды басып өтүшкөн, мектептеги өздөрүнүн жолдоштору менен ынтымактуу болуп калат алардын башка көйгөйлөрү жетишет.

**Чыр-чатактар төмөндөгүдөй негизде пайда болот.**

1) Бири-бирине жекече келишпестик
2) Баалоо жана өзүн-өзү баалоонун шайкеш келбестиги
3) Көз караштарынын баалуулуктарын түрдүүлүгү
4) **Безтактность-**Мамиледеги башканын ийгилигине көрө албастык менен кароо ж.б.

**Мисалы: «Окуучу-окуучу»** абалында лидерликти алуу кырдаалы көбүрөк тараган, орто класстарда балдардын жана кыздар тайпалары чыр-чатак жаратат.

Чыр-чатактуу кырдаалдын экинчи түрү **«окуучу-мугалим»** бул учурдагы карама каршылыктын чыр-чатактын себептери мындайча болот:

- Окуучу тарабынан мугалимди кемсинтүү, кордоо;
- жүрүм-турумдун начардыгы;
- Мугалимге сыйлабастык көрсөтүү;
- Үй-тапшырмага даярдабагандык;
- Сабактарды белгисиз эле калтыра берүү;
- Маданий баалуулуктардын түрдүүлүгү;
- Окууга көңүлсүз мамиле кылуу, жалкоолук каалоонун жоктугу;
- Сабакка начар даярдангандык, өз алдынча ой жүгүртүүсүнүн жоктугу, билим деңгээли төмөндүгү;
- Окуугу болгон кызуугусу жоктугу;
- Сабакта тартип бузуу жана башка;

Эгер чыр чатактуу кырдаалда окуучунун көз карашы менен карасак төмөнкүдөй себептер болушу мүмкүн.

- Мугалим тарабынан окуучуну кемсинтүү, кордоо;
- Талаптагыдай эмес жүрүм-турум;
- Баа коюудагы объективдүү эместик;
- Ашыкча талап коюу;
- Кызыксыз сабак өтсө жана башка;

Мугалим менен окуучунун ортосундагы кырдаалдардын негизин ыймандык-этикалык мүнөздөгү чыр-чатактар түзүп калышы мүмкүн. Педагогдун жана окуучунун ортосундагы чыр-чатактуу кырдаалдар окууга болгон мамиледе алардын көз караштарынын, кээде алардын ойлорунун дал келбестигинен келип чыгат. Буга мектептеги жүрүм-турум эрежелери да кандай бир деңгээлде өз таасирин тийгизет.

Тигил же бул окуучунун тартипсиздиги, өзүн алып жүрө албастыгы, окууга болгон жоопкерсиздиги жанамугалимдин чыдамсыздыгы, ашыкча өзүмчүлдүгү, инсан аралык курч кагылышуулардын негизги себептери болот. Көптөгөн чыр-чатактардын дагы бир себеби, мугалимдин өзүнүн окуучуларына сый мамиледе болбостугу, окуучу өзүнүн бирдиктүү иштөөсүндө дос жана өнөктөш катары көрүүнү каалабагандыгы же ишине болгон жөндөмсүздүгү. Мектеп окуучуларынын ортосундагы инсан аралык же топтук чыр-чатактар дайыма эле болуп туруучу көрүнүш экендиги талашсыз. Социалдашуу процесси ар түрдүү типтеги чыр-чатактар кырдаалдар менен коштолот алар бир гана мектеп чөйрөсүндө эмес башка жайларда да катталат. Азыркы учурда мектептер карама-каршылык жана баш ийүүчүлүк принцибин негизинде куралып жатат. Мугалим – окуучу, чоң-кичине, күчтүү- күчсүз, жетишкен-жетишпеген деген түшүнүктөр жаш балдардын чыр-чатактарынын келип чыгуусун стимулдаштырат, башкача айтканда

алардын топтук жана жеке инсандык карым катнашында катуу колдуулук, ачуулануу, оройлукту жаратат.

**«Окуучу-ата-эне»** чыр-чатагы. Мындай типтеги чыр-чатактар көбүнчө ата-эне тарабынан балдарын түшүнбөстүгү же үй-бүлөдөгү жагымсыз жагдайдан улам келип чыгат (аракечтик, ата-энелердин өз ара жаңжалдашуулары). Мындай жаңжалдашуулардын себептери төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

- Балдар үйдө сабакты аз окушат;
- Дайым эле ата-энелерин уга беришпейт,бардык нерсени өз билгенинче жасашат;
- Окуунун начардыгынан;
- Балдар көп убактысын көчөдө же короодо өткөрүшөт;
- Көп убактысын компьютер алдында же уюлдук телефондо соцаилдык тармактарда болуу менен өткөрүшөт;
- Мектепте өздөрүн үлгүсүз алып жүрүшөт;
- Келечектеги адистигин тандоодон;
- Өздөрүнүн буюмдарын жыйнашпайт;
- Аз окушат ж.б.;

Мындай жагдайларда көпчүлүк ата-энелер өздөрүнүн балдарын тарбиялоодо негизги милдет:бул балага эмне керек болсо ошолордун бардыгын даярдап берип анын каалаган муктаждыктарын эч кыйшаюсуз толук камсыздоо деп эсептешет да бирок баласы менен анын жан дүйнөсүнө жакындан баарлашып аңгемелешүүгө көңүл бурушпайт, ага алардын убактысы жетишпейт же каалашпайт дагы мындай үй-бүлөдөгү бала өзүн жалгыз сырап сезет, ал ага кымбат баалуу буюмдарды, оюнчуктарды сатып берүү менен гана эмес чоңдор анын ички дүйнөсүнө кызыгышып туруусун каалайт. Эгерде жаш өспүрүмдүөтө жакшы көрүп, анын баардык каалагандары орундалып турса, анын жасаган ар кандай кылмышы эч жазаланбай кечирилип турса, анда ал көп учурда оор кыйынчылыктуу болуп калат. Көрүнүп тургандай балдардын ата-энелери менен болгон чыр-чатактуу кырдаалдардын негизги себептери болуп, окуу жана бирин-бири түшүнбөстүгү болуп турат.

**Корутунду:**

1) Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларда болочок педагогикалык кадрларды даярдоодо бул проблема боюнча атайын курстар уюштурулуп, программа түзүлүп, окулуп-үйрөтүлсө, аны чечүүгө болочок мугалимдерди даярдоону колго алуу;

2) «педагогикалык кырдаалдар» боюнча мугалимдердин билимин заманбап өнүктүрүү, педагогикалык кадрлардын билимин жогорулатуу курсатарында мугалимдер үчүн «педагогикалык-кырдаалдык тесттерди» түзүү аркылуу аларды чечүүгө системалуу үйрөтүү боюнча иш жүргүзүү керек.

3) Бири-бирине жекече келишпестиктерди жоюу. Башканын ийгилигине көрө албастык туура эместигин жеткирүү. Карама-каршылыктардын болтурбоонун алдын алуу ж.б.. Компоттентүү окуучуларды, окутуучуларды даярдап өстүрүү керек деп эсептейм;

**Адабияттар**

1. Безрукова В.С, Педагогика [Текст]:учебник/В.С.Безрукова.- Екатеринбург:Издательство Сердловского инженер-педагогического института, 1993.-320 с.
2. Бордовская Н.В., Педагогика [Текст]: учебное пособие / Н.В. Бордовская, А.А.Реан- СПб: Питер, 2008.-304 с.
3. Емельянова И.Н. Теория и методика воспитания [Текст]: учебное пособие для вузов/ И.Н.Емильянова. М.: Академия, 2008-253 с.

4. Сластенин В.А. Профессионально-педагогическая культура [Текст]: учебное пособие для студентов вузов/В.А. Сластенин.-Академия,2002-206с.
5. Интернет булактарынан

УДК:37.013

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ОКУУЧУЛАРДЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООГО ДАЯРДООНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

*Байсалов Ж.У., Нусупова Р.С.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад ш.*

**Аннотация**

*Макалада окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого болочок мугалимдерди даярдоонун максаты жана маселелери каралды.*

**Аннотация**

*В статье рассмотрено цели и задачи подготовки будущих педагогов к воспитанию толерантности у школьников.*

Азыркы билим берүүдө өсүп келе жаткан муундарга толеранттуулук тарбиясын берүү окутуу-тарбиялоо ишиндеги негизги милдет болуп саналат.

Бул багытта атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп ал педагогика илиминде жаңы багыт катары таанылып жатат. Мисалы, Н.А.Асипова өзүнүн окуучулардын улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруунун илимий педагогикалык негиздерин, XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо –Р.А.Кутанова, англис тилин окутуу процессинде студенттерде толеранттуулукту өрчүтүү-К.Р.Алдашева, улуттук-психологиялык факторлордун башталгыч класстын окуучуларын көп улуттуу маданиятка тарбиялоодо тийгизген таасири-Адылбек кызы Гүлназ, Г.Ж.Карагозуева-Башталгыч класстын окуучуларында адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери, О.Г.Ким өзүнүн илимий диссертациясында башталгыч класстын окуучуларын кыргыз жана корей элдеринин каада-салттарынын мисалында толеранттуулукка тарбиялоо боюнча педагогикалык сунуштарын берген, М.Х.Манликова- этнотолеранттуулукка тарбиялоодо этномаданий лексикографиянын педагогикалык негиздерин караса, К.М.Миталипов- элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу маселесине кайрылган жана М.Г.Сидорова гуманитардык адистиктердин студенттеринде кесиптик көп маданияттуулук компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздерин карап чыккан. Аталган багытта атайын изилдөөлөр жүргүзүлүп жатканы менен аны тарбиялоо ишиндеги багыттын бири катары кароо жагы жолго коюлуп кете элек.

Биздин оюбузча билим берүү мекемелеринде окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого (ОТТ) студенттерди даярдоо сөзсүз зарыл. Аны жогорку билим берүү стандартында каралган психологиялык-педагогикалык жана жарандык билим берүүчү дисциплиналары, педагогикалык практика, сабактан тышкаркы тарбиялоо иштери аркылуу жүзөгө ашырууга болот.

Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого болочок мугалимдерди даярдоонун критерийине кирген жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнүн түрдүү деңгээлде өнүккөнүн эске алып, ошондой эле адистиктердин өзгөчөлүгүн, педагогикалык билим берүү мекемелеринде окуу мөөнөтүнүн түрдүүлүгүн эске алып, биз окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого даярдоонун модели вариативдик маселелер практикада, илимий-изилдөө иштеринде, тиешелүү тематикалык тандоо курстарында камтылышы мүмкүндүгүн белгилейбиз. Ошондуктан, ОТТго даярдоонун структурасы ***инварианттык*** жана ***вариативдик*** бөлүктө берилиши мүмкүн.

ОТТго болочок педагогдорду даярдоонун ***инварианттык бөлүгү*** бардык студенттерге милдеттүү болуп эсептелет жана окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо проблемасын окуп үйрөнүүдө жарандык билим берүү жана билим берүү жөнүндөгү мамлекеттик стандарттагы педагогикалык-психологиялык дисциплиналарды өздөштүрүүдө, педагогикалык практика учурунда бир катар милдеттүү тапшырмаларды, илимий - изилдөө иштерин аткарууда, сабактан тышкаркы тарбиялоо иштеринде сөзсүз керек.

***Вариативдик бөлүк,*** студенттердин өзгөчөлүгүнө, керектөөлөрү, кызыкчылыгына, жөндөмүнө, даярдык деңгээлине багытталган жана толеранттуулукка тарбиялоо процессин тандоо курсун окуп үйрөнүүдө, илимий иште өз эрки менен катышууда жана практика учурунда кызыккан студенттердин изилдөө тапшырмаларын аткаруусуна жараша болот.

Белгилей кетүүчү нерсе, даярдоонун вариативдик бөлүгү студент ээ болуп жаткан адистиктин өзгөчөлүгүн чагылдыруусу керек.

Илимдеги педагогикалык ишмердүүлүктүн түрдүү аспекттерине мугалимди даярдоонун моделинин теориялык анализи максатты аныктоо даярдоо процессин моделдөөнүн чечүүчү моменттеринин бири катары эсептөөгө негиз түзөт [3].

Педагогикалык максат катары педагог менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнүн жыйынтыгын түшүнүү кабыл алынган. Ал, педагогдун аң сезиминде жалпы элестөөлөр түрүндө калыптанып, тиешелүүлүгү боюнча тандалат жана педагогикалык процесстин калган компоненттери бири-бирине айкалышат [1].

Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого педагогдорду даярдоонун максатын аныктоо үчүн нормативдик документтерди окуп чыгуу талап кылынды, анткени ал максаттуу көз карашты калыптандырууну жана кесиптик билим берүү мекемелеринде педагогду даярдоонун жалпы мазмунун аныктайт.

Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого болочок педагогдорду даярдоонун максаттарын жана маселелерин тандоодо биз толеранттуулукка тарбиялоонун, процессти уюштуруунун, даярдоонун өзгөчөлүктөрүн эске алдык. Ушуга байланыштуу кесипкөйлүккө даярдоонун максаты билим берүүчү кызматтарды көрсөтүүчү түрдүү буйрутмачылардын жана билим берүүнүн бардык субөекттеринин талабын чагылдыруусу керек. Билим берүү мекемесининде окуй башатаган мезгилден тартып эле калыптана баштаган ОТТну уюштуруу үчүн маанилүү болгон, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн сапаттарын аныктоо үчүн респонденттерди сурамжылоо иштери жүргүзүлгөн. Респонденттердин жоопторун карап чыгып, толеранттуулук сапатын калыптандыруу жана тарбиялоо үчүн маанилүү сапаттарды, билим, көндүм, билгичтиктерди аныктоого мүмкүндүк берди. Алардын ичинен маанилүүлөрүн белгилейбиз:

- жалпы педагогикалык билим, билгичтик, көндүм, сапаттар педагогикалык-

психологиялык дисциплиналарды окуп-үйрөнүү менен калыптандырууга жана өнүктүрүүгө мүмкүн: гуманисттик багытталган, эмпатиялуулук, сабырдуулук, кызматташууга багытталгандык, нравалык сапаттарды калыптандыруу жана тарбиялоо жөнүндө билимдер ж.б.;

- каралып жаткан багыт боюнча атайын иш аракеттерди уюштуруу аркылуу

гана калыптануучу жана өнүгүүчү атайын сапаттар жана билим, билгичтик, көндүмдөр: балдарда толеранттуулукту калыптандыруу жана тарбиялоо механизмдеринин маанисин билүү, бул процессти уюштура билүү жөндөмдүүлүгү, тарбиялануучуларда бул сапаттын өнүгүүсүнө диагностиканы жүргүзө билүүсү ж.б. Берилген бул системаны кеңири кароого токтолобуз.

*1. Студентте окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо процессин эффективдүү уюштуруу үчүн зарыл болгон билимди калыптандыруу.*

Ал билимдерди төмөндөгүдөй бири-бири менен байланышкан топторго бөлдүк:

**1.1.** "Толеранттуулук-коом жана дүйнө маданияты" [аларга толеранттуулуктун социалдык баалуулугу жөнүндөгү билими; маданияттардын көп түрдүүлүгү; элдерди бириктирүүчү жалпы факторлор; ар түрдүү маданияттын өкүлдөрүнүн дүйнө таанымындагы, жүрүм-турумундагы, ой-жүгүртүүсүндөгү өзгөчөлүгү, көп маданияттуу чөйрөдөгү жеке окшоштугу" кирет, (Л.В.Зубарева)- кросс-маданияттуу психология тармагы, этнопсихология, этнопедагогика, этнография, социология, тарых, коом таануу, социалдык психология].

**1.2.** "Толеранттуулук-балдар чөйрөсү жана баланын инсандуулугу" (балдардын жамаатында толеранттуулук жана интолеранттуулуктун пайда болуусу жөнүндө билим, психикалык механизмдер жана калыптандыруунун мыйзам ченемдүүлүгү жөнүндө, толеранттуулукка тарбиялоо жана өнүктүрүү адеп-ахлактык сапат катары, инсандын инструменталдык баалуулугу катары ж.б.,-педагогикалык-психологиялык дисциплиналардын тармагы).

**1.3.** "Толеранттуулук-аны тарбиялоонун методикасы" (толеранттуулукка тарбиялоонун максаты, маселелери, мазмуну, каражаттары, методдору, формасы, технологиясы жөнүндөгү билимдер, толеранттуулукка тарбиялоонун методологиялык негиздери, толеранттуулук педагогикасы тармагындагы программалык жана концептуалдык документтер ж.б.,-педагогикалык-психологиялык дисциплиналар).

**1.4.** "Толеранаттуулук- мугалим жана педагогикалык кесип" (толеранттуулукту педагогикалык маанилүү сапат катары, толеранттуулук педагогикалык чеберчиликтин жана педагогикалык маданияттын компоненти катары, педагогдун инсандык өнүгүүсү үчүн толеранттуулуктун маанилүү экендиги, мугалимдин толеранттуу жана интолеранттуу жүрүм-турумундагы белгилери, көп маданияттуулуктун шартында билим берүү процессинин бардык субъекттери менен мамиле түзө билүү жөндөмдүүлүгү, өзүн толеранттуулукка тарбиялоо жолдору, көп маданияттуу билим берүү мейкиндигинде педагогикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун өзгөчөлүгү ж.б., -педагогикалык-психологиялык дисциплиналар тармагы).

Ошону менен катар көпчүлүк учурда мугалимдер балдарды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоону кантип ишке ашыруу керектигин билишет жана түшүнүшөт, бирок практикада аны уюштурушпайт. Анын себеби биздин оюбузча бул иш аракетти уюштуруу үчүн зарыл болгон бир катар маанилүү көндүм, жөндөмдүүлүктөрдүн, сапаттардын калыптанбагандыгынан болушу мүмкүн.

*2. Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо менен байланышкан көйгөйлөрдү жемиштүү чечүүгө педагогго мүмкүндүк берүүчү көндүмдөрдү калыптандыруу:*

**2.1.** Маданий чөйрөнү таанып билүү, (анын ичинде көп маданияттуу билим берүү чөйрөсүн) өзүн бул чөйрөнүн бир бөлүгү катары, толеранттуулук социалдык жана инсандык баалуулук катары, нравалык сапат катары, толеранттуулукка тарбиялоо тармагындагы тажрыйбасын үйрөнүү жөндөмдүүлүгү.

2.2. Толеранттуулукка тарбиялоонун максатын тышкы шарттарга жараша конкреттүү педагогикалык маселелерге, нравалык өнүгүү деңгээлине жана толеранттуулуктун окуучуда калыптануусуна, мугалимдин жеке педагогдук мүмкүнчүлүктөрүнө жараша трансформациялай билүү жөндөмдүүлүгү.

2.3. Тарбиялоонун ыңгайлуу шарттарын, мазмунун, каражаттарын, усулдарын, ыкмаларын, формаларын, технологиясын тандай билүү жөндөмдүүлүгү.

2.4. Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо процессин гуманисттик билим берүү шартында жана окутуу-тарбиялоо процессинин логикасында уюштуруу жана долбоорлоону билүү жөндөмдүүлүгү.

2.5. Толеранттуулукка окутуу чөйрөсүн түзө билүү жана билим берүү процессинин субөекттери менен толеранттуу өз ара аракеттешүү , башканы баалуулук катары кабыл алуу;

2.6. Каралып жаткан багыт боюнча тарбиялоонун жыйынтыгын түзөтүү жана диагностиканы ишке ашыра билүү жөндөмдүүлүгү.

2.7. Көп маданияттуу билим берүү мейкиндигинде педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашыра билүүсү;

2.8. Толеранттуулукка тарбиялоонун жеке жана автордук системасын долбоорлой билүүсү.

2.9. Толеранттуулук педагогикасы тармагында методологиялык жөндөмдүүлүгү;

3. *педагог тарабынан толеранттуулукка тарбиялоо процессин эффективдүү уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн курамын калыптандыруу.*

3.1.Окуучуларда толеранттуулуктун мазмунун жана ага тарбиялоо процессин эле таанып билбестен, толеранттуу педагогикалык мамиле кылуу жана өз ара аракеттешүүгө, көп маданияттуу билим берүү мейкиндигиндеги өзгөчөлүктөрү, субөекттерин мүнөздөөчү гностикалык жөндөмдүүлүгү.

3.2. Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо маселелеринин келечегин аныктоону өз ичине камтый алган , долбоорлоо жөндөмдүүлүгү.

3.3. Конструктивдүү жөндөмдүүлүктөр, педагогдун өз ишмердүүлүгүн куруу өзгөчөлүгүн чагылдырган жана жалпы тарбиялоонун өзгөчөлүгүн эске алуу менен толеранттуулукка тарбиялоо процессинде окуучулардын ишмердүүлүгү, толеранттуулуктун өнүгүү деңгээли жана толеранттуулук сапатынын болушу.

3.4. Толеранттуулукка тарбиялоонун шарттарынын бири катары педагогдун окуучулар менен толеранттуу мамилесин уюштурууну камсыз кылуучу коммуникативдик жөндөмдүүлүктөр.

3.5. Уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү, окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо процессин жемиштүү уюштурууга мүмкүндүк берүүчү жана педагогдун чөйрөнүн түрдүү өкүлдөрү менен толеранттуу кызматташуусу.

4. *Инсандык сапаттардын системасынын калыптанышы, педагогдун окуучулар менен толеранттуу өз ара аракеттешүүнү түзүүсүнө жана окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоону уюштуруу үчүн зарыл:* гуманисттик багытта өз сөзүнө жана иш аракетине каршы болбогон, өзүн кармай алган корректүү, так, кең пейил, эмпатиялуу, өзүн эмоционалдык башкара алган сапаттар.

Сурамжылоонун жүрүшүндө берилген суроолорго так, кеңири маалымат берген респонденттердин жообуна негизденип, окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого студенттерди даярдоонун максатын аныктоого болот. Натыйжада, окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого студенттерди даярдоонун максатын аныктоодо педагогикалык-психологиялык жалпы түшүнүктөрдө кеңири колдонулуп жүргөн формулировкаларды колдондук. Мындай түшүнүктөр болуп: толеранттуулук тармагындагы компетенттүүлүк, маданияттар аралык педагогикалык компетенттүүлүк, калыптанган түшүнүктөр эсептелет.

Ошого байланыштуу, толеранттуулукка тарбиялоого болочок педагогдорду даярдоонун максатына биз төмөндөгүдөй аныктама бердик: **толеранттуулукка тарбиялоо тармагында компетенттүүлүктү жана маданияттар аралык педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу, окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоодогу калыптанган көз караштардын биримдигине негизделген педагогдун кесиптик жана жеке жашоо чөйрөсүндөгү толеранттуу жүрүм-турумду өнүктүрүү.** Белгилей кетчү

нерсе даярдоонун максаты үч бөлүктүү структурага ээ, анын ар бир компоненти маанилүү жана максатка улам кийинки компонентти камтууга шартталган.

Болочок педагогдун окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоону уюштуруу тармагында болочок педагогдордун компетенттүүлүгүн калыптандыруу төмөндөгү маселелерди чечүүнү талап кылат:

- *Билим берүүнү гумандаштыруу шартында толеранттуулукка тарбиялоонун мааниси*

*жөнүндөгү билимди калыптандыруу, анын өнүгүүсүнүн психологиялык механизмдери, балдар жамаатында толеранттуулук жана интолеранттуулуктун пайда болуусу, толерантту окутуу чөйрөсүн түзүү жолдору жөнүндө;*

- *толерантту окутуу чөйрөсүн түзүү боюнча жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу,*

*максатка ылайык, пландаштырылган, толеранттуулукка тарбиялоону ишке ашыруу жана талдоо;*

- *толеранттулукка тарбиялоонун технологияларына ээ болуу;*
- *окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоону уюштуруунун проблемалары жана кыйынчылыктары менен таанышуу;*
- *эмпатиянын гуманисттик багытта калыптанышы, эмоционалдык өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү [4].*

Толеранттуулукка тарбиялоо процесси мугалимден окутуу мейкиндигинде түрдүү маданияттар менен жагымдуу мамиледе болуу керектигин талап кылаарын белгилейбиз (баланын, мугалимдин маданияты, өспүрүмдүн жеке маданияты, үй-бүлөлүк тарбиялоонун маданияты ж.б.) [4].

Маданияттар аралык педагогикалык компетенттүүлүктү (Л.В.Зубарева, дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жөнүндөгү билимдердин жыйындысын көрсөтүүчү, көп маданияттуу билим берүүдө педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгү, “көп түрдүүлүккө жеке окшоштугу, маданий, этникалык азчылыктарга, толеранттуу мамиле жасоо, окутуу тарбиялоо процессинде ар түрдүү маданияттар менен кездешкен кырдаалда коммуникативдик жана кесиптик-ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгүн эффективдүү ишке ашыруу”) калыптандыруу зарылдыгы мына ушундайча келип чыгат [5].

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү *маселелерди чечүү керек:*

*-жашоодогу көп маданияттуу чөйрө, түрдүү маданияттардын өкүлдөрүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерди жана көз караштарды калыптандыруу;*

*- өзүн социумдун, этностун, маданияттын өкүлү катары элестетүү жана билимди калыптандыруу, өзүн таануу маданятын жана жөндөмдүүлүгүн жүзөгө ашыруу;*

*- толеранттуулук мугалимдин кесиптик маанилүү сапаты экендиги тууралуу билимин калыптандыруу, көп маданияттуу билим берүү шартында толерантту өз ара аракеттешүүнү түзүү жөндөмдүүлүгү жөнүндө, өзүндө толеранттуулукту тарбиялоо жөндөмдүүлүгү, толерантту өз ара аракеттешүүнү уюштуруу; болочок мугалимде толеранттуулукту өнүктүрүү жөнүндө билимдерди калыптандыруу* [5].

Ошону менен бирге, бул ишмердүүлүккө даярдык, анын туруктуу, максаттуу мүнөздө болуусу белгилүү бир калыптанган түшүнүктөрдүн бар экендиги менен түшүндүрүлөөрүн белгилейбиз (Д.Н. Узнадзе, И.С.Кон) жана ошол калыптанган түшүнүктөр келип түшкөн маалыматтын маанилүүлүгүн аныктайт жана кийинки жүрүм-турумду шарттайт. “Калыптанган түшүнүктүн” маанисин аныктоодо биз бул түшүнүктү “белгилүү активдүүлүккө карата даярдык, тигил же бул муктаждыктарды канааттандырууга жөндөмдүү болуу абалы” катары берген окумуштуулардын оюна кошулабыз [6.28-бет]. Натыйжада, балдарда толеранттуулукту тарбиялоонун калыптанган

түшүнүктөрүнүн биримдиги жана болочок мугалимдин толеранттуу жүрүм-туруму, суденттин аң-сезимдүү жана аң сезимсиз психикалык абалын жөнгө салат. Ал толерантуулукка тарбиялоону уюштурууну жана өз ишмердүүлүгүн толеранттуулук принцибине ылайык ишке ашырууда байкалат.

Психологдор тарабынан аныкталган когинитивдик, эмоционалдык-баалоочу, жүрүм-турумдук түзүмдү ичине камтыган калыптанган түшүнүктөрдүн түзүмүн эске алуу менен, биз окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого болочок педагогдордо керектүү түшүнүктөрдүн түзүмүн жана жеке толеранттуу жүрүм-турум компоненттердин биримдиги катары: когинитивдик (толеранттуулук образы жана толеранттуулукка тарбиялоо процесси таанып билүү жана кабыл алуу обөектиси катары), эмоционалдык-баалоочулук (керектүү түшүнүктөрдүн обөектисине карата позитивдүү же негативдүү мамиле), жүрүм-турумду (керектүү түшүнүнктөрдүн обөектисине карата белгилүү иш аракеттерге даяр болуу, эрктик күч аракетти жүзөгө ашырууга даяр болуу)карайбыз.

Андыктан калыптанган түшүнүктүн теоиясына ылайык, даярдоо процессинде, алгачкы таанып биле элек көз караштардын ордуна установка-ынануу (туруктуу, таанылган) келген, ал ишмердүүлүктүн таанымал мотиви болуп саналат[6]. Толеранттуулукка тарбиялоо боюнча билимдин жана билгичтиктердин туруктуу системасын калыптандыруу студентте ишмердүүлүктүн бул түрүнө мотивациянын болушунун негизинде гана мүмкүн. Мындай болбосо, билим жана билгичтиктер студентке керексиз жана таанылбаган формалдуу маалыматтардын жыйындысы болуп калат.

Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого карата установкалардын биримдигин калыптандыруу жана педагогдун толеранттуу жүрүм-туруму төмөнкү маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет:

- толеранттуулуктун баалуулугу, толеранттуулукка тарбиялоонун максаты жана маселелери
жөнүндөгү пикирлерди жана билимдерди калыптандыруу;
- балдарда жана өспүрүмдөрдө толеранттуулукка жана толеранттуулукту тарбиялоого аң сезимдүү мамилени калыптандыруу;
- окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоодо коомдук жана кесиптик мотивдерди калыптандыруу, бул проблеманы изилдөөнү жүргүзүүгө -мотивациялоо жана андан алган билимдерин жана билгичтиктерин турмушта колдонуу;
- курчап турган чөйрөдөгү субъекттер менен толеранттуу өз ара аракеттешүүгө багыттоону калыптандыруу.

Окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого студенттерди даярдоо жаатында окуу процессинин эффективдүүлүгүн камсыздоочу максатка ылайык калыптанган көз караштар жана маселелер мазмун үчүн ориентир болуп калды жана өз кезегинде каражаттарды аныктоонун зарылдыгын шарттады.

**Адабияттар**

1. Педагогическая энциклопедия Т.3, 2 изд., М., 1964-стр 66.
2. Философский словарь.ред.И.Т. Фролова-М.1986.
3. Белкина В.Н. Подготовка студентов к педагогическому регулированию взаимодействия детей раннего возраста со сверстниками. Дисс.д.п.н. Ярославль 2000г.
4. Ханова К.С. Формирование взаимотношений учителя и подростков в современных социокультурных условиях. Автореферат дисс.к.п.н., Волгоград 2002г.

5. Асташова Н.А. Учитель: Проблема выбора и формирование ценностей. М.: Изд-во Московский психолого-педагогичекий института 2000г.
6. Узнадзе Д.Н. Теория установок, М.:Изд-во Московский психолого педагогический институт, 1997г.

УДК: 371.3: 51

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕПТИН ГЕОМЕТРИЯ КУРСУН ОКУТУУДАГЫ МҮЧҮЛҮШТҮКТӨР ЖАНА АЛАРДЫ ЖОЮУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

***Батырова Ы.М.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

**Аннотация**

*Макалада жалпа билим берүүчү орто мектепте геометрияны окутуунун сапатын жогорулатуунун методикалык проблемалары жана аларды чечүүнүн айрым жолдору жөнүндө сөз болот.*

**Annotation**

*The article contains methodical problems of improving the quality of teaching of geometry in secondary school and some solutions*

Өткөн кылымдын 70-80-жылдарынан бери эле жалпы билим берүүчү орто мектептин окуучуларынын билим алууга, таанып билүүгө болгон кызыгуулары солгундап келүүдө. Кийинки коомдук социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр бул процессти ого бетер күчөттү. Учурда билим берүү чөйрөсүндө түзүлүп токтоосуз чечүү зарыл болгон проблемалардын объективдүү себептери төмөнкүлөр:

- коомдо интеллектуалдык баалуулукка болгон көз караштын жана мамиленин өзгөрүшү;
- мугалимдердин коомдо ээлеген ордунун, аброюнун төмөндөшү, аларды мамлекет тарабынан социалдык-экономикалык колдоонун жетишсиздиги; натыйжада орто мектептин мугалимдери пенсия курагына жакындап, ал эми жаш кадрлар мектепке барбай башка кесипти аркалап, мугалимдер айыл жерлеринде гана эмес, шаарларда да жетишпей калышына ж.б. алып келди;
- предметтик окуу программаларынын, окуу китептеринин, мугалимдер үчүн окуу-методикалык колдонмолордун (айрыкча кыргыз тилиндеги) жетишсиздиги;
- жогорку окуу жайларына кабыл алууда орто билим жөнүндөгү аттестаттын, бүтүрүү сынактарынын бааларынын эске алынбай жатышы;
- предмет боюнча олимпиадалардын жыйынтыктарынын күтүлүүчү натыйжадан бир кыйла төмөн болушу;
- ата-энелердин өз балдарынын татыктуу билим алып, тарбияланышына кайдыгер мамилеси.

Окутуу процессинин субьект-обьектилери болушкан мугалим менен окуучунун максаттуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон субъективдүү себептер төмөнкүлөр:

- көпчүлүк мугалимдердин окутуунун инновациялык, интерактивдүү усулдарына жеткиликтүү маани бербей жатышы;
- окуучулардын таанып билүүгө кызыгууларынын төмөндөшү;
- мугалимдерде, окуучуларда патриоттук сезимдин жоголуп баратышы;
- мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуунун үстүндө системалуу иштебей калышы ж.б.

Жогоруда аталган себептерди жоюу боюнчаиш-аракеттер КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан мамлекеттик программада аныкталып, ырааттуу иш жүзүнө ашырылып жатат:

- билим берүүнүн мазмунун реформалоо;
- материалдык техникалык базасын чыңдоо;

- ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү;
- билим берүүнүн инновациялык технологияларын жайылтуу;
- окуучулардын окуу жүгүн кыскартуу;
- мугалимдерди материалдык жана социалдык колдоо, ишине кызыктыруу;
- жаш адистерди мектепке тартуу;
- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу ж.б.

Орто мектепте геометрияны окутуунун абалы, бул предмет боюнча окуучулардын билимдеринин сапаты жалпы эле билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынан болуп калууда. Учурда орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн геометрия боюнча билимдери формалдуу болуп айрыкча мейкиндик элестөө; ийкем ой жүгүртүү; логикалык тыянак чыгаруу; ырастоолорду далилдөө; геометриялык фигураларды сүрөттөө; өз оюн ишенимдүү, таамай, так, кыска айта билүү деңгээлдери бир кыйла төмөн. Жалпы билим берүүчү орто мектепте геометрияны окутуунун сапатын жогорулатуунун методикалык проблемалары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Жалпы билим берүүчү орто мектептин математика курсунун программасында геометрия боюнча окуу материалдарынын мазмунун жана көлөмүн тактоо;

Геометрия предметине ажыратылган сааттарда окуу материалын таанышуу иретинде гана баяндап берүүгө, айрым көнүгүүлөрдү гана иштөөгө мүмкүн болуп, ал эми теоремаларды, натыйжаларды далилдөөгө, окуу материалын негиздеп окуп үйрөнүүгө убакыт жетпей жаткандыгы орто мектептин математика мугалимдери менен болгон пикир алышууларда айкындалды. Окутууда ой жүгүртүүнү өстүрүү маселеси математикалык ырастоолорду далилдөө, маселелерди чыгаруу ж.б. проблемалуу жагдайларды түзүп аны чечүү процессинде гана ишке ашат. Ошондуктан программа боюнча окуп үйрөнүүгө тийиш болгон геометриялык материалдарды негизги жана кошумча материалдарга ажыратуу же окутууга бөлүнгөн сааттарды көбөйтүү аркылуу окуу процессинин сапатын бир кыйла жогорулатууга болор эле.

2. Жалпы билим берүүчү орто мектептин геометрия боюнча окуу китептериндеги теориялык материалдарды окуучуларды кызыктыруучу элементтер менен толуктоо;

Окуу китептерин жазуу боюнча конкурстар жарыяланып, алардын жыйынтыгында окуучулардын бүгүнкү керектөөсүнө жана кызыкчылыктарына ылайык келгендерин обьективдүү тандап алуу башкы мааниге ээ.

3. Окуу китептериндеги геометриялык негизги түшүнүктөрдү жана идеяларды кеңейтүү үчүн окуу китебине кошумча окуу-методикалык колдонмолорду, дидактикалык материалдардын сериясын, окуучулар үчүн жумушчу дептерлерди иштеп чыгуу;

4. Геометрияны окутуунун традициялуу эмес формаларын дидактикалык жактан иштеп чыгуу жана аларды жайылтуу, предмет боюнча лабораториялык жана практикалык иштердин иштелмелерин түзүү;

5. Окуучулардын геометрия боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруу; Азыркы билим берүүдөгү негизги тенденция - тигил же бул предмет боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөр системасын калыптоо гана эмес, аларды өзүнүн кесиптик, практикалык ишмердигинде, күндөлүк жашоосунда ж.б. чыгармачылык менен пайдалануу менен өзүнүн бүткүл иш-аракетинде өрчүтүп барышы, эң башкысы окуучулардын ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүдө турат.

6. Геометрия сабактарында окутуунун инновациялык, интерактивдүү ыкмаларын пайдалануу;

Төмөнкү таблица таанып билүү областында билим берүүчүлүк максаттарынын категорияларын (Б. Блумдун таксономиясы боюнча) чагылтып окутуунун инновациялык, активдүү, интерактивдүү усулдарында окуу материалынын маңызына жетүү бир кыйла жогорку деңгээлде ишке аша тургандыгын айнинелейт [1]:

| Билим берүү максаттарынын категориялары | Мугалимдин талабы | Окуучунун жообу |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| **1. Билим алуу**<br>Бул категория окуп үйрөнүлгөн материалды (фактылар, түшүнүктөр, эрежелер) эске тутуп, кайталап айтып берүүдө турат. Анын жалпы белгиси тиешелүү маалыматтарды эске түшүрүү менен мүнөздөлөт. | • атагыла;<br>• санагыла,<br>• эске түшүргүлө. | • конкреттүү фактыларды билет;<br>• негизги түшүнүктөрдү билет;<br>• эрежелерди жана принциптерди билет;<br>• терминдерди кайталап айта алат. |
| **2. Түшүнүү**<br>Өздөштүрүлгөн окуу материалынын маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгүнүн көрсөткүчү болуп аны бир формадан экинчи формада туюнта билиши, бир «тилден» экинчи тилге которушу (мисалы, сөз айкашын математикалык тилге), окуу материалын интерпретациялоо (түшүндүрүү, кыскача айтып берүү) же окуянын андан аркы жүрүшүн божомолдоо (жыйынтыктарын, натыйжа ларын көрө билүү) эсептелет. Окутуунун мындай жыйынтыктары окуу материалын тек гана эстеп калуудан жогору турат. | • түшүндүргүлө;<br>• өз сөзүңөр менен айтып бергиле;<br>• кыскача баяндагыла;<br>• салыштыргыла | • фактыларды, эрежелерди, принциптерди түшүнөт;<br>• тексттик материалды интерпретациялайт;<br>• схемаларды, графиктерди, диаграммаларды интерпретациялайт;<br>• тексттик материалды математикалык тилге которо билет. |
| **3. Колдонуу**<br>Бул категория өздөштүрүлгөн материалды конкреттүү шарттарда жана жаңы жагдайларда колдоно билүүнү туюнтат. Буга эрежелерди, усулдарды, түшүнүктөрдү, закондорду, принциптерди, теорияларды колдонуу да кирет. Мындай окутуунун жыйынтыгы окуу материалын түшүнүүгө караганда жогорку деңгээлде ээ болууну талап кылат. | • колдонгула;<br>• пайдалангыла;<br>• текшергиле;<br>• байланыштыргыла | • түшүнүктөрдү, принциптерди жаңы жагдайларда колдонот;<br>• закондорду жана теорияларды конкреттүү практикалык жагдайларда колдонот;<br>• усулдун туура колдонулушун демонстрациялай алат. |

| | | |
|---|---|---|
| **4. Анализ**<br>Бул категория окуу материалын курама бөлүктөргө бөлө билүүнү туюнтат. Буга бүтүн нерсени бөлүктөргө бөлүү, алардын арасындагы өз ара байланыштарды аныктоо, бүтүн нерсенин жаралуу принциптерин түшүнүү да кирет. Окутуунун жыйынтыктары түшүнүү жана колдонууга караганда жогорку интеллектуалдык деңгээли менен мүнөздөлөт, анткени окуу материалынын мазмунун гана эмес анын ички түзүлүшүн да түшүнүүнү талап кылат. | • классификацияла-гыла;<br>• анализдегиле;<br>• курама бөлүктөргө ажыраткыла;<br>• айырмалагыла;<br>• ордуна койгула. | • айкын эмес божомолдорду аныктайт;<br>• ойлоо логикасындагы каталарды, байкабастыктарды көрө билет;<br>• фактылар менен натыйжалардын ортосундагы айырмачылыктарды аныктайт;<br>• берилгендердин маанисин баалайт. |
| **5. Синтез**<br>Бул категория жаңы бүтүн нерсени алуу үчүн элементтерди комбинациялоо билгичтигин туюнтат. Мындай жаңы нерсе болуп маалымат берүү (доклад, чыгып сүйлөө), иш-аракеттердин планы же жалпыланган байланыштардын биримдиги (маалыматтарды иштөө үчүн схемалар) болушу мүмкүн. Мындай окутуунун жыйынтыгы жаңы схемаларды жана структураларды түзүүгө басым жасалган чыгармачыл мүнөздөгү ишмердүүлүктү шарттайт. | • корутундулагыла;<br>• системалаштыргыла;<br>• ойлоп тапкыла;<br>• комбинациялагыла<br>• бөлүктөрдөн түзгүлө. | • чыгармачыл сочинение жазат;<br>• экспериментти жүргүзүүнүн планын сунуш кылат;<br>• тигил же бул проблеманы чечүүнүн планын түзүү үчүн түрдүү областтардагы билимдерин пайдаланат; |

| | | |
|---|---|---|
| **6. Баалоо**<br>Бул категория тигил же бул окуу материалынын (ырастоолордун, адабий чыгарманын, изилденүүчүлөрдүн) маанисин конкреттүү максатта баалай билүүсүн туюнтат. Пикир жүргүзүү даана критерийлерге негизделиши зарыл. Мында критерийлер ички (структуралык, логикалык) жана сырткы (коюлган максатка жараша) болушу мүмкүн. Критерийлерди окуучулар өздөрү аныктап же сырттан (мисалы, мугалим тарабынан) берилиши мүмкүн. Бул категория жогоруда аталган бардык категориялар боюнча окуу жыйынтыктарына жетишүүнү жана айкын критерийлер боюнча баалоочу пикирлерди жаратууну шарттайт. | • баалагыла;<br>• аргументтештиргиле;<br>• башка көз караштарды байкагыла;<br>• ролун ачкыла;<br>• маанисин аныктагыла. | • окуу материалынын логикалык түзүлүшүн жазуу жүзүндө баалайт;<br>• берилгендерге карата жыйынтыктардын ылайыктуулугун баалайт;<br>• сырткы критерийлерге таянып ишмердүүлүктүн натыйжасын баалайт. |

1. Геометрия сабактарынын тарбиялык маанисин өнүктүрүү;

Учурда билим берүү системасынын негизги функциясы жаш муундарды ар тараптан өстүрүү, эң бийик адамдык сапаттарды, активдүү турмуштук көз караштарды калыптоо болуп саналат.

2. Мугалимдин маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окутуу процессинде пайдалана билиши;

Информациялык кылымдагы мугалим окуучулардын суроо-талабына жооп бериши үчүн улам жаңы маалыматка ээ болушу зарыл. Окутуудагы көрсөтмөлүүлүктү маалыматтык-коммуникациялык технологиялар аркылуу ишке ашыруу бүгүнкү күндөгү актуалдуу тенденция.

3. Физика-математикалык билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун сапатын жогорулатуу, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруу;

Мугалимдин өз предмети боюнча терең билимге ээ болушу ага коюлган башкы талап болот. Ага кошумча педагогикалык-психологиялык, методикалык билимдерге жана мугалимге мүнөздүү болгон инсандык сапаттарга ээ болушу керек.

4. Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу. Бүгүнкү күндө окутуунун инновациялык технологиялары,окутууга компетенттүү мамиле, окутуунун натыйжалары, кредиттик технология ж.б. боюнча окутуучулардын квалифкацияларын жогорулатуу маселеси чечилиши керек.

Жыйынтыктап айтканда азыркы доордо орто мектепте геометрияны окутууга карата анын максаттарын, мазмунун жана көлөмүн, окутуунун формаларын, методдорун жана каражаттарын, окуучулардын билимдерин баалоо ыкмаларын тандоого жаңыча, заманбап көз карашта мамиле жасоого тийишпиз.

**Адабияттар**

1. Аттокурова А.Дж., Барышникова Т.Л., Мамаюсупов М.Ш.Математиканы интерактивдүү ыкма менен окутуу маселелери. -Ош – 2008. -114 б

УДК 37.091.33

# ФОРМИРОВАНИЕ КОММУНИКАТИВНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ У СТУДЕНТОВ ФИЗКУЛЬТУРНЫХ ВУЗОВ

***Бегматова Ш.Ш. Исмаилова А.А.***
***г. Жалал-Абад, ЖАГУ***
***ismailova1988@list.ru***

***Аннотация***

*В настоящее время уделяется большое внимание профессиональной подготовке специалиста. В этой связи актуализируются проблемы методов обучения, умением свободно ориентироваться и действовать в сложной обстановке педагогического процесса.*

***Annotation***

*In present give great attention for the preparation professional experts. That's why staticizeren method problems of teaching, with free focuses and enlarge them in difficult situation in pedagogical process.*

Современные условия развития системы высшего профессионального образования Кыргызской Республики уже сейчас требует подготовки высококлассных специалистов в области физической культуры и спорта, которые будут способны дать новый толчок в развитии данной отрасли на ближайшие годы. В «Концепции развития образования КР до 2015 году» поставлена задача создания условий получения профессиональных навыков для обеспечения конкурентоспособности, обучающихся на рынке труда и поиска новых резервов повышении качества и эффективности подготовки будущих педагогов. В настоящее время уделяется большое внимание профессиональной подготовке специалиста. В этой связи актуализируются проблемы активных методов обучения, умением свободно ориентироваться и действовать в сложной обстановке педагогического процесса.Общепрофессиональной подготовке физкультурных кадров посвящены фундаментальные исследования многих авторов. В работах этих авторов профессиональная подготовка преподавательских и тренерских кадров рассматривается в виде совершенствования конструктивной, дидактической, управленческой коммуникативной и других сторон профессионально-педагогической деятельности преподавателя-тренера по виду спорта. Однако нет сомнений в необходимости дальнейшего развития педагогического мастерства преподавателя-тренера в указанных отношениях. Так все еще остается недостаточно исследованной такая важная педагогическая проблема как коммуникативная деятельность преподавателя-тренера и подготовка к ней будущих специалистов. Одним из путей овладения основами педагогического мастерства следует считать формирование у студентов физкультурных специальностей коммуникативной компетентности. Практика выявила, что студенты физкультурных специальностей испытывают значительные трудности, как в межличностном отношении, так и во время общения с учащимися и со спортсменами в период педагогической тренерской практики. Об этом свидетельствуют, в частности, данные анализа документации педагогической и тренерской практики и специальный опрос (беседы, интервьюирование, тестирование). Около 85% студентов отмечали трудность управления деятельностью обучающихся и спортсменов. Особо подчеркивалось студентами их собственная речевая подготовленность, препятствующая

четкому объяснению целей и задач, конкретных учебно-тренировочных занятий, предъявлению педагогических требований и доведения их до завершения.

Низкая самооценка коммуникативной деятельности будущих педагогов иногда порождает у них неуверенность в правильности выбора профессии. Однако, указанные трудности будущих преподавателей-тренеров можно устранить в процессе профессиональной подготовки.В работах многих авторов профессиональная подготовка преподавателя, учителя физической культуры рассматривается в различных аспектах: реформирование организационно-управленческой, дидактической, конструктивной и других сторон профессионально-педагогической деятельности специалистов по физической культуре и спорту.При этом почти не рассматриваются дин из главных факторов, являющей основой педагогического мастерства учителя-тренера – формирование у студентов физкультурных специальностей коммуникативной компетентности. Об этом могут свидетельствовать неумение общаться, особенно среди студентов 1-2 курсов, выражается в неумении общаться с тренирующимися на педагогической практике и занимающимися в ДЮСШ на тренерской практике, в основном в своих отчетах руководители практики и сами студенты отмечают возникающие трудности.

Основными причинами создавшегося положения являются:

- несовершенство стандартов и типовых учебных планов, определяющих содержание профессиональной подготовки будущего педагога, соответствия его современным требованиям;

- наличие требований между реальным содержанием современного педагогического образования и требованиями, предъявляемыми в настоящее время школой, обществом, государством к личности и уровню профессиональной компетентности современного педагога.

В современной школе работа по физической культуре за последние годы направлена, в основном, на решение общеобразовательных и оздоровительных задач урока, стремление обеспечить выполнение стандартных нормативов по физическому воспитанию и физической подготовленности занимающихся и при этом зачастую остается без внимания проблема решения вопросов нравственного, эстетического воспитания школьников путем использования средств физической культуры и спорта. Совершенствование системы школьного образования в нашей республике – это одна из ключевых проблем на сегодняшний день. Требуется реформирование не только структуры, но и обновления содержания образования, гуманизация всей системы образования. Современная физическая культура, которая должна быть одним из основных элементов общественного воспитания, на сегодняшний день обеспечивает выполнение лишь части этой программы, обращая внимание в основном на формирование двигательный умений и навыков, развитие физических качеств.

Ориентация педагогической деятельности специалистов по физической культуре и спорту на формирование личности обучающегося потребует от преподавателей высокого уровня развития рефлексивных процессов.

Специалист по физической культуре и спорту должен не просто руководить, управлять деятельностью обучающихся:

- во-первых, он должен организовать процесс самоуправления обучающегося его собственной деятельностью;

- во-вторых, не просто передавать информацию, а стимулировать к ее углублению и поиску;

- в-третьих, не просто контролировать деятельность учащихся, а развивать у него способности к самоконтролю.

В настоящее время во многих современных образовательных системах общепринятыми являются следующие ключевые компетенции, обеспечивающие качество подготовки специалистов:

- праксеологическая компетентность, обеспечивающая эффективность в планировании и организации учебного процесса, проведении контроля и оценки образовательных процессов;
- коммуникативная компетентность направлена на овладения навыками общения и языковой грамотности;
- креативная и инновационная компетентности, побуждающие к нестандартному мышлению;
- информативные компетенции - формирующие умения искать, обрабатывать и передавать информацию обучающимся;
- моральная компетентность и способность к глубокой рефлексии при оценке этических поступков.

С учетом вышеизложенного, в качестве исходного положения была выдвинута идея реструктуризации профессиональной подготовки, предполагающая в ходе создания нового поколения учебных планов, программ дисциплин для студентов, гуманизацию образования, призванной обеспечить реализацию права выбора личностью образовательно-профессиональных программ.

Любая образовательная система, любое высшее профессиональное образование в большей или меньшей степени направлено на обеспечение общей и специальной профессиональной подготовленности.

Коммуникативная компетентность направлена на овладения навыками общения и языковой грамотности, что очень важно для специалиста по физической культуре и спорту. Значимость содержания и качества преподавания фундаментально-гуманитарных дисциплин – русского языка и педагогики определяется, прежде всего, объективной потребностью освоения общечеловеческих ценностей современной физической культуры и спорта обучающимися любой образовательной системы и любого высшего профессионального образования.

Определение основ формирования интеллектуального компонента физической культуры обучающегося и разработка педагогических условий формирования коммуникативных навыков специалиста по физической культуре и спорту составляет основу цели исследования.

**Литература**


1. Вучева В.И. Основы формирования гуманистически ориентированной ФК будущих педагогов. // Человек в мире спорта: новые идеи, технологии, перспективы: Тез. Международного конгресса «Физическая культура, образование и наука». М., 1998. Т. 2.- С.218.
2. Кобер И.Х. Методы активного обучения в профессиональной подготовке преподавателя-тренера. Материалы международной научно-практической конференции «Физическая культура и конкурентоспособность страны». Алматы, 2010.
3. Кобер И.Х. Основы педагогического мастерства учителя физической культуры и спорта. Учебное пособие. А-Ата; Рауан,1990.
4. Ляк В.И. Ориентиры перестройки физического воспитания в общеобразовательной школе./ Теория и практика физической культуры, 1990, №9. С.10-14.
5. Матвеев А.П. Физическая культура личности как проблема педагогики.// ФК: воспитание, образование, тренировка.- 1998.-№ 1-2. С.2-11.

6. Мамытов А.М. Структура и содержание высшего физкультурного образования в Кыргызской Республике.// Материалы международной конференции, посвященной 100-летию Олимпийских игр. Краснодар,1996.

УДК-81.Англ 34.0913

# ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ТАБИГЫЙ БАГЫТТАГЫ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН ЛИНГВОДИДАКТИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

***Жолдошбаева Ы.К.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
***Ykybal@mail.ru***

**_Аннотация_**

*Бул макала окуучулардын сүйлөө, жазуу, айтуу стилдерин өнүктүрөт. Жаңы ыкмаларды колдонуп англис тилин үйрөтүү болуп саналат. Тилди өздөштүрүүгө өбөлгө түзүп, окшоштук жана айырмачылыктарын белгилейт.*

**_Annotation_**

*This article is about how developing reading, writing and speaking skills. Using the new methods of teaching the students can how to use some words the difference between of words and word combinations.*

Өлкөбүздүн турмушундагы болгон эбегейсиз коомдук-социалдык өзгөөрүлөр окутуудагы жаңылануну талап кылды. Кээ бир предметтерди түп-тамырынан бери өзгөртүп окутууларга алып келди.

Мына ошондой предметтердин бири болуп англис тили эсептелет. Себеби, башка предметтер сыяктуу англис тили жогорку окуу жайларда окутууда көптөгөн эмгектерди, салыштырып үйрөтүүлөрдү талап кылат. Үйрөтүлүп жаткан тил жашоо турмуш менен байланышта болушу, студенттин ал билимдерди өз турмушунда пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли жогору болушу чечүүчү мааниге ээ. Ошондуктан англис тилин өзүн окутууну максат кылбастан, анын колдонулушун, кеп ишмердүүлүгүн, социалдык турмуштук негизги курал катары үйрөтүүнү негизги орунга коюп жатат. Англис тилин үйрөнүүдө төмөндөгүдөй кыргыз тили менен болгон ажырагыс биримдикти өз ичине камтыйт.

а) Турмуш тирикчиликте колдоно алуусу.(өзү жөнүндө кыска маалымат).

My name is Adil. I am seven years old. I am a pupil. I have a large family. I live in Biskek. I am from Kirghizstan. I love my family.

б) Сөз маанилерин туура аныктап сүйлөй алуусу. (кыска сүйлөм же сөз жазуу).

a, school - мектеп, a, schoolboy – мектеп окуучусу (бала), a schoolgirl - мектеп окуучусу (кыз), parents - ата-эне

в) Уга билүүсү контексттик мааниде. (Ангемече)

London is a capital of England. Englishman lives in England Bishkek is a capital of Kirghizia. Kirghiz lives in Kirghizstan. Moscow is a capital of Russia. Russian lives in Russia.

г) Жаза билүүсү пунктуациялык, стилистикалык.(Жашаган жери жөнүндө)

Jalalabat is my native town. It is a town of youth and students. My town rich of: oil, gas, health resort…

д) Окуп түшүнө алуусу (талдай алуусу).

Alai is beautiful valley. Because I was born in Alai. It is cold in winter, warm in summer. There are many jailooz in Alai. There lived Kurmanjan datka. She loves Alai very much as I. I am proud of my peaceful and freedom valley Alai.

Окутуунун стандарты студенттин кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү менен бирге студентти интелектуалдык, чыгармачыл, активдүү атуул катары тарбиялоо милдетин коет. Бирок биз

ушуну менен бирге эле студентти көп маданияттуулука да тарбиялап үйрөтүшүбүз зарыл. Бул милдеттерди турмушка ашырууда студенттин англис тили боюнча алган билимдерини керектүүлүгүн толук талдап билүүсүнө байланыштуу чечилет.

Англис тили сабагы белгиленген максаттардын өтөсүнө чыгуу үчүн аталган предметтин мазмунун коммуникативдик, лингивистикалык, тилдик, маданият-таануучулук жана башка компоненттеринин интеграцияланган биримдигин түзүүсү талап кылынат.

«Тилди окутуунун негизги грамматика түзөт» деген жобо менен бирге эле англис тилин уйрөтүп окутууга фонетика да түзөрүн эстеп чыгарбашыбыз абзел. Студентти көп маданияттуулукка үйрөтүүдө тилдин окшоштук ачылыштарга ээ болот. Ал эми англис тилин окутуп үйрөөтүдө студенттин эки тилде салыштырып үйрөөнүүсү аркылуу окуучуну көп маданияттуулукка үйрөтүүнүн педагогикалык шарттарына көп көнүл бурулбай келе жатат. Жогорудагы аталган проблеманын үстүнөн иштөөдө бизден эмнелер талап кылынат:

I. Жогорку окуу жайларында англис тилин окутуунун жазма, лингвистикалык, дидактикалык негиздерин кыргыз тили менен салыштырып аныктоо аркылуу студенттерди көп маданияттуулукка үйрөнүү, ошондой эле кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

II. Англис тилин салыштырып окутууда билим берүүнүн азыркы талаптарына шайкештигин аныктоо аны практикада колдонуу жолдорун иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү.

III. Англис тилин бала бакчалардан баштап окутуу. Себеби, бала бакчалардан мектепке даярдоо группасынан баштап үйрөтүлсө анан тилди үйрөнүүдө өз жемишин бере алат. Тилди үйрөнүүдө алгачкы кадам болгон ариптерди үйрөөнүдөн башталса. Ар бир арипке тыбыштык мүнөздөмөнү талдап үйрөтүү, мисал келтирүү, заманбап түрдүү талапка жооп берген мисалдардан пайдалануу.

Англис тили ааламдашып калган тилдердин бири. Бирок ушул ааламдашып калган тилди үйрөтүүдө ар бир нерсесин кылдат карап чыгуу азыркы мезгилдин талабы. Ушул талаптарды өз кесибин, сабагын эң мыкты билген адис мугалим ишке ашырат. Тагыраак айтканда кыргыз, англис тилдерин интеграциялап окутууда жана ошонун негизинде көп маданияттуулука үйрөтүүдө педагогикалык шарттар керек. Ал шарттардын эң негизгиси болуп мугалимдин билиминин терендиги, өз кесибин сүйө билүүсү, усулдук чеберчилиги өтө жогору болуусу мезгилдин талаптарынын бири.

Тыбыштарды окуп үйрөнүүдө кыргыз тили менен салыштырып үйрөнүү өз жемишин берет. Мисалы, эмгекте көрсөтүлгөндөй Ar (ei) Ал эми кыргыз тилиндеги Аа (а) тамгасы да үндүү тыбыш болуп эсептелет. Студенттерге өз алдынча кыргыз тилинде мисал келтирип, аны англис тили менен салыштырып үйрөтсө ашыктык кылбайт. Мисалы, аары, араа, англис тилде a car, dark жогорудагы салыштырып аталган мисалдарды англис жана кыргыз тилдеридеги Ar (ei) Аа тамгаларынын созулма (аа) болуп айтылышы. Ошондой эле үнсүз тыбыттардын да окшоштук жактарына мисал келтирсек: алма, алча, бака. an aplle, a cherry, a frog, тыбыштүык өзгөчөлүктөрү салыштыруу аркылуу көптөгөн мисалдарда келтирип гана жон болбостон, башталгыч класстарда түрдүү оюндарды колдонуу менен да түшүндүрсө жеткиликтүү болот. Окутуунун түрдүү ыкмаларын колдонуу менен башталгыч класстарда англис тили сабагын өтө кызыктуу кылып өтүүгө көптөгөн оболголор азыркы шарттарда бар. Мына ушундай ыкмалардын бири кабарлашып окутүү ыкмасы. Бул ыкманы колдонууда мугалимдин ролу маанилүү жана жоопкерчиликтүү. Ал эми башталгыч класстарда эки эсе жоопкерчиликти талап кылат.

Мугалим өзүнүн функциясын сабак учурунда класстын башаламан болуп кетпес үчүн так билиш керек. Кабарлашып окутууда мугалимдин функциясы төмөнкүчө:

1.Багыт берүү

2.Байкоочу

3.Жардам берүүчү – суроо аркылуу түрткү берген.

Жогорудагы ыкмаларды бирден чечмелесек:

1.Багыт берүүчү катары: Мугалимдин так жана кыска нускама берүүсү. Студенттер аткара турган ролун, функциясын түшүнүп сезе башташ керек.

2.Байкоочу катары: Ар бир топтун кыймыл аракети мугалимдин байкоосунда болуш керек.

3. Жардам берүү функциясы: Мугалим студенттерге суроо берүү аркылуу проблеманы чечүүгө түртүү берет. Мугалимдин суроосу аркылуу студенттердин тура жоопторду табуусу. Ушундай функцияларды, ролду аткарган мугалим кабарлашып окутуу чөйрөсүн түзө алат.

Кабарлашып окутуунун окуу чөйрөсү белгилүү бир жалпы мүнөзгө ээ деп эсептелет.

Алар: а – бири –бирине жагымдуу көз карашы.

б – билдар жана кыздар бир топту түзүшү

в – мугалимдин басмырлообосу.

г – түздөн-түз социалдык ыктарга үйрөтүшү.

д – мугалимдин байкоосу, керек учурда жардамдашуусу.

е – топтун ишинин натыйжалуулугу.

Негизги сөз башталгыч курстун студенттерине англис тилин өздөштүрүп окуу аркылуу студенттин калыптануусу жөнүндө болуп жаткандыгына байланыштуу жогорудагы кабарлашып окутуу ыкмасына мисал келтирсек: Кабарлашып окутуунун негизги элементтеринин бири болгон инсандар ортосундагы сүйлөшкөнгө үйрөтүү.

1 – What is your name ?
2 – My name is Adil
1 – What is your sername?
2 – My sername is Samatov.
1 – And what is name?
2 – My name is Temurlan.
1 – Want is your sername?
2 – My sername is Zholdoshbaev.

Студенттер арасында мамиле түзүлөт. Алгач кыска, жөнөкөй сүйлөмдөрдү тандап алыш зарыл. Буга сүйлөшүүнүн чоң таасири бар, кандайдыр бир маалыматты сөз менен жеткирүүдө биз аны кыймыл аракеттер менен коштойбуз.

Бала → бала → кыз → кыз → бала → кыз

схемасы аркылуу бардык тайпа катыша алат. Аудитория активдүү болуп сабактын да кызыктуу болушун камсыз кылат. Советтик мезгилдерде мугалимдер жалаң гана активдүү студенттер менен сабак башталып, жана ошондой эле жыйынтыкталса, азыркы мезгилде жогорудагы ыкмаларды колдоонуу аркылуу студенттердин бардыгын катыштырып, активдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүнчүлүктөр көп экендиги байкалат.

Жогорудагы колдонулган ыкманы образдуу элестеп кетсек аарынын ызылдаганыдай үндөр чыгышы керек. Мындан мугалим коркпош керек, себеби кабарлашып чогуу ой бөлүшкөндө ой бөлүшүп баарлашуу башталат. Сабактын акырына чейин улантылып, тажрыйбага айланат, ойлонуу жөндөмдүүлүгү да артат. Студенттин сабака келбей коюу процесси азыркы күндө абдан актуалдуу. Ошонун бирден бир себеби болуп бири-бирине коендой окшош сабактардын өтүлүп жатышы. Мугалимдин оюу басымдуу, активдүү, ал эми балдарда эч кандай демилге жок. Кабарлашып окутуу жөнүндө жазган окумуштуулардын оюна кайрылсак: анда Гарибальди, Астин, Трайзман, Кулик. Кулик төмөндөгүлөрдү жазышат «...окуу процессинде активдүү катышкан студенттер билим алууга көбүрөөк кызыкып, сабакты калтырбай калат». Астин (1977) «окуучулар чогуу, кабарлашып иштешкен чөйрөдө окуучулардын мотивациясы көтөрүлүп,

алар окуу процессинде активдүү катышып, сабакты калтырбай келет» (Гарибальди, 1976 ж. Трайзман, 1985 ж.) «окуучулар сабакта жакшы ийгиликтерге жетишсе, алардын сабака болгон кызыгуусу күчөп, өзүн сыйлоо пайда болот. Кээ бир кабарлашып окутууда мындай эффект колдонулат. Студенттерге ардак грамота тапшырылып же мугалимдер топтун ийгиликтүү иштегендиги үчүн ар бир катышуучунун салымын белгилеп кетишет».

Окутуучу алган билимин студентке жетиштүү үйрөтө да алыш керек. Түрдүү дидактикалык материалдарды колдонуу менен бирге ар бир сабак кызыктуу өткөрүүлүш керек. Түзүлгөн план, күнүмдүк план менен бекемдешин да зарыл. Ар бир студенттин жөндөмдүүлүгү да эске алыныш керек. Күчтүү тайпа, мугалимдин көп изденип иштөөсүн талап кылат. Эки тилде салыштырып үйрөтүүдө күнүмдүк тирикчилике керектелүүчү сөздөрдү көп колдонуусу да өз натыйжасын берет деген ойдобуз. Себеби студент кызыгып тигил же бул аталыштарды салыштырып жаттоону, үйрөнүүнү эп көрөт. Мына ушундай учурда мугалимдердин ишмердүүлүгү, ойлоп тапкычтыгы окуучуга терең билим алуусуна өбөлгө түзөт. Окутуп, тилди үйрөтүүдө тилдин этика, салт-санаа, үрп-адат жөнүндө да бирден-экиден сөздөрдү салыштырып уйрөтүү эң зарыл нерсе болуп эсептелет. Англис тилин кыргыз тили менен салыштырып үйрөтүүдө окутуунун активдүү формаларын методдорун пайдаланып окутуу азыркынын талабы. Ар тараптан өнүккөн студентти тарбиялап чыгаруу, жеке эле мугалимдин иши эмес, ал биринчи кезекте ата-эненин, коомдун, милдеттери да болуп саналат.

**Адабияттар**

1. Бекбоев И.Б. «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери» - Бишкек – 2004 ж. 293-294 беттер 44-45 беттер.
2. Стилж. Мередис.К. Темпил. «Сабакты пландаштыруу жана жетиштүү баалоо». Бинкс-фонд «Сорос - Кыргызстан». 1999 ж. 15 бет.
3. Заир-Бек.С. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын христоматиясына». Бишкек – 2004 ж. 26 бет.

УДК: 51-8

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН ПАЙДАЛАНУУ.

***Исакова Э.Б.***
***Кочкор Ата колледжи***
***isakova1802@bk.ru***

***Аннотация.***

*Башталгыч класстарда математиканы окутууда элдик оозеки чыгармаларда кездешкен математикалык жактан баланын ойлоосун, эске сактоосун калыптандарган макал-лакаптар, табышмактар жана "Манас" эпосундагы математикалык түшүнүктөрдү камтыган мисалдар келтирилди.*

***Annotation***

*It has been shown that it the teaching for mathematics thinking and developing mind of pupil proverbs, tang twisters and in epos manas mathematics to teaching and also forexamples*

Кыргыз элинде жаш муундарга тарбия берүү тажрыйбасынын тамыры тереңде жатат. Элдик педагогика илимдин тармагы катары өз алдынча өнүктүрүлбөгөнү менен улам кийинки урпактарды тарбиялоо, калктын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү болгон. Элдин бул багыттагы көз-караш, идеялары оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүндө жогорку көркөмдүктө чагылдырылган. Кыргыз элиндеги оозеки чыгармалардын, башкача айтканда "кыргыз турмушунун энциклопедиясы болгон "Манас" эпосу " оозеки чыгармачылыкты көркөм чагылдыруудагы мыкты үлгү, мазмуну жагынан терең, кыргыз калкынын педагогикасындагы өзүн-өзү аңдап билүү каражаты катары, кыргыз элинин кылымдар бою өнүгүшүн кенен чагылдырган, таалим –тарбия берүү процессинде турмуштук тажрыйбасы жогору элдик оозеки чыгарма катары үлгү болуп келет.

Мына ушундай элдик оозеки чыгармаларды математика илиминен да көрүүгө болот. Элдик оозеки чыгармалар- ата-бабаларыбыздан бери сакталып келе жаткан баалуу мурастардан болуп эсептелинет. Мына ушул мурастарды тарбия жаатында алып карасак: адам бул дүйнөгө жакшы же жаман болуп жаралбайт, ал сырткы чөйрөнүн, таалим тарбиянын, алган билиминин таасири астында гана дүйнө таанымы калыптанаары бышык.

Башталгыч класстардагы каралуучу математиканын баштапкы курсу жалпы эле математика илиминин негизин түзөт. Адамзаттын күндөлүк турмушундагы эң зарыл болгон, терс эмес бүтүн сандар жана алар менен болгон арифметикалык амалдар, алгебралык, геометриялык материалдар жана негизги чоңдуктар, ошондой эле түрдүү мазмундагы текстүү маселелер каралат. Ошол каралуучу ар бир материалдарга элдик оозеки чыгармаларды камтып кетүү жакшы натыйжасын берет. Мына ушул материалдарды элдик оозеки чыгармалар менен байланышын аз санда берүү жана такыр эле каралбай калган учурлары кийинки кездерде көп байкалууда. Тескерисинче аларды колдонуу менен кийинки муундун келечегине салым кошо алабыз. Мисалы элдик оозеки чыгармаларда да айтылып кеткен улуттук оюндар. Алар "ордо" жана "тогуз коргоол". Бул оюндар турмуштун коп жактарын өз ичине камтыган, ошону менен катар ар бир атаандаштан тактикалык чеберчиликти, логикалык туура ой-жүгүртүүнү,так эсептөөнү, жыйнактуулукту, чыдамкайлыкты жана чечкиндүүлүктү талап кыла тургандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бул оюндарды математикалык баш катырма катарындагы кызыктуу оюн деп кароого болот.

Ордо- эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Бул оюнда математикалык түшүнүктөрдөн жерге чийилген чоң айлананын геометриялык мааниси бар. Манас эпосундагы чоң казатта чоролордун ордо оюнун ойногону да бекеринен эмес. Эпосто Манастын өзү да ордо оюнуна катышканы кездешет.

Кырк таман ордо.
Ошол кезде Манастын
Айманбозу шайлалуу,
Кермеде толгон тулпар байлалуу
Кырк таман чийип ордону
Атып жаткан кези экен.
Кызыкка кыйын батканда,
Чүкө чертип жатканда
Эсенкандын кырк нары
Жүктөлгөн алтын дилде бар,
Кырк нарынын астында,
Кыйла баалуу кызыл нар
Арт жакта эки жүздөй балбаны,
Кызматкерди шаштырды
Атып жаткан ордонун,
Ортосун жар бастырды.
Ачууланып эр Манас
Бир чүкөнү черткени
Чыркырап чүкө кеткени
Чүкө ыргыды чыркырап
Эсенкандын эки нар
Чүкө тийген жилиги
Талкан болду чыркырап.(СК,1. 85).

Бул жерде кырк тамандын ордо сызганы, бир чүкө эки нардын бирдейинен төрт туягына тийгени өзүнчө эле геометрия. Ушундай эле учурлар тогуз коргоол оюнунда да кездешет.

Тогуз коргоол- Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун жана көпчүлүктүн черин жазып эрмектөөчү ортолук оюну. Тогуз коргоол оюну Манаста чагылдырылган негизги оюндардын бири катары төмөнкүчө айтылат:

Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз
Үй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Тогуз коргоол ойгону,
Ордо тогуз коргоол деп
Жаш Манас кылып койгону (СО,1.172).

Элдик оозеки чыгармачылыктагы макал-лакаптар турмуштун көп кырдуу көрүнүштөрүн өз кучагына алып, адам баласынын турмушундагы чындык камтылат. Ал эми макалды жаратуучулар акылман адамдар, эмгекчил эл болгондуктан көпчүлүгү ыйман-адепке жана эмгекчилдике тарбиялайт. Макал бул- коомдук турмуштун бардык тарабын кучагына алуучу, адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынган жана алардын дүйнөгө болгон көз-карашын билдирип турган, тарбиялык мааниси терең курч

көздүү рифма жана рифмге ээ болгон, ойду бүтүрө айткан кыска поэтикалык сүйлөм болуп эсептелинсе, ал эми лакапкандайдыр бир окуянын негизинде же адамдын жүрүм-турумунун мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап так элестүү кылып берилген өзүнчө чечилүүчү тарыхы бар көбүнчө каймана мааниде айтылган кыскача образдуу сүйлөм.

Баатыр бир өлөт коркок миң өлөт.
Жакшы адамга бир камчы,
Жаман адамга миң камчы.
Жамандын миң сөзү,
Жакшынын бир сөзүнө татыйт.
Жети өлчөп бир кес.
Жүз сомуң болгончо,
Жүз досуң болсун.
Эки эрдин достугу, бир белден ашырат,
Эки элдин достугу, миң белден ашырат.

Бул жерде колдонулган бир, эки, жүз, миң деген сандар, сандар жана аларды номерлөөдө колдонулулса, математикалык табышмактарды берүүдө да элдик чыгармалардан пайдаланып, керек болсо ар бир темага байланыштырып өзүбүз түзүп колдонсок болот. Табышмактарды да чыгармачылык менен төмөнкүчө колдонууга мүмкүн.

Биздин айыл эки айыл,
Өйүз-бүйүз конушкан.
Үй-бүлөбүз барабар,
Үй башына тогуздан.
Эки чара боорсок,
Баарыбызды тойгузган.(тогуз коргоол).

Он эки- төө, он-жылкы, тогуз-уй, беш-эчки, бир жарым-коен, бир-түлкү таба албасаң, бол күлкү.(Ар бир айбандын ичине бала көтөргөнү).

Күндө көрөм чалкар көлдү дарыяны,
Эки каз мекен кылып жатыр аны,
Ортосунда жети сары балапаны.(Асман,Күн,Ай,Жетиген).

Жыйдым-жыйдым миң килем,
Жыя албадым бир килем.(Жер,көк). Деген сыяктуу табышмактар балдардын логикалык ойлоосун, сандарды эске сактоосун калыптандырат.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстарда математиканы окутууда элдик оозеки чыгармалар анын ичинде "Манас" эпосу, кичи эпостор, макал-лакаптар жана табышмактарды сабак өтүүдө колдонуу: балдарды тарбиялоодо, ойлоосун өстүрүүдө, түшүнүктөрүн калыптандырууда, турмуштук тажрыйбага үйрөтүүдө, муундар ортосундагы байланыш сыяктуу маселелерди математиканын жардамы менен ачып берүүгө болот.

**Адабияттар**

1. Ата-бабалар табериги. Б., 2011-ж.
2. Кыргыз поэзиясынын анталогиясы, 1-том, Б., 2000-ж.
3. Мадраимов С. М., Закиров Н. З., Жапаров С. Математика боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу жана өткөрүү. Ош, 2006-ж.

4. “Манас” энциклопедиясы, 2-том, Б., 1995-ж.
5. Энназаров Т. Н., Баитова Н. Д. Башталгыч класстарда математиканы окутуу методикасынын айрым маселелери. ЖАМУ,2012-ж.

УДК: 37.091.33

# ИНФОРМАТИКАНЫ ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ.

***Исмаилова Д.О.***
***ЖАМУ, Кочкор-Ата кол.***
***Кочкор-Ата шаары***

***Аннотация***

*Билимдин мазмунунун компоненты 3 бөлүктөн турат:*
*Тарбиялоо, окутуу, өздөштүрүү. Ушул 3 компонентин негизинде билим сапаты жогорулайт. Эки образдуу болуп информатка өзүнө жалпы билимдин мазмунун камтыйт- мектептин билимин информатизациалаштыруу аркылуу окуу предметинин бөлүгү болуп эсептелет. Карама-каршы дидактикалык түрдө өз ара негизги факторун жана эки группасынын таасирин тийгизет: Илим жана практика, Жеткиликтүүлүк жана жалпы билимдүүлүк.*

***Annotation***

*Basic didactic, principles in teaching computer silence. The contents of education is always divided into three components education training development, in this training occupies e central position includes computer science in two ways as a separate academic subject and acres the who school. The selection of the content of school computer science courseaffect two main groups of factors wish are interconnected in a didactical: The scientific and practical.*

**Информатиканы окутуунун негизги дидактикалык принциптери.**
*Дидактика* – педагогиканын бир бөлүгү болуп, грektин үйрөтүүчү деген сөзүнөн алынган. Дидактикалык принцип – окууга коюлган бирдиктүү талаптар болуп саналат.
**Билимдин мазмунунун компоненты 3 бөлүктөн турат**:

1. Тарбиялоо – окуу процессинде тарбиялоо принциби:
   - предметке болгон кызыгууну тарбиялоо,
   - жаңы билим алууга умтулууну калыптандыруу,
   - акыл сапаттарын тарбиялоо жана калыптандыруу.
2. Окутуу- илимийлүүлүк принциби, окуучуларды активдүү изилдөөгө жана программа түзүүгө үйрөтүү менен калыптандыруу.
3. Өздөштүрүү- бул принципте ишке ашырууда техникалык каражаттар персоналдык компьютерде колдонулат.Ушул 3 компонентин негизинде билим сапаты жогорулайт. Эки образдуу болуп информатка өзүнө жалпы билимдин мазмунун камтыйт- мектептин билимин информатизациалаштыруу аркылуу окуу предметинин бөлүгү болуп эсептелет. Карама-каршы дидактикалык түрдө өз ара негизги факторун жана эки группасынын таасирин тийгизет:
   1. Илим жана практика;
   2. Жеткиликтүүлүк жана жалпы билимдүүлүк.

Информатика курсу мектепте, бир тараптан караганда заманбап болушу керек, башка тараптан караганда окуу процессине элементардуу жана жеткиликтүү болушу керек. Бул эки жана көп карама-каршы талаптарды аныктап айкындатуу өтө татаал маселе. Окуу процессине программалык каражатты колдонууга жеке методикалык принцибинин түшүнүгү «педагогикалык технология» билимдин практикалык түрүндө колдонуучу үч иеарархиялыкка көз каранды баскычтарын атоого болот:

1. Жалпы педагогикалык (жалпы дидактикалык) баскычы- жалпы педагогика, азыркы аймакта жалпы окуу процесси, бирдей технологиялык мүнөзгө ээ, окуу корпусу, окуу деңгээлин аныктайт. Бул педагогикалык технология синонимдуу педагогикалык

системасына, жалпы окутуунун максатын камтыйт, мазмунун, окуу методикасы жана техникалык каражаттарын, алгоритмдин субъектүү жана объектүү процесстерин.

2. Жеке методикалык деңгээли (предметтик): жеке предметтик педагогика технологияны колдонот, «жеке методика» окутуучу, классы, бир предметтке тарбиялап жана билим берүүчүнүн мазмунунун аныктамасын реалдуу түрдө ишке ашырат.
3. Локалдык (модулдук) деңгээли- локалдык технологиялык бир бөлүгүн көрсөтөт, тарбиялоочу маселесин жана иштелишин (өз алдынча иштөө технологиясы, материалды контролдо жана кайталоо технологиясы, сабактын технологиясы жаны билимди өздөштүрүү технологиясы ж.б).

Технологиялык микроструктура болуп да бөлүнөт: колдонмо, элементи ж.б. Алар педагогикалык технологиянын жалпысынан көрсөтөт, логикалык технологиялык чынжыр түрдө иреттелет.

**Информатиканы окутуунун тарбиялоо максаты жана билимдүүлүгү.**

Активдүүлүк менен өз алдынчалуулук бири-бири менен тыгыз байланышта. Математиканы үйрөнүүдө студенттердин активдүүлүгү жана өз алдынчалуулугу аларга терең жана бекем билимге ээ болууга мүмкүнчүлүк берет. Студенттердин өз алдынча иш аракети окутуучу мугалимдер ошол ишти максатка ылайыктуу, пландуу уюштура билген жана кылдат жетекчиликке алган учурда эффективдүү болот. Өз алдынча иштөө окуп үйрөнүү процессинде иш аракетти жакшыртуунун каражаты катары кызмат кылат жана төмөнкү функцияларды аткарат:

-теориялык билимдерди аң-сезимдүү үйрөнүүгө, тереңдетүүгө жана кеңейтүүгө көмөктөшөт:

-үйрөнүп билгендерди жетилтет жана өз алдынча чыгармачылык менен жаңыча үйрөнүүнүн ыкмалары иштелеп чыгат:

- студенттер конкреттүү билимдерди илимий жактан үйрөнүүнүн методдорун түшүнүшөт, чыгармачылык менен айкалыштыра билишет.

Студенттердин өз алдынча иш аракетин шарттуу түрдө эки бөлүккө бөлүүгө болот:

1. *Лекциялардын убагында практикалык лабораториялык сабактар да өтөт.*
2. *Студенттер өздөрү да өз алдынча иштөө убактысында (аудиториядан тышкары убактарда), өтөт.*

Өз алдынча иштөө өкуп-үйрөнүү процессинде билимдерди активдүү өздөштүрүп жана түшүнгөн лекциядан, окуу куралынан даяр түрдө алган информацияны тереңдетип жана кеңейтип олтуруп жаңысын түзүп, жана аны практикада колдоно билген профессионалдуу ыкмаларга жана көнүгүүлөргө ээ болуу иш аракетин билдирет. Студенттердин өз алдынча ишинин формаларын жана методдорун башкаруу, окутуу процессин уюштуруу формалары менен байланыштуу жана лекция өз алдынча иштөө практикалык сабактардын семинары бирдиктүү системаны түзөт. Биздин окуу жайда студенттердин алган билимин ай сайын учурдагы текшерүү жүргүзүү менен байкоого болору жакшы натыйжаларды берүүдө.

Окутуучу материалды канчалык жакшы түшүндүрбөсүн, көргөзмөлүүлүктөн, техникалык каражаттардан ар түрдүү алдыңкы окутуунун ыкмаларын пайдаланса деле, студент өтүлүп жаткан материалды ойлонуп, талдап байкап көрбөсө, анда анын билиминин терең жана бекем болушу жөнүндө айтуу мүмкүн эмес. Өз алдынча кайталап, өздөштүрүлгөн билим студент качан болбосун жана кимге болбосун айтып бере алгандыгы менен баалуу.

Студенттердин активдүүлүгүн жана инициативаларын өнүктүрүүдө өз алдынча иштерди системалуу жана максаттуу уюштуруп өткөрүү эң жакшы каражаттардан болоорун психология илими далилдеп берүүдө. Окутуу процессинде студенттердин өз алдынча иши бул окутуучунун катышуусусуз, бирок анын тапшырмасы боюнча ал үчүн атайын бөлүнүп берилген убакытта аткарылуучу иш.

Материалдын өтүлүшү боюнча тапшырманы көбүрөөк бере баштоо дагы максатка ылайыктуу бирок, тапшырма студенттин алы жеткидей, түшүнүктүү жана кызыктуу болушу керек. Студенттер аны аткарууда чыгырмачылык менен мамиле жасагандай болгон жакшы. Жогорку математика боюнча жекече тапшырманы тандоо менен предметтин колдонмо маанисин кеңири жана терең ачууга болот.

Конкреттүү мисалдардын негизинде алынган жекече өз алдынча тапшырманын ушул түрү теориялык материалдарды толук түшүнүүгө мүмкүндүк түзөт. Ал болсо сабакты өндүрүш менен жакындатат, математикага болгон кызыгуусун арттырат.

Студенттер математиканын программасын өздөштүрүүдө көптөгөн суроолор менен кайрылышат. Көпчүлүк суроо талаптар боюнча 1-курста өтүлүүчү математиканын бир тармагы болгон, аналитикалык геометрия сабагынын эрежелери жана формаларын колдонулуп чыгарылуучу кээ бир маселелерди чечүүнүн жолдорун көрсөтөлү. Математиканы үйрөнүүдө студенттердин активдүүлүгү жана өз алдынчалуулугу аларга терең жана бекем билимге ээ болууга мүмкүнчүлүк берет. Тегиздиктеги аналитикалык геометриянын айрым маселелерине токтололу. Маселелерди чечүүдө студент буга чейинки алган билиминин, математикалык түшүнүгүнүн б.а. түз сызык, кесинди, үч бурчтук ж.б. пайдалануу менен төмөндөгү маселелерди чечүүсүн сунуштайлы.

***Маселе:*** АВС үч бурчтугунун чокулары белгилүү координаталары аркылуу берилген

A(-7;-4), B(1,10), C(6,2).

Ушул үч бурчтуктан төмөндөгүлөрдү аныктоо талап кылынат.

1. АВ жагынан узундугун тапкыла.
2. АВ жагынын теңдемесин жана бурчтук коэффициентин аныктагыла.
3. С чокусу аркылуу АВ жагына түшүрүлгөн бийиктиктин теңдемесин

түзгүлө.

4. В чокусу аркылуу жүргүзүлгөн медиананын тендемесин аныктагыла.
5. В ички бурчтун радиандык (теңдемесин) маанисин эсептегиле .
6. АВС үч бурчтугунун аянтын эсептегиле.

***Маселени чыгаруу:***

**1.** Тегиздиктеги берилген эки чекиттин ортосундагы аралык төмөнкү формуланын жардамы аркылуу аныкталат. $d = \sqrt{(x_2 - x_1)^2 + (y_2 - y_1)^2}$ (1)

$A(x_1; y_1)$, $B(x_2; y_2)$ берилген чекиттер (1) формуласын колдонуп, АВ жагынын узундугун эсептейбиз.

$$d_{AB} = \sqrt{(1+7)^2 + (-10+4)^2} = \sqrt{64+36} = \sqrt{100} = 10$$

**2.** Берилген эки чекит аркылуу өткөн түз сызыктын теңдемесин табуу үчүн

$$\frac{x - x_1}{x_2 - x_1} = \frac{y - y_1}{y_2 - y_1} \qquad (2)$$

формуласын пайдаланабыз.

Анда

$$\frac{x+7}{1+7} = \frac{y+4}{10+4}; \frac{x+7}{8} = \frac{y+4}{14} \to \frac{x+7}{4} = \frac{y+4}{7} \to 7x - 4y + 33 = 0 \perp$$

болгон АВ жагынын тендемесин алабыз.Суроонун экинчи жарымы боюнча түз сызыктын бурчтук коэффициентин табуу талап кылынган .

Эгерде түз сызыктын тендемеси, тегиздикте $A_X + B_Y + C = 0$ (3)

түрундө берилсе, анын бурчтук коэффиценти $K = tg\varphi = -\frac{A}{B}$ (4)

формуласынын жардамы менен аныкталат.Жогоруда табылган АВ жагынын тендемесинде А=7; В=-4; . Ошондуктан АВ түз сызыгынын бурчтук коэффиценти төмөнкү мааниге ээ. $K = tg\,\varphi = \frac{7}{4}$

**3.** С чокусунан түшүрүлгөн бийиктик АВ жагынан перпендикуляр болот.

Ал эми перпендикулярдуу түз сызыктардын бурчтук коэффициенттери

$$K_1 = -\frac{1}{K} \qquad (5)$$

формуласы аркылуу байланышат. Ошондуктан изделүүчү түз сызыктын бурчтук коэффициенти $K_1 = -\frac{4}{K}$ болот. Бурчтук коэффициенти белгилүү болгон учурда,

берилген чекит аркылуу өткөн түз сызыктын теңдемеси

$$y - y_1 = k_1(x_1 - x_1) \qquad (6)$$

аркылуу аныкталат. Андыктан

$$y - 2 = -\frac{4}{7}(x-6) \to 7(y-2) = -4(x-6) \to 7y - 14 = -4x + 24 \to 4x + 7y - 38 = 0 .$$

Акыркы алынган теңдеме CN бийиктигинин тендемеси болот.

**4.** Үч бурчтуктун бир чокусу аркылуу жүргүзүлгөн медиана анын карама-каршы жагын тең экиге болот. Ошондуктан В чокусу аркылуу жүргүзүлгөн медиана АС жагынын ортоңку чекитин аныктайбыз. Ал эми ортоңку чекиттин координаттары

$$x = \frac{x_{1+} x_2}{2} \qquad y = \frac{y_1 + y_2}{2}$$

туюнтмалары аркылуу табылат.

$x = \frac{-7+6}{2} = -\frac{1}{2}$ $\qquad y = \frac{-4+2}{2} = -1$ $\qquad D = (-\frac{1}{2};-1)$

АС жагынын ортоңку чекити болот. Эми (2) формуласынын жардамы аркылуу ВД медианасынын теңдемесин табабыз.

$$\frac{x-1}{-\frac{1}{2}-1} = \frac{y+10}{-1+10} \to 6x + y + 4 = 0 .$$

**5.** Берилген эки түз сызыктын арсындагы бурч

$$tgB = \frac{K_2 - K_1}{1 + K_1 K_2} \qquad (7)$$

формуласы аркылуу эсептелет. Мында $K_1, K_2$ тиешелүү түз сызыктардын бурчтук коэффиценттери. (7) формуланы колдонуу үчүн АВ жана ВС жактарынын тендемелерин түзөбүз. Жогору жакта АВ жагынын теңдемеси. $7x - 4y + 33 = 0$ ал эми бурчтук коэффициенти $K_2 = \frac{4}{7}$ экендигин көрсөтөт. Ошол эле жол менен , (2) формуланы пайдаланып ВС жагынын тендемесин жана бурчтук коэффициентин аныктайбыз.

$$\frac{x-1}{6-1} = \frac{y+10}{2+10} \to \frac{x-1}{5} = \frac{y+10}{12} \to 12(x-1) = 5(y+10)$$

$12x - 5y - 62 = 0$, мында $\quad k_3 = \frac{5}{12}$

(7) формуланы пайдаланабыз.

$$tgB = \frac{\frac{5}{12} - \frac{7}{4}}{1 + \frac{5}{12} \cdot \frac{7}{4}} = \frac{-\frac{16}{12}}{\frac{83}{48}} = -\frac{16}{12} \cdot \frac{48}{83} = -\frac{64}{83} = -0,771$$

tg B = 0,771.

6. АВС үч бурчтугунун чокуларынын координаттарын

$$s = \pm\frac{1}{2} \cdot [(x_2 - x_1)(y_3 - y_1) - (x_3 - x_1)(y_2 - y_1)\ ] \qquad (8)$$

формуласына коюп АВС үч бурчтугунун аянтын эсептейбиз.

$$S = \pm\frac{1}{2}\Big[\ (1+7)(2+4) - (6+7)(-10+4)\ \Big] = \pm\frac{1}{2}(8 \cdot 6 + 13 \cdot 6) = 3(8+13) = 3 \cdot 21 = 63$$

S=63 кв бирдик.

АВС үч бурчтугун жана жогоруда алынган маанилерди чиймеде көрсөтөбүз.



В

***Маселе:*** А (4;3) жана У=1 түз сызыгынан бирдей аралыкта жаткан чекиттердин геометриялык ордунун тендемесин түзгүлө .

***Чыгаруу:*** С (х;у) каалагандай чекитин алабыз, да ал чекиттен у=1 түз сызыгына СВ $\perp$ ын түшүрөбүз. Маселенин шарты боюнча АС = СВ экендиги белгилүү.

$$\sqrt{(x-4)^2+(y-3)^2}=\sqrt{(x-x)^2+(y-1)^2}$$

$(x-4)^2+(y-3)^2=(y-1)^2$ ка ээ болобуз.

Алынган теңдемени жөнөкөйлөтүп, изделүүчү геометриялык чекиттердин ордундарынын теңдемесин табабыз.

$y\text{-}2=\frac{1}{4}(x\text{-}4)^2$ бул параболанын теңдемеси.




Студенттин өз алдынча кайталап, өздөштүрүлгөн билим студент качан болбосун жана кимге болбосун айтып бере алгандыгы менен баалуу. Анын активдүүлүгүн жана инициативаларын өнүктүрүүдө өз алдынча иштерди системалуу жана максаттуу уюштуруп, өткөрүү эң жакшы каражаттардан болоорун психология илими далилдеп берүүдө. Окутуу процессинде студенттердин өз алдынча иши бул окутуучунун катышуусуз, бирок анын тапшырмасы боюнча ал үчүн атайын бөлүнүп берилген убакытта аткарылуучу иш.

**Адабияттар:**

1. В.А.Оганесян, Ю.М.Колягин.,Методика преподавания математики. -М.; Просвешение.
2. А.П.Пиговский,М.Г. Маланюк.,Методика преподавания математики. -М.; Просвещение, 1981.
3. 3. Варикова О. В. Формирование профессиональных умений студентов технологических ВУЗов., Автореферат кан.дисс. Ярославль, 2001.

УДК 028.1

# АДАБИЙ ОКУУНУ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨ ЫРЛАРДЫ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Сакиева С., Маматумаров А.Т.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
***abu0624@mail.ru***

***Аннотация***

*Макалада, адабий окуулуктарда ырлардын тематикалык берилиши, алардын мазмундук өзгөчөлүгү, аларды окуп-үйрөнүүнү уюштуруу, окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүгүнө жетишүү жолдору каралат.*

***Annotation***

*In this article is given the thematic giving of rhyme in literary reading, their content peculiarity, to organize to learn them, and students` ways of achievements in creativeness.*

Кенже мектеп жашындагы окуучулардын адабий окууну окуп-үйрөнүүсү балдардын адептик жана эстетикалык сапаттарын өнүктүрөт. Ал өнүгүүдө «адабий окуу сабагынын башкы милдети – бул, адабий маалыматтарды топтоо, окурмандык кабыл алуусундагы адабий билимин таанып-билүүсүн, чыгармачылык фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү болуп эсептелинет.»[1] бул милдеттерди ишке ашырууда ырларды окутуу өзгөчө мааниге ээ. Бүгүнкү күндө мектеп практикасында ырларды окутууда баарыбызга белгилүү болгондой эле окуучулардын ишмердүүлүгү төмөнкүлөрдөн турат:

- ырды жаттоо;
- мугалимдин баяндамасы аркылуу ыр эмне жөнүндө экинин билүү;
- ырдын мазмунуна карата берилген суроолор менен иштөө;

Ал эми мугалимдин иш-аракети:

- эки же андан ашык ырларды бириктирип, бир тема катары (бир сабак) өтүү;
- ырларды курулай жаттатуу (класста же үйдөн жаттап келүүгө сунуштоо);
- китепте ырдын мазмунуна карата берилген суроо-тапшырмаларга коментарий берүү аркылуу ырдын мазмунун ачуу;
- ыр эмне жөнүндө жазылгандыгын окуучулардан суроо

Ырларды окутуудагы салтка айланып калган ишмердүүлүктөрдөн чегинүү жасап, ырларды окутууда адабий окуу сабагын окуп-үйрөнүүгө негиздеп уюштуруу мезгил талабы. Андыктан, адабий окуулуктарда ырлардын камтылышы жана алардын мазмундук өзгөчөлүгүнө жараша окутууну уюштуруу максаттуу болчудай. Ырлардын адабий окуулукта берилиши төмөнкүдөй тематикадагы материалдарга негизделет:

- Китеп – билим булагы;
- Менин жан дүйнөм;
- Алтын балалык;
- Туулган жердин топурагы алтын;
- Жыл мезгилдери;
- Апалардын майрамы;
- Нооруз – жаңынын башталышы;
- Жеңиш күнү;

[1] Сакиева С.С., Ураимов К.М., Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.Т. «Адабий окуу» предметинин концепциясы - ЖАМУнун жарчысы - 2012 №1(26) 1-бөлүм.: Жалал-Абад - 2012

- Бабалардан калган сөз (элдик оозеки чыгармачылык);
- Элибиздин улуу инсандары;
- Ата Журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу;
- Эр эмгегин жер жебейт;
- Тилим – менин жан дүйнөм;
- Менин чыгармам;
- Сөз үйрөнүп алалы;
- Ойлонолу, табалы;
- Өткөн турмуш элеси;
- Күлкү – ден соолуктун мүлкү;
- Кыргыз акын-жазуучуларынын балдар чыгармалары;
- Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары ж,б.

Ырлар жогорудагы тематикага байланыштуу бөлүмдөргө камтылып, өзүнөн мурунку жана кийинки чыгармалар менен маанилик жана тематикалык жактан байланышта каралат. Ырларды окутуудагы өзгөчөлүктөр катары төмөнкүлөрдү сунуштадык. Алар:

1. Окуу көндүмдөрүнө басым жасоо.
2. Мазмундук, тематикалык жактан өзүнөн мурунку жана кийинки чыгармалар менен байланыштарын салыштыруу менен окуп-үйрөнүүнү уюштуруу.
3. Ырда катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.
4. Чыгармачылык ишмердүүлүктү уюштуруу.

**1. Окуу көндүмдөрүнө басым жасоо.**

Ырларды окутууда окуу көндүмдөрүнө басым жасоо окуучулардын көркөм окууга жетишүүсүн камсыздоого негиз болот. Окуу көндүмдөрүн окуучулардын табигий өзгөчөлүгүнө жараша өздөштүргөн окуу көндүмдөрүнүн деңгээлинде практикалоо маанилүү. Аны менен катар кара сөз менен берилген текстке караганда ыр түрүндөгү текстти көркөм окуу окуучулрага бир топ ыңгайлуу. Бул өзгөчөлүктү ишке ашырууда мугалим менен окуучунун ишмердүүлүктөрү катары төмөнкүлөрдү сунуштадык:

*Мугалимдин ишмердүүлүгү:*

- ырды көркөм окуу;
- окуучуларга ырдын эмоционалдык абалын таптыруу;
- текстин ичинен жаратылыш кубулуштары (добуштар, түстөр, жыттар) баяндалган жана берилген образдуу сөз, сөз айкаштарын табууга жана образдуу окууга багыттоо;
- ырды окууда пауза, тыным, логикалык, психологиялык басымдарды жасоону уюштуруу, жана калыптандыруу;

*Окуучунун ишмердүүлүгү:*

- ырдын эмоционалдык абалын аныктоо;
- текстин ичинен жаратылыш кубулуштары (добуштар, түстөр, жыттар) баяндалган жана берилген образдуу сөз, сөз айкаштарын табуу, аларды образдуу көркөм окуу;
- ырды окууда пауза, тыным, логикалык, психологиялык басымдарды колдонуу;
- ырды окуучу өздөштүргөн окуу көндүмдөрүнүн деңгээлинде окуу

**2. Мазмундук, тематикалык жана маанилик жактан өзүнөн мурунку жана кийинки чыгармалар менен байланыштарын салыштыруу менен окуп-үйрөнүүнү уюштуруу.**

Ырдын мазмундук өзгөчөлүктөрүн эске алып окуп-үйрөнүүнү уюштуруунун негизин ырды талдоо, анын мазмундук өзгөчөлүгүнө, тематикасына, маанисине карап мурунку жана кийинки чыгармалар менен байланышын, айырмачылыктарын салыштыруу

түзөт. Мындай жол менен ырларды окуп-үйрөнүүдө мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгү төмөнкүдөй сунушталды: (орсут методистерин материалдарына таяндык[2])

*Мугалимдин ишмердүүлүгү:*

- окуучуларда ырдагы сүрөттөлүшкө карата жекече оюн билдирүүгө жана баяндама жасоого мотив жаратуу;
- ырдан жаратылышты баяндаган сөздөрдү, издеп табууга, акындын жаратылышка тартылган толкундануусун, маанайын, сезимин аңдоого;
- ырдан метафора, эпитет[3] түрүндө берилген сөз, сөз айкаштарынын маанисин талдоого багыт берүү;
- автордун жаратылыштын сүрөттөлүшүнө болгон мамилесин билдирген сөздөрүнө байкоо жүргүзүп, баяндоого чакыруу;
- ырды тематикалык жана маанилик жактан мурунку жана кийинки чыгармалар менен салыштырууга карата суроо-тапшырмаларды берүү;
- бир эле автордун түрдүү тематикадагы ырларын атоо.

*Окуучунун ишмердүүлүгү:*

- ырдан жаратылышты баяндаган текстти издеп табуу, оюн текстке таянып коргоо;
- ырдын ичиндеги акындын жаратылышка тартылган толкундануусун, маанайын, сезимин аңдоо;
- автордун жаратылыштын сүрөттөлүшүнө болгон мамилесин билдирген сөздөргө байкоо жүргүзүү жана баяндоо;
- ырдагы сүрөттөлүшкө карата жекече оюн билдирүү, баяндама жасоо;
- ырды тематикалык жана маанилик жактан мурунку жана кийинки чыгармалар менен салыштыруу, мазмундук жактан окшоштуктарын табуу;
- бир эле автордун түрдүү тематикадагы ырларын атоо, аларды мазмундук жактан салыштырып, айырмачылыктарын баяндоо.

**3. Ырда катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.**

Адабий окууларга (2-4-класс) эпикалык жана лирикалык ырлар киргизилет. Эпикалык ырлардын борбрунда образ персонаждар, т.а. автордун жашоодогу бир, же бир нече мезгилди сүрөттөшү. Эпикалык ырлардын түзүлүшү аңгеме, тексттердин мазмунуна үндөшүп турат. Бирок алар көркөмдүк түзүлүшү жагынан прозалык чыгармалардан өзгөчөлөнүп турат. Эпикалык ырларга К. Тыныстановдун «Бала менен чымчык», Т. Кожомбердиевдин «Адептүү кыз», Т. Сатылгановдун «Насыят» (2-класс), А. Токомбаевдин «Китеп», А. Осмоновдун «Мугалим», «Китепти сүй», «Торутай», Ж. Сыдыковдун «Канаттуулар», К. Урманбековдун «Айдагы кыз», Ж. Мамытовдун «Ат жабдыксыз ат жайдак» (3-класс), Т. Самудиновдун «Жаныбарлар дүйнөсү», С. Жусиевдин «Топоз менен карышкыр», «Кекиликтин уясы» (4-класс) ж.б. сунуш кылынган.[4] Ушундай ырларды окуп-үйрөнүүдө каармандарды талдоо, мүнөздөө иштери жүргүзүлөт. Ал ишмердүүлүктөрдөгү окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгүн төмөнкүдөй сунуштадык.

*Мугалимдин ишмердүүлүгү:*

- каармандары атоого, талдоого жана аларга карата окуучуда мүнөздөмө берүүгө түрткү берүүчү суроо-тапшырмаларды иштеп, сунуштоо;

*Окуучунун ишмердүүлүгү:*

- ырдан каармандарды табуу, тизмектеп жазуу;
- каармандарды бири-бирине салыштырып талдоо;

---

[2] Баклага Е.Н., методист отдела бразования, 21981. Методические рекомендации по организации работы с произведениями различных жанров - nach-school.narod.ru/files/03/03-44.doc

[3] Метафора – нерселердин, же түшүнүктөрдүн окшоштугуна карай, бир сөздүн ордуна башка бир сөздү колдонуу. Эпитет – адабий чыгармада – бир нерсенин аты кошо айтылуучу, көрк берүүчү сыпат.

[4] С.С. Сакиева «Баштапгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» - Б.: «Инсанат» - 2010 – 157-бет.

- каармандарга мүнөздөмө берүү;
- каармандарды сүрөттөгөн сөз, сөз айкаш, ыр саптарын тексттен табуу, окуу (өздөштүргөн окуу көндүмүнө жараша окуу);
- каарманды мүнөздөп өз оюн билдирүүдө ырдан цитаталарды колдонуу.

**4. Чыгармачылык ишмердүүлүктү уюштуруу**

Башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга, калыптандырууга, өнүктүрүүгө багытталган маселелерди камтыган теориялык жана методикалык материалдарды С.С.Сакиеванын эмгектеринен кезиктирүүгө болот. Мисалы, «Башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аталышындагы эмгегинин авторефератынында[5] таблица 2.2.2 жана таблица 2.2.3. таблицаларында окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү «Конгантив», «Мотивация», «Ишмердүүлүк» критерийлери менен өлчөнүп, анын көрсөткүчтөрү, өлчөө каражаттары жана окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк деңгээлдери (төмөнкү, ортоңку, жогорку) 3 деңгээлге ажыратылып, окуучулардан күтүлүүчү ишмердүүлүктөр так көрсөтүлгөн. Ушул критерийди негиз кылып ырларды окутуудагы окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштуруу маңыздуу.

Ырларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштурууга жетишүү жогорудагы сунушталган өзгөчөлүктөрдү ишке ашыруу менен ишке ашат. Тактап айтканда;

1. Окуу көндүмдөрүнө басым жасоо.
2. Мазмундук, тематикалык жана маанилик жактан өзүнөн мурунку жана кийинки чыгармалар менен байланыштарын салыштыруу менен окуп-үйрөнүүнү уюштуруу.
3. Ырда катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.

Бул 3 өзгөчөлүктөрдү толук ишке ашыруу менен 4-өзгөчөлүк катары сунушталган *Чыгармачылык ишмердүүлүктү уюштуруу* максатына жетет. Мында окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгү катары төмөнкүлөрдү сунуштадык.

*Мугалимдин ишмердүүлүгү:*

- өздөштүгөн окуу көндүмүнүн деңгээлинде окууга, талапка ылайык көркөм окууга, каармандарга, ырдын мазмуна карата сын көз карашын жаратууга, чыгармага чыгарма жазууга, сүрөт тартууга, ролдоштуруп аткарууга, мазмунун өз сөзү менен баяндоого окуучуда мотив жаратуу.

*Окуучунун ишмердүүлүгү:*

- ырды өздөштүргөн окуу көндүмүнүн абалында окуу;
- каармандарды бири-бирине салыштырып-талдоодо каармандарга, ырдын мазмунуна сын көз карашын жаратуу, баяндоо;
- каармандарга берген мүнөздөмөсүн, автордун жаратылыштын сүрөттөлүшүнө болгон мамилесин билдирген сөздөргө байкоо жүргүзүп, жасаган баяндамасына таянып чыгармага чыгарма жаратуу;
- ырдагы сүрөттөлүшкө карата жекече билдирген оюн, баяндамасын, жаратылышты баяндаган текстке таянып коргогон оюн, каармандарды сүрөттөгөн сөз, сөз айкаш, ыр саптарын колдонуп сүрөт тартуу;
- ырдан аңдаган акындын жаратылышка тартылган толкундануусун, маанайын, сезимин пайдаланып интонация, тыным, психологиялык жана логикалык тынымдарды жасоо менен көркөм окууга жетишүү.

Адабий окууну окуп-үйрөнүүдө ырларды окутууну уюштуруу жолдору келечектүү жана проблемалуу. Анткени азыркы күндө окуучунун компетенттүүлүгү маанилүү.

[5] педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынныны авторефераты

**Адабияттар:**


1. С.С. Сакиева «Башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» - Б.: «Инсанат» - 2010 – 157-бет.
2. Сакиева С.С., Ураимов К.М., Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.Т. «Адабий окуу» предметинин концепциясы - ЖАМУнун жарчысы - 2012 №1(26) 1-бөлүм.: Жалал-Абад – 2012
3. Баклага Е.Н., методист отдела бразования, 21981. Методические рекомендации по организации работы с произведениями различных жанров - nach-chool.narod.ru/files/03/03
4. М. Борбугулов Адабият теориясы – Б.: 1996
5. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу курал. Б.: 2004
6. О.В. Тимахова Обучение младших школьников выразительному чтению лирических стихотворений - Уссурийск, 2004.

УДК-342.813

# ЖЫЙЫНТЫККА КАРАЙ ОКУТУУ-ОКУП ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНИН АЧКЫЧЫ

***Турдубаева Б.М., Ирисова Г.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
***e-mailbarisa08@mail.ru***

***Аннотация***

*Бул статьяда жыйынтыкка карай окутууну ишке ашыруу үчүн атайын алгоритм берилген. Жыйынтккка карай окутууда калыптана турган компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн жыйынтыкка карай окутууну жазуу эрежелери Б.Блумдун таксономиясы боюнча сунушталды. Баалоо процессии көрсөтүлдү. Учурда аталган проблема боюнча жүргүзүлгөн иштер көрсөтүлдү.*

***Abstract (An annotation)***

*Teaching according to the result – the key of the learning process. This article is about teaching according to the result, which was given special algorithm in order to achieve the aim. There were shown flexible competence in teaching according to the result. Writing rules are suggested by Bloom's taxonomy in teaching according to the result. Also the article shows the evaluating process and the works which connected with the problems shown above*

**Бүгүнкү күндө** биздин өлкөдө жана дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан глобалдын өзгөрүүлөр ар кандай кырдаалдарда жашап жана чечим кабыл ала билүүгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу зарылдыгы билим берүү системасында жаңылануууну талап кылып жатат.

Ал жаңылануу окутуунун сапатын жогорулатууга аракет жасоодон башталган.

Ушул мезгилге чейин дайыма сапат жөнүндө сөз болсо иш аракеттер болсо дагы системалуу негизде байкоо жүргүзүүүчүн бирдиктүү, натыйжалуу, далилдүү критерийлер жок болгон.

Ошондой болсо дагы бүгүнкү күндөөлкөдө билим берүүнүн максаттарын так аныктай ала турган жана Кыргызстандын билимдүү жаңы атуулунун негизги белгилери кандайча боло тургандыгы, азыркы этапта кандай өзгөрүүлөрдүн зарыл экендиги, алардын багыты кандай боло тургандыгы тууралуу суроолорго жооп бере ала турган билим берүүнүөнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу милдети мурда болуп көрбөгөндөй курч коюлуп жатат.

Окутуу процесси окууучуга жугумдуу болушу үчүн ар бир сабакты баланын алы жете турган максатты коюп, жыйынтыкка карай уюштуруу зарыл. Учурда жыйынтыкка карай окутууну ар бир мугалим өз ишмердүүлүгүндө колдонбой жатат. Ошондуктан окуучулар сабакта эмнени биле тургандыгын жана эмнени жасай ала тургандыгын алдын ала билишпейт. Сабак күнүгө жыйынтыкталбайт жана окуучулар бүгүнкүүйрөнгөндүгүн эртеңкиге улай алышпайт.

Жыйынтыкка карай окутууну уюштуруу үчүн эмне кылуу керек?
Анын үчүн төмөндөгүдөй кадамдар ишке ашат:

-Ар бир предметтин, бөлүмдүн, сабактын, максатын жыйынтыкка карай коюу.Жөн эле максат койбостон, ошол максатты ишке ашырууда кандай компетенттүүлүккө ээ боло тургандыгын аныктоо

- Сабакттын максатынын мугалимдин иш аракетине эмес, окуучунун окуп үйрөнүүсүнө карай коюлушу.
- Сабакка күтүлүүчү натыйжаларды иштеп чыгуу
- Сабакты пландоодо жыйынтыкка карай натыйжалуу усулдарды пайдалануу

- Окуу каражаттардын сабактын максатындагы иш аракет ишке аша тургандай тандоо.
- Окуу процессинин жыйынтыгын чыгарууда ал жыйынтык окуучуга дагы, мугалимге дагы даана, ачык болгон баалоо процессинин жүргүзүү.
- Окуучунун жеке өнүгүшүнө түрткү бере турган калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонуу.
- Ар бир сабакка окуучулар үчүн өз алдынча аткара турган жана үйдөн аткара тураган тапшырмаларды даярдоо.

Учурда маалыматтык билим берүүдөн максаттык билим берүүгөөтүп жатканыбызга карата билим берүүнүн парадигмасы дагы компетентүүлүк жагына ооп жатат.

Базар экономикасынын мезгилинде иш берүүчүнүн талабына ылайык, компететтүүлүктөргө туура келген бүтүрүүчүлөр керек.

Ал үчүн окуу процессин пландаштырып жатканда окуучуларда төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөр калыптандырылат:

**Жеке инсандык сапаттар :**

Жогорку активдүүлүк (өз алдынча чечим кабыл ала алуу, кырдаалды өзгөртө алууга жөндөмдүүлүгү, тыштан болгон тескери таасирлерге сабрдуулук кылуу, демилгелүүлүк, ийкемдилүүк, ишкердик, динамикалуулук);

-жаратуучлук , өзүн өзүү сыйло, эмгекчилдик , максатка умтулуу , өз турмушу жана билими үчүн жоопкерчиликти сезүү, -патриоттулук, турмуштук жана атуулдук жогорку позиция

**Коммуникативдүүлүк сапаттар:**

-топ менен бирдикте иштөө мүмкүнчүлүгү, ар кандай адамдар менен ар кандай кырдаалда мамиле түзө алуу,
- өзүнүн иш-аракетттерин тандоодо ойлонуп жана жоопкерчилик менен мамиле кылуу, аны көзөмөлгө алуу, ой калчоо, социалдык жактан жоопкерчиликтүү сезимине ээ болу
- турмушта өз тагдырын өзү чечүүгө жана өзүн өзү көрсөтө алууга жөндөмдүү болуу, ар Түрдүү өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашып кете алуу
- өзүн өзү жана башка адамдарды сыйлай билүү, өзүнүн жана башкалардын мээнетин баалай билүү

**Когнитивдүүлүк сапаттар:**

- бүтүрүүчү класстын билим берүү программасы боюнча негизги билим системасынын, ошондой эле жалпы окуу билгичтик системасынын болушу ( салыштыруу, жалпылоо, анализ жүргүзүү, синтездөө, классификациалоо, эң башкысын бөлүп көрсөтө алуу)
- анализ жасоого, синтездөөгө жана сынчыл, иштиктүү ойломго жөндөмдүүлүк
- жаңы билимге ээ болунун зарылдыгын түшүнүү, анын ичинде тил үйрөнүү, компьютердин тилин билүү жана бул билимдерге ээ болуга жөндөмдүүлүк
- бүткүл турмушунда окуп жана өз алдынча билимин жогорулатууга даяр экендиги жана аны каалосу ( билим алуу процесс экендигин түшүүнүсү)
- алган билимин тажрыйбада колдоно билүүгө жөндөмдүүлүк
- орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде окууга даярдыгы

Жогоруда саналып өткөн компететтүүлүктөр менен « Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн улуттук куррикулумунунда» ( Бишкек, 2008) жана ЖОЖдордо жаңы муундагы мамлекеттик стандарттар боюнча сунушталган тизме бири бирине шайкеш келип, анын негизинде азыркы төмдөгүдөй компетенттүүлүктөр иштелип чыкты Ал компетенттүүлүктөр булар:

**Маалымат берүүчү:** маалыматты өзүнүн ишмердигин пландаштыруу жана иш жүзүнө ашыруу үчүн пайдаланууга даяр болуу, аргументтүү жыйнтыктарды чыгара алуу, адамга сын көз менен каралган маалыматтын негизинде олуттуу чечимди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**Социалдык – коммунукативдик:**өзүнүн иш- аракетин башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыгы менен айкалыштыра билүүгө даярдыгы, позициялардын ар түрдүлүүгүн таануу жана баалуулуктарга (диний, этикалык, профессионалдык, инсандык ж.б.у.с.) түшүнүү менен мамиле жасоонун негизинде өз көз карашын цивилизациялык жол менен коргой алуусу.

Сүйлөшүүлөрдөн зарыл маалыматты алууга даярдыгы жана аны оозеки, ошондой эле жазуу жүзүндө жеке инсандык, социалдык жана профессионалдык проблемаларды чечүүгө сунуштоого даярдыгы. Маселени чечүүчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Өзүн-өзү уюштуруу жана проблемалардын чечилиши:** жеке өзү же башкалар менен бирдикте ыкмалардын түрлөрүн пайдалануу аркылуу, маалымат, окуу же турмуштук кырдаалдардагы карама – каршылыктарды таба билүүсү, ошондой эле кийинки иш – аракеттр тууралуу чечим кабыл алууга даяр болуусу.

Жогорудагы аталган компетенттүүлүктөрдүн калыптанышынын негизинде окутуунун жыйынтыгы каралат

Окутуунун жыйынтыгы - окуучу сабак башталанда элге окутуу процесси бүткөндөн кийинки жыйынтыкты, натыйжаны билип туруусу.

Окутуучулар окуу процессинин жыйынтыгын, күтүлүүчү натыйжаларын окуучуларга түшүнүктүү, алы жете турган тейде жазуу үчүн, Америкалык окумуштуу Б.Блумдун «Билим берүү милдеттеринин таксономиясын» пайдалангандыгы талапка ылайык.

| **Деңгээл** | **Аныктоо** | **Окутуучуларды кызыктыруу үчүн кандай негизги терминдер колдонулат** |
|---|---|---|
| Билүү | Маалыматты аныктоо жана тандап алуу | Санап бергиле, эске туткула, атап бергиле |
| Түшүнүү | Берилген маалыматты түшүнүү; проблеманы өзүнүн сөзү менен аныктоо | Талкуулагыла, аныктагыла, айтып бергиле |
| Колдонуу | Жаңы кырдаалдарда түшүнүктөрдү колдонуу | Колдонгула, чыгаргыла, өзгөрткүлө, тандагыла, жиктегиле, аяктагыла, көрсөткүлө, тапкыла, аткаргыла, изилдегил, эксперимент, жүргүзгүлө, чечмелегиле, өзгөрткүлө, машыккыла, иштеткиле, салыштыргыла, пландагыла, көрсөткүлө, чечкиле, колдонгула. |
| Талдоо | Маалыматты өз ара байланышкан бөлүктөргө бөлүү | Талдагыла, баалагыла, топтогула, чыгаргыла, жиктегиле, салыштыргыла, байланыштыргыла, каршы койгула, сындагыла, талкуулагыла, ажыраткыла, издегиле, тажрыйба жүргүзгүлө, түшүндүргүлө, тыянак чыгаргыла, иретке келтиргиле, салыштыргыла, тандап алгыла, тандагыла, бөлгүлө, текшергиле. |
| Топтоо | Маалыматты топтоштуру | Топтогула, жыйнагыла, түзгүлө, иштеп чыккыла, аныктама бергиле, жалпылагыла, бириктиргиле, ойлоп чыккыла, уюштургула, пландагыла, даярдагыла, сунуш кылгыла, көчүрүп жазгыла, |

| | | |
|---|---|---|
| | | аныктагыла, алмаштыргыла. |
| Баалоо | Критерийлердинн егизинде баалоо | Далилдегиле, тандап алгыла, салыштыргыла, тыянак чыгаргыла, ишендиргиле, чечкиле, негиздегиле, түшүндүргүлө, ченеп өлчөгүлө, бөлүктөргө бөлгүлө, сунуш кылгыла, айырмалап көрсөткүлө, суммалагыла, колдогула, текшергиле, баалагыла |

Бул классификацияда же таксономияда ой жүгүртүү деңгээлдер көрсөтүлүп, о.э сабактын жыйынтыгын чагылдырган окуучулардын иш аракеттеринин этиштери көрсөтүлгөн.

Таанып билүү аймагына туура келген билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, баалоо, чыгармачылык ой жүгүртүү денгээлдери боюнча окутуунун жыйынтыгын жазуу окуучунун өнүгүшүнө түрткү берет. Аталган аймактан башка дагы аффективдүү (мамиле, сезим, баалуулуктар) жана психоматордук ( физикалык көндүмдөр)аймактар көтөрүлгөн проблемага түздөн түз тиешеси бар.

Ар бир сабактын жыйынтыгын сабактын максатына жана күтүлүүчү натыйжага жазышат.

Учурда мугалимдер көбүнчө билим, түшүнүү, кээде колдонуу деңгээлиндеги эле иш аракеттерди жазышып, баалоо, чыгармачылык деңгээлиндеги ой жүгүртүүчү тапшырмаларды аз беришет.

Бул жөнүндө Д.Кеннединин Уопш А, М Веббдин эмгектеринде кеңири айтылган.

Кыргызстанда “Инсанга багытталган окутуу”технологиясы боюнча иштешкен. И.Бекбоев, С.Байгазиев, А.Мамытов ж.б. окумуштуулар жыйынтыкка карай окутууну башталгыч класстан баштоо керектигин белгилешет.

Ал эми Кыргызстан, Тажикстан, Түркменстанда иш жүргүзгөн ЮСАИДдин “Сапаттуу билим” долбоору жыйынтыкка карай окутууну пландоону, сабактын максатын жыйынтыкка карай коюуну, сабактын жыйынтыгында көрсөтүлгөн иш аракетти гана баалоону, баланын психологиясына доо кетпей турган баалоонун түрлөрүн (диагноздоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу) колдонууну ишке ашырууга кадам ташташып, республикадагы тандалган мектептерде(Ош облусунан Кара- Суу, Алай, Кара-Кулжа райондорунда жана Чүй облусунда о.э бардык облустардагы метод борборлордо) иш жүргүзүштү.

Ал эми КАО башында турган READ долбоору “Башталгыч мектепте баалоону” *окутуу процессине киргизишип, Кыргыз Республикасынын бардык облустарын* камтышып, башталгыч класстардын мугалимдерин окутушту. Алардын семинар-тренингдеринде калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонуу, чыгармачыл баалоо, критериалдык баалоону жүргүзүү жүзөгө ашырылды.

Мындай демилгелерди колдоп, EdNet “Билим берүү мекемелерин колдоо ассоциациясы” окутуудагы “Сапат кепилдигинин системасы, сапаттын маданияты” көйгөйлорүн көтөрүп, окутуунун жыйынтыгын көргөзүүчү трансформацияны далилдешти.




Алардын далилдөөсүндө:**Салым**-бул ар бир окуу жайдын, мектептин миссиясы, саясаты жана иш чаралары, окутуунун күтүлүүчү натыйжасын көрө билүү

**Жыйынтык**- жетишилген жыйынтыгын баалоо, ал дайыма максатка дал келиши керек.

**Процесс**- салымдан жыйынтыккачейинки жол.

Жыйынтыка карай жолдо баса белгилей турган жагы сапатын маданияты Ал сынчыл ойлоого негизделген, б.а. төмөндөгүдөй суроолорго жооп берет.

-Биз эмнени жасагыбыз келип жатат?

-Ал үчүн кантип аракет кылабыз?

-Анын ишке ашышын кантип билебиз?
-Аны жакшыртуу үчүн эмне кыла алабыз? ж.б.

Жогорудагы келтирилген суроолор окуу процессинин жыйынтыгын көрүүгө көмөктөшөт.

Окутуунун жыйынтыгын көрүүүчүн аны туура, так, түшүнүктүү, белгиленген мөөнөттө бүтө тургандай, баланын алы жете тургандай жаза билүү маанилүү.

Жогорудагы айтылгандай окумуштуу Б.Блум жана анын командасынын иштери боюнча окутуунун жыйынтыгын жазуу маселеси боюнча Европалык публикацияны жазышкан. Д.Кеннединин, А.Уолштун, М.Веббдин иштерин орус окумуштуулары Карачарова Е.Н, Тарасюк Л.Н тарабынан орус тилине которулуп , окуу процессине киргизүүнү сунушташкан.

"Окутуунун жыйынтыгын жазууну үйрөнүү"-өзүнчө изилдей турган маселе .

Жыйынтыкка карай окутууда ошол жыйынтыкты баалоо процессин жүргүзүүнү билүү маанилүү.

Ошондуктан баалоо процессине токтолуу абзел

**Жыйынтыкка карай окутуу** - баалоо системасын туура жүргүзүү аркылуу ишке ашат

Балоо системасын аны көп фунционалдуу кылуу аркылуу өркүндөтүүгө болот. Ю.В. Романов натыйжалуу баалоону аныктоо жаңыча мамилени сунуш кылып, алдыңкы катарга төмөндөгүдөй планды коюда. Баалоо системасы тигил же бул окуу материалы канчалык ийгиликтүүөздөштүрүлгөнүн, тигил же бул практикалык көндүм канчалык калыптангандыгын аныктоого, б.а. **окуучулар жетишкен деңгээл тигил же бул окуу курсуна коюлган талаптардын белгилүү минимуму менен салыштырыга мүмкүндүк бериш керек.** Мында негизги таяныч чекит катары дал ошол милдеттүү минимумду алуу максатка ылайык келет, себеби дал ошол минимумду кандайдыр бир деңгээлде так аныктоого болот. Баалоо системасы **ар бир окуучунун жалпы даярдыгынын деңгээлиндеги жалпы өзгөрүүлөрдүда, ошондой эле ар түрдүү таанып – билүү ишмердигинин тармактарындагы анын жетишкендиктеринин динамикасын да** (маалыматты өздөштүрүү жана иштете билүү, өзүнүн ой- пикирин жана образдарын чыгармачылык менен чагылдыра билүү ж.б.) так аныкташы керек, бул окуучулардын билим алуу жолундагы ийгиликтери менен кемчиликтеринин кыйла рельефтүү көрүнүшүн алууга мүмкүндүк түзөт.

Баалоо системасына окуучулардын өздөрүнүн жетишкендиктерин, ошондой эле окуу процессинин жүрүшүндө алар аткарып жаткан рефлексияны өздөрү, окуучулардын өзүн-өзү баалоосун кубаттоочу жана өнүктүрүүчү механизм салынышы керек. Бул учурда өзүн-өзү баалап жаткан окуучу өзү жетишкен натыйжалар менен мугалимдин баасын салыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуш керек.Чынында эле балоо системасынын толук ачык- айкындыгы өзүн –өзү баалоого түрткү берген фактор болуп саналат, бирок, бул албетте зарыл болгон шарттардын бирөө гана. Балоо системасы мугалим, окуучу, ата-эне, класс жетекчи, ошондой эле мектеп адмнинистрациясы мене педагогикалык коллективдин ортосундагы туруктуу байланышты билдириши жана камсыз кылышы керек. Мындай байланыш болбосо, окутуу процессин калыптандырууга карата системалуу мамиле болушу кыйын. Демек анын бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу мүмкүн эмес. Окуучуучүн бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылуу жөнүндөгү теманы улантуу менен баалоо системасы конкреттүү мектептеги класска карата бирдей колдонулушу керектигин айтуу зарыл. Башкача айтканда, ар түрдүү сабактарда ар түрдүү принциптерге негизденген баалоо системасы натыйжалуу болушу мүмкүн эмес. Баалоо системасынын принципиалдуу мүнөздөгү айырмачылыгы ар түрдүү куррактагы окуучулардын топторунун ортосунда болушу мүмкүн. Бирок эч качан ал предметтердин тобунун ортосунда болбошу керек.

Баалоонун дагы бир түрү-критериалдык баалоо

Критериалдык баалоо- бул окуучунун иш – аракетинин натыйжаларынын санын балл түрүндө баалабай турган система. Критериалдык баалоодо баа билим алуунун сапаттык көрсөткүчү болуусу зарыл.

Критериалдык текшерүү жана баалоонун негизги функциясы-бул окуучунун билим алуу иш –аракетинде билген жана билбеген жактарынын, өздүк потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн, чече албаган маселелеринин чегинин жана аны жеңе билүүсүнүн көрсөткүчү.

Критериалдык баалоонун негизги принциптери төмөнкүлөр, ал принциптер окутуунун жыйынтыгына негизделген

- **критериалдуулук** (мазмундуу баалоо жана текшерүү окучу менен бирдикте иштелип чыккан критериалдык баалоонун негизинде жүрөт. Критерийлер манилеш жана так болушу керек).
- **өзүн өзү баалоонун биринчилиги** (окуучунун өзүн өзү баалоосу мугалимдин баалоосунун мурунку орунда турушу керек.

**Өзүн өзү адекваттуу баалоого тарбиялоо**үчүн эки окуучунун өзүн өзү баалоосун салыштырса болот: алдын ала (алдыдагы жумушту)жана өткөндү чагылдырган (аткарылган жумуштуу)

- **ийкемдүүлүгү жана варианттуулук** (билим алуунун натыйжалуулугун түрлүү ыктарды жана аткаруу тартиптерин колдонуу маңыздуу текшерүүнүн жана баалоонун болжолу, жеке, топтогу, коллективдеги окуунун иш-аракеттерин изилдөө)

**Текшерүү жана баалоо процессинин кадимкилиги** (текшерүү жана баалоо окучу үчүнчүнүчтүүнү жана күчкө салууну жокко чыгарган кадимки шартта жүргүзүлүүсү абзел. Окуу жана билим алуу мүнөздөмөсүнө кадимки шартта, окуучулук иш – аракетин байкоо натыйжасы кирет.

Учурда жыйынтыкка карай окутуу процесси ЖАМУнун педагогикалык багытында окуган студенттердин “Окутуунун методикасы” предметтеринин жумушчу програмаларына киргизилип, системалуу окутулууда:

- Өзгөчө, сабактын максатын SMART критерийлерине таянып, сабактын жыйынтыгына карай коюу.
- Д. Колбдун “Окутуу жана окуп үйрөнүү түрмөгүнүн” сабакты пландоодо колдонулушу
- Б.Блумдун ой жүгүртүү денгээлдеринин таксономиясынын окуу процессинде сабактын максатын коюуда, суроолору, тапшырмаларды түзүүдө, бааалоо процессин жүргүзүүдө колдонулушу
- жумушчу программаларга баалоо критерийлеринин коюулушу
- окуу пландарынын компетентүүлүккө ылайык түзүлүшү,
- сабакта калыптандыруучу баалоонун технологияларын колдонуусу. жогорудагы айтылгандарга далил болот.

Окутууну жыйынтыкка карай уюштуруу дагы толгон токой көйгөйлөрдү талап кылат. Кийинки изилденүүчү маселе иш берүүчүнүн талабы боюнча окутуунун жыйынтыгын көрө билүү

**Адабияттар:**

1. И.Б. Бекбоев, Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек «Педагогика»2004,
2. И. Бекбоев «Педагогикалык процесс: Эски көрүнүштөр жана жаңычыл көз караштар» Б., 2005.
3. Н.Ф. Дик «Как стать лучшим учителем» Ростов-на Дону -2006..

4. Калыптандыруучу баалоо-жетишкендиктерди жакшыртуу үчүн баалоо Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо/түзгөндөрН.С.Жусупбекова ж.б.-Б:2011.
5. Кеннеди Д Написание и применения результатов обучения: практеческое руководетсво. Университет Корк(Ирландия) 2007г.(пер. Карачаровой Е.Н)
6. READ долбоорунун материалы Башталгыч мектепте баалоо
7. В.И. Сивоглазов, Т.С. Сухова, Т.А.Козлова «Общая биология поурочные планы» (11-класс) Айрис Пресс Айрис дидактика М., 2004
8. Уолш А., Вебб М. Пособие по написанию результатов обучения, 2002(пер.Тарасюк Л.Н).

# БИОЛОГИЯ САБАГЫНДА БИЛИМДИ ЖОГОРУЛАТУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ ИНТЕРНЕТ БАЙЛАНЫШТАРЫН ЖАНА ЖАҢЫ МААЛЫМАТТАР ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ

**_Ысаков Т.Ш., Ысакова М., Шарип кызы А_**
**_ОГПИ.,Ош МУ, Ош шаары_**

**_Аннотация_**

*В этой статье рассмотрено эффективность интернета и информационные технологии на уроках биологии.*

**_Abstract_**

*In this article the effectiveness of the Internet and information technology in biology lessons.*

Азыркы мезгилдеги компьютердик техниканын жана маалымат технологиялардын жетишкендиктерин биздин күнүмдүк турмушта кеңири колдонуу проблемасы-билим берүүнүн максатындагы негизги приоритеттердин бири. Жашоонун мазмуну (мүнөзү) өзгөрүп бараткандыктан, маалыматтык иш аракеттин ролу барган сайын өсүүдө, анын ичинде адамдар активдүү, өз алдынча иш алып барууда , ар кандай татаал ситуацияларда өздөрүнүн принципиалдуу жаңы чечимдерин технологиялык каражаттарды колдонуп кабыл алууда. Азыркы учурда дүйнөлүк педагогика, предметтерди окутуу методикасы, тактап айтканда жалпы эле адамзат башка илим, технологияларга кызыгуусун жаратып жаткан учуру. Мындай интенсивдүүлүктүн бирден - бир себеби технологиялардын өсүшү менен гана байланыштуу эмес, илимдердин интеграцияланышы, инсандын өзүн-өзү таанып билүүгө жакындашуусу менен да түшүндүрүлөт.

Маалыматташтыруу – бул билим берүү системасын модернизациялоодогу керектүү багыт.

Бүгүнкү күндө бардык предметтер боюнча компьютердик технологияларды пайдалануу боюнча атайын курстар иштелип чыккан. Мындай курстар биология предметин окутууда да кеңири пайдаланылат. Электрондук басылмалар(китептер) окуу китептерин алмаштырбастан өздөрүнүн дидактикалык өзгөчө функциялары менен айырмаланат. Алар кандайдыр бир конкреттүү китеп менен иш алып барбайт, алар билимдин мазмуну жөнүндөгү маанилүү суроолорго жоопторду издешет.

Биология сабагында МКТнын колдонуу, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн интенсивдештирүүгө жардам берет; предметти окутуунун сапатын жогорулатат; биологиялык обьектилердин негизги жактарын чагылдырат, жаратылыш кубулуштарын жана окутулуп жаткан обьектилердин негизги мүнөздөмөлөрүн(окутуу маселелердин жана максаттардын көз карашы менен)биринчи орунга коет.

Биология сабагы, информатика кабинетинде өтүлсө, анда “ Биология сабагынан жетишпеген окуучулар үчүн ” мультимедиялык окуу китебин колдонсок болот. Ал эми окуучулардын билимин текшерүүдө компьютерде тесттерди колдонуу ыңгайлуулукту жаратат. Салттуу ыкмага караганда компьютер тести бат жана обьективдүү алууга мүмкүнчүлүк берет. [1]

Биология сабактарында мультимедияны колдоонунун усулдук ыкмалары.

Традициялык технологиялардан мультимедиялык технологиялардын артыкчылыгы жогору: Материалды көрсөтмөлүү берилиши, билимдерди текшерөөдө эффективдүү мүмкүнчүлүк;окуучунун жана мугалимдин иштөөсүн уюштуруу жолдорунун көптүгүндө. Көпчүлүк биологиялык процесстер татаалдыктары менен айырмаланат. Образдуу ой-

жүгүртүүсү бар балдар обстрактуу жалпылыктарды кабыл алышы оор болот, алар сүрөтсүз процессти түшүнүшпөйт, кубулуштуу өздөштүрө алышпайт. Алардын обстрактуу ой-жүгүртүсүү образдардын жардамы менен өнүгүп-өсөт. Мультимедиялык анимациялык моделдер окуучунун аң-сезиминде биологиялык процесс жөнүндө толук сүрөттөлүштү түзүүгө мүмкүнчүлүк берет, интерактивдүү моделдер процессти өз алдынча"түзүүгө',өз каталарын ондоого, өз алдынча билим алууга мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы коом, мугалимдин алдына окуучуга бир гана билим берүү маселесин койбой, окуучунун инсандык манилүү сапаттарынын өнүгүү маселесин да коюп келет. Билим берүүдөгү гуманизация окуучунун түрдүү инсандык сапаттарына баалуу мамиле кылууну көздөйт. Билимдер, инсандык өнүп-өсүүсүндө максат катары эмес, ыкма, каражат катары колдонулат. Бул үчүн азыркы учурдагы компьютердик маалымат технологиялар( МКТ)зор мүмкүнчүлүктөрдү түзүп беришет. Билим берүү системасын маалыматташтыруу-кыргызстандык билим берүүнүн модернизациясынын негизги багыттарынын бири. Билим берүүнүн маалыматташтыруусун усулдар системалык, программалык, технологиялык каражаттарынын жана процесстердин, чогултуу, иштетүү, сактоо, жайылтуу жана окутуу процессинде маалыматты колдонууну интегралдаштырылган максатта карашат.[4,5]

**Маалыматташтыруу өзүнө камтыйт**

- Компьютештирлөөнү-маалыматты издөө жана иштетүү каражаттарын өздөштүрүү процесси.
- Интелектуализацияны – адамдардын маалыматтарды кабыл алуу жана түзүү билимдерин жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү процесси;
- Медитацияны –маалыматты чогултуу, сактоо жанак жайылтуу каражаттарын өздөштүрүү процесси.

Азыркы учурда адистер маалымат технологияларын жана информатика предметинин билим берүү мекемелердеги ордун жаңыча аныкташат. Информатика өз алдынча эмес, баардык предметтер боюнча маалымат окуу жөндөмдүүлүгү катары тыгыз байланышта каралат. Маалымат технологиялар мазмундук жана дитактикалык компоненттеринин предметтик маалымат чөйрөлөрүнүн моделдөөдө, түзүүдө жана анализдөөдө колдонулат.[6]

Предметтик маалымат чөйрөсү түзүү-окутуу усулунун дидактикадагы, психологиядагы, башкаруудагы атайын билимдерди талап кылат.

32-гимназияда маалымат жана коминикативдүү технологияларды пайдалануу менен окуу-тарбия процесси уюштурулган.'Системалык компьютеризациянын негизинде гимназияны башкаруу' проектинин ичинде жүргүзүлөт. Маалымат технологиялар мүмкүнчүлүк беришет.

- Ар бир окуучу өзүнүн билим алуусунун троекториясын камсыз кылуу менен билим берүүнүн ачык системасын түзүүгө.
- Билим берүү процессин уюштуруунун түп тамыры менен өзгөрүү менен бирге окуучулардын ой-жүгүртүүсүн системалык калыптандыруу.
- Окуу - тарбия процессинде окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн рацианалдуу уюштуруу.
- Окуу процессинде жекечилик максатында компьютерлерди пайдалануу жана жаңы таанып-билүү каражаттарына кайрылуу.
- Микро жана макро дүйнөдөгү процесстерди жана кубулуштарды окуп билүү, татаал техникалык жана биологиялык системалардын ичинде, компьютердин графика жана моделдөөнү пайдалануунун негизинде.
- Абдан чон жана кичине ылдамдык менен реалдуу жүрүп жаткан, түрдүү физикалык, химиялык, биологиялык процесстерин окуп-үйрөнүүгө ынгайлуу маштабда көрсөтүү.

Окутуунун жөнөкөй техникалык каражаттарынан айырмаланып МКТ менен окутуу окуучуну чоң көлөмдөгү даяр, атайын тандалган билимдер менен гана камсыз кылбай,окуучулардын интелектуалдык, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, өз алдынча билим алуусун, түрдүү маалымат булактары менен иштөөсүнө мүмкүнчүлүк берет.[7,8]

Биология сабактарында, жана окуудан тышкаркы убакытта ЭОР'Анотомия-8", Криллдин жана Мефодиянын энциклопедиясын,' Биология сабагы 10-11','Зоология'жана «Ботоника» электрондук энциклопедиярын, «Ачык биология» физиканы жана башкаларды пайдаланууга болот. Жогорудагы жана башка электрондук китептер төмөнкү дидактикалык маселелерди чыгарууга жардам беришет.

-Предмет боюнча базалык билимдерди өздөштүрүүгө.

-Алган билимдерин системалаштырууга.

-Экзаменге психологиялык жактан даярдоого.

-Күтүлбөгөн чукул суроолорго жооп берүүгө көнүктүрүү.

-МКТны пайдалануу менен бирге окуу материалы менен өз алдынча иштөө ыкмаларын калыптандыруу.

-өзүн-өзү контролдоого калыптандыруу.

-Жалпысынан билимге жана жекече биологияга мотивацияны калыптандыруу.

-Окуучуларга окуу материалдары үстүндө өз алдынча иштөөдө усулдук жардам көрсөтүү.

-Ыңгайлуу билим алуу чөйрөсүн жана маалымат булактарын издөөдө жана колдонууда өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү, башкача айтканда окуучуну кыска мөөнөттө экзаменге даярдоо, ошону менен бирге окуучуда көп пайдалуу жалпы окуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

Маалымат-коммуникацялык технологияларды колдонуу-окутууда жогорку жетишкендиктерге алып келет.

Маалыматтык технологияларды колдонуп сабак өтүү- окутууда күчтүү стимул жаратат. Мындай сабактардын жыйынтыгында кабыл алуу, түшүнүү, эске тутуу, ой жүгүртүү ж.б.у.с. психикалык процесстер окуучуларда активдешет, жаңы материалга кызыгуусун арттырууга шарт түзүлөт.

Биология сабагында маалыматтык- компьютердик технологияларды колдонуп сабак өтүү окуу процессин эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен, балдарды сергек, иштиктүү болуусуна алып келет, окуу материалын өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктарды басып өтүүнү жеңилдетет. Компьютер баланын акыл эсин өстүрүүгө жана өз билимин жогорулатууга мүмкүндүк берет, сабакка болгон кызыгуусун арттырат жана окуучуларда материалдарды өз алдынча терең иштеп чыгуусуна өбөлгө түзөт.

Сабакта компьютерди колдонуу –бул мода эмес, же мугалимдин эмгегин компьютерге жүктөө эмес, бул билимди өркүндөтүүчү иш аракеттерди активдештирет, сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатат.

**Адабияттар.**


1. Бартенева Т.П., Ремонтов А.П. Использование информационных компьютерных технологий на уроках биологии. Международный конгресс «Информационные технологии в образовании». — Москва, 2003.
2. Золочевская М.В., Рыкова Л.Л. Роль и место компьютера в учебно – воспитательном процессе. — Киев, 2002.
3. Смирнов В.А. Принципы конструирования компьютеризированного курса // Информатика и образование. 1994. №2.
4. Смирнов В.А. Пути использования персонального компьютера // Биология в школе. 1995. №6.

Ушундай көз караштан улам ал орустук мамлекеттүүлүк көз караштарын туземдик мусулмандык мектептер аркылуу ишке ашырууну максат кылган эмес. Ошол эле учурда ал Түркстан крайында теги жана келип чыгышы боюнча татарлар менен сарттарга жакын болсо да өзүнчө этнографиялык топ катары бир гана мусулман мектептеринин акылмандыгына берилбеген ошондон улам билим берүүдө, жашоого жөндөмдүү жана кабыл алгыч көп сандаган кыргыз калкы бар экендиген билген (бул жерде казактар, кыргыздар эске алынган-А.Э.). Ошондон улам ал өзүнүн агартуучулукка болгон көңүлүн Түркстан крайында кыргыз балдары үчүн орус мектепетерин түзүүгө бурган. Ал «кыргыздардын балдары орус мектептеринде орусташат жана орус жарандыгына көнүшөт, ошондон улам тар жана бир жактуу мусулманчылык европалык цивилизациянын принциптерине жана идеяларына ылайык келбеген өз таасирин тийгизүүчү абалда болбой калат»[5, 140] – деп ойлогон. 1879-жылы Ташкентте мугалимдер семинариясы түзүлүп анда орустар менен кошо кыргыздардын балдарынын бирге окуусу чечилген. Бул көз карашка ылайык кайрадан ачылган семинарияга тарбиялануучуларга орус транскрипциясынын негизинде кыргыз тилине үйрөтүү киргизилген.

Түркстандагы туземдиктердин билим алуусуна туруктуу көз караштын жоктугунан кыргыздарды орусташтыруу тажрыйбасы өзгөртүлгөн. 1883-жылы башында семинарияга сарт тили, 1885-жылдан перс тили киргизилген. Орус транскрипциясы аркылуу кыргыз тилин окутуунун ордуна араб алфавити аркылуу сарт жана перс тилдерин окутуу биротоло бекитилген, сөз кылышкан арап тилин окутууга уруксат берилген эмес. Бирок, семинарияга дээрлик кыргыздар тапшыра берүүсүн уланткан. Ушундай жолдор менен мурдагы долбоорду кыя өтүп сарт жана перс тилдеринде мусулман жазуусуна үйрөтүшкөн [5, 142].

1880-жылдардын ортосунда Александр III такка олтурушу жана Розенбахтын орусташтыруу саясаты менен байланыштуу билим берүүдө жагдай өзгөрүүгө учураган. Орусташтыруунун негизги каражаты катары мектептерге зор маани бериле баштаган [ 3, 262].

1887-жылдын 1-январына карата орус мектептеринде баары болуп жергиликтүүлөрдөн край боюнча 245 бала окуган. Атайын жергиликтүүлөр үчүн Ташкент гимназиясынын алдында түзүлгөн интернат бош турган. Анткени андагы окутуу жергиликтүү элдин таламдарын жооп бербегендиктен таза орус мектептерине жергиликтүүлөр балдарын берүүнү каалашкан эмес.Ошол себептүү күн тартибине орус-тузем мектептерин ачуу маселеси коюлган. Анын демилгечиси болгон генерал-губернатор Н.Роезенбах: «Мусулмандык түркөйлүк менен күрөшүүдө биз баары бир алсызбыз, 20 жылдык башкаруу учурунда биз өзүбүзгө жүктөлгөн тарыхый милдетибизди жана бөтөн элдердин билим алуусунда агартуучулук миссиябызды аткаруга дээрлик киришкенибиз жок»[3, 325]- деп өз демилгесинин зарылдыгын белгилеген. Н.Розенбах Орус жана жергиликүү калктардын балдары үчүн бир класттык приходдук училища деп аталган башталгыч мектептин тизимин түзүү долбоорун сунуштаган. Бул долбоор Александр III тарабынан колдоо тапкан. 1884-жылдын акырында Ташкент шаарынын «азиялык бөлүгүндө» ушундай мектеп биринчи жолу ачылган. Анын ачылышында куттуктоо сөз алган генерал Н.И. Гродеков менен семинариянын директору Ю.Ф. Крачковскийлер бул күндү бактылуу күн катары белгилешип сарттардын чыныгы маданиятка, нукура прогресске карай жол алуусу катары баалашкан [ 5, 143]. 1886-жылдан баштап ал мектептер орус-тузем мектептери деп аталып кеңири тарала баштаган. Нукура орус мектептеринен айырмаланып аталган мектепте билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү болгон. Окуу күнү эки бөлүккө бөлүнүп, биринчи эки саатында орус тилинде орус мугалими тарабынан окуу, жазуу жана арифметика сабактары окулса экинчи бөлүктө жергиликтүү тилде мусулман дини боюнча молдо сабак өткөн [3, 326]. Генерал-адьютант Н. О. Розенбах орус тузем мектептеринин ачылышы менен туземдик калк арасында орус рухун жаратууга жана бекемдөөгө көмөктөшүүлөрүн областтын начальниктерине буюруп: «Бул мектептер жакын жана ишенимдүү жолдор менен Түркстан крайынын бардык элдеринин турмуш тиричиликтик жана экономикалык кызыкчылыктарын жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарга бириктирет жана бул элдердин биздин кубаттуу метрополиядагы түпкүлүктүү орус калкынын улуу үй-бүлөсү менен жуурулушсуна биротоло алып келет» - деп өз оюн билдирген. Ушундай пикирде Розенбах туземдиктердин аң сезиминде орус мамлекетик бийлиги өз бийлик, орус тили өз тил болот деген түшүнүк калыптанышына ишенип, мусулман мектептеринде бугуп жаткан сеператизм өзөгүнөн ажырап, орус тузем мектеби эски мусулман мектептери жуурулушат деп божомолдогон.

1896-жылы Фергана областында эки орус-тузем училищасы ачылган. Алардын бири Кокондо 7 окуучусу менен, экинчиси Эски Маргаланда 18 окуучусу менен иш алып барган. Наманганда 23 окуучусу менен, Ошто 20, Чустта 18, Кожентте 20, Анжиянда 14 окуучусу бар орус-тузем мектептери болгон.

Кыргызстанда биринчи орус тузем мектеби дунгандардын балдары үчүн 1884-жылдын октябрында Каракуну кыштагында уюштурулган. 1888-жылы Ошто, 1897-жылы Токмокто, 1898-жылы Николаевский кыштагында орус-тузем мектептери иш алып барган [6, 51]. 1900-жылы орус тузем мектеби Кетмен-Төбө капчыгайында ачылган [6, 65]. Оштогу орус-тузем мектебинин алдында 1887-жылдан тартып орус тилин үйрөнүү боюнча чоңдор үчүн кечки курстар иш алып барган. 1913-жылы мында 18 киши окуган. 1910-жылы мындай кечки курстар Прежевальскийдеги орус-тузем мектебинде ачылып, мында 90 киши окуган, анын ичинде 25 кыргыз болгон [ 10, 10].

Мусулманчылык маселесин кайра кароонун алкагында билим берүү маселесине кайрылып, өзүнүн көз караштарын жайылтып аны ишке ашырууга аракет кылган край башкаруучуларынын бири генерал-губернатор С.М. Духовский болгон. Генерал–лейтенант С.М.Духовскийдин көрсөтмөлөрүнөн элдин жашоосунун тиричиликтик жагдайларын, тилин, динин билбей туруп башкарууга болбой тургандыгына ынангандыгын туюуга болот. Ушундай эле көз карашын бекемдеген дагы бир циркулярын ал аскер-губернаторлорго жолдоп, анда өзүнүн Самарканд жана Фергана областарына барганында ага ошол жерлик чоң кишилер менен катар эле жаш балдардын да учурашууга келишкендиктери колдоого гана ээ болбостон, көңүлгө да ылайык келгендигин айтып келип: «Жаш муундарды тарбиялоо биздин өзгөчө камкордугубуздун предмети болууга тийиш жана бул максатта бир да иш чара текке кетпеши керек. Өсүп келе жаткан жаштар өздөрүнүн начальниктерин жана жетекчилерин, алардын көз караштары менен талаптарын жакшы билүүгө үйрөтүлүүсү керек, бийликтердин аларга карата жагымдуу кайрылуусу жана жакшы мамилеси катуу буйруктан да өктөмүрөөк таасир калтыраары белгилүү»[8,14], - деп жыйынтыктаган. Генерал-губернатор Духовский орус мектептериндеги мусулман окуучуларынын Россияга саякаттап келүүсүн уюштуруу маселесин көтөргөн жана элдик училищанын инспектору Граменицкийге долбоорду даярдоону сунуштаган. Жыйынтыгында 18 мусулман окуучусу Самаркандан Петербургга келишкен[9]. Бул маалыматты жарыялаган «Таржуман» газетасынын редакциясы «мындай саякаттар абдан пайдалуу, балдардын санын көбөйтүү зарыл»[9] - деп өз оюн билдирген. Анжиян көтөрүлүшүнө байланыштуу край аймагындагы сапардан кийин губернатор бир кездеги крайдын түзүүчүсү атанган биринчи генерал-губернатор К.П. фон Кауфмандын «орустардын жана туземдердин балдарын бирге тарбиялоо керек, орустар мектептеринен мусулман мектептерин обочолотуу экономикалык жана саясий мамиледе зыяндуу» деген пикирин улап орус-тузем мектептерин көбөйтүү саясатына киришкен. Мындай мектептердин ачылышы айрыкча Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин катуу темпте өнүккөн.

Крайды башкарууга тартылган орус чиновниктери туземдик мусулмандардын ишеними, каада-салты, үрп-адаттары боюнча жалпы элестетүүлөрү болуусу керектигин белгилеп, бул максатта «Мусулманчылык боюнча материалдар жыйнагын» түзгөн. Мусулман мектептерине карата 1893-жылдын 1-мартындагы еврей хедерлери ( диний башталгыч мектеби- А.Э.) жөнүндөгү мыйзамды жайылтуунун сунуштаган, бул пунктта ал анын жардамчысы, болочоктогу мураскору, генерал Н.А. Ивановдун таасири алдында калган[5, 147 ].

Анын негизги ойлору «Түркстандагы ислам» аттуу отчетунда чагылдырылган. Отчеттун корутунду бөлүгүндө Духовский христиандар менен мусулмандардын жакындаштыруучу төмөнкүдөй иш чараларды белгилеген: Эбактан бери өздөрүнүн мурдагы башкаруучуларынын эч нерсе менен ченелгис жеке бийлигине көнгөн туземдиктерге карата гумандуулуктун жана адамгерчиликтин кеңири башталмасы колдонулбашы керек;; Мусулмандардын рухий башкармалыктарынын болушу зыяндуу; Мусулмандар арасында миссионердик ишмердүүлүктү өнүктүрүү сунушталбашы керек, антпесе бул бизге карата мусулмандардын кастыгын жаратаары айкын; Орус тузем мектебинде окуган уландарды жыл сайын каникул учурунда өз көздөрү менен өлкөнүн, анда жашаган калктын кандай экендигин көрүп келүүгө Россияга жөнөтүү зарыл; Мусулмандардын арасында иш алып барган дарыгер аялдардын жана фельдшер-акушерлердин иштери аркылуу орус медицинасына болгон ишенимди жаратууну ар тараптан колдоо зарыл ; Жергиликтүү администрациянын кызматкерлери жана Түркстан аскердик округунун офицерлери жергиликтүү тилди жана мусулмандардын турмушун үйрөнүүгө тийиш, котормочулардын ролунун начарлашы менен акырындап туземдиктер

менен алакалашууга орус тилин киргизүү керек; Крайдагы мусулман мекемелеринин так саны алынуусу керек; Мусулман мектептери администрациянын ыктыярына берилүүсү зарыл; Үй-бүлөлүк турмушка казы бийлердин бизге пайдасыз нравалык басымын азайтуу үчүн администрацияга үй-бүлө жана нике иштерин териштирүү укугу берилүүсү зарыл; Генерал-губернаторго саясий жагдайда зыяндуу деп табылган мусулмандык мекемелерди жоюу укугу берилиши керек [7, 63-64]. Тилекке каршы Түркстан генерал–губернаторунун бул долбоору мыйзам катары кабылданууга жетише албаган. Анын айланасында бир далай талаш тартыштар жүрүп, сын пикирлер айтылган

Ислам боюнча белгилүү адистердин бири А.Д. Давлетшин: «Ущул жыйнакка топтолгон материалдар аркылуу мусулманчылык менен таанышуу өкмөттүн улуттук чет жакалардагы таламдарына жооп берүүсү күмөн, Расмий басылма аркылуу мусулмандар христиначылыктын келишпес душманы, ислам башка диндерди тааныбоого үйрөтөт сыяктуу мындай болбогур идеяларды таратуу Орто Азиядагы туземдерге карата жек көрүүнү жаратат жана крайдын элине карата башкаруучу таптын адамгерчиликти сыйлоо сезимин кыйратат. Мусулмандардын динине карата мындай ой жооруулар аларда нааразычылык сезимин калтырат жана тарыхый жактан калыптанган жаңжалдарды арбытат» [2, 236-237]- деп долбоордун талуу жерлерин белгилеп, каршы пикирин билдирген.

Албетте орус тузем мектептерин ачууда анын демилгечилери белгилешкен максаттарга толук жетишилген эмес. Мындай жыйынтыкты Түркстандагы бийлик ээлери да байкашкан. Крайдын акыркы генерал-губернатору Н.Куропаткин: «Орус бийлигин жарым кылымдык башкаруусунда бөтөн элдерди Орусиянын императорунун ишенимдүү кызматкерлери жана орус мамлекетинин берилген букаралары кыла алган жок, өз кызыкчылыктары менен орус падышачылыгынын кызыкчылыктарынын бир экендигин алардын аң сезимине орното албады»[3, 265.] деп таасын белгилеген. Ал эми белгилүү миссионер Н. Остроумов да орусташтыруу түпкү максаттарына жетпегендигин: «К.П. фон Кауфмандын жана анын эки мураскорунун Түркстан крайындагы туземдиктерди орусташтыруу, түркстандык чет жакаларды метрополия менен жуурулуштуруу боюнча мүдөөлөрү жана тилектери акталган жок. 1892-жылы Ташкентте туземдиктердин арасында ири жаңжал чыккан. 1898-жылы Фергана областы бүткүл крайдын тынчтыгын бузган көтөрүлүшкө чулганган. Мында мен дароо эле жаңыдан басып алынган мусулман крайында орус администраторлору болжошкон түпкүлүктүү мусулман мектептеринин кыйрап жок болуусу гана эмес мусулман маданиятынын жашоого жөндөмсүз деп таанышкандыгын дароо эске алдым»[5, 146.] деп жазган.

Падышачылыктын мектеп жана билим берүү саясаты жергиликтүү калкты орусташтыруу жана Орусия империясы менен тыкыр байланыштыруу максатын жетекчиликке алган. Албетте, бул саясаттын натыйжасы белгилүү деңгээлде оң натыйжа бергени менен түпкүлүктүү максатына жеткен эмес. Ага жооп иретинде жаңы усул мектептери-жадидизм кыймылы келип чыккан. Ал эми мусулмандык билим берүү совет бийлигинин алгачкы жылдарына чейин улантыла берген.

**Адабияттар:**


1. Т-ов.С. Андижанское восстание и его причины //Туркестанский сборник. Т.471.
2. Арапов Д.Ю. Императорская Россия и мусульманский мир.- М.,2000 С. 236-237
3. Бахрушин С.В. История народов Узбекистана.-Ташкент, 1947.-С. 263,265, 326.
4. Бендриков К.Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане. – М.: АПН РСФСР. – 1960. – С. 63.
5. Остроумов Н.К. Колебания во взглядах на образование туземцев в Туркестанском крае. В кн.: Кауфманский сборник. М., 1910.С.-143,146-147.

6. Обзор Семиреченской области за 1887 год.- Верный, 1888 . - С. 51, 65.
7. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором Гофмейстром графом К. К. Паленом//Сельское управление. Русское и туземное. СПб. Сенаторская типография .1910.- 63-64.
8. Тимаев К. Андижанское восстание (из личных воспоминаний) // Средняя Азия. Ежемесячное литературно- историческое издание. Кн. 2. Ташкент. 1910. С.-14
9. Туркистан валийсиниг гозал Тадбири ( Хорошее решение губернатора Туркестана) // Таржуман, 1898.№44.-С.1.
10. ЦГА РУЗ, ф. и.-47, оп.1, д.1071, л.10.

УДК 398.87

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КОШОК ЫРЛАРЫНЫН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ

***Анарбекова В.Э.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
***Artur-Argen@mail.ru***

***Аннотация***

*Бул макалада "Манас" эпосунда айтылган кошок ырларындагы эпикалык баатырлардын Ата Мекен учун болгон патриоттук эрдиктери, эркек кишилердин (Манас, Бакай) жана кыз-келиндердин (Арууке менен Каныкей) жоктоосу, мамлекеттуулук идеяны ыйык туткандыгы, азаттык учун болгон курош, баатырлардын социалдык абалы, урп-адат, этностордун аталышы жонундо баяндалат.*

***Annotation***

*The epic heroes* patriotic heroism for Fatherland, men*s (Manas, Bakaı) and women*s (Aruke,Kanykey)weeping,holding the national idea in deepest respect, struggle for freedom, the social position of heroes,traditions,and the names of ethnology in koshok songs from «Manas» epos are described in this article.*

Кошок оозеки чыгармачылыктын ичиндеги эң байыркы жанр. Манас эпосу да кошоктон чыккан деп айтылат. Мисалы, баатырлар өлгөндөжесирине тул салдырып, алтымыш кошокчу аял кошуп, аза күткөнү Манас өлгөндө;

"Алтымыш катын кошокчу,
тул түбүндө Акылай.
Баягы кайран жеңең Каныкей,
боздоп турду буркурап.
Кошуп эле турат чыркырап[1]"

деген саптарда жалпы эле кошоктордун айтылуусу кыз-келиндерге таандык экендиги жөнүндө баяндалат.

Бирок, тарыхый маалыматтарда эркектердин да кошок айтканы жөнүндө мисалдар көп. Мындай тартип ар дайым эле сакталып келген эмес. Мисалы, Манас эпосунун өзүндө эле элде алгач Манасты Ырчы уул айтып, өлгөндө анын баатырдык иштерин кошкондугу жөнүндө уламыштар бар. Ал кошокторду легендарлуу Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген дешет. Бирок, ырчынын туулгандыгы жана дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу так маалыматтар жок.

Эркектин аялга карата кошогунун бир мисалы жөнүндө маалымат сакталып калган. 1865-жылдардан мурун айтылып жүргөн деп саналган "Туяна" аттуу кошок 1923-27-жылдары Белек Солтоноев тарабынан билим борборуна тапшырылыптыр[2].

Ал кошокто:

"Кара тору Туянам,
Катынча кошуп ыйларга,
Калкымдан жаман уялам" [3]

деген саптардан эле өткөн заманда аял үчүн эр адамдын кошок айтуусу чектен чыккан иш катары эсептелгенинен кабар берет.

Манас эпосунда Чоң казатта капыстан Чубак баатыр жоголуп кетет, ошондо Манас:

Кайраным Чубак сен элең,
Канган Манас мен элем.

Арстан Чубак сен элең,
Артымда Чубак жүргөндө.
Ааламды алам дээр элем. [4]

Ал эми Манастын Алманбетке кошкон кошогунда:

Атана арман дүнүйө,
Эгиз козу түгөйүм.
Алакем атышка салсам ак жолум элең,
Болот элең таш кескен!
Айкырып Алмаң турганда.
Мен Бээжинди бузам дечү элем.
Алты түмөн кол келсе,
аралап жеке кол салган,
Асылым Алмаң ала жат[5].

өңдүү ыр саптары менен бекемдеши баатырдык идеяны тереңдеткен.

Манас, Алманбет өлгөндө Арууке менен Каныкейдин кошогунда мындай сөздөр айтылат:

Ар уруудан көйнөгүм,
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай айкөлүм,
Тарта кетчи койнуңа[6].

Бул сөздөрдөн жоокердик (варвардык) доорунда эри менен кошо аялдарын, кул-күңдөрүн, атын кошо көмгөн каада-салттын рудиментин[7] көрөбүз, деп жазат Мухтар Борбугулов [8].

Тарыхта белгилүү болгондой байыркы Египет, Кытай сыяктуу өлкөлөрдө жана байыркы көчмөн урууларында аскер адамы жоодо каза болсо атын, курал-жарагын кошо көмгөн. Ал эми С.М. Абрамзондун эмгегинде кыргыздардын, ошондой эле Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдеринин каада-салтында никенин левират (жесири-жеңесин, келинин алуу) жана сорорат (балдызын алуу) [9] деген салты дагы жазылгандыгы маалым. Демек, күйүт үстүндө өлүккө кошо өздөрүн табыштоо маанисинде кошокто дагы чагылып жаткансыйт.

Тереңирээк ой жүгүртүп көрсөк Л.П.Потапов[10] менен С.И. Вайнштейн[11] изилдеген никенин түрлөрүн (левират) көрүүгө болот жана эпосто Каныкейге Кыргыл чал менен Тазбайматтын жуучу түшүшү буга мисал боло алат.

Өлүм жана ага алып баруучу нерселердин бардыгы жамандык, тирүүлүк жана аны бекемдеген нерселердин бардыгы жакшылык. Жашоодо тирүүлүк-өлүм, жакшылык-жамандык оппозиция. Ошентсе да жашоо улана берет. Жарыктыкта ар бир инсандын орду бар, жоготуу орду толгус кайгы. Мисалы, Бакай хандын баласы Байтайлак калмактар менен күрөштө каза болот. Анын башын бир бөлөк, денесин бир бөлөк кылып Күлчоро атасына өңөрүп келет. Атасынын, көзүнүн жашы көл болуп, сакалы ылдый жаш кетип, шалдырап мууну бошоп, Бакайдын шайы кетип, күйгөнүнөн кара көздөн кан аралаш жаш кетип ыйлайт. Бул эпосто төмөндөгүчө айтылат:

Кайгысына Бакайдын,
“Карагай-кайың тал ыйлап.
Өчпөскө бүткөн күн ыйлап,
Өсүп чыккан гүл ыйлап.
Өз жат дебей баары ыйлап,
Токтоно албай тоо ыйлап.
Адыр ыйлап, жер ыйлап,
Аккан тунук суу ыйлап.

Айдын көлдө куу ыйлап,
Алты сан кара көп ногой .
Катын, эркек бул ыйлап,
Элдин баары чуркурап.
Эси кетти буркурап.” [12]

деп жалгыз кырчындай жаш баатыр өзүнүн түмөн кол аскери менен эл-жерди коргоо үчүн жарык дүйнө менен кош айтышкандыгын билдирет. Мындай трагедия жалпы эле эпикалык чыгармаларда кайталанат.

Каныкейдин кошогунда: “Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып” кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылган армандуу күйүтүн кошокто чагылдырат. Кеңеш Жусупов “Өткөн заманда күйөөсү өлгөн жесир аял бетин беш манжасы менен каната тырмап, дак салып, кара кийинип, аза күтүп, үй ээсин күнүнө үч маал жоктоп кара ашына чейин кошок айткан” [13] деп жазат.

Саякбай Каралаев Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы менен таасын айтат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей “тарак тийбес кара чачынан” жулуп ыргытканда “тал-тал токой бүтөт”, көз жашынан “дайра болуп кара суу агат” [14].

Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги жөнүндөгү ой, ата журт темасы алдыңкы катарга чыгат:

“А дүйнө кеткен сен болдуң,
Азапты тарткан мен болдум.
Береги кара жаак айбалтаң,
Кайкалатып ким аштайт?
Сурап ичме тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Аргын кыргыз элиңди,
Тополоң кылбай ким баштайт?”

Манастын абасы Кошой хан дагы ушундай кошок кошот:

“Манасым, кара жаак айбалта,
кайкайлатып ким аштайт,
Каңгайдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай журтумду,
Мунун акылын таап ким баштайт?
Долоно саптуу ай балта,
Толгондурбай ким саптайт?
Береки толуп жаткан журтуңду,
Тозок бир келсе манжуудан,
мунун топ-тобун бузбай ким баштайт?” [15]

Эпикалык чыгармада кытай, калмак, кара калмак, шибе, кара кытай, солон, эштек, добот (тибет), ойрот, торгоот, маңгырт, кара ногой, сары ногой, ногой, чүрчүт, олок, орус, урум, сарт, өзбек, казак, нойгут, кыпчак, оогон, тажик, кызыл баш, үндү, манжу, долу жана кыргыз[16] деген этностор айтылат. Имель Молдобаевдин изилдөөлөрүндө болсо 300дөн ашуун[17],ошондой эле М.Ч. Мамыровдо болсо 80ден ашык[18] этнонимдердин бар экендигин маалымдалган.

Манас баатыр ооруп жатканда Каныкей:

“Эчкилинин ташынан,
Өлө электе Манаска
Жай камдаткан башынан
Оозун карап Каныкей

Жалгыз киши баткандай
Ары жагын көөлөткөн
Алты миң кой жаткандай” [19]
кылып, аземдеп мүрзө каздырган.

Археологиялык жактан караганда казанак көр болгон деп айтууга болот дешет изилдөөчүлөр[20].

Эпосто өз орду жана чыгармачылык чеберчилик менен колдонулган кошок ырлары окуянын кульминациялык чегин, башкача айтканда жалпы кыргыз элинин башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Кыргыз калкынын мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдөазаттыкка умтулуп, өз көз карандысыздыгын сактап келгендигинекошоктордун да таасири болгондугу келтирилген мисалдардан көрүнүп турат.

**Адабияттар:**

1. Манас.Энциклопедия. Бишкек,1995. 1-том. 329-б.
2. КРУИАнын кол жазмалар фонду. 219-385-инвентарлар
3. Кошоктор. Эл адабиятсериясы. Бишкек.,1998. 21 том. 11-б.
4. Жусуп Мамай варианты. “Семетейден”.// Кыргыздар. Кеңеш Жусупов. Бишкек.,1997, 4 том.307-б.
5. «Манас». Түзүүчү Кеңеш Жусупов. Бишкек., 1995. 103 бет.
6. Манас. Курама вариант. 2-китеп. Фрунзе.,1958. 206-207 бб.
7. Рудиментардык — (латынча rudimentum – башталгыч деңгээл, эми гана башталган бүчүр, өспөй калган, жоголуп бара жаткан, мурунку доорлордон калып калган, эскичилик салт-санаа деген мааниде.
8. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы. Бишкек., 2004. 72-бет.
9. Абрамзон С.М.. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек.,1999. 160-б.
10. Потапов Л. П. Краткие очерки истории и этнографии хакасов (XVII-XXIX вв.). Абакан: Хакасское областное государственное издательство, 1952. - 215 с.
11. Вайнштейн С.И. Тувинцы-тоджиинцы (историко-этнографические очерки) Текст.: научное издание С.И. Вайнштейн: отв.ред. Л.П. Потапов М.: Издательство восточной литературы, 1961. - 218 с.
12. Жусуп Мамай варианты. «Семетейден».: Кыргыздар. К. Жусупов. Бишкек.,1997. 283-б.
13. Жусупов К. Кыргыздар. Бишкек, 1995. 1 том. 305-б.
14. Манас. 1-бөлүм, 2-китеп. Фрунзе.,1959. 306-б
15. Манас. 1-бөлүм. 2-китеп. Фрунзе.,1959. 304-б.
16. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек.,1993. 2 – китеп. 138-б.
17. Молдобаев И.Б.. Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов.Бишкек.,2004.-11-б.
18. Мамыров М.Ч.. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. Бишкек., 005.
19. Манас. 1-болүм. 2-китепче. Фрунзе.,1959. 309-б.
20. Молдобаев И.Б. Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов.

УДК: 371.3: 51

# М.Н.НАЗАРОВ – ОКУМУШТУУ, ПЕДАГОГ ЖАНА УЛУУ ИНСАН

***Аттокурова А.Дж.***
***ОшМУ, Ош ш.***
***attokurovanarkan@rambler.ru***

**_Аннотация_**

*Макалада профессор М.Н.Назаровдун окумуштуу, педагог катары ишмердүүлүгү, улуу инсандык сапаттары жанамугалимдин педагогикалык устаттыгы, чебер математика мугалими жөнүндө көз караштары баяндалат.*

**_Annotation_**

*This article speaks about activity and personal qualities of the professor Nazarov M.N.as a scientist and teacher, his pedagogic guidance and craftsmanship of teaching mathematics.*

Кыргыз интеллигенциясынын алгачкы өкүлү, илим жолуна биринчилерден болуп чыйыр салган инсан, СССРдин Элге билим берүүсүнүн, СССРдин жогорку окуу жайларынын, Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн мыктысы, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Назаров Мадамин Назарович улуттук педагогиканын, өзгөчө математиканы окутуунун усулдарын изилдөөнүн көч башында турган сыймыктуу окумуштуу-педагогдордун бири болгон.

Ал 1933-жылы Ош областынын Араван районуна караштуу “Жаңы-Абад” айылында жыгач устанын үй-бүлөсүндө туулган. Анын балалык мезгили өткөн кылымдын 30-жылдарындагы экономикалык кыйынчылык мезгилге, 41-45-жылдардагы катаал согуш убагына жана андан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү жылдарына туура келген. Мадамин агай ал жылдарды эскерип: “... бизди, аравандыктарды 30-40-жылдары апаларыбыз пахтанын арасында төрөп, пахтанын арасында чоңойтушкан”- деп айткан.

Мадамин Назаров 1950-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктайт. Ошол мезгилде Ош, Жалал-Абад, Фергана, Андижан шаарларында жогорку окуу жайлары жок, экинчи жактан материалдык жардам берүүчүсү да жок, жалгыз гана апасы болгондуктан, алыскы шаарларга окууга бара албай колхоздо иштеп калат. Ал 1951-жылы Оштогу педагогикалык институттун ачылганын угуп сүйүнүп окууга тапшырат да физика-математика факультетинин “Математика” бөлүмүнө сынактан ийгиликтүү өтөт. Бүт өмүрүн илимдин ушул тармагына сарптоого аракеттенген жаш студент биринчи күндөн эле “эң жакшы” деген бааларга окуп, жогорулатылган стипендия алууга жетишет. Ал институтта факультеттин комсомол уюмун жетектейт, Коммунисттик партиянын катарына өтүп саясий-агартуу жана тарбиялык иштерге да активдүү катышат. Анын мугалимдик стажы 1953-жылы Ош шаарындагы “25-Октябрь” орто мектебинин кечки бөлүмүнүн 7-10-класстарына математикадан сабак окутуудан башталат.

Мадамин Назаров 1955-жылы Ош ПИни “артыкчылыгы менен” аяктап Араван районунун борборундагы А. Навои атындагы орто мектепте орус жана өзбек класстарына математика жана физика мугалими, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп иштейт.Партиянын райондук комитети 1958-жылы жаш адисти райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына дайындайт. Бул кызматта иштеп жүрүп ал жалпыга милдеттүү окуу мыйзамын турмушка ашыруу, аларды жогорку квалификациялуу мугалимдер менен камсыз кылуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселелерине көп көңүл бурат. Ошону менен катар окутуунун методикасын, усулдарын жакшыртуу проблемасы анын көңүлүнүн борборунда болот.

1961-жылы М.Назаровду Ош ПИнин администрациясы жумушка чакырат. Ал 1964-жылы жогорку математика кафедрасынын ага окутуучусу, 1965-жылдан элементардык математика жана аны окутуунун методикасы кафедрасынын башчысы болуп иштейт. 1966-жылы Кыргыз педагогикалык илим-изилдөө институтунун сырткы бөлүмүнүнаспиранты болуп жигердүү илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгында 1971-жылы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болот[2].

Мадамин Назаров 1965-82-жж. математиканы окутуунун методикасы кафедрасын жетектеп материалдык-техникалык базасын чыңдоого, мектеп тибиндеги кабинеттерди түзүүгө, кафедра мүчөлөрүнүн илимий-методикалык деңгээлин көтөрүүгө зор күч жумшаган. Ал кафедранын бардык мүчөлөрүнө бирдей талаптарды коюп анын жыйынтыгын чыгарууга аракет жасачу [5].Мадамин агай кафедрада математиканы окутуунун проблемалары боюнча илимий-методикалык семинарды өзү жетектеп ар бир окутуучунун илимий-изилдөө жумуштарынын натыйжасын дайыма сурап турган жана усулчу-математиктердин мектебин түзүүгө жетишкен [3].

Ал 1976-жылы кафедранын доценти, 1982-жылы профессору болуп шайланган. СССРдин Жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен 1990-жылы Мадамин Назаровго профессор наамыыйгарылган.

Учурда устат агайдын алдыңкы шакирттери математиканы окутуунун методикасы боюнча окумуштуу-педагогдор, атап айтканда Син Е.Е. – педагогика илимдеринин доктору,Алтыбаева М., Мадраимов С., Бөрүбаев Т., Жапаров С. – педагогика илимдеринин кандидаттары,кийинки шакирттери Тургунбаев С., Касымбаев Б., Аттокурова А., Турдубаева К. педагогика илимдеринин кандидаттары болушту.Азыркы күндө да М.Н.Назаровдун илимий мектебинен даярдалган жаш окумуштуулар ал койгон илимий проблемалардын үстүндө изилдөө жумуштарын улантып жатышат.

М.Н.Назаровдун математиканы окутуу проблемасы боюнча окуу колдонмолорун жазууда, математика адистерин даярдоодо, математика мугалимдеринин билимдерин өркүндөтүүдө, математиканы тереңдетип окутуучу класстарда жана мектептерде окутууну усулдук жактан камсыз кылууда кошкон эмгектери эбегейсиз. Айрыкча Ош областындагы алдыңкы мугалимдердин иш-тажрыйбалары Оштогу мугалимдердин билимдерин өркүндөтүү институту тарабынан областка жайылтылардан мурдаагайдын сыноосунан өткөн, аларды илимий-методикалык жактан негиздеген, мугалим өзү сезип туйбаган ички сезимдерин жана сырларын көрө билип алардын мындан ары алга жылышына импульс берген[4].

Проф. М.Н.Назаров математика мугалиминин моделин түзүүгө өзгөчө маани берип,чеберматематика мугалимине коюлган талаптарды иреттеген:

1. Өзүнүн кесибинин теориялык фундаментин түзгөн математика илимин терең билиши зарыл;
2. Педагогика жана психология предметтерин, окутуунун дидактикасын, принциптерин өздөштүрүүсү керек;
3. Жалпы көз карашы, ой жүгүртүүсү үчүн зарыл болгон табигый жана коомдук илимдерди билиши зарыл;
4. Предметке карата методикалык билимдрге ээ болушу керек.
5. Чебер математика мугалимдерине мүнөздүү болгон инсандык сапаттарга ээ болушу керек.

Математика мугалимдеринин кесиптик мааналуу сапаттарын 4 группага бөлүп көрсөткөн:

I. Математиканы окутууну уюштуруу (пландаштыруу, сабакка даярдануу, сабактын максатын аныктап эффективдүүлүгүн жогорулатуу, метод тандай билүү ж.б.);

II. Математика боюнча программаны, окуу китептерин, аларды окутуунун максатын аныктоо, логикалык-математикалык, логикалык-дидактикалык жактан анализдей билүү,

маселе-мисалдарды, көнүгүүлөрдү тандап пайдалана билүү;

III. Математиканы практика, турмуш, өндүрүш, маданият менен байланыштыра билүү. Предметтер аралык байланыштарды билүү;

IV. Класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштура жана пайдалана билүүсү [1].

М.Н.Назаровдун эмгектерин талдоо аркылуу ал белгилеген чебер, устат мугалимдин жалпы сапаттарынын жыйындысы төмөндөгүдөй топтордон түзүлөөрү байкалат:

- инсандын өздүк жөндөмдөрү жана билгичтиктери;
- социалдык сапаттары;
- атайын (адистик боюнча) сапаттары;
- методикалык билимдери, билгичтиктери[6].

Профессор М.Н.Назаров 1961-жылдан бери республикабыз үчүн миңдеген математика мугалимдерин даярдоого орчундуу салым кошкон, ал математиканы окутуунун методикасы боюнча ондогон окуу китептеринин автору. Анын лекцияларын угуп методикалык көрсөтмөлөрүн алган математика мугалимдери бүгүнкү күндө Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарынын дээрлик бардык мектептеринде үзүрлүү эмгектенип жатышат. Профессор М.Назаровдун жаш муундарды, болочок педагогикалык кадрларды даярдоодогу эмгеги жогору бааланып «Каарман эмгеги үчүн", "Эмгектеги мыкты жетишкендиги үчүн", "Көп жылдык каарман эмгеги үчүн", "Эмгектин ветераны" "Данк" медалдары жанаКыргыз ССРнин Жогорку Кенешинин "Ардак Грамотасы","КРнын Эл агартуусунун отличниги"төш белгиси, республиканын билим берүү жана илим министрлигинин, областтык, шааардык администрациянын "Ардак грамоталары" менен сыйланган.Аны менен бирге иштеген окумуштуулар, кесиптештери, бүтүрүүчү мугалимдер агайдын улуу инсандык сапаттарынүлгү катары эскеришип аны чыныгы педагог, ири методист-математик, камкор насаатчы, уюштургуч жана акыйкат жетекчи, агартуучу-саяпкер, ак жүрөк, жөнөкөй жана улуу инсан катары эскеришет. Агайдын математик мугалимдерди даярдоого кошкон салымын жана "Математиканы жана информатиканы окутуунун методикасы" кафедрасын түптөөдөгү эмгегин баалап Ош МУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен Ош МУда профессор М.Н.Назаровдун жаркын элесин эскерүүгө карата жыл сайын Назаровдук окуулар өткөрүлүп турат.

Профессор М.Н.Назаровдун туулган күнүнүн 75 жылдыгына карата "*Математиканы жана информатиканы окутуунун учурдагы проблемалары*" республикалыкилимий-методикалык конференциясы2008-жылдын 28-мартында уюштурулуп өткөрүлгөн. Конференцияда:

- Математикалык билим берүүнү өркүндөтүүдө профессор М.Н.Назаровдун орду жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде математиканы жана информатиканы окутуунун проблемалары;
- ЖОЖдордо математика жана информатика боюнча дицсиплиналарды окутуу маселелери
- Жогорку жана орто мектепте билим берүү жана тарбиялоо маселелери
- Учурдагы математиканын жана информатиканын актуалдуу проблемалары

секцияларында 52 баяндама угулуп талкууланган жана жыл сайын Назаровдук окууларды уюштуруп өткөрүү боюнча резолюция кабыл алынган.

Ош МУнун математиканы жана информатиканы окутуунун методикасы кафедрасы тарабынанрегионалдык I Назаровдук окуулар профессор М.Н.Назаровдун туулган күнүнүн 76 жылдыгына жана «Ноокат» билимканасынын түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгына арналып 2009-жылдын 3-апрелинде Ноокат районундагы «Ноокат» билимканасында өткөрүлгөн. Бул окууларда төмөнкү 3 секция боюнча 34 баяндамаугулуптaлкууланган:

- Жалпы билим берүүчү жана профилдик мектептерде математикалык жана табигый дисциплиналарды окутуу маселелери

- ЖОЖдордо математикалык жана табигый дисциплиналарды окутуу проблемалары
- Педагогикалык чебердикти өстүрүү, профилдик мектептерде гуманитардык жана социалдык-экономикалык предметтерди окутуу маселелери.

Регионалдык II Назаровдук окуулар профессор М.Н.Назаровдун туулган күнүнүн 77 жылдыгына арналып 2010-жылдын 26-мартында Араван районундагы М.Н.Назаров атындагы орто мектепте өткөрүлгөн. Анда:

- Жалпы билим берүүчү орто, профилдик мектептерде математиканы окутуунун проблемалары
- Жогорку окуу жайларында математиканы жана информатиканы окутуу, мугалим адистерди даярдоо маселелери
- Билим берүүдөгү инновациялык технологиялар секцияларында 39 баяндама угулуп талкууланган.

Ош МУнун 60 жылдык юбилейине арналган «III Назаровдук окуулар» республикалык илимий-практикалык конференциясы 2011-жылдын 27-майында Ош МУда өткөрүлгөн. Бул конферецияда 4 секция иштеп

- Жогорку жана атайын кесиптик билим берүүдө окутуу технологияларын колдонуу методикасы
- Жалпы билим берүүчү мектептерде математикалык жана табигый предметтерди окутуунун эффективдүү методдорун пайдалануу
- Жогорку, атайын жана жалпы билим берүүчү мектептерде гуманитардык предметтерди окутуу технологияларын колдонуу методикасы;
- Электрондук ресурстар жана мультимедиа технологиялары боюнча 50 баяндама угулуп талкууланган.

Ош МУнун математиканы жана информатиканы окутуунун методикасы кафедрасы профессор М.Н.Назаровдун туулган күнүнүн 79 жылдыгына арналганрегионалдык IV Назаровдук окууларды2012-жылдын27-апрелинде уюштурган, анда төмөнкү секциялар

- Жалпы билим берүүчү жана профилдик мектепте математикалык жана табигый предметтерди окутуу проблемалары
- Жогорку окуу жайларында келечектеги адистерди даярдоо маселелери
- Билим берүүнүн инновациялык технологиялары боюнча 37 баяндама угулуп талкууланган.

Профессор М.Н.Назаровдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган“V Назаровдук окуулар” эл аралык илимий-методикалык конференциясы2013-жылдын 31-майында өткөрүлгөн. Анда

- Жалпы билим берүүчү жана профилдик мектепте математикалык жана табигый предметтерди окутуу проблемалары
- Жогорку окуу жайларында келечектеги адистерди даярдоо маселелери
- Билим берүүнүн инновациялык технологиялары секциялары боюнча33 баяндама угулуп талкууланган.

Бүгүнкү“VI Назаровдук окууларды”ЖАМУда “Илимий-техникалык прогресс - мамлекетти чыңдоонун негизи” аталышындагы илимий-практикалык конференциянын программасына кийрүү сунушун кабыл алдык. Бул конференцияда“VI Назаровдук окуулар”секциясы иштемекчи жана ага 38 макала келип түшкөн. Секциянын жана жалпы эле конференциянын ишине ийгилик каалоо менен учурдан пайдаланып ЖАМУнун ректору, проф. Акунжан Бакашевичке, конференцияны уюштуруу тобуна, ЖАМУнун жогорку математика жана аны окутуунун усулу кафедрасынын башчысы, доц. Жылдыз Авановнага терең ыраазычылык билдиребиз!

Азыр Сиздерге проф. М.Н.Назаровдун өрнөктүү өмүрүн чагылдырган видеороликти тартуулайбыз. Агайдын өмүрү, окутуу сапатын жакшыртууга кошкон салымы жаш окумуштууларга жана болочок педагогдорго өрнөк болуп калат деген бекем ишеничтебиз!

**Адабияттар:**


1. Турдубаева К.Т., Назаров М.Н. Математиканы окутуунун усулу боюнча өткөрүлүүчү лабораториялык жана практикалык жумуштары// Жогорку окуу жайларынын студенттери жана мугалимдери, орто мектептин математика мугалимдери үчүн методикалык колдонмо.
2. Аттокурова А. Дж. М.Н.Назаров – элдик мугалим// Ош МУ жарчысы. -№1, 2008. -3-7-бб.
3. Жапаров С. Устат Мадамин ажы агайдын улуулугуна таазим// Ош МУ жарчысы. -№1, 2008. -8-10-бб.
4. Куваков Ж.М. Мадамин агай – дасыккан агартуучу саяпкер //Ош МУ жарчысы. -№1, 2008. -11-12-бб.
5. Мадраимов С.М. Устатым жөнүндө эсте калган элестер// Ош МУ жарчысы. -№1, 2008. -12-14-бб.
6. Алтыбаева М.А. Профессор М.Н Назаровдун чебер математика мугалими жөнүндө көз карашы жана окутууга компетенттүүлүк мамиле жөнүндө// Ош МУ жарчысы. -№1, 2011. -108-111- бб.

УДК: 809.434.1(575.2)(043.3)

# НЕКОТОРЫЕ ОСОБЕННОСТИ ВОСПРИЯТИЯ ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч.АЙТМАТОВА В РОССИИ И ЗА РУБЕЖОМ

***Дарбанов Б.Е. – д. фил.н., профессор***
***ЖАГУ, г. Джалал-Абад***
***darbanovb@mail.ru***

***Аннотация***

*В статье излагаются некоторые особенности восприятия творчества Ч.Айтматова в России и за рубежом. В России его воспринимают как советского, русского писателя. Почти все его произведения издавались в русских, советских журналах. Благодаря русскому языку Ч.Айтматов обрел мировую известность. Как отметил Пьер Фружье «Лучшее дарение Кыргызстана миру – это Чингиз Айтматов.»*

***Abstract***

*The article outlines some of the peculiarities of perception of creativite works of Aitmatov in Russia and abroad. In Russia, it is perceived as a Soviet and Russian writer. Almost all of his works were published in Soviet Russian magazines. Chingiz Aitmatov gained world fame thanks to Russian language. As noted by Pierre Fruzhe "Best gift Kyrgyzstan world - it Chingiz Aitmatov."*



Выдающемуся писателю, мыслителю современности, классику кыргызской, русской, советской и мировой литературы Чингизу Торекуловичу Айтматову 12 декабря исполнилось бы 85 лет.

Смерть Чынгыза Айтматова – невосполнимая утрата не т/о для кыргызского народа, но и для всего человечества. Он оставил огромный духовный след в памяти народов Европы, Америки, Азии, Африки, Австралии. Нет в мире такой страны, которая не знает имени Чынгыза Айтматова.






Известный русский ученый Л.Н.Гумилев пишет: «Появление Чингиза Айтматова было этногенетическим взрывом пассионарного характера кыргызского народа в 30-е гг. Когда родился будущий писатель, киргизов было около 800 тысяч. Малочисленный киргизский народ дал миру великого писателя, мыслителя, ученого, который обогатил мировую художественную литературу. Благодаря Ч.Айтматову в 60-е гг. кыргызская литература вошла в систему мировой художественной культуры. Мировая слава пришла к Ч.Айтматову в начале 70-х гг. Его книги читали десятки миллионов людей в Советском Союзе и за рубежом.

Да, действительно, как отмечают в средствах массовой информации, есть какой-то особый мистический смысл в том, что Чингиз Айтматов закончил свой жизненный путь не в Кыргызстане – где - то в маленьком таласском селе Шекер, не в Татарстане – родине его матери Нагимы, а в Германии – самом центре Европы. Чингиза Айтматова не зря сравнивают с Петром Первым, прорубившим для России «окно в Европу», так и Чингиз Торекулович всю свою жизнь мечтал вывести свое творчество, и нашу небольшую страну, горячо им любимую, на широкую мировую дорогу. Он верил в свои творческие силы, он верил в то, что судьба, переживания, чаяния кыргызского охотника или казахского рабочего, молодого сельского учителя или маленького приозерного мальчика-мечтателя так же универсальны и всечеловечны, так же интересны миру, как история любого человека, где бы он ни жил – в Англии или Японии, в России или в Германии, в Америке или в Австралии.

В интервью радио культура главный редактор журнала «Знамя» Татьяна Восковская говорит: «Больно и горько. И я думаю, что Чингиз Торекулович не просто великий писатель, это человек-эпоха. Сложно было кого-то сравнивать и сложно будет еще долгое время пытаться найти равной по масштабу личности. Чингиз Айтматов – это классик советской, русской и киргизской литературы. Безусловно, трудно переоценить его вклад в развитие мировой литературы. В связи с его кончиной, мы стали еще больше это ценить».

Как же воспринимали и понимали произведения Ч.Айтматова в России и за рубежом. Безусловно, первые произведения Айтматова в 50-х годах были изданы на кыргызском языке (в 1952г. «Газетчик Дзюйо»).

С 1957 года начали печататься повести и рассказы Ч.Айтматова, переведенные на русский язык в журналах «Октябрь» и «Новый мир», в этом же журнале была издана повесть «Джамиля» - самое популярное произведение на всех языках мира, благодаря которой Чингиз Торекулович вмиг обрел мировую славу. В 1958 году Ч.Айтматов окончил литинститут в Москве и этот год принес Айтматову известность. В журнале «Октябрь» вышел его рассказ «Лицом к лицу».

Первая повесть Чингиза Торекуловича, написанная на русском языке «Прощай, Гульсары!»

В последующие годы на русском языке издается его сборник «Повести гор и степей», за который он удостоен Ленинской премии. А в 1980 году увидел свет первый роман Айтматова «И дольше века длится день». Он блестяще владел русским языком. Он знал, что с помощью языка большой страны и великой литературы сможет донести свою весть до мира.



Чингиз Торекулович часто вспоминал: «Когда спрашивают, на каком языке я думаю, то даже не знаю, что ответить. Оба этих языка для меня – как правая и левая рука – это дар истории, дар судьбы. Хотя писать на русском языке для меня лучше с практической точки зрения: с него быстрее делают переводы на японский, немецкий и другие языки, как это уже произошло с новым романом. Мы должны быть «полигамны» не только в языках, но и в отношении к религиям, одинаково зная и уважая все ныне существующие…». Ч.Айтматов сравнивал, что кыргызский и русский язык для него «как два крыла у птицы». Он высказывался о сложной проблеме двуязычия, о том, что родной язык – это как мать, перед которой существуют определенные обязанности. И вместе с тем подчеркивал, что невозможно развивать духовную культуру нации без использования достижений высокоразвитых культур.

Крылатым стало высказывание Чингиза Торекуловича и о Пушкине: «Кто полюбит Пушкина, тот полюбит и русский язык!»

В связи со сказанным Ч. Айтматов писал: «Первая мать, которая меня вспоила и вскормила, это Кыргызстан, вторая, которая дала крылья, это Россия».

В России Чингиза Торекуловича воспринимают русским, советским писателем. Всю свою творческую деятельность он был связан с Россией. Почти все его произведения издавались в русских, советских журналах «Октябрь», «Новый мир», «Дружба народов» и др. В 1988 – 1990гг. Ч.Айтматов работал главным редактором журнала «Иностранная литература».



Ч.Айтматов за активную литературную и общественную деятельность удостоен Ленинской премии (1963, «Повести гор и степей»), Государственной премии СССР (1968, 1977, 1983) и др. (Это т/о российские и советские). Герой Социалистического труда СССР (1978) (не считая наград других стран). Награжден двумя орденами Ленина, орденом Октябрьской Революции, двумя орденами Трудового Красного Знамени, орденом Дружбы народов (это т/о советские, российские). Работал послом СССР, затем послом России в Люксембурге. Последние три года Ч.Айтматов возглавлял жюри «Русской премии» и очень многое сделал для ее развития.

Российские читатели воспринимают Ч.Айтматова как писателя мирового уровня, вышедшего из народа и связанного пуповиной с родной землей, так как все образы в повестях и романах созданы на национальной почве кыргызского народа. И Ч.Айтматов поднял эти образы до мирового уровня, как социокультурные феномены общечеловеческих ценностей – в этом заключается величие таланта писателя. Ч.Айтматов – это уникальное явление в мировой художественной литературе второй половины 20 века – отмечают читатели.

«Я работаю в «Дружбе народов» больше 11 лет, - рассказывает главный редактор журнала Александр Эбаноидзе, - и за это время ни одну публикацию читатели не ждали так, как это произведение. Из самых дальних городов бывшего Советского Союза в редакцию звонили люди, помнящие и любящие творчество Айтматова, спрашивали, в каком номере будет напечатан роман. Сам я в отрочестве очень эмоционально пережил встречу с кыргызским эпосом «Манас». И позже читая Айтматова, ощутил ту же горную свежесть и родниковую чистоту, связывающую его прозу с этим эпосом.




Московский режиссер Вл.Спесивцев пишет: «Айтматов – писатель внезапный – в каждом новом произведении он непредсказуем в выборе тем и проблематики. Мои юные актеры, играя «Тавро», всегда удивляются «Надо же было так придумать, что семинедельный плод у мамы в животе сообщает человечеству, хочет он приходить на эту землю или нет!»

Восприятие и понимание художественных произведений Ч.Айтматова за рубежом.

О ранней повести Айтматова “Джамиля,” изданной в 1958 году в журнале “Новый мир”, восторженно отозвался выдающийся французский писатель Луи Арагон. В предисловии к французскому изданию он писал: «Прежде чем сказать все, что я думаю о «Джамиле», я должен отметить, что считаю это произведение самой прекрасной в мире историей о любви … Здесь, в этом горделивом Париже, Париже Вийона, Гюго и Бодлера, в Париже королей и революций, Париже – вечном городе искусства, где каждый камень связан с легендой или историей, в городе влюбленных … в этом Париже, который все видел, все читал, все испытал, я прочитал «Джамилю» - не «Вертера» и «Беренку», не «Антония и Клеопатру,» и не «Сентиментальное воспитание»… И образы Ромео и

Джульетты, Паоло и Франчески, Эрнани и Доньи Соль померкли … ибо я встретился с Данияром и Джамилей, которые перенесли меня в третий год войны, в августовскую ночь 1943 года, куда-то в Куркурейскую долину, к мажарам с зерном и мальчугану Сеиту, рассказывающему их историю.

Во Франции Ч.Айтматов начал печататься с 1959г. Общим для французской критики было восприятие писателя в плане небывалого в истории расцвета культуры киргизского народа в условиях развитого социализма, сочетания глубокого чувства современности с лучшими традициями прошлого. Французская критика отмечает глубокий гуманизм прозы Ч.Айтматова, постановку этических проблем, поэтичность, богатство палитры автора.



В Италии публикация повестей Ч.Айтматова в 1961 и 1973 вызвала широкие отклики в прессе. Изучение творчества Ч.Айтматова итальянская критика включает в актуальную проблему культурных связей с социалистическими странами. Коммунистическая печать Италии считает Айтматова одним из самых выдающихся современных советских писателей, и центральной проблемой его творчества Андриано Гуэрра (1973) утверждает ответственность советского писателя за судьбы грядущих поколений.






За гуманизм и раскрытия величия человеческого духа в повестях «Ранние журавли» и «Пегий пес, бегущей краем моря» художественная общественность г.Вольтерра наградила Айтматова премией «Этрурия» (Италия, 1980)

В Англии в начале 70-х гг., в Лондоне изданы повести Айтматова. Поставлена пьеса «Восхождение на Фудзияму». Общими являются несомненный интерес к Ч.Айтматову, признание его таланта, но анализ творчества киргизского писателя проходит в острой политической борьбе. Издательство «Ходдер энд Стаутон» печатает «Прощай, Гульсары!» и «Белый пароход» в талантливых и близких к оригиналу переводах Френча и Фейфер. Газета «Морнинг Стар» представляет его английскому читателю как большого художника. М.Блумберг (1972) отмечает философскую глубину этой повести и ее поэтичность.

В США «Повести гор и степей», «Джамиля» и «Белый пароход» переведены в конце 60-х – начале 70-х гг. Но издательство «Краун», печатая повесть «Белый пароход» большим тиражом, добавило предисловие, наполненное нападками на литературу социалистического реализма, что вызвало возмущение прогрессивной американской критики. Тепло пишет о творчестве Айтматова Р. Киффер (1975). Она сопоставляет отдельные сцены из повести «Прощай, Гульсары!» с лучшими отрывками из греческих и французских эпических поэм. В плане роста взаимопонимания значительным вкладом была первая советско-американская встреча писателей в Москве (1978) по инициативе журналов «Сатерди ревью» и «Иностранной литературы», которая подчеркнула значительное место творчества Айтматова в мировом литературном процессе – это

сочетание национального и интернационального, чувство ответственности за судьбы мира, человечность».

Британский кинематографист признается: «Когда я читал эту повесть «Джамиля» меня тронула любовь автора к природе, к людям, к своей Родине. Это было сделано так сильно, что я хочу передать эту силу на экране. И познакомить западного зрителя с далекой, чудесной страной Киргизией, и с героиней, которая, идя наперекор традициям, борется за свою любовь».Режиссер, оказывается, обещал объездить всю республику, пока не найдет такую красавицу, которая во всех отношениях подошла бы на эту роль.

Как же восприняли за рубежом последний роман Ч.Айтматова «Когда падают горы», который был издан на русском, турецком, немецком, французском, японском, китайском языках. Турецкая версия сохранила два варианта – перевели под названием «Когда падают горы» и «Вечная невеста». В Германии назвали «Снежный барс», т.е. переключились на снежного барса, который включен в общий контекст и имеет там свое место. Французы же остановились на основной версии. Как отмечает сам Айтматов: «Тема романа сугубо современная, здесь речь идет о судьбах людей в эпоху глобализации и демократизации. Сюжет и событие сконцентрированы в горном краю. Первоначальный вариант назывался «Вечная невеста», но мои близкие люди подсказали мне, что этого недостаточно, не все поймут и воспримут. Отчасти это верно – невеста не может быть вечной. Невеста – это тот прекрасный период, когда любовь приходит к своему заключению. В эту версию я вкладывал другой смысл, во-первых, это мифология – легенда, где вечная невеста бродит в горах и ищет своего исчезнувшего жениха. Окончательный выбор пал на «Когда падают горы», но книга имеет как бы второе название «Вечная невеста».

Таким образом, Чингиз Торекулович Айтматов стал человеком планеты. Как емко отметил Пьер Фружье: «Я думаю, все люди в мире любят Чингиза Айтматова за его сохранение вертикальности мира ... Лучшее дарение Кыргызстана миру – это Чингиз Айтматов».

**Литература:**

1. Энциклопедия Кыргызстана. Бишкек, 2008
2. Большая Российская энциклопедия: В30т.-М:БРЭ, 2005
3. Воронцов В. Могущество знания. М.:Знание, 1979, с.9-10
4. Александр Баршай. Сын Киргизии, гражданин земли. «Слово Кыргызстана», 2008
5. Коркин В. Айтматов Чингиз. Возвращение легенды. Литературная газета, 1986, 12 мая.

УДК 39

# УЧУРДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРГӨ МҮНӨЗДӨМӨ

*Доранова А.Д., АманкуловаА.Т.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад ш.*

**Аннотация**

*Бул макалада учурдагы үй-бүлөлөргө жалпы анализ жасалып оң жана терс көрүнүштөр реалдуу каралды.*

**Annotation**

*In this article real problems of a modern family are considered and the general analysis is given.*

Үй-бүлө социалдык институт болуу менен сөзсүз коомдун көзөмөлүндө турат. Коомдо болуп жаткан окуяларга байланыштуу үй-бүлө мыйзам ченемдүү өзгөрүүлөргө дуушар болоору жалпыга маалым. Ички үй-бүлөлүк өзгөрүүлөр жана мыйзамдуу өнүгүүлөрдүн негизинде үй-бүлө эволюциялык өзгөрүүгө туш келет.

Индустриалдашуу, өндүрүш процесстеринин татаалдашуусу, урбанизация, калктын мобилдүү өсүшүнө туш болду. Анда да жекече эркиндик, аялдардын эмансипациясына, балдардын ата-энеден эмансипациясына, социализациянын татаалдашуу ыкмасына алып келди. Муну И.С.Кон «маданияттагы жекелик баалуулугунун өсүүсү» деп түшүндүрөт [1]. Бул үй-бүлөгө терс таасирин тийгизип, бир көйгөйдү чечсе экинчисин жаратууда.

XXк. орто ченинен баштап үй-бүлө институтунда маанилүү өзгөрүштөр жана жылыштар болуп өттү. Бул өзгөрүүлөр салттык үй-бүлөлүк тажрыйбалардын жана баалуулуктарынын кризисине дуушар болду. Өмүр бою бир нике менен жашоочу салт-адат артта калып, толук эмес үй-бүлөлөр, жат ата-эне менен жашаган үй-бүлөлөр жана аборттор көбөйдү.

Үй-бүлөнүн өзгөрүүсүн жашоо циклинин бардык этаптарынан (жаралгандан аягына чейин) байкоого болот. Коомдун аң-сезиминде нике түшүнүгү маанисин жогото баштады. Мунун себептери никенин партнерун тандоодон, никеге болгон көз караштардан, сексуалдык жүрүм-турумдардан ж.б. байкоого болот.

XXк. башына чейин, (кээ бир коомдордо бүгүнкү күндөрү эле) этнографиялык булактарга таянсак никелик партнерду тандоодо атайын ортомчулар (свахи, жакын туугандары ж.б.) салт боюнча кудалап же башка варианттар менен ишке ашчу. Үй-бүлөнүн башчысы – «ата» болгондуктан, ата макулдугу сөзсүз керек эле. Күйөө келиндин өздөрүнчө таанышып, нике маселелерин чечүүсү жокко эсе көрүнүш. Үй-бүлөлөрдүн экономикалык, тиричилик, атактуулугу да эске алынуучу маселелерден.

Учурда нике алдындагы ырым-жырымдар трансформацияланууда. Учурда жаштардын нике маселелерин өздөрү талкуулашып ата-энелери менен эсептешип да коюшпаган учурлары кездешип калууда. Ата-энелер мурдагыдай эле балдарын көзөмөлгө алгылары келет, ага катышып келишет, кээде басым жасашып өздөрүнүн оюн жана чечимдерин таңуулашат. Жыйынтыгында талаш-тартыштар жаралат, түшүнбөстүктөр пайда болот. Жаштар албетте социалдык, этникалык, билимдүү көрсөткүчтөр менен айрымаланышуу менен жаштардын мамилелеринин функциясы алмашат да милдеттүү түрдө никеге туруу керек дегендин ордуна, жекелик мамилелешүүдөгү партнерлорунан интимдик өнөктөштүктү гана көрүшөт да, эч убакта жубайлыкты максат кылып коюшпайт.

Азыркы мезгилде экономикалык, социалдык жана улуттук тоскоолдуктар алынып, таанышуунун потенциалы кеңейди. Адамдардын жекеленүүсүнүн өсүүсү каршы

тенденцияны жаратты, башкача айтканда ал аял менен эркектин бири-бирине талаптарды коюусунун өсүшү менен шартталып, мунун арты жубайды тандоо көп убакытты талап кыларын баяндайт.

Сексуалдык жүрүм - турумдардын өзгөрүүсү, адам үчүн интимдик мамилелер ырахаттануунун булагы деген түшүнүктөр жана сексуалдык өзүнө тартуу, баалуу мүнөздөрдүн бири деген жоромолдор маанилүү жана баалуулук катары өсүүдө. Анткени бул сексуалдык өзгөрүүлөрдөн байкалат, биринчиден, сексуалдык мамилелер учурда ачык эле никеге чейин да никеде да байкалат. Экинчиден, сексуалдык мамилелер эркек үчүн да аял үчүн да чоң мааниге ээ болуу менен ал жубайлык милдеттерден да балалуу болуудан да бошотот.

Аялдардын да эркектердин да көп саны балалуу болууну калашса да никеге турушпайт. Никеге турууну улам жылдырып отуруп (себептери, кесиптик карьера, материалдык бутка туруу ж.б.) жашы улгайып кетүүдө.

Рольдорду бөлүштүрүү мамилелеринде баалуулук системалары өзгөрүлүүдө. Үй-бүлө куруу, аны сактоо, бала төрөө, интимдик мамилелерди никенин рамкасында чектөө, үй-бүлөлүк рольду бөлүштүрүү (аялдык, эркектик) ж.б. багыттарда алсыроо жана алсыздык байкалууда.

Адамдын адептик жүрүм-турумдарын критерийлерин изилдөө көйгөйлөрү жаратууда. Нуклеардуу үй-бүлөлөрдө, бүлө мүчөлөрүнүн саны өзгөрүп, балдардын саны азайууда, көпчүлүк үй-бүлөлөрдө экиден ашык бала төрөлбөй калган фактылар кездешип жатат. Кээ бир жубайлар такыр баласыз үй-бүлө жашоосун кечиришип, аны идеалдуу деп эсептешет. Мындан, төрөлүүнүн азайтуусун, аз балалуу болууну, аң-сезимдүү жакырлануу тенденцияларын байкоого болот.

Үй-бүлөдөгү өзгөрүүлөр менен байланышкан дагы бир тенденция патриархалдык укладдын жоюлушу. Аялдын экономикалык өз алдынчалыгы патриархалдык моногамиянын кризисине алып келди. Кээ бир Европа мамлекеттеринде 2-3 жашка чейинки балдарга кам көрүү ата-эненин экөөнө бирдей тиешелүү болуп, кимисинин кесиптик квалификациясы (эмгек маянасы, финансы табуу мүмкүнчүлүгү ж.б.) жогору болсо ошонусу иштей берет да, экинчиси пособие алып баланы карай берет. Ал эми учурдагы Кыргыз коомунда бул вариант жолго коюла элек.

Баалуулуктар системасынын өзгөрүүсү рольдорду бөлүштүрүүдө салттык өзгөрүүлөргө да алып келди. Эркектин эркектик функциялары, аялдын аялдык функциялары аткарылбай калууда, кээде алмашып калганын байкайбыз. XX кылымдын баштарынан өз алдынча бышып-жетилген эркек өзүнөн бир топ жаш кыздар менен никеге турушкандыгы байкалса, ал эми азыркы учурда аялы күйөөсүнөн бир топ жашка чоң болуп жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтар бар. Учурда үй-бүлөлөрдүн өсүү тенденциялары ушундай, ошону менен эле үй-бүлө мүчөлөрүнүн мамилелери, ата-энелер менен балдардын мамилелери да чоң мааниге ээ. «Үй-бүлө - клуб» термини жана түшүнүмү, эркин союз никеси да учурдун мүнөздүү белгилери. Негизинен үй-бүлө системалары, структуралары өзгөрүүдө, жаңы типтер, салттуу үй-бүлөлөргө альтернативдик никелердин саны күндөн күнгө кошулууда.

1980-1990-жылдардагы ойлонулбаган, даярдыксыз социалдык эксперименттер үй-бүлө мамилелеринде кыйратуучу тенденциялардын өсүшүн күчөттү. Себеби, мамлекеттик деңгээлде коммунистик идеология кулады да социалдык жана руханий баалуулуктар өзгөрүүгө дуушар болду. Коммунистик идеологиянын ордуна улутчулдук, же салттуу диний баалуулуктардын, улуттук-элдик салттын негизиндеги улутташуу идеологиясы жаралды.

Батыш цивилизациясы, жаңы түзүлгөн, бутуна туруп жаткан өлкөлөргө чоң таасирин тийгизди. Социалдык-экономикалык кризис, товарга (импортко) социалдык

кызматка муктаждык, материалдык дүйнөнүн артынан түшүүгө мажбур кылды. Эмгек, чыгармачылык, досуг, үй-бүлө, сүйүү – баары базар (рынок) мамилелери менен сугарылды, баары «баа» менен аныкталып калды.

Ар бир элдин, улуттун, өлкөнүн өз маркасы, өзгөчөлүгү бар. Бул анын салттык маданияты, тили, дини, идеологиясы, дүйнөтаанымы, жашоо стили, баалуулуктар системасы ж.б. Канчалык бөлүнүү, ажырым болбосун, баарын жалпы адамзаттык маданият бириктирип турат. Натыйжасында дүйнөнү каптап келе жаткан глобализация же массалык маданият ар бир адамды өзүнө багындырып келүүдө.

Үй-бүлөнүн кадыр баркы, социалдык-баалуулук ориентациясында кескин түрдө деңгээли төмөндөдү. Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгында 25 жаштардагы жаш адамдардын 2/3 никеде турушпайт, 35 жаштардагы адамдардын 1/3 үй-бүлөлөрү жок,60 жашка чейин 1/10 үй-бүлө түзбөй өмүр кечиришет. Социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча жаш үй-бүлөлөр, чогуу жашагандан баштап 5-10 жыл балалуу болгулары келбейт. Балалуу болууну каалаган жубайлар 1-2ден ашпаган балалуу болууну каалашат[2]. Ал эми ажырашуулар XX кылымдын акырында миллиондоп эсептелсе, азыр андан эки эселеп көбөйүп өсүүдө.

Учурда замандын эң коркунучтуу апааты болуп аборт эсептелип калды. Абарттор күнүмдүк көрүнүш болуп калу менен, өз баласына карата массалык террор катары эсептелет. Жүз жыл мурда жашаган италиялык юрист Рафаэль Баллестрини «Элдин адептик сапатынын толук түшүүсүнүн, бузулуусунун анык далили – «аборт» жасоо көнүмүш иш катары жана абсалюттук көрүнүш катары эсептелип калышы» - деп айткан пикири азыркы учурда далилденүүдө. Бул көрүнүш азыркы мезгилде эч кандай жаңылык же коркунуч эместей [3].

Үй-бүлөнүн кризистеринин бири–үй-бүлөдөгү рольдордун (функциялар десек да болот) туура эмес бөлүнүшү. Үй-бүлөлүк роль – коомдогу адамдардын социалдык рольдорунун түрү жана ал үй-бүлөлүк тайпада индивиддин ордун жана функцияларын аныктап берет. Тактап айтсак, ал: жубайлык (аялы, күйөөсү), ата-энелердин (ата-эне), балдардын (кызы, баласы, агасы, эжеси, карындашы) муундар аралык жана муундар ичинде (чоң ата, чоң эне, улуу, кичүү) мамилелер. Башкача айтканда үй-бүлөдөгү негизги нерсе «рольду» туура бөлүштүрүү, аткаруу анткени бул роль ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн тагдырын чечип калуусу мүмкүн.

Үй-бүлөнүн ийгиликтүү түптөлүшүнө, үй-бүлөлүк рольдордун ситуациялык талаптарына жооп берүү, бир рольду аткаруу менен экинчи рольго өтүп кетүүгө даяр болуу (мис: үй-бүлөнүн бай мүчөсү көп убакыт үй-бүлөнүн каржылык маселесин чечип, башчы ролун аткарып келет да, бир учурда ал абалы өзгөрөт (жумушсуз калат жеж.б.) бул жерде кырдаалга жараша ролун өзгөртүш керек. Рольдук милдетти аркалай албагандыктан, жана көптөгөн себептерден бир топ конфликтер жаралат.

Үй-бүлөдөгү чыр-чатактардын келип чыгуу себептерин социологдор изилдеп:

- Рольдук образдардын чыр-чатагы, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн рольдорунун туура эмес түзүлүшү, бөлүнүшү.
- Рольдор аралык чыр-чатак (муундар аралык, экинчи муундагы жубайлар бир эле убакта бала да, ата-эне да ж.б.).
- Рольдор ичиндеги чыр-чатак, бир роль өзүнө карама-каршы талаптарды коюп алганы. Учурда, үй-бүлөдөгү аял–эне, аял, кожойке, тарбиячы ж.б. ошол эле учурда эркек менен катар материалдык камсыздоого катышат, башка манилүү маселелерди да чечип калышы мүмкүн деген пикирге келишкен.

Эгер аялы жогорку статустагы социалдык же кесиптик кызматта иштеп калса, же көп каражат (акча) табуучу тармакта иштеп калса, ал ролун үй-бүлөсүндө да колдонсо үй-бүлөдөгү чыр-чатактын көбөйүүсү күтүлөт.

Учурдагы коомдо үй-бүлө социалдык институт катары социалдык функцияларын, үй-бүлөдөгү рольдук эмес мамилелерин өзгөрттү. Үй-бүлөдөгү салттык аялдын ролун (тиричилик менен алектенүү, бала төрөө, тарбиялоо) ошол эле мезгилде эркектин ролун (кожоюндук, мүлк ээси, экономикалык-материалдык каржылоочу ж.б.) алмаштырып койду десек болот. Мунун себеби гендердик теңсиздикти жоюу, аялдарды өндүрүштө, саясатта, социалдык-экономикалык тармакта ж.б. бир топ тармактарда аялдардын эркектер менен тең-тайлаша иштеши, каржы маселесин тең чечиши себеп болду. Бул жагдайлардан чыр-чатактар жогорулап, демографиялык көйгөйлөр жаралууда, төрөлүүлөр азайууда, өлүм көбөйүүдө.

Мына ушулардын негизинде, коомдун мыйзам ченемдүү жана капыстан өнүгүүсү (урбанизация ж.б.) салттуу үй-бүлөлөрдүн бузулушуна алып келди. Учурдагы заманбап үй-бүлө, салттык үй-бүлөдөн социалдык-демографиялык мүнөздөрү менен, социалдык маданий көйгөйлөрү менен, психологиялык өзгөчөлүктөрү менен айрымаланды.

Экономикалык реформалар, жекече ишмердүүлүктүн эркиндиги коомдун өзгөрүүсүнө алып келет. Эгерде мурдагы коомдогу үй-бүлөнүн типтери: жумушчунун үй-бүлөсү, колхозчунун үй-бүлөсү, интелегенттин үй-бүлөсү – деген мүнөздөргө ээ болсо, азыркы коомдун үй-бүлөлүк типтери: миллионердин үй-бүлөсү, бизнесмендин жана соодагердин үй-бүлөсү, жумушсуздун жана авторитеттин (крим чөйрөдөгү) үй-бүлөсү ж.б. мүнөздөргө ээ. Албетте үйдөгү салттык көйгөйлөрдө (балдарды тарбиялоо, бүлөө башчысы) социомаданий, психологиялык планда жаңы көйгөйлөр жаралат. Комерсанттын балдары жеткиликтүү, материалдык жактан камсыздалып, көп акча кармашат, бирок ата-энесинин кароосунан, (ата-эненин убактысынын аздыгына байланыштуу) руханий нравалык баарлашуусунан көп колдонуша албай калат, ал эми жумушсуздун үй-бүлөсүндө өзүнчө көйгөйлөр: балдарынын көзүнчө атанын аброюнун түшүүсү, себеби ал үй-бүлөсүн камсыздандыра албай, алсыз болуп калды. Баласында коопсуздук сезими сынат да, келечектен коркуу, ишенимсиздик ээлеп алат, анын келечектен үмүттөнүүсү күмөн. Керек болсо негативдүү ой жүгүртүү, пассивдүүлүк ж.б.лар бийлеп алуусу мүмкүн. Фермердин үйүн алсак, эмгекчил, чарбачыл ата-эне балдарын жашы жете электе эле кара жумушка жумшап же эксплуатация кылышат.

Үй-бүлөнүн өнүгүүсү көп балалуу жана аз балалуу болуп бөлүнөт. Стастистика боюнча 1990-жылдардан бери мурунку СССР өлкөсүнүн, азыркы КМШ өлкөлөрүнүн үй-бүлөлөрүндө төрөлүү азайды, өлүм көбөйдү. Мис: орус үй-бүлөсүндө мурда 2-4 балалуу болушса азыр бир балалуу же такыр баласы жок үй-бүлөлөр актуалдуу. Борбордук Азия жана кыргыз үй-бүлөлөрүн алсак мурда 4-10 бала төрөлсө, азыр 1-4 (максимум) бала төрөлүүсү күтүлүүдө[3].

XX кылымдын 70-жылдарынан никеге катталбаган ата-энелерден «никесиз» төрөлгөн балдардын саны өсүү тенденциясы жаралды. Ар бир онунчу төрөлгөн наристе никесиз, 20 жашка чейинки бешинчи аял никесиз төрөйт. Атасыз үй-бүлөлөр, жалгыз эне тарбиялаган балдар абдан көбөйүүдө.

Ошентип, учурдагы коомдо «нуклеардык» (бир ата-эне менен) үй-бүлө деген жаңы үй-бүлө структурасы пайда болду. Бул көбүнчө жаш үй-бүлөлөргө таандык. Нуклеардык үй-бүлөлөрүнө мүнөздүүсү, ата-энелерден балдардын бөлүнүп жашоосу. Үй-бүлөдө жубайлардын ортосунда, ата-энелер менен балдардын ортосунда ички үй-бүлөлүк демократизация жана эгелитардык процесстер байкалат.

Ушул тенденциялар менен байланышкан башка (альтернативдик) үй-бүлөөлөр пайда болду. Бул, эркектердин аялы, балдары бар, аларды толук камсыздашат, жакшы мамиледе жашашат, бирок ошол эле мезгилде башка аял менен көңүлдөш (ойнош) болуп жашашат, аны да толук камсыздайт. Эки бүлөө тең бири-бирин билишет, бул *конкубинат* - үй-бүлөлөр деп аталат. Аялы менен күйөөсү эки башка үйдө (же бөлмөдө) жашаган үй-

бүлөлөр да пайда болду, алар *годвин–нике* деп айтылат[4]. Андан да башка бир жыныстагы никеге туруулар көбөйүүдө.

Азыр деле үй-бүлөлөрдүн салттык патриархалдык маанидеги рольдорду бөлүштүрүү тиби жашап келет, алар күйөөсү жумушта иштөө менен табарман ролун аткарып үй-бүлөнү толук камсыздайт, ал эми аялы үйдүн очогун сактоочу жана үй-тиричилигиндеги бардык жумушту аткарып келет. Мунун сакталуусуна, биринчиден: коомдогу бай эркектердин болуусу жана алар үй-бүлөсүн толуккандуу камсыздашы; экинчиден: өндүрүштүн кыскаруусу, жумушсуздук жана балдарды мектепке чейинки тарбиялоочу мекемелердин азайуусу, кызмат көрсөтүү чөйрөлөрдүн жетишпестиги, көптөгөн аялдардын үй кызматына байлап салгандыгы эсептелет.

Учурдагы заманбап жашоодо үй-бүлөлөрдүн жашоосун анализдеп олтуруп үй-бүлөлүк мамилелерден кээ бир формалдашууларды белгилесек болот, үй-бүлөдө руханий кыйналуусуз баардык милдеттерди аткаруу, үй-бүлөдө материалдык көйгөйлөр, мамилелерде жаракалардын сезилиши, жылуу мамиленин, камкордуктун, көңүл буруунун жоктугунун сезилишин, мамилелешүүдө ата-эне жана балдардын ортосундагы адептик-психологиялык дал келишпестиктер байкалат.

Бүгүнкү күндө үй-бүлөлөрдүн түрдүү формаларын кезиктирсе болот. Баарынан көбү, никесин юридикалык каттатпай эле жашоо, тиричилик кечирүү, чогуу материалдык байлык топтоо, балалуу болуу ж.б. Бул көрүнүштүн аягы, бир топ мезгил чогуу жашагандан кийин же балалуу болгондон кийин никесин официалдуу юридикалык коттоодон өткөрүшөт же бир топ убакыт чогуу жашашып, балалуу болушуп, ажырашуу процессин, катаал, жаракаттуу, талашуулар, соттошуулар коштоп эки башка жолго түшүшөт.

Сөз соңунда жыйынтыктап айтаарым кылым карыткан кыргыз элинин мурдагы тарыхында сөзсүз үй-бүлө күтүүгө чоң басым жасалып, ал эми ажырашуу жат көрүнүштөрдөн болгондугу белгилүү. Ошого байланыштуу турмуштук азап-тозок, кайгы-кубанычына ортоктош болгон кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын төрөлүсүүнө басымдуу көрүнүш болгон. Бул илимий макалада учурдагы үй-бүлөгө жалпы анализ жасалып, оң жана терс көрүнүштөр реалдуу берилди. Ошондой эле учурдагы үй-бүлөгө базар экономиксы ички жана сырткы миграция процесстери, маалымат саясаты (интернет), батыш маданияты чоң таасир тийгизип, кыргыздын салтык үй-бүлөсүнүн өзгөрүүсүнүн себептери көрсөтүлдү. Стабилдүү эмес жашоо шарт үй-бүлөдөгү ролдорду аткарууга өз кедергисин тийгизгендиги да илимий макаланын түйүндүү маселелеринен. Туруктуу сапаттуу үй-бүлөнү сактап калуу мамлекеттик саясаттын негизи экендигине токтолуу менен, маалымат булактарынан айрыкча үн алгы жана сыналгылардан идеалдуу үй-бүлө идеяларын жайылтып көпчүлүккө жеткирүү негизги милдеттердин бири.

**Адабияттар:**


1. Вебер Г. Кризисы любви: Системная психотерапия Берта Хеллингера, М.,2001.
2. Шнайдер Л.Б. Психология семейных отношений, М.,2000.
3. Гаранина Е.Ю., Коноплева Н.А., КарабановаС.Ф., Семьеведение (учебное пособие), М.2009.
4. Сатир В. Вы и ваша семья, М.,2002.

УДК 39

# БААЛАНБАГАН БААЛУУЛУК ЖЕ МАДАНИЯТТЫН АБАЛЫ

*Доранова А.Д., Аманкулова А.Т.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад шаары*

***Аннотация***

*Бул макалада учурдагы кыргыз коомундагы маданияттын көйгөйлөрүнө анализ жасалды.*

***Abstract***

*In this article analysis is given to problems of culture modern Kyrgyz society.*

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргызстан элине тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү терендетүү жана жарандык калыптандыруу боюнча иш-чаралар жөнүндө» жарлыгы 2012-жылы чыккан.

Президент жарлыгында:

Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомдун системалык иши элдин биримдигин чыңдоого жана мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо алат.

Ал экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча көрүлүп жаткан чаралардын комплексинде, заманбап коомду жана гүлдөп өнүккөн өлкөнү курууга, жарандык атуулдукту жана өлкө үчүн сыймыктануу сезимин калыптандырууга тийиш.

Кыргызстанда прогрессивдүү демократиялык өнүктүрүү максатында жарандык бирдейликтин, өлкөнүн биримдигин жана маданий көп түрдүүлүгүн сактоо үчүн жарандардын биргелешкен жоопкерчилигинин негизинде коомду баш коштуруу зарыл. Бул милдетти чечүү кыргызстандыктарда тарыхты урматтоо, өткөнү менен сыймыктануу, элдин руханий жана маданий дөөлөттөрүн билүү жана аздектөө сезимин тарбиялоосуз мүмкүн эмес – деген сыяктуу бир топ ойлорун, идеяларын жалпыга жар салган.

Тарыхый жана маданий мурастар өлкөнүн кенчи болуп санала тургандыгын эске алуу менен, Кыргызстандын көп улуттуу элинин биримдигин чыңдоо максатында токтом кылган: (билим берүү системасына тиешелүүсүн беребиз)

1. Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү жана адамдарда өлкө үчүн жарандык атуулдук жана сыймыктануу сезимин тарбиялоо милдети Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныкталсын.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-2013-жылдарда Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын терең окуп үйрөнүү жана кеңири тааныттуу Программасын иштеп чыксын жана жүзөгө ашырсын, анда төмөнкүлөр каралсын:

- Кыргызстандын элинин тарыхый-маданий мурастарын кеңири таанытууга багытталган долбоорлорду иштеп чыгуу жана колдоого алуу;
- Билим берүү системасында Кыргызстан элинин тарыхын жана маданиятын окуп үйрөнүү боюнча колдонуудагы окуу курстарын жана программаларды талдоо жана жаңыларды иштеп чыгуу;
- Жалпы жарандык бирдейликтин, өлкөнүн тарыхына анын маданиятына жана мамлекеттик символикаларга урматтоо менен мамиле кылуунун базасында коомду баш коштуруу үчүн негиз катары жалпы кыргызстандык маданий мейкиндикти калыптандыруу [5].

Ушул жарлыктын кээ бир маданиятка, руханий баалуулуктарга тиешелүү пункттарын анализдөөгө аракет жасалды.

Аткарылганы:

1. Жогорку жана орто атайын билим берүү системасында, жалпы билим берүү мекемелеринин жогорку класстарында «Манастаануу» окуу курсун мамлекеттик компонентке предмет катары киргизилүүсү.
2. КР ЖК депутаты К.Самаков тарабынан «Манас» эпосу (үчилтиги) ЮНЕСКО го катталышы.
3. Республика боюнча бир катар театрлар ремонттолду (маданият министирлигинин отчету боюнча). Маданият кызматкерлеринин иш орундарын кыскартуу менен айлык акылары көбөйтүлдү.
4. Экинчи пункту боюнча салттуу музыкада бир катар иш-чаралар жүрүп жатканы менен көбүнчө юбилейлерди өткөрүү менен иш-чаралар чектелүүдө.

Аткарарылбаганы:

- Президенттин жарлыгынын токтомунун биринчи пункту алгылыктуу аткарылбады.
- Экинчи пункту боюнча: Кыргызстан элинин маданий мурастарын кеңири таратууга багытталган долбоорлордун аздыгы (түштүк регион боюнча абдан аз).
- Кыргыз элинин маданиятын окутуп-үйрөтүү боюнча, билим берүү системасында окуу курстарын жана программаларынын жетишсиздиги. Мисалы: Орто мектептерде «Дүйнөлүк жана атамекендин көркөм маданияты» деген окуу курсу 10-15 жыл мурун окутулат эле азыр жок. Кыргыз эл маданият дөөлөтөрүн, руханый мурастарын окутуучу окуу курсу жок.
- Жогорку окуу жайларда «Маданияттаануу», «Этика жана Эстететика» предмети окулчу эле, жогорку окуу жайлардын эки баскычтуу билим берүү системасына өтүүнүн негизинде, кредиттик сааттардын кыскаруусуна туш келип, азыр ал предметтер өтүлбөй жатат.
- Экинчи пункта жалпы жарандык бирдейликтин өлкөнүн тарыхына, анын маданиятына жана мамлекеттик символикага урматтоо менен мамиле кылуунун базасында коомду баш коштуруу үчүн негиз катары жалпы Кыргызстандык маданий мейкиндикти калыптандыруу – деп токтом кабыл алынган. Эгер орто мектепте, орто атайын окуу жайда, жогорку окуу жайларда жаштарыбызга маданият жөнүндө, кыргыз элинин бийик руханий дөөлөтү, мурастары жөнүндө, маданиятынын өнүгүү тарыхы, маданий статикасы, маданий динамикасы, маданияттын келечектеги өнүгүү тенденциялары боюнча, эч бир маалымат бере албасак, кандай маданий мейкиндикти калыптандырабыз?

Ушул эле билим берүү системасында адептин башаты, жогорку нравалык баалуулуктар, жүрүм-турум этикасы, эстетикалык дүйнө тааным, искусство, көркөм маданият жөнүндө курстардын ченемдүүлүгүнүн натыйжасында кандай маданий мейкиндикти түзүүгө болот.

Кыргыз телеканалдары аркылуу маданий-рухий, адептик тарбия алышат десек, ал кандай алкакта болуп жатат жалпыга маалым. Суроо жаралат, кыргыз жарандарынын, өзгөчө жаштарынын кыргыз каналдарын канча пайызы көрүшөт (түштүк-түндүктү алганда)? Массалык-маалымат каражаттары, интернеттеги жеңил-желпи маалыматтар, «agent», «одноклассники» деген телефондордогу программалар жаштарыбыздын акыл-эсин, ой жүгүртүүсүн багындырып, руханий сабатсыздыкты, жакырчылыкты орноштуруп жатканын байкап жатпайбызбы.

Жеке субңктивдүү пикирим боюнча бүгүнкү кыргыз коомунда маданий-этикалык, руханий баалуулуктарды кенен сиңдирип иш-чара колдонбосок ансыз да алсырап турган маданиятыбызды жоготуп алуу коркунучу турат.

«Маданий мейкиндик» көп кырдуу, терең маанини камтыган түшүнүм. Ал ар бир элдик руханий көнөрбөс дөөлөтү болуп, адабияты, искусствосу, архитектурасы, илими-билими, туткан дини, идеологиясы, ар бир жаранынын ойлогон ойу, үмүтү эңсөөсүн максатын камтыйт [1].

Ар бир кыргыз жараны бала бакчадан чоң иштерди багынткан инсаныбызга чейин позитивдүү ой-жүгүртүп, эртеңибиздин стабилдүүлүгүнө ишенип, салымыбызды кошуп, жүрөгүбүз ак, көңүлүбүз көтөрүңкү, дасторконубуз толо, ар бирибиз өз оордубузда жашоого татыктуубуз, бул биздин идеологиябыз болушу керек – деп, кыргыздын мыкты уулу Салижан Жигитовдун айтканы бар [5].

Кыргыз элинин элдик ооз-эки чыгармаларында (эпостор, дастандар, макал-лакаптар ж.б.) улуу акылмандарыбыздын окууларында, окумуштуу аалымдардын эмгектеринде кандай сонун бийик ойлор идеялар бар. Кыргыздар адамды акыл-насааты, салт-санаасынын баалуулугу, макал-лакаптары менен эле тарбиялап коюшчу. Кыргыздын абийрин, намысын, элин, баласын байлык менен бийликке алмаштырганын уктук беле. Кыргыз руханий дөөлөтүбүз менен дүйнөлүк маданияттан орун албадыкпы.

Ансыз деле ааламдашуу алкагында материалдык баалуулуктар, руханий дөөлөттөрүбүздү, адептик жогорку сапаттарыбызды, салттуу маданиятыбызды, акыл күчүбүздү, кылык-жоругубузду багындырып, нукура мүнөзүбүз, жүзүбүз жасалма (искуственный) болуп бара жатпайбызбы.

«Европонын өнүгүшүнө акчанын агып келген көп саны эмес, агып келген руханий өнүгүү себепчи» - деп М.Вебер даана белгилеген [2]. Ошол сыяктуу бүгүн кыргыз эли илимди, билимди, жогорку адептик баалуулуктарды, инсандык өнүгүүнү, бийик идеяларыбызды, диний сабаттуу түшүнүүнү көр-оокаттан бийик койсок, деңгээли бийик маданий мейкиндикке чыгабыз деп терең ишенем.

Б. Ньюмендин (америка мотиватору) «Парите вместе с орлами» деген китебинде эң сонун ойлор бар:

Майда руханий деңгээлдегилер, адамдар жөнүндө сүйлөшөт.

Орто руханий деңгээлдегилер, болгон окуялар жөнүндө сүйлөшүшөт.

Бийик руханий деңгээлдегилер «идеялар» жөнүндө сүйлөшүшөт [3].

Бул айтканында кемтик жок. Демек майда, орто деңгээлдерден ар бирибиз чыгууга аракет кылышыбыз керек да, «жакшы ой жарым ырыс» - деген акылман сөзүбүздү бийик тутуп, ар дайым позитивдүү ой жүгүртүп, руханий дөөлөттөрүбүздү аздектеп сактоо менен келечекке умтулуубуз абзел.

Руханий интеграция болбосо маданиятыбыздын көп баалуулуктарынан ажырап калабыз. Ата-бабабыздан калган эң сонун ыйманды, кутту, баалуулукту жоготуп албай, адамдык парасатты, рухий бийиктикти, жетик кесипкөйлүктү сактап калышыбыз керек.

**Адабияттар:**

1. Базарбаев Ш.Б. «Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы» Ош 2001
2. Вебер М. «Избранные прозведения», М. 1991.
3. Ньюмен Б. «Парите вместе с орлами» Минск: «Попурри», 2010.
4. Гусейнов А.А., Р.Г. Апресян Этика (учебник). М.,2008.

УДК 82-941

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ МЕКЕМЕЛЕР (МЕЧИТТЕР) ЖАНА АЛАРДЫН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ АБАЛЫ

***Казак кызы А., Самидинова Л.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

***Аннотация***

*Жазылган макалада бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелерине айланган өлөбүздөгүмечиттердин курулуу тарыхы, зарылчылыгы жана бүгүнкү күндөгү абалы ошондой эле алардын коомчулуктан алган орду тууралуу баяндалат.*

***Annotation plan***

*This article described about today's actually problems of our country, about the history of the building mosque importance and todays conditions and their place in public.*

Мечит деген сөз арабдын«масжид» деген сөзүнөн алынган,бизче которгондо “сыйынуучу жай” дегенди түшүндүрөт. Ал мусулмандар чогулуп намаз окуй турган имарат.Мечиттер ири шаарларда, кийин айыл-кыштактарда курула баштаган. VII-VIIIкк мусулман өлкөлөрүндө намаз окуй турган жерлери Мекке тарапка багытталып, ал эми X кылымда болсо айваны бар мечиттер кеңири тараган.Жергиликтүү курулуш салтына ылайык имаратта айырмачылыктар бар,айрым мечиттер мектептин да милдетин аткарып,анда балдар куран окууга үйрөнгөн.Кыргызстан эгемендүү болгондон баштап элдин ислам динине болгон ишеними артып, азыркы убакта өлкөбүздүн айыл-кыштактарында, шаарларында да курула баштаган.

Мечиттердин тарыхына кайрылсак,алгачкы мечит Мухаммед пайгамбарыбыздын учурунда курулган. Пайгамбарыбыз(С.А.В.) Аир бин Аиф уулдарыныкында он күндөй конок болуп калат.Ушул кыска убакыттын ичинде “Кубаа” мечитин куруп бүтүрүп,анда намаз окушат.

Пайгамбарыбыз(С.А.В.)салдырган бул мечиттен мурда жеке менчик мечиттер болсо да, Исламда жамаат менен курулган алгачкы мечиттерден болуп калды.

Алгачкы курулган мечиттерге “Пайгамбар” мечити да кошсок болот.Ал хижраттын биринчи жылы б.з. 622-жылы курулат.Пайгамбарыбыз Мадинага келген убакта чогуу намаз окуй турган,керек болгон убагында жыйналып,ар кандай маселелерди чече турган жай жок болгон.Мына ушул жагдайда мечит куруу керек болчу. Пайгамбарыбыз (С.А.В.)Мадинадагы алгачкы ишин мечит куруу менен баштайт.Шаарга биринчи кирген убакта тоосу Нажжар уулдарынын Сахл жана Сухайл аттуу эки жетимдин курма кургаткан жерине чоккон эле.Бул эки жетим Мадиналык мусулмандардан Муаз бин Афраанын короосунда болушчу.Пайгамбарыбыз (С.А.В.) ушул жерди сатып алууну каалагандыгын азирети Муазага билдирет.Бирок ал Аллахтын ыраазычылыгы учун бекер бергиси келет.Пайгамбарыбыз (С.А.В.)кабыл албай,жердин баасын бычып,сатып алат.Аянт тазаланып,кыштары куюлуп даярдалат.

Пайгамбарыбыз берекелүү колдору менен пайдубалдын биринчи ташын коет.Анын аркасынан кезеги менен азирети Абу Бакр,азирети Умар, жана азирети Али пайдубалга бирден таш коюшат.Мына ушинтип “Пайгамбар мечитинин”пайдубалы менен бирге 4 халифанын колу тийген мечит курулган.

“Пайгамбар” мечитинде намаздан тышкары мусулман калкынын диний муктаждыктары дагы ошол мечиттен чечилчү.Айрыкча бул жерден диний билимдер берилчү жана сырттан келген элчилер, уруу башчылары кабыл алынчу.

Кыргызстандаислам дининин таралышы IX-XII кылымдарга таандык.Мечиттер алгач Кокон хандыгында курулуп, кокондук молдолор аларды тейлей баштаган.Бирок, кыргыздардын диний турмушунда мечиттин ролу чектелүү абалда болгон.Анткени мечиттер көбүнчө чеп ичинде курулуп, ал эми кыргыздар болсо алардан оолагыраак көчүп жүрүүгө аракет кылышкан.

Бүгүнкү күндөгүКара-Кол шаарындагы Мухтарулла жана Ибрахим мечиттери эң байыркы мечиттер деп саналат.Алардынбири 125,бири 106 жыл мурун салынган.Шаардын башкы көчөлөрүнүн биринде жайгашкан Ибрахим мечитин “Ибрахим” аттуу дунгандын демилгеси менен кытайлык усталар 1904-1907-жылдары салышкан экен.Ага жараша жомокогудай өзгөчө кооз,канатуу имараттын ичинде жүзүм, анар сыяктуу,оюлар арбын.Тоо кирпичтен курулган жана жыгачтан тургузулган имаратка усталар бир да мык урбаптыр.Бул мечитке 250-300 мусулман батат.

Ошондой эле татарлардын мечити деп аталган Мухтарулла аттуу мечит Кара-Кол шаарынын ортосунда жайгашкан.Төбөсүндөгү мечит деген сөздү эске албаганда эки кабат үйдүн эниндей бийик,калың дубалдуу,мечитке деле анча окшобойт.Мусулмандардын үйү экендигин ажыратып турчу имараттын үстүнүөо курулган эки мунара Улуу Ата Мекендик согуш маалында алынып салынган экен.Муну журналист мечиттин чарба башчысы, согуш ардагери 84 жаштагы Равхад карыядан угат.Анын айтымында, бул “Мухтарулла”аттуу татар улутунун өкүлүнүн демилгеси менен курулуптур. Мындан 125 жыл мурда Уфадан отуздай татар үй-бүлө келип, отурукташып, жашап калышкан. Анан мечит салуу маселесин көтөрүшкөн.Карагайларды Чоң-Жаргылчак айылынан кесип,таарып,параход менен алып келишкен экен.

Ал эми Кимсанбай Абдрахманов 1990-жылы сентябрда Бишкек шаарында Кыргызстандагы тунгуч Ислам медресесин ачкан. Бул медресени 1993-жылы Ислам институтуна айлантып, окуу программаларын да жогору даражага которуп, ага “Азирети Али” наамы берилген.Андан кийин областарда да Ислам медреселери ачылып иштей баштаган.

1991-жылы Кимсанбай ажы баш болгон биринчи жолу 450 киши Кыргызстандан Сауд Аравиясына ажылыка барышкан.Муфтий Эмираттагы шейхтердин жардамы менен,Бишкек шаарында жаңы стилдеги мечит 1995-жылдын октябрь айында курулган.

Сулайман-Тоонун алдындагыРават Абдуллахан мечити (XV-XVI)кылымга таандык. Убагында Орто Азиядан мусулмандар келип “Жума” намазын жамаат менен окуп кетип турушкан. Журтчулук бул жерде зыярат кылып, намаз окуса башка жерде окуган намаздан да сообу чоң деп эсептешет. Имараттын курулушу жөнүндө төмөнкүдөй уламыштар айтылат:Бухара ханы Абдуллахан II Исфарага келип,кеңешүүгө акылман карыяларды табууну буйруйт.Ага Мавляна Садык жана Мавляна Абдурахимди чакырышат.Акылмандар менен хан узак убакытка чейин акылдашат.Алар элдердин ушул жердеги балдарын өздөрү менен Бухарага алып кетип,окутууну суранышканын айтышат.Ошондо Абдуллахан терең, ойлонуп,ушул өрөөнгө балдар үчүн атайын акылмандардын мектебин куруунун зарылдыгын сезип, буйрук менен мечит-медресе курдурат. Ал жерде XX кылымга чейин өз маанисин жоготпой балдарды окутуп,сабатсыздыгын жоюп,таалим-тарбия берүүнүн борбору болгон. Мындай имараттарды Абдуллахан Иран жана Ооганстанга да кургандыгы жөнүндө эл оозунда айтылып келет.

Ыссык-Көл кинотеатрынын артындагы паркка курула турган бул мечит Борбор Азия аймагында Ташкент, Алма-Ата шаарлаынрдагы мечиттерден кийинки чоң мечит болуп эсептелип,китепкана, дааратакана,ашкана сыяктуу баардык кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү кошо салынган комплекс болот.Жалпы суммасы үч миллиондолларга эсептелген, курулушуна негизги демөөрчү “Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы” Борбор Азия

боюнча Бишкекте жайгашкан кеңсеси болуп эсептелет.Ошондой эле марафондо элден чогулган каражат да жумшалат.
Махатма Ганди жана Касымалы Баялинов көчөлөрүнүн кешилишиндеги парктан 10 гектар аянт бөлүнүп, дарактар кыйылып, жер-пайы казылып бүткөн соң, адистер жер астынан суу чыккан деген тыянак чыгарышкан. Осмоналиевдин сөзү боюнча,азыркы учурда Бишкекте 35 мечит бар.Бирок Орозо айт күндөрү аларга намаз окуганы келген эл батпагандыктан,Борбордук Ала-Тоо аянтына 10000ге жакын мусулмандар намаз окуп жатышат.

200-250 адамга ылайыкталып курулган Нарын жергесиндеги "Азирети-Али " мечити Кыргызстандагы мечиттерден өзүнүн көөкөр формасы менен айырмаланып турат. Мечиттин курулушу 1991-жылы башталып,эки жыл ичинде бүткөрүлгөн. Биздин өлкөдө башка мечиттерден айырмаланып,анын бетине кыргыз оймо-чиймелери түшүрүлгөн. Мечит үч бөлүктөн турат: Мечит, Нарын казыяты жана мечиттин алдындагы медресе.

Нарында сапатсыз курулган мечиттер көп. Бул тууралуу "Азаттык" радиосунун Нарын областындагы корреспондети Токтосун Шамбетов билдирди: областындагыказыяттын билдиришинче, Тенир-Тоо аймагында 118 мечит болсо, анын дээрлик жарымынан көбү каттоодонөткөн эмес, себеби курулушу талапка жооп бербейт, айрымдары уруксат берилбеген жерге курулган.

Нарын шаарындагы чоң мечиттердин бири болуп саналган "Билал бин Раббах" мечити 8 жыл мурда арап өлкөсүнөн келген демөөрчүлөр тарабынан курулган. Ошондон бери каттосуз эле ишмердигин улантып келет. Катталбай калганын себеби курулуп жаткан мезгилде тийиштүү органдардын көзөмөлүнөнөткөн эмес, себеби май куючу жайга жакын болуп калган, ал эми демөөрчүлөр салып бергенден кийин эле кетип калышкан. Аталган мечиттин имамы Майрамбек Султаналиев бүгүнкү күнгө чейин мечити расмий коттодо өткөрө албай убара болгондугу жөнүндө интернет булактарынан табууга болот

Эгемендик алган жылдардан бери айылдарда мечиттер жаандан кийинки козу карындай жайнаган. Нарындагы мечит, намаз каналардын көпчүлүгүн арап өлкөлөрүнөн демөөрчүлөр куруп беришкен. Бирок мечит курууну ниет кылгандардын бири дагы өкмөттүк мекемеге кайрылган эмес. Ошол кезде өкмөт тарабынан эмнеге көзөмөл болбой калганын Нарын областындагы экология жана техникалык инспекция башкармасынын башчысы Жанарбек Турдукеев мындайча түшүндүрөт:
Мечиттер салынып жаткан учурда мамлекет тарабынан сөзсүз көзөмөл болуш керек.Чак-чалакей курулуп көпчүлүгүнүндолбоору,уруксат докменти жок. Айтор, мындай курулушттарды көзөмөлдөөчү орган акыркы жылдагы реформа менен улам жоюлуп, кайра түзүлүп же башка башкармалыкка кошулуп олтуруп, ошол кездеги курулган мечиттерге көзөмөл болбой калган. Эми минтип ара жолдо калган мечиттер толтура, себеби каттоого алалы деген күндө деле көпчүлүгүнүн курулушу сейсмикалык жактан талапка жооп бербейт. Ар ким каалагандай салып, айрым айылда жөн гана топурак менен тургузгандары да бар.Азыркы учурда деле ар кайсы айылдан чыккан акчалуу жигиттердин өз жеринде мечит салып берүү адаты кала элек.Мындан 10-15 жылдай мурда арабдар салып берген мечиттердин көбү азыр кайрадан оңдоп түзөөгө муктаж.
Мисалы, 2014-жылдын 3-февралында Сузак районунда жайгашкан "Имам –Азам" мечит-медресесинин экинчи кабаты кулап түшкөн, андан 53 адам денелеринен ар түрдүү жаракат алышкан.Бул тууралуу Сузак райондук прокуратурасы тарабынан берилген факт боюнча кылмыш кодексинин 1-бөлүгүнүн 2-бүлүмчөсүнүн 258-беренеси боюнча кылмыш иш козголгон.

Өсүп келе жаткан жаштарга ислам дининин көз карашын туура түшүндүрүү керек. Анткени, мечиттерге жаш муундар намаз окуу үчүн келишет, диний кызматкерлер түшүндүрүү иштерин жасашат. Коомдук аң-сезим да, руханий байлыктар да, диний

ишенимдер да, бардыгы адам үчүн кызмат кылып, адамзаттын энчиси болгондуктан, бардыгынын башында адам туруп, туура тарбия берүү негизги максат болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А., Ож.Осмонов. Кыргызстан тарыхы. Бишкек.,2003
2. Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (САВ) өмүр баяны. Бишкек., 2009
3. Ислам. Тарых жана азыркы мезгил. Жалал-Абад.,2004
4. Интернет булактары

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК СУУСУНДУКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ДЕН СООЛУККА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

***Казак кызыА.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

**_Анотация_**

*Кыргызэлининулуттукдасторконутамак-аштардынтүрлөрүнөөтө бай.Ошолордуничиненулуттуксуусундуктарынынжаралуутарыхы,пайдаланылышы,денсоолуккатийгизгентаасирижанааларды нбүгүнкүкүндөмодернизацияланышытууралуубаяндалат.*

**_Annotation plan_**

*National cook very rich kind of national drinks. In this article sayed about meaning of historical extraction of national drinks, its influence for health and its modernization for this day.*

Мисалы, кымыз тууралуу тарых барактарына кайрылсак: - кымыз жөнүндөгү эң байыркы маалымат Игнатьев жылнаамаларында кездешет. Анда: “князь Игорь Северский тоолуктардын туткунунан аны кайтарган жоокерлер кымыз ичип уктап калганда качып чыккан”,-деп жазылат.1245-жылы Батый хан князь Галицкийди кымыз менен сыйлагандагы жөнүндө да маалымат бар.Ал эми европалык саякатчы Марко ПолоXIII кылымдын II - жарымында Орто Азияга жасаган саякатынан кийин кымызга “Ак шарап” деген кошумча атты ыйгарат.

Чындыгында алгач кымызды байыркы көчмөндөр жасап келишкен мындан 550-жылмурун.Кымызды жасоо технологиясын көчмөн элдер көп кылымдар бою сыр катары сактаган.Ал гана эмес тарыхтын атасы Геродот (б.з.ч.484-424-жж) да скифтер кымыздын рецебин билгендердин көзүн тазалап,сырын катуу сакташканын жазып кеткен.

Орус окумуштуусу В.Даль 1843-жылы кымыздын организмге пайдалуу экендигин байкап: “Кымыз ичти муздатат, жаныңды жыргатат.Аны бир жолу ичсен, денеңе кадимкидей күч-кубат кошулуп,өзүңдү сергек сезип,ден соолугуң чыңалып,эки бетиңе кызыл жүгүрөт.Эгерде кымызга көнүп алсаң,бөлөк ичкиликке эч көңүлүң тартпайт,”-деп айтканы бар.Кымыз көп нерсеге пайдалуу экендигин адистер айтып келишет.[1. 15]. Жыл мезгилдерине жараша кымыздын түрлөрүар кандай оорууга даары.

Мисалы, ууз кымыз-эрте жаздан жай мезгилине чейин жасалат. Бул түрү элдик медицинада түрдүү ооруга даба катары колдонулат.Ал гана эмес,айрым бейтаптарга атайын кымыз менен дарылануу байыртадан эле сунушталып келет.Себеби бээлер ууздан арыла элек,чөп жаш,ууз кымыз даамдуу жана дарылык касинти күчтүү болот.

***Гүл кымыз***-жайдан күзгө чейинки мезгилде даярдалат. Айрым учурда “кызыл кымыз” деп да атап коюшат. Чөп -чар гүл байлап,күчүнө келип турган мезгилде жасагандыктан күчтүү келип,ичкендин ичин ысытып,көңүлүн жайлантат.

***Сөөк кымыз***- чөп бышкан мезгилден кеч күзгө чейин даярдалат. Муну жылкычылар “шырылдаң” деп да коюшат.Бул учурда байып бараткан бээнин сүтү коюу келип, кымыран көбүрөөк кошулат. Коюу жана күчтүү келип,адамды ток кармайт.

Ал эми жасалуу ыкмасына карай да бөлөнөт:***Бал кымыз***-байтал бээнин сүтүнөн жасалып,диеталык жана дарылык касиетке ээ.***Саамал кымыз***-жакшы бышып,жакшы ачый элек кымыз.

***Тунма кымыз***- эң күчтүү кымыз.Жакшы ачыган кымызга бал кошуп чайкап,саамал кошуп көпкө бышат.

***Ачыган кымыз*** – чаначтагы жакшы бышылган жаш кымызга саамал, жанчылган мейиз, набатты ак дакиге түйүп, чаначтын түбүнө салып, бир нече күн ачытат. Мындай кымыз кадырлуу меймандарга атайын тойлорго карата даярдалат.

***Чайкалган кымыз*** – жакшы ачыган кымызга кант же бал кошуп чайкап, саамал кошуп көпкө бышат.

***Тоңдурма кымыз*** – чаначка же көөкөргө атайын тоңдуруп, кышында жылытып ичишет.

Кымыз жалаң гана бээнин сүтүнөн жасалбастан, башка малдын сүтүнөн да жасалат. Ошого жараша аты болот: төө кымыз (төөнүн сүтүнөн жасалат), уй кымыз (уйдун, топоздун сүтүнөн жасалат) жана көөрчөк (кой – эчкинин сүтүнөн жасалат).

Ошондой эле көрөңгөлөнгөн күнүнө карата:бир күндүк кымызды - жаш кымыз,эки күндүгүн-күчтүү,ал эми үч күндүгүн-өткөөл кымыз деп бөлүп аташат. Андан ашкан кымыз ачкыл болуп калат, аны шарап катары пайдаланышат.[2. 26]

Далай ооруга даба болгон кымыздын дарылык касиетин бабаларыбыз байыртадан эле байкап,өз пайдасына колдонуп келишкен.Ал эми 1900-жылы венгриялык окумуштуулар бээнин сүтүн изилдеп,анын 92 пайызы эненин сүтүменен шайкеш келерин аныкташкан. Илимий түрдө дарылык касиети далилденгенден кийин,европалыктар арасында бээнин сүтүн дары катары пайдалануу акырындап жайыла баштаган.Россиялык жылкы багуу боюнча илимий изилдөө институтунун берген маалыматына караганда,бээнин сүтүндө жеңил сиңчү белоктор,майлар,углеводдор,сүт кислотасы,лактоза заты, май,фермент,В,В1,В12, С витаминдери бар

Бээнин сүтүнүн башка сүттөрдөн айырмасы-анын курамында кант жана лактоза көп болгондуктан, ачыганда спиртке айланганында. Ал кан тамырларды кеңейтип, ашказан бездеринин иштешине жакшы жардам берет. Бээнин сүтү бардык эле убакта пайдалуу. Айрыкча бээлер жаңы тууган убакта сүтү жаш, кымызы да жеңил келип, кан басымын жогорулатпай, боор, өпкө, өт жана ашказандын, нерв системасынын, дем алуу органдарынын иштешине өтө чоң таасирин тийгизет. Жылкы бруцеллез, кургак учук, кара өпкө деген оорулар менен эч качан оорбайт. Ошондуктан анын сүтүн саап бүтөр замат сүзүп иче бергенге болот. Мындан тышкары, бээнин сүтүндөгү май бүртүкчөлөрү ичеги карынга тез сиңип, холестеринди көбөйтпөйт. Ошошндой эле йоддун көрсөткүчү да өтө жогору: бээнин 100 грамм сүтүндө 95-100 пайызды, уйдун сүтүндө 25-30 пайызды түзөт.

Бээнин сүтү кан басымын түшүрөт, ал эми кымыз которот. Ошондуктан бээнин сүтү менен бардык эле оорулар дарылана бергенге болбойт,андыктан атайын дарыгердин кеңешин алган оң. Дарыгерлердин айтуусу боюнча, бээнин сүтү менен дарылануууга өтө кылдат карап, бир гана бээнин сүтүн ичүү шарт. Күндөүч маал белгилүүөлчөмдө ичсе, дарылануу убактысы 10 же 15 күн толук болуусу зарыл. Бээнинсүтүнүн дары боло турган учуру үркөр жылдызы чыкканга чейин гана экенин кыргыздар небак эле аныктап чыгышкан. Ушул күндөр аралыгында гана бул тамак организмге толук сиңип, алгачкы күндөрдө арыктатып, зыяндуу заттарды айдап чыгып, бара-бара күч кубат бере баштайт. Дарылануу учурунда башка тамактар менен бир убакта аралаштырып ичүү анын таасирдүүлүгүн азайтат.

Бээнин сүтү гана эмес, андан жасалган кадимки кымызынын да дарылык таасири күчтүү. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда, кымыздагы ачыткылар кургак учукту козгоочуларга каршы антибиотикитик заттарды пайда кылат. Июль айынын экинчи жарымынан тартып чөп баш алып бышып калган кезде кымыз көптөргө, өзгөчө, мурун ичип көрбөгөндөргө, кан басымы жогору, жүрөгү начар адамдарга жага бербейт. Кымызды алгач аз-аздан ичип, организмди көндүрүү зарыл. Кымыздын курамында жеңил сиңчү белоктор 2-2,5%, майлар 1-25%, кант 3,5% жана А, В, С тобундагы витаминдер болот. Мындан тышкары, көмүртектер, спирт, сүт кислотасы, минерал туздары, витаминдер, ферменттер, көмүр кычкыл газы, аминокислоталар бар.[3. 37]

Ал эми уйдун сүтүнөн айран жасашат (сары суусу өпкө ооруларына дары), айрандан сүзмө, жайкысын суусундук катары чалап жасап суусунга ичишет, быштак же пышлак, эжигей кайнатып алышат. курут даярдашат:аны кургатылган же майдаланган жана жылуу сууга эзген түрүндөколдонушат [4. 101].

Ч.Валиханов өз убагында эле кыргыздар "калмактардын затуранындай[5.257] (затуран - ундан жасалганкалмак чайы)туз кошуп кайнатып алышаарын белгилеген.Түндүк Кыргызстандын арасында революцияга чейин куурма чай кеңири тараган.Майга унду же талканды кууруп,сууга сүт аралаштырып, ага туз салып кайнатышкан.

Түндүк кыргыздар даярдаган чайды В.М.Кушелевский: "Кээде чай сүттүн,майдын,туздун жана калемпирдин аралашкан түрүндөказанга кайнатылат, мындай кайнатылган учурда ал шар-чай же ал чай о.э.калмак чай деп аталат.Мындай аралашма чайга караганда шорпого көбүрөөк окшош жана ал көчмөн калкта кеңири колдонулган" [6. 255]

***Бозо***-кенири таралган, аны негизинен кышында таруудан,арпадан же жүгөрүдөн жасалган шакка угут кошуп ачытышат. XIX кылымдын 60-жылдарында В.В.Радлов кыргыздар таруудан кантип бозо жасашканын,андан кышында ичилчү арактартышканын көргөн(Чагырмак –кымыздан жасалган арак) [7. 102]

Кыргыздар сүттөн чыгарылган аракты да ичишкен,ал үчүн кымызды Борбордук Азиянын кээ бир элдери,кандай жол менен иштетишсе, дал ошондой жол менен иштетишкен" [8.355]. Кийинчерээк ал арак колдонулууудан чыгып калган.

***Атала*** – жүгөрү унунан жасалган, ага айран же май кошуп ичилген.[9.114] Кээде сары майга унду кызарта кууруп да жасашкан. Ал иммунитетти жогорулаткан, айрыкча оорулуу адамдарга сунушталган.

Кыргыз эли алкоголдук ичимдиктерди ичишкен эмес, анын ордуна бозо, кымыз жада калса организмге пайдалуу сүттөн арактарды жасашкандыгы тууралуу мисалдар келтирилди

Азыркы кездеги кыргыз калкынын тамактанышына сырттан алынып келинген (импорт) тамак-аштар терс таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан, жогоруда мисал келтирилген мурдагы көчмөнчүлүк жашоодогу салттык тамак-аштарды колдонуу пайдалуу деп эсептейбиз. Муну менен бирге, тамак-аштын түрдүүлөнүшүнө Азия (айрыкча Кытай), Европа өлкөлөрү менен байланыштардын кеңейиши таасир этти. Улуттук суусундуктар бүтүндөй алганда өзүнүн улуттук мүнөзүн сактап турушса дагы, бирок аны даярдоо жолдору олутту өзгөрүүлөргө дуушар болуп, анда жаңы, мурун белгисиз болгон тамактар да пайда болупмодернизацияланды. Ошон үчүн келечекте денисак кыргыз улутун сактоого сырттан келген ичимдиктер-суусундуктар эмес, Ата Мекендик өндүрүштөгү тамак-аштар менен суусундуктарды ичүүнү сунуштайбыз жана пропогандалоо керек деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Шоокум. № 6.(70). Июнь 2012
2. Инсан KG. Жалал-Абад. № 5 (25)Май 2013
3. Шоокум. № 7.(72). Июль 2012.
4. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы. Бишкек.,1999. 101-бет
5. Валиханов Ч. Собрание сочинений. Том 1. Стр 257
   Затуран - ундан жасалган калмак чайы
6. Кушелевский В.И. Материалы для медицинской географии. Стр 255
7. Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. Том 3. Спб.,1905. Стр 102Чагырмак – кымыздан жасалган арак
8. Северцов Н.А. Путеществие по Туркестанскому краю. Стр 355
9. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы. Бишкек.,1999. 114-бет

УДК.17.

# И.РАЗЗАКОВ ЖАНА СОЦИАЛДЫК САЯСАТ

***Кожоназарова Ы.М., Токтогулова Г.Т.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***
***toktogulova.72@mail.ru***

***Аннотация***

*Бул макалада И.Р. Раззаковдун социалдык көз карашына социалдык-философиялык анализ берилди.*

***Annotation***

*This article provides a socio-philosophical analysis of social view I.Razzakova.*

Кыргыз элинин чыгаан уулу, белгилүү инсаны Исхак Раззакович Раззаков күз айларында жарык дүйнөгө келген. Келип чыгуу теги боюнча кедейчилик турмушта жашап, ал аз келгенсип алгач апасынан 8 жашында атасынан ажыраган. 1918-жылы кыргыз эли каатчылык жашоого кабылып, айласы кеткен калың эл көр ооkаттын азабынан туш тарапка таркаган. Мындай көрүнүш Раззаков Исхак Раззаковичтин башына келип, акыр аягында Ходженттеги жетим балдар үйүнө жайгашат. Турмуштун татаал сыноосун өз башынан өткөргөн Исхак Раззаков абдан жакшы окуп билим алып, орус тилин да жогорку деңгээлде өздөштүрөт. Бул көрүнүштү ал өз эскерүүсүндө «Менин жашоомдо жаңы, белгисиз дүйнө ачылды, мен ири кубанычтын даамын таттым»,[1] - дейт. Балдар үйүнөн кийин Ташкент шаарындагы мектеп интерната 1925-жылга чейин билим алат.

Асылбек Доталиевдин эскерүүсүндө И. Раззаков Самарканд шаарындагы агартуу институтунда окуусун улантат. Ал жерде Исхак тың окуу менен комсомолдук иш-чаралардын активдүү катышуучусуна айланат. Комсомолдук турмуш анын лидерлик сапатын калыптандырат. Ал 1927-жылы Ош кантонунун Бөксө-Исфара болуштугунун комсомол комитетинин активдүү уюштуруучусу болот. 1931-жылы И. Раззаков Агартуу институтун аяктап, ошол эле окуу жайдын кафедрасында мугалим болуп иштеп калат. Көп өтпөй келечектеги лидердин ак жолу ачылып, Москва шаарындагы Мамлекеттик пландоо институтуна жолдомо алат. 1936-жылы Раззаков «Күйүүчү ресурстарды рационалдуу пайдалануу жөнүндө» деген дипломдук ишин эң жогорку деңгээлде коргоп, чыныгы билимге ээ экендигин далилдейт.[2]

Ошентип Исхак Раззакович Раззаков Москва шаарында да өз билимин тереңдетип пландоо институтун ийгиликтүү аяктаган соң, кайрадан Өзбекистанга келип, пландоо багытын жетектеген. Бул жерде оозго алынарлык көптөгөн жогорку жетекчилик органдарда иштеген. Ал эми анын өз мекенине кайтып келүүсүн 1945-жылы 4-ноябрда КПСС БКнын саясий бюросунун чечими менен Совет өкмөтү И. Раззаковду Кыргызстандын Министирлер Советинин төрагалык кызматына жөнөткөн. Ал ошол мезгилде 35 гана жашта болгону менен, мамлекеттик масштабдагы табылгыс ишмер, эл чарбасын өнүктүрүүдөгү чоң тажрыйбага ээ жетекчи, чыныгы элдик уул эле. Согуштан кийинки эл чарбасынын абалы оор эле. И. Раззаков болгон күчүн, билимин, талантын республикабыздын экономикалык жактан өнүгүп өсүшүнө жумшаган. Кыргыз ССРнин министирлер Советинин иши И. Раззаковдун жөндөмдүүлүгүнүн жана иштин көзүн билген

[1] Шоокум // Илим турмуш жана маданият журналы. Асылбек Доталиев. Исхак Раззаков- өрнөгү күчтүү асыл адам. 20-бет

[2] Шоокум // Илим турмуш жана маданият журналы. Асылбек Доталиев. Исхак Раззаков- өрнөгү күчтүү асыл адам. 20-бет

уюштуруучулугунун аркасында илгерилеп, республикада теңдешсиз лидер экендиги айкындалган[3] - деп Асылбек Доталиев кеңири токтолот.

Анын Советтик доордогу социалдык саясатты колго алуу багыты 1945-жылдан кийин башталып, ошол доордогу элдин социалдык абалына өзгөчө көңүл бурган. Анын аракети менен шаар менен айылдарды толук электирлештирүү деген кулачын жайып, республиканын калкы көмүр жана күйүүчү май менен толук камсыз болгон. Бүт малчыларды алыстагысын да жакындагысын да газ менен камсыз кылып бир топ шарттарды түзгөн элек[4] - дейт Дикамбаев Казы Дикамбаевич өз эскерүүсүндө. Ушул чечүүчү тармактардын негизги көрсөткүчтөрү эл чарбасынын башка сферасындагы өсүүнүн негизи болгон. Өлкөнүн өсүшү менен социалдык-маданий курулуштар, турак-жайлар, мектептер, бала бакчалар, оорукалар, клубдар жана китепканалар курулган.

Кыргызстан Коммунистик партиясынын, Министирлер Советинин 1957-жылдын 17-сентябрындагы № 379-54 «Республиканын мектептеринин окуучулары үчүн эрте мененки ысык тамакты бекеринен уюштуруу тууралуу» деген токтому кабыл алынып, ушул эле токтомдун негизинде 1957-жылдын 1-октябрынан тартып 1-4-класстардагы окуучулар үчүн эртең мененки ыссык тамакты бекеринен уюштуруу каралган, ал эми 1958-жылдын 1-январынан тартып, республикадагы шаарлардын жана жумушчу айылдарынын башталгыч, жети жылдык, ошондой эле орто мектептердин 1-7-класстарынын окуучулары үчүн да бекер тамак берүү колго алынган. Муну ишке ашыруу материалдык мүмкүнчүлүктөрү бар экономикалык жактан күчтүү колхоздорго рекомендацияланган. Ошондой эле колхоздордун каражаттарынын эсебинен айыл мектептеринде эрте мененки ысык тамакты бекеринен уюштуруунун колхозчулардын жалпы чогулушунун макулдугу менен болуусун көрсөткөн. Кыргыз ССРнин Министирлер Совети тарабынан 1958-жылдын 29-майында №233 «Балдардын арасындагы ооруну төмөндөтүү боюнча чара жөнүндө» деген токтом кабыл алынган. Ушул токтом аркылуу врачтардын канаатандырарлык эмес кызмат көрсөтүүсүн жана республикадагы балдардын көп оорушу менен өлүмгө дуушар болуусу белгиленген. Эгерде миң бала төрөлсө, отуздан ашыгы чарчап калган. Ушул ооруларды азайтууда балдар жана алардын чарчап калуусун жок кылуу үчүн саламаттык министирлиги милдеттенген, андан башка дагы балдарга медициналык кызмат көрсөтүүнүн маданиятын жана сапатын көтөрүүнү өзүнө максат катары көргөн[5]. Ошону менен бирге бир жолку тартип менен республиканын мамлекеттик бюджетинен 2 млн. рубль бөлдүрүп оорулуу балдарга бир жашка чейин бекер тамак аш берүүнү уюштуруу каралган. Ошондой эле ал шаар мончолорунун абалын жакшыртуу боюнча маселе көтөрүп, БКнын Бюросунда жана министрлер Советинде каралып, шаарларда, республика боюнча мончолорду курууну чечип берген. Раззаков дүкөндөрдү өзү көрүп жүрүп, ал дүкөндөрдөгү калкты тейлөө кызматын жакшырткан[6].

1959-жылдын акырында жана 1960-жылдын башында айрым райондун колхоздору менен совхоздору көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан эмгек акыны эмгекчилерге акчалай төлөөгө өтүшкөн, мындай чечим Исхак Раззаковичтин, Кыргызстан КП БКнын бюросунда колдоого алынат[7].

Исхак Раззаков Кыргыз жаштарынын СССРдин борбору Москва, Ленинград жана башка чоң шаарларынан билим алуусуна шарт түзгөн. Анын демилгеси менен жогорку окуу жайга кирүү экзамендери Фрунзе шаарында алынып, өткөн балдар бронь боюнча барып окуп билим алышкан. Ошол учурда билим алуу үчүн барган жаштардын көпчүлүгү

---

[3] Ошондо эле 21-бет.

[4] Дикамбаев Казы Дикамбаевич. Улуу инсан (эскерүүлөр)Бишкек «Учкун» 1996-ж. 61-бет.

[5] Дикамбаев Казы Дикамбаевич. Улуу инсан (эскерүүлөр)Бишкек «Учкун» 1996-ж. 63-64-бет.

[6] Улуу инсан (эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996-ж. 179-бет.

[7] Улуу инсан (эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996-ж. 180-бет.

жашоо шартынын кыйынчылыгынан окуй албай кетип калып жатышкан, бул маселени чечүү үчүн, «Жогорку Советтин президиумуна берилүүчү фондду» жылына Моссквадагы элчиликке акча бөлүнүп, үзгүлтүксүз берилип турган[8]. Анын бул аракети кыргыз жаштарынын толук билим алуусуна чоң шарт түзгөн.

Байыркы тарыхы бар кыргыз элинин чыгаан уулу Раззаковдун өз эли үчүн арнаган өмүрүн, иш-аракетин канча айтсак да, канча жазсак да, аз. Анткени анын өзгөчөлөнгөн иш-аракети, өз мекенине берилгендиги, өз элине болгон камкордугу, интернационалистиги жасаган иш-аракетинин натыйжаларынан көрүнүп турат.

«Элден эр туулат, эр элди багат» деген накыл сөздү түздөн түз Исхак Раззакович Раззаков менен байланыштырсак адашпайбыз деген ойдомун. Себеби ал бир жагынан кыргыз эли үчүн татыктуу жумуш жасады. Ошондой эле анын өзүнүн күндөлүгүндөгү эскермесине токтолсом: «Эмне кылдым, эмнеге жетише алдым, республикадагы жетекчилик мезгилимде кимдер үчүн аракеттендим? Эл акыйкат, эл баалайт» дейт. Чынында эле эл тараза.

Коомубуздун белгилүү инсаны И. Раззаковдун эмгегин жогору баалагандыгы анын замандаштарынын эскерүүсүнөн, кийинки муундардын изилдөө аракетеринен көрүнүп турат. Мисалга алсак: академик Т. Сыдыкбеков «Нукура жөнөкөй мүнөзү, кайталангыс таланты, адамгерчилик сапаты, эмгекчилдиги, интерационалистик көз карашы бири-бирине айкалышкан, бардык ишке чыгармачылык мамилесинен тайбаган курч жан эле» дейт.[9]

И.Р.Разаков социалдык саясатка аналитикалык баа берип, Кыргыз элинин социалдык абалын жакшыртууга, өнүгүүгө зор салымын кошкон. И.Раззаковдун жаркын элесин эскерүү 1990-жылдан кийин гана колго алынып, илим жаатында, тарых барактарында анализденип, актуалдуу проблемага айланды.

[8]Улуу инсан (эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996-ж. 25-26-бет.
[9]Улуу инсан (эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996-ж. 40-бет.

УДК 159.923.2

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНСАН МАСЕЛЕСИНИН БЕРИЛИШИ

***Осмоналиева С.,Тажибаева Ж.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад шаары***

***Аннотация***

*Бул макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жана эпосторундагы инсан маселеси боюнча оозеки жана жазма адабияттарда чагылдырылышы берилет. Изилдөөнүн негизинде бул чыгармалар аркылуу окутуу, тарбиялоо жемиштүү болоору далилденди.*

***Annotation to the article***

*The theme of the work – life and love. Great role in the work of nature and animals around him. In the works of Chingiz Aitmav image of the animal goes in parallel with the image of man. Article works through Ch. Aitmav can find becoming as human begins, as well as with the help of these works can be identified positive towards education and training.*

Кылымды кылым жаңыртып, жылды жыл жараткан канча бир мезгилде кыргыз эли "Манас" эпосун жаратып, сөзүнө сөз, үнүнө үн кошуп өркүндөтүп келсе, өткөн жүз жылдыкта ааламга Чынгыз Айтматовду берди. Жыйырманчы кылым адабият ааламында "Айтматовдун кылымы, Айтматовдун ааламы" болуп бүт адамзат тарыхына кирди. Кээде ушундайлар да болот, тарых мезгилдин карама-каршыдай көрүнгөн көрүнүштөрүнөн өзүн-өзү жарата берет экен.

Дүйнөлүк маданият айдыңында оозеки адабият өзүнүн таанытып-билдирүүчүлүк милдетин, милдетин гана эмес, жашоо-турмушун бүткөрүп жатканда "Манас" эпосу менен Чынгыз Айтматовдун "жаңы эпосу" дал ушул XX кылымдын туу чокусунда бирин-бири толуктап, бирин-бири улантып, кыргыз элинин оозеки адабияты менен жазма адабиятын дүйнөгө таанытты. Бул жерде эч кандай талаш жок, байыркы жана азыркы кыргыз элинин рухий эрдиги катары саналган "Манас" эпосунун дүйнөгө таанылышы менен Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын ааламды багынтышы мезгилдик жактан айырма болгону менен ал XX кылымга таандык жана ушул кылымдын дүйнөлүк масштабдагы окуялары. Жөн гана эмес, адамзат акыл-эсин таң калтырган байыркы жана азыркы сөзү.

Ошондуктан "Манас" эпосу менен Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын бөлүп кароого эч негиз жок, тескерисинче, алар бирин-бири жаратып, толуктап жана улантып турган рухий кенч. Ооба, "Манасты" кыргыз жаратса, кыргызды дүйнө жүзүнө Чынгыз Айтматовдун чыгармалары таанытты.

Мезгилдин өтүшү менен бирге залкар жазуучу, улуу ойчул жана гуманист Ч.Айтматовдун адамдык жана чыгармачылык бейнеси кыргыз эли, түрк дүйнөсү үчүн гана эмес, жалпы эле адамзат үчүн да кадыр-баасы арта берет. Анын инсандык жана сүрөткердик касиеттерине жаш муундар келечекте чыныгы инсан катары баа берип келүүдө.

Өзүнүн замандаштары жана келечек муундары үчүн Ч.Айтматов ааламдык сабакка ээ насаатчы катары жашай берет. Айтматов сыяктуу инсан ар кандай улуттун тарыхында жүз жылда, а түгүл миң жылда бир жаралат.

Ч.Айтматовдун жашоонун маңызы, эртең кыргыздарды эмне күтүп жаткандыгы, көз карандысыз, өз алдынча улут болуу үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндөгү ойлору жалпы

кыргыз эли үчүн, Конфуцийдин осуяттары кытайлар үчүн кандай мааниге ээ болсо, дал ошондой мааниге ээ болуп, акыл-ойдун казынасына айланат.

Бүгүнкү күнү кыргыз эли өзүнүн рухий лидеринин үнүн уга билүүсү, жазуучунун өзүнүн чыгармалары менен публицистикасында чагылдырган идеяларын жан дүйнөсүнөн өткөрүшү жана аны сиңириши өтө маанилүү.

Ч.Айтматов сөздүн күчүнө өзгөчө маани берген. Ошондуктан, ал "кыргыз-казак" поэзиясында тээ байыркы мезгилде эле пайда болгон учкул сөздү мисалга тартып, "Сөздөн тышкары Кудай да жок, Аалам да жок", "Сөздөн ашкан дүйнөдө Күч да жок, Жарык да жок", - деп айткан. Сөздүн эбегейсиз кубаты жөнүндө кыргыз элинде: "Өнөр алды-кызыл тил", "Жерди сел бузат, элди сөз бузат", "Бутунан чалынган турат, сөзүнөн чалынган турбайт",-деген макалдар бар экендиги.

Коомдун өнүгүүсүндөгү сөздүн мааниси жөнүндөгү жазуучунун айтканын философ Л.А. Брудный болжолдуу түрдө мындай деп эскерет: "кыргыз элинин өзүн өзү баалоосу, бир топ индивидуалдаштырылышы зарыл".

Индивидуалдуулукка ээ болуу үчүн кыргыз этносу тарыхый инсан катары калыптанышы керек, биз мезгилдин бүктөмүнө кетип, жоголгон кээ бир башка элдердей болбос үчүн, өзүбүздүн кайталангыс өзүнчөлүгүбүздү, өзгөчөлүгүбүздү жоготпошубуз керек. Ушул күнгө чейин өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду, өзүнчөлүгүбүздү, адамдын улуттук ар-намысы менен мекенчилдик сезимин ойготууну тарыхыбыздан, улуу "Манас" эпосунан табууга аракет кылып келдик. Тилекке каршы, бул багытта чеке жылытаарлык жылыштарга жетише албадык.

Ачыгын айтканда, биздин рухий казынабыздан улуттук идеяга өзөк болуп берээр эч нерсе таппадык. Баамыбызда мезгил байланышы үзүлүп калгандай: тарыхтын жүрүшүнө таасир тийгизе алган кыргыздын кубаттуу мамлекеттүүлүгүнө ээ болгон учуру менен бүгүнкү учурдун айырмасы өтө чоң. Мына ушулардын баары, биздин индивидуалдуулугубуздун булагын кылымдардын тереңинен издей бербей, аны азыркы учурда өркүндөтүү жана бекемдөө керек деген ойго түртөт.

Буларды биздин экономикалык, илимий жана социалдык-маданий тармактардагы ийгиликтерибиз менен бекемдеп, жарандарга жакшы өлкөдө жашап жаткандыгын сездирип, аны коргоого даяр туруусун калыптандыруу зарыл. Мына ошондо гана бизде улуттук сыймыктануу, өлкөбүздө болуп жаткан жакшылыктарга тиешелүүлүк жана жоопкерчиликтүүлүк сезимдери пайда болот. Мына ошондо ар бирибиз "мен - кыргызмын",-деп айтабыз.

Биздин өлкөдө жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрү да кыргыз элине сый менен карап, тилибизди жана байыркы маданиятыбызды урматтайт. Эч кимдин башына өлкөдөн кетип калуу, кыргыз тилин билбөөнү окутуунун мыкты методикасы жоктугуна таяган куру шылтоо ойду бетке тартуу келбейт.

Ошентип, Ч.Айтматовдун "акыл-эсинен ажыраган, ким экендигин унуткан маңкурт жөнүндөгү" баяны анын олуялыгын ырастап, бүгүнкү турмушубуздан ачык көрүнүүдө жана улуттук трагедия деңгээлине көтөрүлүүдө. Ч.Айтматовдун адамдын, элдин акыл-эси жөнүндөгү тынчсыздануусу бүгүн өзгөчө актуалдуу болуп, жакындап келе жаткан катастрофаны добулбас болуп кагылып, элге жар салууда. Анткени, өлкөдөн тукумду улай турган, улуттук маданий-тилдик мейкиндикти сактай турган жаштар кетишип жатпайбы.

Ч.Айтматов көркөм чыгармалары менен публицистикаларында кыргыз эли, анын менталдуулугу жөнүндөгү чындыкты жеткирүү менен дүйнө кабыл алуу өзгө-чөлүктөрүнө ааламдык түс берди. Ошондуктан булар бардык калкка жакын жана түшүнүктүү болуп калды. Ал өтмүштү, учурду жана келечекти философиялык жана көркөмдүк жактан бир түйүнгө байлап, адамзаттын өнүгүшүнүн маанилүү окуясына айлантты. Мына ушул

ракурстан алганда, биз кыргыздар ким элек, бүгүн кимге айландык жана кайсы жакка бара жатабыз деген суроо пайда болот.

Тарыхта кыргыздар өздөрүнүн өчпөс изин калтырышкандыктары-факт. Буга биздин улуу эпосубуз "Манас" далил, мындагы образдар, кыргыз элинин башын бириктирүүдөгү Манастын эрдиктери далил. Кыргыздардын байыркы эл экендигине дүйнөдө эч ким шек келтирбейт. Бул тууралуу көптөгөн тарыхчылардын изилдөөлөрү, эң биринчи, академик Бартольддун эмгектери жазылган. Өкүнүчтүү болсо да айтып коюучу чындык –бүгүнкү күнү кыргыздар этнос жана улут катары инерттүү абалда турушкандыгы да факт. Мына ушул абалдан улуу философтордун бири В.Гумбольддун сөзү менен айтсак, айрым улуу адамдардын генийлиги гана чыгара алат.

Эгер окумуштуулардын иликтөөлөрүнө таянсак, улуттун генетикалык активдүүлугун алып жүрүүчүлөр аз эле болот. Ар бир элдин 5-6 гана пайызын түзөт. Мына ушул адамдар гана өздөрүнүн ишенимдерин сактооого, турмуштук кыйынчылыктарга каршы турууга жөндөмдүү болушат, чыгармачыл ой жүгүртүшөт, өздөрүнүн алдына улуттук маанилүү милдеттерди коюшат жана аларды ийгиликтүү жүзөгө ашыра алышат. Албетте, Ч.Айтматов улуу инсандардын катарына кирет, анын ою менен идеялары кыргыз элинин рухунун байышына күчтүү импульс болуу менен улуттук жана маданий кайра жаралууга түрткү болду, элибизди чыгармачыл энергия менен дүрмөттөө аркылуу жалпы адамзаттык бийиктикке көтөрдү.

Анын дүйнөлүк резонанс жараткан маңкурт жөнүндөгү легендасы жеке адамдарга гана эмес, тарыхый личность катары улутка да тиешелүү. Маңкурт жөнүндө баяндап жатып, Ч.Айтматов улуттун рухий лидери катары бизге ким элек, ким болдук жана багытыбыз кайсы жак экендигин эсибизге салып жатат. Жоломандын энесинин образы аркылуу ал бизге ойдон чыкпас өтмүшүбүздү эске салып, улуттук кайра жаралууга үндөп, улут жана мамлекет катары өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду бекемдөөгө чакырат, жол көрсөтүп жатат.

Ошондуктан эркиндикти, Теңир тартуулаган жер менен ата-бабабыз калтырган осуяттарды ыйык сакташыбыз зарыл..

Бүгүнкү күнү Кыргызстанды өз алдынча мамлекет катары дүйнөнүн билүүсү- бул биздин индивидуалдуулук менен өзүнчөлүгүбүздү өнүктүрүүнүн жана бекемдөөнүн биринчи гана кадамы. Ч.Айтматовдун оюу боюнча, улуттук маданият менен гана чектелип, аны көкөлөтүп, башка улуттук маданияттарга карама-каршы коюу орду толгус жоготууга алып барат. Бул- улут үчүн коркунучтуу. Улуттун тилдик жана маданий обочолонуу дүйнөлүк цивилизациядан сырт калып, экзотикалык өлкөлөрдүн бирине айлануубузга өбөлгө түзөт.

Ч. Айтматовдун көркөм чыгармачылыгы менен публицистикасынын өзөгүн түзгөн ой – бул евроазиялуулук идеясы. Бул биздин өнүгүүбүздүн магистралдык жолу катары сунушталган. Жибек жолуна жайгашкан Кыргызстандын аймагы тээ байыртадан эле ар түрдүү маданияттын жана эки улуу - Чыгыш менен Батыш маданиятынын тогошуусуна туш болгон. Акыркы жүз жылда батыш маданияты кыргыз аң-сезими менен менталдуулугуна орус тили жана анын маданияты аркылуу кирди. Адегенде Россия, кийин СССРдин тутумунда болуу кыргыз эли үчүн изсиз кеткен жок. Кыргыздардын бир канча муундары өздөрүндө генетикалык деңгээлде жаңы дүйнө тааным менен менталдуулукту иштеп чыкты. Муну дүйнөгө болгон "евразиялык көз караш" деп атоого болот. Мына ушуну жакшы түшүнгөн Ч.Айтматов "Ысык-Көл форумунун" демилгечиси болгон. Буга Чыгыш менен Батыштын ойчулдары, чыгармачыл адамдары келишип, улуттук маданияттын жашоо жөндөмдүүлүгү эмнеде жана жалпы адамзаттык маданий процессти ааламдаштыруунун зарылдыгы эмнеде? - деген суроолорго жооп издешти.

Улуттун жаны, этностун чыгармачыл энергиясы мына ушул эне тилинде жана улуттук маданиятында чагылат. Бекеринен улуттук суверенитет жөнүндөгү ар кандай кыймылдар да мына ушул экөөнү бекемдөөгө үндөө менен башталбайт.

Жыйынтыктап айтканда, этнос катары биздин индивидуалдуулугубуз түпкү улуттун тили менен маданиятынын өнүгүшүнө жагымдуу жагдай жаратылгандыгына көз каранды болот.

Залкар жазуучу жана улуу ойчул Ч.Айтматов тарабынан бизге калтырылган этностун индивидуалдуулугун сактоо менен евразиялуулук идеясы, осуяты биздин керемет жерде жашап жаткан бардык кыргызстандыктардын жыргалчылыгын көзгө туткан ойлонулган, тең салмактуу, акыл-эстүү мамилени талап кылат.

Эпостор боюнча манастын бала чагын сүрөттөөдө төмөндөгүлөргө көңүл буралы

Баланы кармап алалык
башына шире салалык
Алып барып кыйнайлык
Алты зубун калмактын
Аяк башын жыйнайлык

Бул ыр саптарында сөз Манастын бала чагы жөнүндө баратат . Келечекте ушул бала ааламда жок баатыр болуп чыгарын билген калмактар , Манасты бала кезинде эле Маңкурт кылышты ойлонушат, Белгилүү эпосто бул окуя, бул идея өнүктүрүлбөйт. Ч Айтматов мына ушул шире жөнүндөгү идеяны бир бүтүндөй метафоралык системага айландырып, аны азыркы замандын эң бир курч проблемасынын деңгээлине чейин өнүктүрүп чыгат.

Эпосто башталып улантылбай калган идеялар жазуучунун романдарында чагылдырылат:

М: «Кылым карытар бир күн романында» күнөөсүз баланы кармап чачын кырып, тоонун терисин башына тетири кийгизип тирүүлөй маңкуртка айландырып салышкан. Бул көрүнүштү Найман – Эненин баласы менен болгон сүйлөшүүсүнөн байкайбыз.

Сени эмне кылышкан шордуу ?-деп эне күбүрөдү да кайгыга чыдабай сыздап ыйлады.

Жерди алса болобойбу, мал мүлктү алса блобойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу, - бирок адамдын эс учун алат деген шумдукту ким ойлоп , кимдин колу барды? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык station кылдыбы?

Ал кездеги маңкурттук бирөөлөрдүн бийлик кылуусунан же уурдап кетип маңкуртка айландырып кул катары иштетүүсү негиз болсо азыркынын маңкурттары өздөрүнүн эне тилин тааныбай, улуттук өзгөчөлүгүн эстебей чыныгы манкурт болуп калышууда . Бул 21-кылымдагы эң негизги татаал актуалдуу проблема болууда.

Адамдык сапатты сактап калуу үчүн чыныгы абийир таза адамгерчилике умтулуп көркөм адабияттагы мыкты сапаттарды окутуу системасына тереңдетип киргизүү маселесине чоң көнүл бурушубуз зарыл жана милдет деп эсептейм.

**Адабияттар:**


1. Ч.Т.Айтматов “Кылым карытар бир күн”
2. Ч.Т.Айтматов “Тоолор кулаганда”
3. Р.С.Немов “Психология” М.,1999.
4. Ч.Т.Айтматов “Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат”
5. Ч.Т.Айтматов “Кечээ, бүгүн жана эртең”.

УДК 159.923.2

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНСАН МАСЕЛЕСИНИН БЕРИЛИШИ

***Осмоналиева С.,Тажибаева Ж.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад шаары***

***Аннотация***

*Бул макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жана эпосторундагы инсан маселеси боюнча оозеки жана жазма адабияттарда чагылдырылышы берилет. Изилдөөнүн негизинде бул чыгармалар аркылуу окутуу, тарбиялоо жемиштүү болоору далилденди.*

***Annotation to the article***

*The theme of the work – life and love. Great role in the work of nature and animals around him. In the works of Chingiz Aitmav image of the animal goes in parallel with the image of man. Article works through Ch. Aitmav can find becoming as human begins, as well as with the help of these works can be identified positive towards education and training.*

Кылымды кылым жаңыртып, жылды жыл жараткан канча бир мезгилде кыргыз эли "Манас" эпосун жаратып, сөзүнө сөз, үнүнө үн кошуп өркүндөтүп келсе, өткөн жүз жылдыкта ааламга Чынгыз Айтматовду берди. Жыйырманчы кылым адабият ааламында "Айтматовдун кылымы, Айтматовдун ааламы" болуп бүт адамзат тарыхына кирди. Кээде ушундайлар да болот, тарых мезгилдин карама-каршыдай көрүнгөн көрүнүштөрүнөн өзүн-өзү жарата берет экен.

Дүйнөлүк маданият айдыңында оозеки адабият өзүнүн таанытып-билдирүүчүлүк милдетин, милдетин гана эмес, жашоо-турмушун бүткөрүп жатканда "Манас" эпосу менен Чынгыз Айтматовдун "жаңы эпосу" дал ушул XX кылымдын туу чокусунда бирин-бири толуктап, бирин-бири улантып, кыргыз элинин оозеки адабияты менен жазма адабиятын дүйнөгө таанытты. Бул жерде эч кандай талаш жок, байыркы жана азыркы кыргыз элинин рухий эрдиги катары саналган "Манас" эпосунун дүйнөгө таанылышы менен Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын ааламды багынтышы мезгилдик жактан айырма болгону менен ал XX кылымга таандык жана ушул кылымдын дүйнөлүк масштабдагы окуялары. Жөн гана эмес, адамзат акыл-эсин таң калтырган байыркы жана азыркы сөзү.

Ошондуктан "Манас" эпосу менен Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын бөлүп кароого эч негиз жок, тескерисинче, алар бирин-бири жаратып, толуктап жана улантып турган рухий кенч. Ооба, "Манасты" кыргыз жаратса, кыргызды дүйнө жүзүнө Чынгыз Айтматовдун чыгармалары таанытты.

Мезгилдин өтүшү менен бирге залкар жазуучу, улуу ойчул жана гуманист Ч.Айтматовдун адамдык жана чыгармачылык бейнеси кыргыз эли, түрк дүйнөсү үчүн гана эмес, жалпы эле адамзат үчүн да кадыр-баасы арта берет. Анын инсандык жана сүрөткердик касиеттерине жаш муундар келечекте чыныгы инсан катары баа берип келүүдө.

Өзүнүн замандаштары жана келечек муундары үчүн Ч.Айтматов ааламдык сабакка ээ насаатчы катары жашай берет. Айтматов сыяктуу инсан ар кандай улуттун тарыхында жүз жылда, а түгүл миң жылда бир жаралат.

Ч.Айтматовдун жашоонун маңызы, эртең кыргыздарды эмне күтүп жаткандыгы, көз карандысыз, өз алдынча улут болуу үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндөгү ойлору жалпы

кыргыз эли үчүн, Конфуцийдин осуяттары кытайлар үчүн кандай мааниге ээ болсо, дал ошондой мааниге ээ болуп, акыл-ойдун казынасына айланат.

Бүгүнкү күнү кыргыз эли өзүнүн рухий лидеринин үнүн уга билүүсү, жазуучунун өзүнүн чыгармалары менен публицистикасында чагылдырган идеяларын жан дүйнөсүнөн өткөрүшү жана аны сиңириши өтө маанилүү.

Ч.Айтматов сөздүн күчүнө өзгөчө маани берген. Ошондуктан, ал "кыргыз-казак" поэзиясында тээ байыркы мезгилде эле пайда болгон учкул сөздү мисалга тартып, "Сөздөн тышкары Кудай да жок, Аалам да жок", "Сөздөн ашкан дүйнөдө Күч да жок, Жарык да жок", - деп айткан. Сөздүн эбегейсиз кубаты жөнүндө кыргыз элинде: "Өнөр алды-кызыл тил", "Жерди сел бузат, элди сөз бузат", "Бутунан чалынган турат, сөзүнөн чалынган турбайт",-деген макалдар бар экендиги.

Коомдун өнүгүүсүндөгү сөздүн мааниси жөнүндөгү жазуучунун айтканын философ Л.А. Брудный болжолдуу түрдө мындай деп эскерет: "кыргыз элинин өзүн өзү баалоосу, бир топ индивидуалдаштырылышы зарыл".

Индивидуалдуулукка ээ болуу үчүн кыргыз этносу тарыхый инсан катары калыптанышы керек, биз мезгилдин бүктөмүнө кетип, жоголгон кээ бир башка элдердей болбос үчүн, өзүбүздүн кайталангыс өзүнчөлүгүбүздү, өзгөчөлүгүбүздү жоготпошубуз керек. Ушул күнгө чейин өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду, өзүнчөлүгүбүздү, адамдын улуттук ар-намысы менен мекенчилдик сезимин ойготууну тарыхыбыздан, улуу "Манас" эпосунан табууга аракет кылып келдик. Тилекке каршы, бул багытта чеке жылытаарлык жылыштарга жетише албадык.

Ачыгын айтканда, биздин рухий казынабыздан улуттук идеяга өзөк болуп берээр эч нерсе таппадык. Баамыбызда мезгил байланышы үзүлүп калгандай: тарыхтын жүрүшүнө таасир тийгизе алган кыргыздын кубаттуу мамлекеттүүлүгүнө ээ болгон учуру менен бүгүнкү учурдун айырмасы өтө чоң. Мына ушулардын баары, биздин индивидуалдуулугубуздун булагын кылымдардын тереңинен издей бербей, аны азыркы учурда өркүндөтүү жана бекемдөө керек деген ойго түртөт.

Буларды биздин экономикалык, илимий жана социалдык-маданий тармактардагы ийгиликтерибиз менен бекемдеп, жарандарга жакшы өлкөдө жашап жаткандыгын сездирип, аны коргоого даяр туруусун калыптандыруу зарыл. Мына ошондо гана бизде улуттук сыймыктануу, өлкөбүздө болуп жаткан жакшылыктарга тиешелүүлүк жана жоопкерчиликтүүлүк сезимдери пайда болот. Мына ошондо ар бирибиз "мен - кыргызмын",-деп айтабыз.

Биздин өлкөдө жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрү да кыргыз элине сый менен карап, тилибизди жана байыркы маданиятыбызды урматтайт. Эч кимдин башына өлкөдөн кетип калуу, кыргыз тилин билбөөнү окутуунун мыкты методикасы жоктугуна таяган куру шылтоо ойду бетке тартуу келбейт.

Ошентип, Ч.Айтматовдун "акыл-эсинен ажыраган, ким экендигин унуткан маңкурт жөнүндөгү" баяны анын олуялыгын ырастап, бүгүнкү турмушубуздан ачык көрүнүүдө жана улуттук трагедия деңгээлине көтөрүлүүдө. Ч.Айтматовдун адамдын, элдин акыл-эси жөнүндөгү тынчсыздануусу бүгүн өзгөчө актуалдуу болуп, жакындап келе жаткан катастрофаны добулбас болуп кагылып, элге жар салууда. Анткени, өлкөдөн тукумду улай турган, улуттук маданий-тилдик мейкиндикти сактай турган жаштар кетишип жатпайбы.

Ч.Айтматов көркөм чыгармалары менен публицистикаларында кыргыз эли, анын менталдуулугу жөнүндөгү чындыкты жеткирүү менен дүйнө кабыл алуу өзгө-чөлүктөрүнө ааламдык түс берди. Ошондуктан булар бардык калкка жакын жана түшүнүктүү болуп калды. Ал өтмүштү, учурду жана келечекти философиялык жана көркөмдүк жактан бир түйүнгө байлап, адамзаттын өнүгүшүнүн маанилүү окуясына айлантты. Мына ушул

ракурстан алганда, биз кыргыздар ким элек, бүгүн кимге айландык жана кайсы жакка бара жатабыз деген суроо пайда болот.

Тарыхта кыргыздар өздөрүнүн өчпөс изин калтырышкандыктары-факт. Буга биздин улуу эпосубуз "Манас" далил, мындагы образдар, кыргыз элинин башын бириктирүүдөгү Манастын эрдиктери далил. Кыргыздардын байыркы эл экендигине дүйнөдө эч ким шек келтирбейт. Бул тууралуу көптөгөн тарыхчылардын изилдөөлөрү, эң биринчи, академик Бартольддун эмгектери жазылган. Өкүнүчтүү болсо да айтып коюучу чындык –бүгүнкү күнү кыргыздар этнос жана улут катары инерттүү абалда турушкандыгы да факт. Мына ушул абалдан улуу философтордун бири В.Гумбольддун сөзү менен айтсак, айрым улуу адамдардын генийлиги гана чыгара алат.

Эгер окумуштуулардын иликтөөлөрүнө таянсак, улуттун генетикалык активдүүлүгүн алып жүрүүчүлөр аз эле болот. Ар бир элдин 5-6 гана пайызын түзөт. Мына ушул адамдар гана өздөрүнүн ишенимдерин сактооого, турмуштук кыйынчылыктарга каршы турууга жөндөмдүү болушат, чыгармачыл ой жүгүртүшөт, өздөрүнүн алдына улуттук маанилүү милдеттерди коюшат жана аларды ийгиликтүү жүзөгө ашыра алышат. Албетте, Ч.Айтматов улуу инсандардын катарына кирет, анын ою менен идеялары кыргыз элинин рухунун байышына күчтүү импульс болуу менен улуттук жана маданий кайра жаралууга түрткү болду, элибизди чыгармачыл энергия менен дүрмөттөө аркылуу жалпы адамзаттык бийиктикке көтөрдү.

Анын дүйнөлүк резонанс жараткан маңкурт жөнүндөгү легендасы жеке адамдарга гана эмес, тарыхый личность катары улутка да тиешелүү. Маңкурт жөнүндө баяндап жатып, Ч.Айтматов улуттун рухий лидери катары бизге ким элек, ким болдук жана багытыбыз кайсы жак экендигин эсибизге салып жатат. Жоломандын энесинин образы аркылуу ал бизге ойдон чыкпас өтмүшүбүздү эске салып, улуттук кайра жаралууга үндөп, улут жана мамлекет катары өзүбүздүн индивидуалдуулугубузду бекемдөөгө чакырат, жол көрсөтүп жатат.

Ошондуктан эркиндикти, Теңир тартуулаган жер менен ата-бабабыз калтырган осуяттарды ыйык сакташыбыз зарыл..

Бүгүнкү күнү Кыргызстанды өз алдынча мамлекет катары дүйнөнүн билүүсү- бул биздин индивидуалдуулук менен өзүнчөлүгүбүздү өнүктүрүүнүн жана бекемдөөнүн биринчи гана кадамы. Ч.Айтматовдун ою боюнча, улуттук маданият менен гана чектелип, аны көкөлөтүп, башка улуттук маданияттарга карама-каршы коюу орду толгус жоготууга алып барат. Бул- улут үчүн коркунучтуу. Улуттун тилдик жана маданий обочолонуу дүйнөлүк цивилизациядан сырт калып, экзотикалык өлкөлөрдүн бирине айлануубузга өбөлгө түзөт.

Ч. Айтматовдун көркөм чыгармачылыгы менен публицистикасынын өзөгүн түзгөн ой – бул евроазиялуулук идеясы. Бул биздин өнүгүүбүздүн магистралдык жолу катары сунушталган. Жибек жолуна жайгашкан Кыргызстандын аймагы тээ байыртадан эле ар түрдүү маданияттын жана эки улуу - Чыгыш менен Батыш маданиятынын тогошуусуна туш болгон. Акыркы жүз жылда батыш маданияты кыргыз аң-сезими менен менталдуулугуна орус тили жана анын маданияты аркылуу кирди. Адегенде Россия, кийин СССРдин тутумунда болуу кыргыз эли үчүн изсиз кеткен жок. Кыргыздардын бир канча муундары өздөрүндө генетикалык деңгээлде жаңы дүйнө тааным менен менталдуулукту иштеп чыкты. Муну дүйнөгө болгон "евразиялык көз караш" деп атоого болот. Мына ушуну жакшы түшүнгөн Ч.Айтматов "Ысык-Көл форумунун" демилгечиси болгон. Буга Чыгыш менен Батыштын ойчулдары, чыгармачыл адамдары келишип, улуттук маданияттын жашоо жөндөмдүүлүгү эмнеде жана жалпы адамзаттык маданий процессти ааламдаштыруунун зарылдыгы эмнеде? - деген суроолорго жооп издешти.

Улуттун жаны, этностун чыгармачыл энергиясы мына ушул эне тилинде жана улуттук маданиятында чагылат. Бекеринен улуттук суверенитет жөнүндөгү ар кандай кыймылдар да мына ушул экөөнү бекемдөөгө үндөө менен башталбайт.

Жыйынтыктап айтканда, этнос катары биздин индивидуалдуулугубуз түпкү улуттун тили менен маданиятынын өнүгүшүнө жагымдуу жагдай жаратылгандыгына көз каранды болот.

Залкар жазуучу жана улуу ойчул Ч.Айтматов тарабынан бизге калтырылган этностун индивидуалдуулугун сактоо менен евразиялуулук идеясы, осуяты биздин керемет жерде жашап жаткан бардык кыргызстандыктардын жыргалчылыгын көзгө туткан ойлонулган, тең салмактуу, акыл-эстүү мамилени талап кылат.

Эпостор боюнча манастын бала чагын сүрөттөөдө төмөндөгүлөргө көңүл буралы

Баланы кармап алалык
башына шире салалык
Алып барып кыйнайлык
Алты зубун калмактын
Аяк башын жыйнайлык

Бул ыр саптарында сөз Манастын бала чагы жөнүндө баратат . Келечекте ушул бала ааламда жок баатыр болуп чыгарын билген калмактар , Манасты бала кезинде эле Маңкурт кылышты ойлонушат, Белгилүү эпосто бул окуя, бул идея өнүктүрүлбөйт. Ч Айтматов мына ушул шире жөнүндөгү идеяны бир бүтүндөй метафоралык системага айландырып, аны азыркы замандын эң бир курч проблемасынын деңгээлине чейин өнүктүрүп чыгат.

Эпосто башталып улантылбай калган идеялар жазуучунун романдарында чагылдырылат:

М: «Кылым карытар бир күн романында» күнөөсүз баланы кармап чачын кырып, тоонун терисин башына тетири кийгизип тирүүлөй маңкуртка айландырып салышкан. Бул көрүнүштү Найман – Эненин баласы менен болгон сүйлөшүүсүнөн байкайбыз.

Сени эмне кылышкан шордуу ?-деп эне күбүрөдү да кайгыга чыдабай сыздап ыйлады.

Жерди алса болобойбу, мал мүлктү алса блобойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу, - бирок адамдын эс учун алат деген шумдукту ким ойлоп , кимдин колу барды? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылдыбы?

Ал кездеги маңкурттук бирөөлөрдүн бийлик кылуусунан же уурдап кетип маңкуртка айландырып кул катары иштетүүсү негиз болсо азыркынын маңкурттары өздөрүнүн эне тилин тааныбай, улуттук өзгөчөлүгүн эстебей чыныгы манкурт болуп калышууда . Бул 21-кылымдагы эң негизги татаал актуалдуу проблема болууда.

Адамдык сапатты сактап калуу үчүн чыныгы абийир таза адамгерчилике умтулуп көркөм адабияттагы мыкты сапаттарды окутуу системасына тереңдетип киргизүү маселесине чоң көнүл бурушубуз зарыл жана милдет деп эсептейм.

**Адабияттар:**


1. Ч.Т.Айтматов “Кылым карытар бир күн”
2. Ч.Т.Айтматов “Тоолор кулаганда”
3. Р.С.Немов “Психология” М.,1999.
4. Ч.Т.Айтматов “Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат”
5. Ч.Т.Айтматов “Кечээ, бүгүн жана эртең”.

УДК 316.653.

# ИНСАНДЫН КООМДУК ТУРМУШТАГЫ ОРДУ ЖАНА ТАРБИЯЛООДОГУ МААНИСИ

*Тажибаева Ж.К.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад шаары*

**Аннотация**

*Макалада инсан жана анын коомдук турмуштагы орду жана келечек муундарды тарбиялоодогу инсандык сапаттардн мааниси камтылат. Адамдын инсан катары калыптанышы үчүн адамдык сапаттар калыптанышы зарыл.*

**Annotation to the article**

*In the article refers to the role and his place in society and positive quality to younger generation. To people formed as a person, you need to initially form the human qualities.*

1. Инсан жөнүндө жалпы түшүнүк жана анын типологиясы. Ар бир адам эч кайталанбайт, уникалдуу. Ар бир инсандын өзүнчө өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгү бар. Адам инсан болуп төрөлбөйт. Ал акырындык менен инсан боло алат. Адамдын өнүгүү процесси көп жылды талап кылат, а мүмкүн бүт өмүрдү дагы талап кылышы мүмкүн. Инсан жөнүндө көптөгөн аныктамалар бар. Бирок көбүнчө анын социалдык, башкача айтканда, анын кийинчерээк ээ болгон сапаттарын айтышат. Тагыраак айтканда «инсан» деген түшүнүк өзүнө туруктуулук мүнөздөрдү камтыйт жана инсандын индивидуалдуулугун билдирет. Адамдын бул сапаты анын коомдогу ордун аныктайт. Ошентип «инсан» деген ким? Инсан- бул адам- индивид, Ал толук кандуу өзүнүн социалдык ролдорун аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. «Инсан» деген түшүнүккө адамдардын бүтүн ички дүйнөсүнүн коомдук жыйындысы камтылат. Бул кайсы өзгөчөлүктөрү? Бул көзүнүн, же чачынын өңү эмес. Адамдын турпаты анын акылы, ички жан- дүйнөсүнүн кеңдиги, анын жүрүм- турумунун ар түрдүү формасы менен берилет. Адам үчүн өзүнүн ой- пикири, эрктүү болуусу өтө маанилүү жана өзүнүн көз карашын ачык айтууга жана аны коргоого жөндөмдүү болуш керек. Адам үчүн дагы бир сапат өтө татыктуу болуп эсептелет: чечим кабыл алуу жана аягына чейин туруу, ага жооп берүү.

Инсандын түзүлүшүнө: жөндөмдүүлүк, темперамент, мүнөз, эрктүүлүк сапаттары, эмоциясы, мотивдери, социалдык багыты ж.б. кирет. Ар бир өзүнчө алынган тирүү жандык бүтүн жана бөлүнбөйт. Бул индивид. Латын тилинен алганда «бөлүнбөс» деген түшүнүктү берет. Индивидуум- бул өзүнчө жашай ала турган өз алдынча тирүү жан. М., жаңы төрөлгөн бала, ж.б. тирүү жандыктар (индивиддер) өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Б.а., индивидуалдык өзгөчөлүктөр- бул төрөлгөндө жана андан кийин кабыл алган мүнөздөрдүн, сапаттардын жыйындысы. Инсандын ар бир параметрин чечмелесек, анда: Алар адамдын иш аракетиндеги жетишкендиктердин ар түрүн аныктайт. Темперамент - адамдын башкаларга жана социалдык жагдайларга болгон реакциясынын жыйындысы. Мүнөз - адамдын башкаларга болгон мамилесин аныктоочу сапаттардын жыйындысы. Эрктүүлүк сапаттары - бул адамдын алдыга койгон максаттарына жетүүгө умтулган сапаттары. Эмоциялар жана мотивация - бул адамдардын түйшүктөнүүсү жана адамдарды иш - аракетке түртөт, ойготот. Социалдык багыттоо - бул адамдын коомдук мамилелердин тутумунда өз ордун табышы, өзү каалаган социалдык абалды тандашы, ага жетишүүнүн жолдорун аныктап алышы, анын коомго, башка адамдарга болгон ишеними ж.б. Жаңы төрөлгөн бала - бул өнүгүү процессинин жана социалдык сапаттарды алуунун

негизинде ал инсан болуп тарбияланат. Ошону менен эле бирге, адамдын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү менен анын инсандык сапаттарынын ортосунда терең байланыш бар.

«Инсан- бул индивидуумдун коомдо өнүгүүсүнүн продуктусу. Адам коомдон сырткары инсан боло албайт, ал индивидуум боюнча кала берет. Инсан болуп төрөлүшпөйт, инсан болуп пайда болушат, тарбияланышат. (А.Н. Леонтьев)

Инсандын өнүгүүсү- бул өтө узак процесс, инсан болуп калыптануу үчүн көп убакыт керек. Эгерде адамдын коомдогу жашоосу кандайдыр бир себептер менен токтосо же үзүлсө, анда адамдын инсанга өтүү процесси токтойт. Ошентип, инсандын пайда болушун «адам- коом» деген байланыш түзөт. Бала өз жашоосунун биринчи эле жылында адамдар менен сүйлөшкүсү келгенин көрсөтөт. Ошентип бул жана башка жөндөмдүүлүгү айлана-чөйрөдөгүлөрдүн таасиринин, мамилесинини негизинде көндөн күнгө өсө берет. Баланын коомго болгон мамилеси анын коомдогу ордуна жараша түзүлөт. Жашоосунун биринчи күндөрүндө ал коомдун алдында эч нерсеге милдеттүү эмес. Анын тегерегиндегилер өзүлөрүнүн карамагына, камкордугуна алышат. Бул учурда баланын жасаганы бир гана өзү үчүн болот. Кийинчерээк бала мектеп турмушуна аралашат, анын багыттары өзгөрүлө баштайт. Мектепке кирүү бул адамдын инсан болуп калыптануусундагы чоң бурулуш болуучу мезгил. Окуучу болуп жүрүп бала анын иш аракети өзүнө гана керек болбостон башкаларга дагы керек экенине ишенет. Анын ишин жыйынтыгын коом бааларын көрүп түшүнөт. Иш- аракеттин негизинде гана инсан менен коомдун ортосундагы мамиле, байланыш күч алат, жаңы нерселерди жаратат. Адамдын жашоосунун ар бир мезгилинде (период) анын иш аракеттеринин ар түрдүүлүгү курчап турган дүйнөгө болгон мамилесинин негизинде маанилүүлүгүнө жараша бөлүнөт. М: бала бакчага барган бала үчүн оюн өтө маанилүү, мектепке барган окуучуга билим маанилүү. Ошентип иш - аракеттин түрлөрүнүн өзгөрүшү адамдын курчап тургандарга болгон мамилесинин өзгөрүүсүнө дуушар кылат, жаңы байланыштар ар түрдүү жолдор менен түзүлөт. Бул айтып жатканыбыз негизинен балдарга таандык. Ал эми чоң адамдын инсан катары байлыгын, кенендигин анын курчап турган дүйнө менен болгон байланышына жараша баалай алабыз. Жөнөкөй адамды эч нерсе кызыктырбайт, эч кимдин кереги жок, ал өзүнүн кичинекей кедей дүйнөсү менен жашай берет. Жогору өнүккөн кишиге көп нерсе кызык жана маанилүү. Эгерде өтүп кеткен улуу инсандарга көңүл бурсак, анда биз алардын көп кырдуулугу, дүйнөсүнүн байлыгын көрө алабыз. Бирок суроо туулат: Ушундай көп кызыкчылыктын, каалоо- тилектин деңизинде кантип адашпоого болот? Ал үчүн адам аны эмне баарынан көп кызыктырат, эмнени өтө жакшы билет, ошону так билиши керек. Калгандары ага жөн гана жардам берет. Ар бир адамдын жашоосунда көптөгөн ар түрдүү каалоолор бар. Бирок жашоо максаты инсандын өнүгүүсүн багыттайт. Адамдын жашоосунун максаты менен каалоосунун ортосундагы мамиле (соотношение) кандай? Адамдын каалоосу анын жашоодогу максаты болуу үчүн адамдын иш аракети (деятельность ) менен анын күчүн (усилия) бириктирүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу керек. Алдыга койгон максаты адам үчүн идеал болуп эсептелиши мүмкүн., анын призмасында өзүнүн жана башкалардын жасаган ишин баалай алат. Инсандын туруктуулугу. Инсандын туруктуулугу деген эмне? Инсандын туруктуулугу жөнүндө сөз кылганда биз адамдын активдүү позициясын (абалын) айтабыз, же тагыраак айтканда, анын түзүлгөн абалдан «аз жоготуу» менен чыгуусун гана айтпастан анын ошол түзүлгөн абалды өзүнүн максатына, принциптерине ылайык өзгөртүүсүн айтабыз. Өз алдынчалык, өзүнүн көз караштарын коргоо жана жашоосунда алып жүрүү – булардын баарысы инсандын туруктуулугун мүнөздөйт. Тескерисинче анын антиподу болуп акыркы минутадагы пайда болгон талаптарга ыкташкан, дасыккан көз карашы болбогон, өз ой-

пикири жок, калың топтун эркине баш ийген адамдарды айтабыз. Өз алдынчалыкка ээ болгон, ичинен чыдамкай, өз көз карашы, ишеними жана турмуштук позициясы бар адамдар турмушта көптөгөн жакшы ийгиликтерге жетишишет. Мындай адамдар башкаларды өзүнө тартышат, аларды башкалар туураганга умтулушат. Өз алдынчалыкка болгон умтулуу адамдарда өтө эрте байкалат. Кичинекей бала буту баскандан, жана тили чыккандан тартып чоңдордун эле жардамысыз бир нерселерди жасаганга аракет кыла баштайт. «Мен өзүм!» -дегенге өтөт. Бирок баланын чоң адам болууга умтулуусу анын мүмкүнчүлүктөрүнөн ашып кетет. Анын оюу боюнча көп нерселерди чоңдорсуз эле жасай алам жана алардан дагы жакшы жасай алам- деп ойлойт. Бирок бала жетилген куракта гана көп көйгөйлөрдү чечүү өтө кыраакылыкты, тажрыйбаны, ойлонууну, эмгекти, токтоолукту, чыдамкайлыкты талап кылаарын түшүнөт. Мындай ой жүгүртүү, турмушка болгон көз караштын өзгөрүшү балалык чактын жаны сапатка өтүүсүнө, өз алдынчалыктын өсүүсүнө, чоң адамдардын категориясына кирүүсүнө алып келет. Ошондой болсо дагы чоң адамдардын категориясында жүрсө дагы адам башкалардын, аны курчаган коомдун таасирине дуушар болот. Эң жаманы бул адамдын жаман, зыяндуу таасирге дуушар болушу. Адеп -ахлак нормалары, принциптери инсандын жүрүм турумун, жөнгө салуучу катары анын бүт иш- аракетине кошулганда гана иштейт. Ар бир адамдын өзүнүн турмуштук тажрыйбасы бар. Ар кандай учурда адамдын ичинде ички конфликт пайда болот. М. ыр жаттай албасак, сабактан качып кетүү ж.б. Көп учурда бул ички конфликтти чечүү балдардын турмушунда чоңдордун алардын жасаганын колдогонунан же колдобогонунан, тыюу салганынан же уруксаат бергенинен көз каранды. Адам өзүнүн аракеттерин, жашоого болгон көз карашын баалай алат. Адамдын өзүн өзү баалай (самооценка) билиши, анын коомдо өзүн алып жүрүүсүнө таасирин тийгизет. М. адам өзүнүн жасаган иши менен сыймыктанса анда анын өзүн өзү баалоосу өтө жогору же тескерисинче. Өзүн өзү баалоо ар бир адамда ар башка деңгээлде өнүккөн. Адамдын канчалык адеп - ахлактыгы жогору болсо ал ийгиликке оңой жетишет, каршылыктарга туруктуу боло алат. Эгерде башында адам ахлактык кадам жасаганда кыйналса, ал кийин адатка айланат дагы өтө жеңил болуп калат. Ал анын жашоосундагы норма жана талап болуп калат. Бул инсандын моралдык жактан жетилүүсү жана анын туруктуулугу болуп эсептелет. Ошентип, инсандын туруктуулугу анын өз алдынчалыгынан, жүрүм турумунун адептүү көз караштарга, ишенимдерге туура келүүсү менен мүнөздөлөт. Бул учурда адам «башкалар мен жөнүндө эмне деп ойлоп атышат» - деп ойлонбойт, ал адатка айланган гана нормалардын, принциптердин негизинде жашап атат. Инсандын багыттуулугу Адам өзүнүн кемчиликтери жана жетишкендиктери жөнүндө көп ойлонот. Эмне үчүн бул иш-аракети туура эмес болуп калды, ага эмне себеп болду, аны кайсы мотивдин негизинде жасады ж.б. Иш- аракеттин мотиви көп учурда жабык болот. Аны башка фактылар менен салыштырып көрүп гана тапса болот. Ар дайым адамдын жүрүм – туруму көптөгөн мотивдер менен шартталат. Мотивдер ар түрдүү болушу мүмкүн: бири жардам берет, экинчиси тоскоол болот. Антагонист- мотивдер дагы бар: алар бири- бирин аягына чейин жок кылышат. Алардын ичинде бирөө алдынкы жетектөөчү орунга чыгат жана ал мотив адамдын жүрүм- турумун жөнгө салып турат. Адамдардын алдыңкы катардагы мотивдеринин системасы инсандын багыттуулугун түшүндүрөт / көрсөтөт. Бир эле адам бир канча туруктуу мотивдерге ээ. М. Адабиятка, искусствого, илимий ишке болгон кызыгуу же спорт менен алектенүү, же коомдук иштерге өзүн багыттоосу. Эки түшүнүк бар: инсандын коомдук активдүүлүгү жана коомдук багыттуулугу. Булар ар бири өз алдынча түшүнүктөр. Ар бир коллективде (класста, цехте, топто) өзүнөн активдүү адамдары бар. Алар ошол топ үчүн кызмат кылышат, анын кызыкчылыгын коргойт. Бирок дайыма эле ушундай адамдар боло бербейт. Мындай адамдар өзүнүн кызыкчылыгы үчүн,

эгоисттик жеке максатына жетүү үчүн активдүү болууга аракеттенишет (Дайыма алдыда, көрүнүктүү болушум керек!). Мындай адамдарда өзүн өзу баалоосу өтө жогору болот дагы, эгерде кандайдыр бир учурда анын иши, же ага тиешелүү нерселер сынга алынса, ал өзүнүн наамын коргогонго аракеттенет. Аягында ал чыныгы дүйнөнү тескери көрө баштайт дагы, ага ар түрдүү себептерди таба баштайт. Бул психологияда өзүн туура эмес алып жүрүүнүн аффектиси д.а. Ошентип коомдук активдүүлүктүн жана коомдук багыттуулуктун дагы эки тарабы бар: терс жана оң. Инсандын пайда болушу, калыптануусу конкреттүү- тарыхый шарттарда ишке ашат. Негизги роль тарбияга таандык. Тарбия коом койгон максаттын негизинде инсандын өнүгүүсүн багыттайт жана уюштурат.

3. Инсандын социалдык статусу жана ролдору

Инсандын социалдык статусу. Адамдар ортосундагы социалдык байланыштар алар аткарган социалдык милдеттердин (айдоочу, ата, уул, мугалим) негизинде түзүлөт. Адамдар аткарган милдеттер адамдардын социалдык түзүлүштөгү абалын белгилейт.

Социалдык статус- (иштин абалын, ал- абалды билдирген латын сөзүнөн) – бул жаш курагына, жынысына, тегине, үй- бүлөлүк абалына ылайык коомдо алган орун. Инсандын коомдо ээлеген абалын аныктоодо баалуулук жана аброй түшүнүктөрүнүн мааниси чоң. Баалуулук, абройлуулук (ценность, авторитетность) – бул адамдар ээлеген тигил же бул позициялардын маанисинин коом (же социалдык топ) тарабынан бааланышы. Абройлуулук же кадыр- барктуулук- адатта кадыр- барк инсандын социалдык топтогу (же коомдогу) таасиринин даражасын чагылдырат. Инсандын коомдогу абалына таасир берген кээ бир белгилер объективдүү мүнөздө болуп, адамдын өзүнөн көз каранды болбойт (улут, социалдык теги). Бирок бүгүнкү күндо инсандын социалдык статусун аныктаган башкы нерсе- бул билим, квалификация жана дагы башка жекече сапаттар. Мына ошондуктан инсан өзүнүн статусуна таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Инсандын жөндөмдүүлүктөрү ал аткарган иштин жолун тапканда гана мыктылап ишке ашырылат. Бирок адамдар көп учурда өзүнүн жекече жолун издөөдөн баш тартышат да коомдо барктуу абалга жетүүгө гана аракет кылышат, б.а. өздөрүнүн жекече жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу жөнүндө эмес, белгилүү бир социалдык топко тийиштүүлүккө байланышкан барктуулук жөнүндө көбүрөөк ойлонушат. Статустук келишпөөчүлүк. Бир эле Адам бир эле учурда көптөгөн статуска ээ. Бир топто анын бир эле статусу бар. Бирок кээ бир учурда адамдын айрым бир статустары бири- бирине карама- каршы.

**Адабияттар:**

1. Немов. Р.С. Психология -М.,1999
2. Абрамова Г.С. Возрастная психология -М.,2005
3. Бекбоев И. Педагогикалык процесс -Бишкек 2005
4. Бекбоев И.Б. Ориентация на личность Бишкек 2000

УДК 159.923.2

# "ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНУУДАГЫ, ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ, АДАМ ЖАНА ААЛАМ ПРОБЛЕМАСЫНЫН КАРАЛЫШЫ"

***Тажибаева Ж.К.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад шаары***

***Аннотация***

*Чыгарманын темасы – жашоо, өмүр, сүйүү. Чыгармада табият жана анын койнунда жашаган жаныбарлардын орду чоң. Айтматовдун чыгармаларында жаныбарлардын образдары адам образдары менен ар дайым паралел сүрөттөлөт.*

***Annotation to the article***

*The theme of the work – life and love. Great role in the work of nature and animals around him. In the works of Chingiz Aitmav image of the animal goes in parallel with the image of man. Article works through Ch. Aitmav can find becoming as human begins, as well as with the help of these works can be identified positive towards education and training.*

Чынгыз Айтматовдун өмүрү- анын жазган чыгармалары менен тагдырлаш жеке тагдыр – бул жөн эле бир адамдын басып өткөн жолу, өткөргөн окуялары ,кадыресе жашаган турмушу эмес. Сөз бул жерде инсандын ан- сезимдүү түрдө өзүнүн өмүр тагдырын коомдун, элдин жашоо турмушу менен ,өз доорунун , өз маселелеринин эң курч маселелери менен шайкеш , эриш –аркак келтире алышы жөнүндө баратат. Ушундан улам Ч.Айтматовдун тагдыр тууралуу айтканы эске түшөт.» Жашоодо ар бир адамдын өзүнүн тагдыры бар. Бирок тагдырдын да тагдыры бар»

Айтматовдун дал ошол түбөлүктүүлүк, адам руху тагдыр, жашоо темасындагы ойлордун жыйынтыгы "Тоолор кулаганда" романында анын калеминен акыркы ирет жазылып калды. Бул жолу да Айтматов «адам тагдыры» темасына басым жасады. Адамдын жашоодогу орду, ыйманы, турмуштагы карама-каршылыктарды сүрөттөдү, дегеле тагдыр деген эмне? Анын мааниси кандай? Бул тууралуу белгилүү окумуштуу А.Акматалиев: "Тагдыр бир чети адам баласынын бешенесине жазылган , адамдык табияты менен бирге бүткөн жазуу болсо, экинчиден ошол жазылган тагдырын өмүрүндө ардактап, барктап алуу, ага этият мамиле кылуу жеке адамдын акылынан, үчүнчүдөн тагдыр аны курчап турган чөйрөгө да тыгыз байланыштуу болот эмеспи. Таксыр тагдырдын буйругу менен адам жашоонун жакшы- жаманын таанып-билүүгө аргасыз дейт» . Чыгарманы адеп окуп баштаганда эле тынымсыз турмуш шарындагы Арсендин жашоосу жана ак моңгүлүү бийик тоолорду мекендеген, жаратылыш койнунда баарынан жогору туруп жашоо өткөрүп, кайратынан тайып бараткан Жаабарстын ал- абалынан кабар берип башталат. Демек, мында да автор адам менен табиятты, андагы жандууну бирге карайт. Анда Жаабарс менен Арсен Саманчиндин уламыштан алынган кейипкер Сардал кыз менен Арсендин ашыгы болгон Элестин тагдырлары кош сызыктуу коюлат.

Ал эми идеясы - ар кандай терс иштерден анын ичинде согуштардан, кыянатчылыктан, террордук кагылыштардан, жаратылышка аёсуз кол салуудан, табиятты бүлүндүрүүдөн оолак болуу. Жашоодо абийир тазалыгы менен тагдырлаш болуу, адамдардын бири-бирин сүйүү, гуманизм идеялары менен камтылган.

Ч.Айтматовдун чыгармаларына мүнөздүү болгон сюжет түзүүдөгү көркөм ыкма болгон мифтик окуяларды кошуу, жаратылыш менен тыгыз байланыштуу сүрөттөө, жашоо жана тагдыр темасыны кайрылуу болуп саналат. "Тоолор кулаганда" романында

идея азыркы мезгил талабына ылайык ачылган. Романдагы «Колуктунун үнү легендасы чыгарманын композициясында негизги мааниге ээ. Уламышта мергенчи жигит коңшу айылдын сулуусун жактырып калып, колуктуну алуу үчүн баалуу аң терилерин тартуу кылып эки айылдын эли кубана турган кылып той өткөрөт. Ошол учурда махабаттын күчтүү жалыны менен бакытка балкыган эки жаш көрө албастыктын курмандыгы болушат. Душмандык кылууну көздөгөндөр табиятты алай- дүлөй бороонго айлантышып, кызды ала качышат. Ал эми мергенчи жигитке «башка бирөө менен качып кетти деп айтышат. Намысына чыдабаган жигит тоо таянып жок болот. Кыз болсо душмандардан аман качып келип, жигиттин жайын угуп ал дагы тоо аралап зарлап ыйлап кетиптир. Сүйүүнүн армандуу аякташы жана жаш колуктунун ыйы бүгүн да бийик тоолор арасында жаңырып жүрөт деген уламыш берилет. Уламышта сүйүү данкталат. Сүйүшкөн эки жашка карата кыянатчылык сүрөттөлөт. Ошентип, уламыштын чыгармага киргизилишинин зарылчылыгы эмнеде? Деген суроо туулат. Сүйүү жана ага жетпей калуу мунун бары романдагы башкы каарман Арсендин турмушунда, легендадагы сүйүшкөндөрдүн тагдыры менен окшоштурулуп, андагы каармандардын образы идеяны терендеп ачып берүүчү мааниге ээ. Кесиби боюнча журналист , жан дүйнөсү чыгармачылыка жакын Арсен тез эле коомчулука таанылa баштайт. Ошол жазгандарынын артынан бийлик адамдары тарабынан куугунтука алынат. Ал ортодо Арсен сүйүү сезимине туш болду. Ал өзүнүн таза сезим туйгуларын опера ырчысы Самарага арнады. Чыгармачыл адамдардын ашыктык кезигүүлөрүндө Арсен самарага сүйүү жөнүндү «Колуктунун үнү» легендасын айтып берип ,аны опера чыгармасына айлантууну жана сахнада Самаранын аткарып чыгуусун самайт. Мына ушундай күндөрдө Арсен бийлик өкүлдөрүнүн кысымына алынат. Бул мезгилде опера ырчысы, суйуктуу адамы Самара акчалуу, материалдык жактан бай адамдын колуна өтөт. Мындай абалга кабылган Арсендин жан-дүйнөсү жанчылып, көнүлү чөгөт. Ошол эле учурда мындай күндөр тоо боорундагы Жаабарста да болуп жатты. Адамдар арасындагы мындай окуялардын жүрүшүндө тээ тоодогу карт Жаабарстын жашоосу кошо сүрөттөлөт.

Жаабарс- зор денелүү өз тукумунун асылы болчу. Бирок мезгил өтүп кайраты кетип, күндөн –күнгө алы начарлап, жалгыз калып, эч ким бара алгыс тоолорго кетүүнү самайт. Бирок күн сайын тайып бараткан акыбалынан канчалык аракеттенип, чымырканса да тоону ашып кете алган жок. Бул абалга туш болуп, тукум улоо кайратынан калган Жаабарстын ургаачысын башка бирөө тартып кетти. Мындай алып караганда Арсен менен Жаабарстын абалы окшош экендиги талашсыз. Чыгармадагы бул көрүнүштөр аркылуу жазуучу коомчулукта терс иштердин басымдуулук кылып бараткандыгын айтып, инсанды тазалыкка, болгондо да жан дүйнөнөн адамдык «Мендин» тазалыгына чакырат.

Чыгармада тирүүлүктө жашоо үчүн болгон күрөш уланып татаалдык уланып дүйнөдөгү адам менен айбандын жашоосу кошо сүрөттөлүп оорчуп барат. Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романындагы каармандар бүгүнкү күндүн адамдары . Жазуучунун каармандары жекелик мүнөздө . Ошол эле учурда типтүү. Анын каармандары баштан кечирген күндөрдү, окуяларды жалпы адамзат да башынан кечирип жаткандай масштабдуу. Ушундай күндөрдөн чыга албай жүргөндө Аргенге «Мерген» фирмасындагы тууганынын сунушу түшөт. Ага ылайык Арсенге анчылык менен иш жүргүзгөн фирманын өкүлдөрү үчун котормочу болуп берүү милдети жүктөлөт. Аңчылыкка араб бектери келишмек, алар үзөңгүлөш ашуусундагы барстарга ууга чыгууга келишим түзүшөт. Бул ишке кирүү менен Арсендин тагдыры оор сыноого туш болот. Айылдагы элдин арасындагы Арсендин Таштанафган баш болгон досторунун турмушунун оордугу алардын алардын араб өлкөлөрүнөн келген туристтерди барымтага алуу жөнүндөгү ойду жаратат. Бул ишти ортодо Арсендин түздөн-түз катышуусу менен ишке ашырууну

көздөшөт. Бирок досторунун бул ойлоруна Арсен карамачча каршы экендигин билдирет. Ошондо эч нерседен кайра тартпаган достору анын өзүн өлтүрүүнү чечишет. Айылдаштарынын курчоосунда калган Арсендин психологиялык абалы анын жашоого болгон көз карашы террордук аракеттерди токтотуп, болтурбай коюуга үндөдү. Романда барстарга аңчылык кылуу үчүн чакырылган чет элдиктер Таштанафган сыяктуу зөөкүрлөрдүн барымтага алуу боюнча ойлорун жаратып, ага карата Арсендин каршы күрөшү башталат. Ал ортодо Арсен сүйүү отуна кабылды. Анын махабат жалыны Элес деп күйүп турду. Бул жолу да Арсен Элес менен болгон жолугушуусунда «Колуктунун легендасын айтып берди. Экоо мындан ары түтүн булатып чогуу жашоону чечишти. Элес - бүгүнкү күндөгү Россияга товар ташыган челнокчу соодагер кыздын өзу. Барстарга болгон анчылыктын башталышы менен Арсендин оюн Таштанафгандын планы түйшөлтүп жатты. Мына ушул жерде каармандын психолгизмдик көз карашы терендетилет. Бул аркылуу он жол табууну автор Арсендин оюна коёт. Жаратылыш жандыктарына кол салбоо, эл аралык каршылыктардан сактап калуу Арсенге жүктөлөт. Демек, чыгарманын жеткен чеги – жашоо менен өлүмдүн ортосунда калган Арсендин «Ала тоо барстарынан колунарды тарткыла» деген кыйкырык сөзүнөн жана жогорку тарапка ок чыгаруусунан улам чечилди. Ошол кезде Таштанафгандар ок атышууну баштап, натыйжада Арсен менен Жаабарска ок тийди. Бул экөөнүн өлүмү сырттан келген туристтердин, барстарды террордук аракеттерден сактап калды.

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын трагедиясы тазалыкка, адилет күрөш менен чындыкка шартталат. Чыгарманын соңунда Элестин Арсенге болгон сүйүүсү ыйга айланып, “Колуктунун үнү” болуп жанырып, Молоташ үнкүрүнөн анын сөөгун алып кетүү менен аяктайт. Ал эми Арсенге тагдырлаш Жааабарс кайып болуп кетет. Чыгарма жарыялангандан кийин жазуучу массалык маалымат каражаттарынын суроолоруна жооп берип жатып, бул романы жөнүндө: «Тоолор кулаганда» - бул менин жаңы эмгегим, жаңы сөзүм. Бул китеп азыркы доордогу ааламдашууну жана учурдагы биздин тарыхыбызды чагылдырат»- дейт. Адамзатынын Рух ааламынын жардыланышы, дүйнөдөгү социалдык – экономикалык ири кыйроолор Ч.Айтматовдун көз алдында өтүп жан дүйнөсүнө тынчтык бербей жашады. Өзү жашап жаткан мезгилдин кубанычы менен кайгысы, жыргалы менен азабы, жазуучунун жүрөгү аркылуу өттү. Дал ошол кезде Айтматов коомдук илдеттерден адамзатты сактап калуудагы өзүнүн адамдык жана жазуучулук милдетин аткара алды . Жазуучу мунун баарын аң–сезимдүү туя билип, “коомдук илдеттерди” чыгармаларында чагылдырып окурмандарга ар тараптуу ачып берди. Азыр дүйнө ушунчалык деңгээлдеги техникалык абалга, ушунчалык карама–каршылыктарга жеткен кезде адамзат өз-акыл ою, колу менен жасалган жетишкендиктерге нравалык жактан өзү жете албай жаткан учурда ,адабият менен искусство адам баласына бүткүл каражаттары менен күчтүү таасир берип баасы адамзат өмүрүнө барабар ишенимден, максаттан милдеттен өткөн эч нерсе жок экенин айтып турушу өзгөчө маанилүү. Тынчтык болсун, башка эч нерсенин кереги жок»-деген жалпы адамзаттык ыйык насыятты бекемдөө керек»-деген пикирин билдирет жазуучу(3)

Чындыгында ааламды курчап турган түрдүү кырсык ааламаттардын алдын алууда ошол нерсени өз акылы менен жаратып, анын алдында алсыз болуп бараткан адам канткенде кыянаттык иштерден баш тартат да, канткенде бары ойдогудай жашоо кечирет деген суроого аргасыздан жетеленесин. Замандын социалдык адеп-ахлактык адамзаттын психологиялык олутту жана актуалдуу койгойлору «Тоолор кулаганда» романынын негизги проблемасы болуп калды. Ошол учун Айтматов кылымдын, доордун, мезгилдин, учурдун классик сүрөткери! Адамдык улуулук менен талант бийиктигинин топ келишкен феномени.

Ч.Айтматовдун чыгармалары инсандын ички жан дүйнөсүнөн чыккан гумандуулуктун бийик касиеттерин камтып инсанды калыптандырууда чоң таасирин тийгизет.

**Адабияттар:**


1. Асаналиев К. Көркөм нарк.Ф.1988
2. Акматалиев.А. Аалам, адам жана Жаабарс Б2006.
3. Айтматов .Ч. «Биз дүйнөнү жаңыртабыз дүйнө бизди жаңыртат” .Ф.1988ж. 296-бет

УДК 303.446.4

# А. ОРОЗБЕКОВ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗДӨӨЧҮЛӨРҮНҮН БИРИ

***Темирбаева Г, Эшмуратов С.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

***Аннотация.***

*Бул макалада кыргыз мамлекеттүүлүгүнө салым кошкон саясий ишмер А.Орозбековдун ишмердүүлүгү тууралуу. Ата-Журт жана анын көз карандысыздыгы үчүн өз заманында кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн күрөшүп келген тарыхый инсандар жөнүндө баяндалат.*

***Annotation***

*This article is about politik and statesman A .Orosbekov. Where he put more works for Kyrgyz State . He contested for countrys independence and not only his works and about historical persons who lived in that time.*

Абдыкадыр Орозбеков (188

карандысыздыгы үчүн өз заманында кыргыз мамлекеттүүлүгүүчүн күрөшүп келген аталарыбыздын бири бүгүнкү биз сөз кылып жаткан белгилүү саясий ишмер Абдыкадыр Орозбеков.

Кыргыз эли үчүн кыйын кезең байыркы жоокерчилик замандан тарта, кийинки доорлорго чейин болуп келди. Ал эми бүгүнкү глобализациянын жана дүйнөлүк түрдүү кризистер учурунда биз үчүн кезектеги сыноолор жаралууда. Мына ушундай сыноолордун бири падышачылык бийлик кулап, Советтик Туркестан түптөлүп, жаткан мезгилде болгон, жана ошол замандагы сыноолордо өлкөнүн, мамлекеттин түзүлүүсүндө кыргыз интеллигенциясы Ю. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыков, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Т. Айтматовдордун ролу эбегейсиз чоң болгон. Кыргызстандын тарых барактарын андан ары карап көрсөк, эң алгачкы совет бийлигинин орносуу Орто Азия элдеринин улуттук өз алдынчалыгына жетүүсү оңойго турбаптыр. Совет доорунда сталиндик репрессияга кабылган коомдук саясий маданий ишмерлер А.Орозбеков, Ж.Абдрахманов, Б.Исакеев, Т.Айтматов. К.Тыныстанов, Б.Солтоноев, А.Сыдыков. 1917-жылы 2-ноябрда «Россия элдеринин улуттук декларациясы» декретинде улуттук саясаттын жаңы түзүлүшү каралган болсо, 1918-жылы Кеңештердин 3-бүткүл Россиялык сьездинде «Эзилген элдин, жумушчулардын укуктары декларациясында» федерация негизинде көп улутту социалисттик өлкөнү куруу каралган. Ушул чечимдердин негизинде 1918-жылы Орто Азиядагы элдер Туркестан Автономиялык ССРине бириккен. Ушул эле жылы автономия укуктарынын негизинде Туркестан АССРи, Россия Федерациясынын түзүмүнө кирген. Аймактагы советтик бийликти бекемдөөдө совет өкмөтү тарабынан түзүлгөн (Түркомиссия 8-октябрь 1918-ж.) Туркестандын иштери боюнча комиссия өтө жемиштүү иштеген. Анын түзүмү М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я. Э. Рудзутак, Г. И. Бокий, Ф.И.Голошекин, Ш. З. Элиавалардан турган. Бул комиссия, совет бийлигин орнотуу, түптөө, өзгөчө улуттук маселеде партиялык советтик жетекчилердин кемчиликтерин четтетүүгө көңүл бурган. Комисиянын шовинисттик саясат жүргүзгөн ишмерлерди четтетүүсү, жергиликтүү элдин өкөлдөрүн башкарууга тартуусу, совет бийлигине ишенимдин артуусуна жана Кыргызстандын аймагындагы совет бийлигинин орноосуна шарт түзүлгөн, ушундай шартта жакшы жөрөлгөлөрдүн болушуна карабай кыргыз эли ыңгайсыз абалда калган, себеби Туркестан АССРинин түзүмүнө кирген кыргыз аймагы төрт областка: Жети-Суу, Сыр-Дарья, Фергана, Самарканд областтарына бөлүнүп калган эле. Бул областтарда кыргыздар улуттук азчылыкты түзүшкөндүктөн, алардын кызыкчылыктарына, жашоо шартына, турмушуна анча көңүл бурулган эмес. Ушуга байланыштуу 1921-жылы Алма-Атадагы кеңеште, Туркестан АССРинин түзүмүндө Тоолуу Кыргыз Республикасын түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок, бул маселе оң чечилбеди, себеби Жети-Суу жана Сыр-Дарья областтарын Казах АССРине өткөрүү болжолдонгон эле. Эгерде кыргыздар буга чейин бир автономиянын түзүмүндө болсо, эми эки республикага бөлүнүүгө туура келген. Иштин мындай абалына макул болбогон кыргыз интеллигенциясы 1922-ж. мартта Тоолуу Кыргыз областын кыргыздар жашаган уезддерди бөлүү менен Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселесин кайра коюшкан. 1922-жылы 25-мартта Туркестан коммунисттик партиясынын БК секретарияты Туркестан Республикасынын түзүмүндө Тоолуу Кыргыз областынын түзүлүүсүнө чечим кабыл алынган жана 26-мартта Түрк БАКнин президиуму Тоолуу Кара Кыргыз областын түзүү токтомун бекитти, бирок бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирген. Бул областтын түзүлүү маселесинде ички келишпестиктер болуп, 1922-жылы Сталиндин жеке көрсөтмөсү менен декабрь айында РКП (б) нын БАК ти буга чейинки бардык чечимдерди «туура эмес»- деп табышкан.

Орто Азиядагы контрреволюциячыл күчтөрдү, өзгөчө басмачылык кыймылдарды жоюу менен, андан ары аймакта жашаган элдердин чектерин тактоо мүмкүнчүлүгү пайда

болгон. Келечектеги республикалардын чек араларын тактоодо Туркестан АССРинин өкмөтүндөөзбек, түркмен, кыргыз бөлүмдөрү иштеп, аймактын этнографиялык түзүмүн тактаган. 1922-жылы 30-декабрда Кеңештердин Бүткүл Россиялык I-сеьздинде СССРдин түзүлгөндүгү жарыяланды. 31-январь 1924-жылы Кеңештердин II-сеьздинде СССРдин I-конституциясы кабыл алынган. Ушул сьездде Туркестан АССРинин делегациясынын түзүмүндөгү кыргыз делегаттар Кыргызстанга өзүнчө автономиялык бирдикти берүүсүн суранышкан. 1924-жылы сентябрда калктын түзүмүн жана жаңы чек араны тактоо аяктап, кыргыздар Фергана, СырДарья, Жети Суу, Самарканд областtарында 860 миң, мындан башка Памир, Бухара, Батыш Кытай аймактарында 210 миң кыргыз жашагандыгы аныкталган. 1924-жылы 19-октябрда Туркмен АССри, Өзбек АССРи, Тажик автономиялуу областы, Кара Кыргыз автономиялуу областы (экөөсү РФ курамында), Кара калпак автономиялуу областы Казах АССРинин курамында, түзүмдөрү түзүлгөн. Кара Кыргыз автономиялуу областына мурдагы Туркестан АССРинин Жети Суу областы боюнча: Пржевальск, Нарын, Пишпек уезддери, Наманган уездинин 10 болуштугу, Фергана областына караштуу Кокон уездинин 2 болуштугу, Олуя Ата уездинин 14 болуштугу кирген.

Кара Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин өлкөдө совет бийлигинин органдары жана саясий уюмдар түзүлө баштады. 18-октябрь 1924-жылы РКП (б) БКнин саясий бюросу убактылуу Кара Кыргыз автономиялуу областынын революциялык комитетинин жана бюросун бекитти. Кыргыз областтык комитетинин РКП (б) нын биринчи катчысы болуп Михаил Каменский, экинчи катчысы Ю. Абдрахманов, революциялык комитеттин төрагасы И. Айдарбековдор шайланышкан. Революциялык комитеттин алдында түзүлгөн комиссия областтын айыл чарбасын, чек арасын, табийгый ресурстарын андан ары иликтөө максатында, ошондой эле Кыргызстанды эффективдүү башкаруу максатында областтын революциялык комитети Пишпек, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад округдарын түздү. 1925-ж. 15- январда областтык революциялык комиттеттин отурумунда, Кара Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүүсү жөнүндө декларация кабыл алынды, жана салтанаттуу түрдө Кыргыз мамлекеттүүлүгү жарыяланды. 16-январь мамлекеттүүлүктүн декларациясынын жарыяланган күнү катары майрам күн катары белгиленген. Мамлекеттик аппаратты түзүүнүн кийинки этабында Кеңештердин учредительдик сьездин өткөрүү жана шайлоону өткөрүү зарыл болчу. Жергиликтүү Кеңештерге шайлоолор ийгиликтүү аяктап, 1925-ж. 27- мартта Пишпекте автономиялык областтын учредительдик сьезди өз ишин баштаган. 1925-ж. 31- мартта областтык аткаруу комитетинин 1-пленумунда дайыма иштөөчү аткаруу комитетинин 11 адамдан турган Президиуму шайланды. Анын төрагасы болуп Абдыкадыр Орозбеков шайланды. Кеңештердин учредительдик сьезди кыргыз элинин калыптануусунда жана бекемделүүсүндөөтө маанилүү күндөр болуп калды. Кабыл алынган мамлекетүүлүк кыргыз аймагынын биригүүсүнө, экономикасынын, маданиятынын өсүүсүнөөбөлгө жаратты, улуттук кайра жаралууга чоң шарттар түзүлдү. Кийинки мезгилдеги 1925-жылдын 25-майындагы Кара Кыргыз автономиялуу областынын Кыргыз Автономиялуу областы болуп түзүлүшү, 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз АССринин түзүлүшү, ошондой эле 1936-ж. 5-декабрдагы Кыргыз ССРинин түзүлүшү тарыхый окуяларында, Аткаруу Комитетинин Президиумунун төрагасы Абдыкадыр Орозбековдун жана башка Ата Мекенибиздин патриот атуулдарынын кошкон зор салымы дайыма биздин эсибизде сакталып калат.

**Адабияттар:**

1. ӨмүрбековТ. УлууинсандардынКыргызстандынтарыхындагыордужанаролу. Бишкек 2005-жыл.
2. Ө.Осмонов, А.Асанканов Кырызстан тарыхы Бишкек 2003-жыл.

3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы Фрунзе. 1979-жыл.

УДК 1.091. (575.2)(04)

# ИСХАК РАЗЗАКОВ ЖАНА КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮ

*Токоева Г.С.*
*ЖАМУ, Жалал-Абад ш.*

**Аннотация**

*МакаладакыргызэлининкоомдукжанамамлекеттикишмериИсхакРаззаковдункыргызмамлекеттүүлүгүнүнөнүгүүсүндөгү орду философиялык жактан талдоого алынат.*

**Abstract**

*The article analysis the philosophical aspect of the role of public and state figureIskhaq Razzakov in the development of Kyrgyz statehood.*

Кыргыз элинин белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмери Исхак Раззаков кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн чыңдалышына жана өнүгүшүнө чоң салым кошуп кетти. Ал 1910-жылы Кыргызстандын Сүлүктү (азыркы Лейлек) районунун Хорасан айылында төрөлгөн. Атасы Сүлүктүдөгү шахта кенинде иштеп жүрүп, 1919-жылы каза болгон, 1912-жылы Исхак 3 –жашка чыкканда эле энеси көз жумган. Ата-энесинен ажырап калгандан кийин Тажик ССРинин Ленинабад шаарындагы балдар үйүнө жайгаштырылат, андан кийин 1923-жылы Ташкенттеги II баскычтагы мектепке кирет. Ал эми 1925-жылы педагогикалык техникумга тапшырат. Аны 1929-жылы аяктагандан кийин, ошол эле окуу жайда окутуучу болуп калат. 1931-1936-жылдары Москвадагы СССРдин пландоо институнда жогорку билим алган. Институтту аяктагандан кийин СССРдин мамлекеттик пландоо комитети тарабынан Өзбек ССРнин пландоо тармагына жолдомо менен жөнөтүлөт. 1936-жылдын февралынан 1939-жылына чейин мамлекеттик пландоо комитетинин түрдүү тармактарында кызмат өтөйт. 1939-жылдын 16-сентябрында И.Раззаков Өзбек ССРнин пландоо комитетинин төрагасы болуп дайындалат. Ушул жылдар анын өз кесиби боюнча Өзбек ССРнин түрдүү тармактарына салымын кошкон ишмер катары калыптанат. Аларды кээ бирлерине токтоло кетели.

СССРдин мамлекеттик пландоо комитетинин 20 жылдыгына карата жазган макаласы аркылуу анын дүйнөтаанымы сүрөттөлөт. Ал макаласында Өзбекстанда пландоо органдары чоң тажрыйбалуу жолду басып өтүп, эң сонун пландоочу-экономисттер өсүп чыккандыгы айтылат. Өзбек элинин өзүнөн квалификациялуу кадрлардын өсүп чыкканын факт катары белгилөө менен, анын ичинен жетекчи орундарга да келишкендиги жакшы көрүнүш катары бааланат. Аны менен катар бир топ жетишпегендиктерге да жол берип жатканына өкүнөт. Пландарды аткарууда системалуу текшерүү жана аны терең, ырааттуу, ар тараптуу талдоо зарылдыгын белгилейт. Ошону менен катар алдыда маанилүү милдеттерди турганы эскертилет. Алардын бири катары колхоз-совхоздордун комплекстүү өнүгүүсүнүн планын иштеп чыгуу. Ал үчүн жергиликтүү пландоо комиссиясында иштегендер өздөрү иштеген аймактагы, райондогу, областагы экономиканы, жаратылыш байлыгын, колхоз өндүрүшүнүн экономикасынын деталдарын терен билүүсү зарылдыгын айтат. Экинчи жагынан областтык, шаардык, райондук мекемелердин пландоо комиссияларына болгон мамилесин өзгөртүү керектигин белгилейт. Анткени пландоо комиссиялары түздөн-түз жумушчу аппарат болуп саналат. Ошондуктан жергиликтүү партиялык, советтик органдар менен тыгыз иш жүргүзүш керектигин айтат.

1941-жылы Алишер Навои атындагы музейди куруу боюнча кеңешме өтүп ал маселени колго алып ишке ашырууда И.Раззаковдун ролу чоң болгон. 1941-жылы 11-майда Өзбек ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары болуп

дайындалат. Бул кызматка сунушталып жатканда жөндөмдүү, инициативалуу, энергиялуу кызматкер, экономиканы жана пландаштырууну жакшы билген адис катары бааланат. Ошол эле жылы 16-июлда Өзбек ССРинин Агартуу Эл комиссары кызматына дайындалат. 1941-1942-жылдардагы окуу жылынын милдеттери жөнүндөгү жалпы мугалимдердин жыйынында жалпы перспективалуу максаттар жөнүндө баяндама жасайт. Мында ал билим берүү тармагын жакшы билген адис катары таанылат. Бул тууралуу Н.А.Мухитдинов минтип белгилейт: "Исхак Раззаковдун эл агартуунун, маданияттын өнүгүүсүндөгү кошкон салымы зор. Кан күйгөн согуш маалындагы эмгегин эске алсак, элдин көбү фронтто болсо ал мектептеги окуучулардын үзгүлтүксүз окуусуна, жаш илимпоз кадрлардын даярдыгына, аспирантуранын өнүгүшүнө, басма иштеринин өркүндөшүнө көп көңүлүн бурган"[2.47-б].

Ошентип, И.Раззаковдун Өзбекистан ССРинде эмгектен жылдары аны "эки элдин тең ишенимдүү уулу" катары таанытат. Борбордук Азия чөлкөмүндөгү республикаларда аны чыныгы мекенчил, интернационалист катары баалап келишүүдө.

1945-1950-жылдары И.Раззаков Кыргыз ССРнин Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы кызматты аркалаган. Бул жылдар Ата Мекендик согуштан кийинки эл чарбасынын оор абалда турган мезгили эле. Ага карабастан И.Раззаков өзгөчө ишкердиги, коомдук турмушту жакшы билген жетекчи катары өзүн көрсөтөт.

1946-жылдын 15-февралында СССР Эл Комиссарлар Советине атайын кат менен кайрылат. Анда Фрунзе шаарына бардык жагынан шарт түзүү боюнча өтүнүчүн жолдойт. Катында Ата Мекендик согуш жылдарында борбор шаар катары Фрунзе бир топ өнүгүүгө жетишти. Калктын саны 1941-жылы 90 миң болсо, 1945-жылы 142 миңге жеткени белгиленет. Өнүктүрүү маселеси 1941-жылдан бери токтоп калганы, шаарда суу түтүктөрүнүн толук курулбагандыгы, электр энергиясы менен камсыздоо жетишсиз болуп жатканы, жолдордун курулушу талапка жооп бербегендиги айтылат. 1948-жылы 23-октябрда Фрунзе шаарын биринчи категориядагы шаарлардын катарына кошуу өтүнүчү менен кайрылат.

Кыргыз АССРнини түзүлгөндүгүнүн жыйырма жылдыгына карата республикада бир топ жетишкендиктер жаралат. Ал ийгиликтерди И.Раззаков совет бийлигинин Кыргызстандагы 20-жылдыгына карата макаласында кыргыз эли өзүнүн жүзүн көрсөтө баштаганын, улуттук өнүгүү жолуна өткөнүн белгилейт. Аз эле убакыт аралыгында кыргыз эли экономиканы, маданиятты, искусствону өнүктүрүүгө жетишкени кубануу менен айтылат. Ошондой эле Кыргызстан Советтик Социалисттик республикалардын ичинен чанда кездешүүчү металлдардын запасы боюнча биринчи орунда тургандыгы, көмүр кенинин байлыгы боюнча Орто Азияда биринчи орунда экендиги белгиленет. Колхоз-совхоздор, машина-трактор станциялары көбөйүп, айыл чарбасынын өнүгүшүнө зор салым кошуп жатканыдыгы көрсөтүлөт.

1946-жылы 25-июнда СССРдин министрлер советине 1947-жылы "Манас" эпосунун 1100 жылдыгын өткөрүү үчүн кат жолдойт жана юбилейди өткөрүүгө сарпталуучу чыгымдарды бөлүп берүү өтүнүчү кайрылат. Бирок бул ишке ашпай калганы бизге маалым.

Билим берүү жана илимдин өнүгүшү үчүн көп эмгек жумшады десек болот. Буга 1946-жылы 10-августта билим берүү тармагына байланыштуу жалпы республикалык кеңешмеде чыгып сүйлөп, алдыга койгон милдеттер күбө боло алат. Анда бир топ көйгөйлөр белгиленет: педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги, окуу китептеринин тартыштыгы, жергиликтүү советтер мектептерди ремонтто, жылуулук менен камсыз кылуу, мугалимдерге турмуш-тиричилиги үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү керектиги белгиленет. Согушка кеткен мугалимдерди кайра мектепке тартуу боюнча иштерди жүргүзүү маселеси коюлат. Ал минтип айтат: "Ар бирибиз өмүр бою өзүбүздүн сүйүктүү

мугалимибиздин образын эске тутуп калуубуз зарыл. Мугалимдин эмгеги – абдан эле изги, абдан эле изги” [1.130-б]. Мугалимдин аброюн бекемдеп, уюштуруу жана усулдук иштерди жогорку деңгээлге көтөрүү керек. Мугалимди камкордук жана көңүл буруу менен курчашыбыз керек деген. Мектеп окуучуларынын жетишүүсү абдан эле төмөн болуп жаткандыгын тынчсыздануу менен белгилейт. Ал республикадагы мектептердин ишин жакшыртууда эки милдет турганын көрсөтөт: 1. Окутуу жана тарбиялоодогу формализмди жок кылуу менен окуу-тарбия процессин түп тамырынан жакшыртуу зарылдыгы; 2. Мектептерди квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыздоо. Бул милдеттерди чечпесе мектептердин иши алга жылбастыгы айдан ачык экендигин көрсөтөт.

1946-жылы СССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басарына докладдык кызмат катын жиберет. Анда Кыргыз ССРинин чек арага жакын райондорундоруна жардам берүү маселеси көтөрүлөт. Чек арага жакын райондордун баары тоолуу, чарбалык-экономикалык жактан өнүгүүсү көп жагынан арта калып жатканы жана уюштуруучулук-чарбалык шарттарын жакшыртуу үчүн жардам көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылат. Алай, Совет, Чоң Алай, Гүлчө, Ат-Башы, Ак-Талаа райондорундагы колхоздордун акыркы жылдарда аткарылбай калган планын жокко чыгаруу, эки жылга салыктардан, мал чарба продукциясын өндүрүп тапшыруудан бошотуу жана өткөн жылдардагы карыздарын жоюу, колхозчуларга миң баш жаш малды жеке пайдалануу үчүн сатууга уруксат берүү, айыл чарба машиналарын бөлүштүрүү. Кадрлар менен камсыздоону бекемдөө максатында мугалим, врач, кызматкерлердин айлык маянасын 75% жогорулатуу, пахта кездемелердин, тери бут кийимдердин, өнөр жай товарларынын баасын шаардын баасында сатууга уруксат берүү маселеси айтылат. 1948-жылы 19-майда Кант-Балыкчы темир жолу бүтүп, колдонууга берилет. Орто-Токой суу сактагычы, Чоң Чүй каналы курулат. Фрунзе – Ош авто жолун куруу бир канча ийгиликтерге жетишет.

И.Раззаковдун дүйнөтанымынын калыптанып, негизги көз караштарын билдирген мезгили катары Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы болуп иштеген жылдарын айтсак болот. 1950-жыллын 7-июлунда Кыргыз ССРинин КП БК(Б)нин катчысы казматына дайындалат да 1961-жылга чейин ушул жооптуу кызматта турат. Бул аралыкта И.Раззаков Кыргызстандын экономикасын көтөрүү, өндүрүштү кеңейтүү маселесин коюп, жолдорун издейт. 1951-жылы 9-июнда Отуз-Адыр сугат системасын куруу жана ал жерде пахтачылыкты уюштуруу маселеси көтөрүлөт жана ал кыска убакытта эле иш жүзүнө ашат. Шаар-кыштактарды талапка ылайык түзүү, социалдык жактан камсыздоо негизги мамлекеттик саясат катары кабылдайт. Ушуга байланыштуу 1951-жылы 14-сентябрда Фрунзе шаарында автоматташтырылган телефон станциясын куруу маселеси менен жогорку бийликке кайрылат.

И.Раззаков өндүрүштү эле жакшы билбестен илим-билим, маданият маселеси боюнча да абдан такшалган жетекчи катары тарыхта калды. Анын бул сапатын окумуштуулар, изилдөөчүлөр, коомдук ишмерлер белгилеп келишүүдө. Ушуга байланыштуу белгилүү философ, академик А.Ч.Какеев “Исхак Раззакович Раззаков – звезда политической философии Кыргызстана” деген макаласында минтип жазат: “Исхак Раззаковдун бирден бир улуу идеясы катары илим жана билим берүүнү өнүктүрүү маселеси болгон. Исхак Раззаковду Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясын түзүү боюнча демилгечи деп түздөн-түз эле айтса болот [1.59-б]. И.Раззаков 1947-жылдын 26-апрелинде илимий кызматкерлер менен өткөн конференцияда Кыргызстандын илимин өнүктүрүү маселесин көтөрүп чыгат. Илимдин практикага болгон жолун жарык кылып көрсөтүү милдети турганын белгилейт. Жогорку окуу жайлары менен илимий изилдөө институттары практикадан, өндүрүштөн алыс болуп калган. М., Кыргыз techинститутунда, techинститута, айыл чарба институтунда бул кубулуш байкалат. Экинчи бир кемчилик катары – көп темалуулук каралат. Мүмкүнчүлүктү эске албай эле пландаштыруу узак

жылдарга белгиленген. Үчүнчү кемчилик катары республиканын түрдүү илимий мекемелеринде илимий маселелерди иштеп чыгуудагы параллелизм көрсөтүлөт. Мисалы, СССР Илимдер Академиясынын филиалында, пединститутта да окшош темалар кездешет. Мисалы: "Кыргызстандагы пайдалуу өсүмдүктөр", "Тоолуу шарттарда адамдын акклиматизациясы болушу"ж.б.у.с. Ошондой эле илимий кадрларды даярдоодо да мүчүлүштүктөр бар экендиги айтылат.

Кыргыздын жаштарынын жогорку квалификациялуу билим алышына күйүп жанып аракеттенген инсан эле. Кыргыз жаштарынын ичинен техникалык билим алуусу зарылдык катары кабылдайт жана аны ишке ашыруучулардан болот. Аны төмөндөгүлөрдөн көрүүгө болот: 1) 1952-жылы 13-майда кыргыз кыз-келиндердин мугалимдик институтун кыз-келиндердин педагогикалык институту кылып кайра түзүү сунушу берилет жана бул колдоого алынат; 2) 1954-жылы 1-сентябрдан политехникалык институт ачылып биринчи кабыл алуу башталат; 3) 1954-жылы ноябрда Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясы ачылат. Буга байланыштуу 18-сентябрда даярдоо иштери бүткөнүн жана аны ачуу ноябрга пландаштырганын билдирет; 4) 1955-жылы 1-сентябрда дене тарбия институту ачуу боюнча 2-июнда СССР Министрлер Советине кат жазылат; 5) 1956-жылы 25-сентябрда Токтогул Сатылгановдун эстелигин түбөлүккө калтыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү маселеси менен кат жазылып, ал өтүнүчтүн негизинде улуу акын-ойчулдун дүйнөтаанымын изилдөө иштери улантылат. 1958-жылы кыргыз тилин орус тилдүү мектептерде окутуу тууралуу токтом кабыл алынат жана бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлөт.

И.Раззаков ар тараптуу калыптанган инсан катары республикадагы жетишилген ийгиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү жакшы билген жана ага карата пикирин билдирип турган. 1952-жылдын 9-январындагы Кыргызстан КП БКнин IX пленумунда жаштарды идеялык-саясий жактан тарбиялоо негизги милдеттерден экендигин белгилеген, анткени жаштарга келечекте чоң милдеттер коюларын алдын ала билген.

Андан сырткары кадрларды даярдоодо, тандоодо кылдаттык керектигин белгилейт. Көптөгөн мекеме-уюмдарда кадр тандоо үй бүлөлүк-уруулук, жердешчилик белгилер боюнча жана жеке мамилелерге байланыштуу кадр тандоо болуп жатканын айтат [1.130-б] Анын пикиринде кадр тандоодо кокусунан, ойлонулбаган кадамдар жасалып, кадрлар келип калып жатат. Кадр тандоодо анын саясий жана ишкердик сапаттары талданып, аны кайсы иште пайдаланса болот, жана өзүнүн өсүшү үчүн кандай пайда алып кетет ошону талдаш керектигин эскертет. И.Раззаков аялдарды да башкаруу жана башка жумуштарга тартуу маселесин коет. Бул азыркы учурдун термини менен айтканда гендердик теңдик маселесине да көңүл бурат. Айрыкча улуттук илимий-техникалык интеллигенцияны өстүрүү маселесин алдыңкы орунга койгон.

1961-жылдын 8-9-майында Кыргызстан КП БКнин VI пленумунда республикадагы партиялык уюмдун ишин уюштуруу ишиндеги кемчиликтери үчүн И.Разззаковду биринчи катчылык кызматтан жана Кыргызстан КП БКнин Бюро мүчөлүгүнөн бошотуу жөнүндө токтом кабыл алынат. Бул совет доорундагы тоталитардык башкаруунун курмандыгы десек да ашыкча болбойт деген ойдобуз.

1990-жылдын 26-октябрында гана И.Раззаковдун атын түбөлүккө калтыруу максатында Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому чыгат. Натыйжада Фрунзе шаарынын бир көчөсү анын аты менен аталат. Лейлек районундагы "Кулунду" колхозуна, ВЛКСМдын 40-жылдыгы атындагы орто мектепке, Ош шаарындагы бир көчөгө анын аты берилет. 1995-жылдын 5-декабрында Кыргыз политехникалык институтуна анын ысмы ыйгаруу жөнүндө КРнын Өкмөтүнүн токтому чыгат.

Эң негизгиси И.Раззаков адамдын калыптанышы өзүнө байланыштуу экендигин белгилейт. Адамды ар дайым социум менен байланыштуу карайт. Анткени анын

адамдыгы, Мени коомдо калыптанат жана ал үчүн өзүнүн жеке эмгеги талап кылынарын белгилейт. И.Раззаков айтат: "Биздин жетекчи кадрлардын ар дайым эсинде болуш керек, өсүп жаткан чарбалык жана маданий жактан куруудагы милдеттерди ийгиликтүү ишке ашырууда бардык жумушчулардан өзүнүн идеялык-теориялык денгээлин жогорулатуунун үстүндө талбастан, системалуу иштөөсүн талап кылат" [1.144-б].

2000-жылдын 2-июнь күнү Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти А.Акаев И.Раззаковдкн сөөгүн Кыргызстанга алып келип кайрадан жерге берип жатканда: "Исхак Раззаковдун тутунган туусу – чындык, таянган тоосу – эли болгон. Ал тууралуу "Коомчудук сен жана мен. Эгер сен чынчыл болсоң, мен чынчыл болсом, коомубуз таза болот" деп калтырган" – деп айтат. И.Раззаков коомдун бакубат болушу ар бир жеке индивидке байланыштуу экендигин белгилеп, жекелик менен жалпылыктын диалектикалык байланышын аңдап билген улуттук лидер эле. Акыркы айткан сөзүбүздү тастыктоо иретинде ал жөнүдө жазылган пикирлердин бирине токтоло кетели. Белгилүү тарыхчы К.Молдокасымов «Улут лидеринин сапаттары жана сабактары» деген макаласында минтип айтат: «Чындыгында Исхак Раззаковдон Журт атасы, Улуттун чыныгы лидери болууга татыктуу бардык сапаттарды жана касиеттерди Жараткан эч аябаптыр. Жаркылдаган өң келбети, ар тараптуу терең билими, даанышмандыгы, элдин тилегин, мүдөөсүн жөнөкөй тил, нукура чечендик менен жеткире билдириши, өткүрлүгү, өтө жөнөкөйлүгү, жан дүйнөсүнүн тазалыгы, өзгөчө мекенчилдиги, келечекти көрө билген көсөмдүгү, калыстыгы элге шык берип, ишенимин арттырып артынан ээрчите алышы, айтор, Улуу лидерлерге кандай касиет болсо анда бардыгы бар эле» [3.82-83-б].

Исхак Раазаков коомдук турмушта лидерлик сапаттарга ээ болуу менен эле чектелбестен жашоого карата да философиялык ой жүгүрткөн инсан болгон. Ал минтип жазат: "Өмүр - айтканынан кайтпаган өжөр нерсе, өлүм болсо – таш боор. Туулган соң өлүмгө өкүм кылынасың. А бирок өлбөстүккө жетишүүнүн аргасы бар бекен? Бар. Ал – эмгек. Адамды өлбөс кыла турган бир гана нерсе – анын жасаган эмгеги" [1.227-б]. Бул ой жүгүртүүсүндө И.Раззаков адам жашоосунун маңызы эмгекте, жеке инсандык тазалыкта экендигин белгилейт жана ар бирибиз таза болсок биз жашап жаткан коом да таза болоруна ишенет жана баарыбызды ошого чакырып жатат.

Ошентип, Исхак Раззаков бир эле кыргыз элинде эмгек жасабастан бүтүндөй Борбордук Азия мамлекеттеринде таанылган инсан катары тарыхта кала берди: ал Тажикстанда балдар үйүндө тарбияланып, ал жердин кулуну катары таанылса, Өзбекистанда көп жылдар бою мамлекеттик кызматтарды аркалап элдин кадыр баркына ээ болду. Бул сөзүбүздү С.Караевдин "өзбек элинин кыргыз уулу" деп берген баалоосу менен тастыктоого болот. И.Раззаков күндөлүгүндө: "Мен эмне иштеп, эмне бүтүрдүм? Ким үчүн эмне кылды? Эл калыс..." – деп жазып калтырган. Ооба, чындыгында эл калыс, узак убакыттар өткөнүнө карабастан, кыргыз эли анын эмгегин баалап, анын сөөгүн өз мекенине алып келип коюп, анын өтүнүчүн аткарды. Акырында айтаарыбыз, ушундай инсандарды убакыт өткөндөн кийин эмес, убагында баалай билсек жана аны менен сыймыктана жүрсөк. Сыймыгы болгон элдин тарыхый жолу да узак болоору шексиз.

**Адабияттар:**


1. Раззаков И.: Жизнь, отданная народу: Сб. док. и материалов / Сост. С.Р.Жумалиев и др. Б.: "Шам", 2000. – 300 с
2. Улуу инсан. Эскерүүлөр. – Б.: "Учкун", 1996. – 280 б.
3. ИсхакРаззаков – Кыргызстандынзалкаруулу. Илимийдокладдар, макалалар, эсерүүлөр. – Б.: «Турар», 2010. – 340 б.

УДК 1.091. (575.2)(04)

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН “ТООЛОР КУЛАГАНДА” РОМАНЫНДАГЫ АДАМ ФЕНОМЕНИ

***Токоева Г.С.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад шаары***

***Аннотация***

*Макалада Ч.Айтматовдун “Тоолор кулаганда” романы аркылуу чагылдыруу тапкан адам жана анын жашоосуна байланышкан ой жүгүртүүлөрү чагылдыруу тапты.*

***Abstract***

*The article of Aitmatov's novel "When Mountains Fall" reflects the problem of man and his life.*

Чынгыз Айтматовдун “Тоолор кулаганда”романы акыркы чыгармаларынан болуп саналат. Роман алгач орус тилинде 2006-жылы "Дружба народов" журналына жарыяланып, 2007-жылы Санкт-Петербург шаарынын "Азбука-классика" басмасынан өзүнчө китеп болуп жарык көргөн. Бүгүнкү күндө роман англис, немец, түрк, француз ж. б. тилдерге которулуп, жарык көрүүдө. Кыргыз тилинде 2010-жылы А.Пазыловдун которуусу менен жарык көргөн. Азыркы күндө 3 варианттагы котормосу бар. Алардын бирөө Б.Сыдыкова жана Ж.Жөкүшова тарабынан которулуп, 2011-жылы басмадан чыккан. Чынгыз Айтматов руханий баалуулуктар четке сүрүлүп, алар адам жашоосунан алыстап калган бүгүнкү социалдык реалдуулукту сүрөттөп, романын "Тоолор кулаганда" деп атаган. "Тоолор кулаганда" - мурдагы социалисттик коомдук системанын ордуна базар-экономикалык мамилелер келген, бүгүнкү кыргыздын турмушунда жүрүп жаткан коомдук-маданий, рухий-психологиялык өзгөрүүлөрдү көркөм чагылдырган философиялык чыгарма.

Роман мындай сөздөр менен башталат: “Жан бүткөндүн баары үчүн дайыма бирдей болгон талашсыз бир чындык бар – маңдайына жазылганды, тагдыр деген эмне экенин алдын ала эч ким биле албайт – кимге эмне буйруганын жашоо гана көрсөтөт, болбосо тагдырдын тагдыры кайсы”. [1.3-б] Тагдыр деген эмне ошого карата философиялык ой жүгүртөт. Ч.Айтматовдун көз карашында тагдыр – бул сырдуу, табышмактуу кубулуш. Бул адамдын акылынын чегинен тышкары болгон, “жараткандын кудуретине да баш ийбеген”, алдын ала таанууга болбой турган реалдуулук. “Тагдыр сыры баары жана ар бири үчүн кылымдан кылымга, күндөн-күнгө, ар бир саат жана ар бир мүнөттө табышмак бойдон калууда ... Эки жандын кандайдыр бир төлгө жылдыздарынын өз ара байланышы, алардын космостук жакындыгы болгондур”. [1.3-б]

Чынгыз Айтматов эки жандын – бири – Жаабарс – илбирс, экинчиси Арсен Саманчиндин жеке жашоосун, тагдырын салыштыруу менен сүрөттөп, тагдырдын сырын таамай чагылдырат. Тагдырдын алдын ал аныкталбаганы менен алдыда болоор нерсенин жышааны болорун Ч.Айтматов Арсен менен анын агасы Бектур экөөнүн мергенчиликти уюштуруу жөнүндө маектешип жаткан маалында чабалакейлердин ачык терезе аркылуу кириши жана алар бир нерсе жөнүндө кабарлаш үчүн же кимдир бирөөнү акылга чакыруу үчүн келгендигин жазат. Экинчи дагы бир эпизоддо Арсен менен анын классташы, афган согушунун катышуучусу – Таштанбек – Таштанафган деген каймана атты алып жүргөн досу менен болгон мектептеги маеги күбө.

Негизги каармандардын биринчиси “бойлуу жана тике ыйык жалы абдан кыймылдуу, күчтүү, жоон моюн, салмактуу чоң башы мышыктыкына окшош, тик кулактуу жана тикийген көздүү, караңгыда нурдана жылтыраган тулку бойлуу” – Жаабарс.

Экинчиси – шаарда жашаган көз каранды эмес журналист – Арсен Саманчин. Жаабарс жашоосунда эки ургачы менен жашады – биринчиси тоодогу жер титирөөдөн каза тапкан, экинчиси менен көпкө жашап, эки мертебе төл көргөн ургаачысы. Эми жаңы эркек илбирс менен, чунак кулак менен кетип калды. Арсен Саманчин да эки ирет үйлөндү, бирок ал бакыт алып келген жок. "Жаабарс жалгыз, өзүнүн бешенесине жазылган негизги энчисинен ажыраган бойдон кала берди – тукум улоо үчүн күрөштө табият дайыма кийинки келген жаш күчтөрдү тандайт тура" – мында диалектиканын карама каршылыгы жана танууну тануу мыйзамы даана көрүнүп турат. Ч.Айтматов ушул диалектикалык байланышты, ырааттуулукту, биринен кийин экинчиси келүүчүлүктү чагылдырды. Чыгармада Жаабарс жалгыз калып жаңы илбирстен жана аны ээрчип кеткен ургаачысынан өч алууну ойлойт. Ушул кырдаалды автор мындайча сүрөттөйт: "кандайдыр бир белгисиз күч, белгисиз үн, белгисиз эрк аны токтотту. Кимдир бирөө ичтен буйругандай – тукум улап жаткандарга тийбе, зыян келтирбе деп шыбырап айткандай болду" [1.9-б]

Тагдыр деген түшүнүк философиялык сөздүктөрдө жогорку күчтүн бар экендиги жөнүндөгү билдирген диндик-идеалисттик түшүнүк катары берилет, ал адамдардын жашоосундагы бардык окуяларды алдын ала аныктайт. Гректерде Мойр, римдиктерде – Парки кудайы түшүндүрүлгөн. Кийинчерээк тагдыр дүйнөнү башкарган жогорку адилеттүүлүк деген элестөөлөр пайда болот (гректерде Тихе, Немезида). Христиан булинде тагдыр Кудайдын өнөрканасы, жогорку күчү катары берилет. Азыркы учурдагы бардык диндик окууларда тагдыр кудай тарабынан алдын ала аныкталгандык деп түшүндүрүлөт. Философиядан сырткары караганда тагдыр адам жашоосундагы түрдүү кырдаалдардын агымы катары билдирилет[2.237-б] .

Жаабарсты баштагыдай ача туяктууларга аңчылык кыла албай калганын автор "топтук жашоодон четтетилгенден кийин ал кашкулак, суур же кээде коен өңдүү майда жандыктарга аңчылык кылуу менен күн көрүп жүргөнүн" айтат. Жаабарс бул чындык менен келише албай, жан дүйнөсүндө наразылык пайда болду, эми ак карлуу кырканын артында жайгашкан башка дүйнөгө – Үзөнгүлөш тоо кыркаларынын ортосундагы эң бийик чокулуу бөксө тоого кетүү оюна келет. Ал эми Арсен Саманчин да Айданадан айрылып, "кагыла элек боз уланча бушайман болуп жатты: кандай кылыш керек, эмне кылат, мындан ары кантип жашайт, кайда барат? эмне болуп жатат?" деген сыяктуу суроолорду коет. Эки жандын жалгыз калганын айтуу менен Ч.Айтматов философиялык дагы бир түшүнүк – жалгыздык маселесин көтөрүп чыгат. Чыгармада Арсен Саманчин "акылынан айныган идеячыл" катары мүнөздөлөт. Утопист, адашкан-утопист, бирок "атын ичинден да айткың келбеген шоумендин – Эртал Курчаловдун алдында уят болду". Жакшы көргөн кызы – мыкты үнү бар опера ырчысы Айдана Самарова ал тарапка ооп кетти.

Жалгыздык бир эле Арсенде болбостон, Жаабарсты да каптап алды. Бул маселени автор философиялык деңгээлге алып чыккан.

Чыңгыз Айтматов кайып колукту жөнүндөгү уламышты баяндоо менен сүйүү феноменин, адам жашоосундагы жакшылык жана жамандык, сонундук жана көрксүздүк маселесин ачып берүүгө жетишет. "Күйөө бул дүйнөдөн түбөлүккө кечти, адамзаттын кара ниет иштери жана күнөөлөрүнө каршылык көрсөтө, өзүн өзү четтетип кетти, ал эми колукту болсо адамзат тукуму үчүн түбөлүк кечирим сурап жүрөт" – деп жазат. Ойчул жашоодогу бүтпөгөн тема – сүйүүгө кайрылат. Сүйүү – жашоонун эң жогорку маңызы, түбөлүктүүлүккө, өлбөстүккө умтулуу. Бул тема бузукулук жана кайгы түшүнүктөрү аркылуу ачылат. Адамдардын жамандык жасоосунун негизинде экөө эки жакка ажырап калат. Натыйжада "күйөө бул дүйнөдөн түбөлүккө кечти, адамзаттын кара ниет иштери жана күнөөлөрүнө каршылык көрсөтө, өзүн өзү четтетип кетти, ал эми колукту болсо адамзат тукуму үчүн түбөлүк кечирим сурап жүрөт". Жамандыкты жакшылык аркылуу

жеңүүгө аракет кылат, ал мерген күйөөсүн жалгыздыктан жашоого кайрып, сактап калуу аракетинде болот. Мындан этикалык-моралдык категориялар болгон жамандык жана жакшылыктын диалектикасын көрөбүз. Кайып колуктунун дайым кечирим сурап жүрүшү жек көрүү жана көрө албастык менен болгон күрөшү. Жакшылыктын жамандыкты жеңиши үчүн болгон аракети. Ошондой эле убакыт жана мейкиндик ченеминде бул аракет боло бере тургандыгы жана бул үчүн адам эрки тынымсыз аракетте болуп чеги жок экендиги белгиленет.

Ал эми Арсен менен Элестин жолугушуусу Арсенди такыр башка пикирдин жаралышына түрткү берди, аны киши өлтүрүү ниетинен арылтты, анын жан дүйнөсүндө төңкөрүш жүрдү. Бакыт жана сүйүү эмне экенин таанытты. Бактылуулук кыска убакытка созулаары, ал эми сүйүү болсо эки адам үчүн жаңы ачылыш, түбөлүктүүлүктүн чакырыгы деп белгиленет. Белгилүү философ Э.Фромм "биз адам жүрөгүн – анын жанын, анын жакшылыкка жана жамандыкка жөндөмдүүлүгүн изилдедик" [2.167-б] деп адам жашоосу карама каршы болгон жана диалектикалык байланыштагы башталыштардан турарын белгилейт. Ошондой эле жамандык өзгөчө, атайын адам феномени деп айтат. Бул адамга чейинки абалды артка кайтаруу жана өзгөчө адамдыкты: акыл, сүйүү, эркиндикти жок кылуу аракети катары аңдалып билинет. Бирок жамандык кандайдыр бир адамдык гана болбостон, трагедиялык да болуп саналат. Жамандыктын баскычы артка кетүүнүн баскычына дал келет. Эң бир өзгөчө жамандык болуп өлүү жанга болгон сүйүү, инцестуалдык-симбиоздук каалоолор, нарциссттик өзүн өзү өлтүрүүлөр эсептелет. Бул адамдын жашоого болгон душмандыгы. Жамандыкта сүйүү, акыл, эрдик, кызыкчылык тартыш же жок болот. [2.168-б] Ушундан улам мындайча жыйынтык чыгарууга болот: Чыңгыз Айтматов адамдын өмүрүн кыйууга багытталып калган Арсендин андай ойдон кайтышын сүрөттөө менен жамандыкты жакшылык жеңээрин, ал үчүн акыл калчап, ойлонуп, кырдаалды баамдап, ага карата ыңгайлануу зарылдыгын белгилейт.

Чыгармада Арсен Саманчин – ааламдык глобалист катары белгиленип, бул аркылуу ааламдашуу шартындагы жеке адам жашоосу же жеке мамлекеттердин тагдыры жөнүндөгү маселе алдыга коюлат. Арсен белгилүү көз карандысыз журналист болуп, кадыр бакка ээ болгон кесипкөй болсо да коодук бытиенин реалдуулугунда ал жалгыз калды, жакын көргөн, жакшы көргөн адамы аны чанып кетти.

Ошол эле учурда жаратылыштагы дагы бир күчтүү жандык катары бааланган илбирс да жалгыз калгандыгы сүрөттөлөт. Чыгармада мындай деп берилет: "Жаабарс да ал түнү тоодогу ашуу алдында кыйналып жатты. Жалгыз жырткыч уктай албады. Өзүнүн толук жалгыздыгына ал да буулугуп, кайгырып жатты. Жылдыздарды карап, ачуулана улуду. Алар аябай жыбырап, жалпы жаркырап турушту. Мына ошол жакка кетип калса кана, жылдыздар бири-бирин жектеп куушпайт, жайдыр-кыштыр алар дайыма бирге..." Ааламдашуу жүрүп жаткан учурда адам ар тараптуу мамиле түзүп, байланытын алкагында болуп, интеграциялык процесске оңой эле кирүү мүмкүнчүлүгү болсо да андан Арсен оолак калды.

